КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЗАЛКАР АКЫНДАР» СЕРИЯСЫ

# ТОГОЛОК МОЛДО, АЛДАШ МОЛДО

## VI том

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр
**Абдылдажан Акматалиев, Мураталы Мукасов,**
**Асел Шейшеканова**

Бишкек
«Бийиктик плюс» – 2015

УДК 831.51
ББК 84 Ки 7-5
З–22

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

**Р е д к е ң е ш:**

*Акматалиев А.А.*
*Байгазиев С.*
*Жайнакова А.Ж.*
*Маразыков Т.*
*Мусаев С.Ж.*
*Садыков Т.*
*Токтоналиев К.Т.*
*Эркебаев А.Э.*

**Р е ц е н з е н т и** *К.Ибраимов* – филология илимдеринин кандидаты

З–22 **Залкар акындар.** Тоголок Молдо, Алдаш Молдо: 6-том. / Түз.: *А. Акматалиев, М. Мукасов, А. Шейшеканова*.– Б.: «Бийиктик плюс», 2015. – 350 б. – («Залкар акындар» сериясы)

ISBN 978-9967-33-124-2 (VI том)
ISBN 978-9967-33-126-6 (жалпы)

Бул жыйнакка Тоголок Молдо менен Алдаш Молдонун чыгармалары жана алар жөнүндө материалдар сунушталды. Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**З 4702300200-15**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-33-124-2 (VI том)
ISBN 978-9967-33-126-6 (жалпы)

© КРУИА, 2015
© «Бийиктик плюс», 2015

# ТОГОЛОК МОЛДО

## ТОГОЛОК МОЛДО

### (БАЙЫМБЕТ АБДРАКМАНОВ)

### (*1866—1942*)

*Жазгыч акын Тоголок Молдонун жарык дүйнөгө келиши кыргыз калкынын тарыхындагы кыйын кырдаалга туш келет. Уруулардын ортосундагы тынымсыз чыр-чатактан Цин провинциясынын, Кокон хандыгынын кысымынан жабыркаган айрым кыргыз башкаруучулары Россия падышачылыгына кайрылууга аргасыз болот.*

*Натыйжада, Кыргызстандын жер шарты, жаратылыш кооздугу, табият байлыгы тууралуу алдын-ала маалыматы бар Орус өкмөтүнүн XIX кылымдын 50–60-жылдары өз аскерин кыргыз жергесине жибериши колониялык бийликтин башталышын шарттайт. 1863-жылы түндүк, 1876-жылы түштүк Кыргызстан Россия империясынын карамагына өтөт.*

*Болочок акын Байымбет (Тоголок Молдо) жергиликтүү калк Кокон бийлигинин зордук-зомбулугунан жабыркап, нечен ый-муңдун, уруш-талаштын, катуу кагылыштарга жеткен саясий күрөштүн чордону болгон Тянь-Шандагы Куртка чебинде 1866-жылы (жолборс) июнь (теке какшык) айында төрөлөт. Атасы Аким уулу Абдыракман чарбачылыкка бүйрө, үй-бүлөгө карамдуу, айылдагы аштойлордо жамактап ырдап жүргөн киши болот. Тоголок Молдонун эскерүүсүнө караганда анын ыр-*

*чылыкка болгон шыгы өз атасы жана чоң атасынын бир тууганы Музоокеримдин таасиринде ойгонот. Байымбеттин балалык кези атка минип, эл аралап жүрө албай, үйдө отуруп калган залкар комузчунун жанында өтөт. Музооке эртели-кеч жаш баланы эрмектеп бирде комуз күүсүн шаңшытып, сезимтал ички дүйнөсүнө бүлүк салса, бирде Огуз хандан баштап, оң, сол кыргыздын санжырасын саймедиреп, калк тарыхына кумарын арттырат. Кеп арасында «Манас» баатырдын жомогу да айтылып, жаңыдан бүчүр алып келе жаткан назик сезимин ойготот.*

*Байымбет бала кезинде диндик мектептен окуйт. Жаш өспүрүмгө мектептин чылгый жаттатууга багытталган усулу, молдокесинин «солкулдаган чыбыгы» көңүлүнө көк талкандай тийип, өзү окуган мезгилде окуунун кыйындыгын эскерет. Бирок кантсе да анын кат сабатынын жоюлушу кийинки жашоосунда, чыгармаларынын кагазга түшүп калышында чоң роль ойнойт.*

*Тоголок Молдонун башына түшкөн тагдырдын катуу соккусу же атасынын жаш чагында каза табышы табият тартуулаган талантын көңүл чөгөргөн кайгы-капасы көөдөнүнөн сыртка бүркүп чыгарды. Ый менен кошо ыр жаралды. Атасынан айрылып, «чоордой үнүн» муңкантып жоктоп чыкты. Өзүнүн оор жоготуусун, аталык мээримден, жөлөк-таягынан ажырап, каргадай башына караңгы түн түшкөндүгүн, барды-жокту байкоос албаган бейкапар балалыгы менен коштошуп, жетимдиктин кейпин кийип, ыйын ыйлап, атасын түбөлүккө узатып кайышып тургандыгын жоктоосунда чагылыштырып, калк оозуна илинди. Кыскасы, жаш өспүрүмдүн кайгысына тете реалдуу ыр жаралды.*

*Абдракмандын каза болушу менен үй-бүлөнүн башына жакырчылык кошо жармашты. Байымбет*

*үч баланын улуусу болгондуктан, энеси Коңурга жардамдашып, материалдык кыйынчылыктан чыгып кетүү аракетинде болуп, окуусун таштап, колуна кетмен алды. Акын ал күндөрүн төмөнкүчө эскерет: «15 жашымда белди бекем бууп, кетменди саптап, арыкты аттап, жаш дыйкан болуп кириштим. Эгин эгип, оруп-жыйып жүргөн убактарда бирди бирге кошуп, өзүмчө күңгүрөнүп ырдап жүрдүм».*

*Музооке небересинин ырга шыктуулугун, акын болууга далалаты күчтүүлүгүн сезип, анын көркөм дүйнөсүн өнүктүрүү максатында өзүнөн башка Тыныбек манасчы сыяктуу таланттуу адамдарга да жолуктурат. Бул жөнүндө Байымбеттин «Бактылуумун» деген ыры ачык кабар берет. Натыйжада, акын «Манас» айтуунун дүйнөсүнө да эрте баш багып, аны жаш кезинен эле өздөштүрө баштайт. Он сегиз жашында эле акын катарында аныкталып, Тыныбектен «Манасты» толук үйрөнүп калат. Устаты айттырып угуп ыраазы болот. Акынга Тоголок Молдо деген ылакап атты да Тыныбек коёт. Ошентип жаш жигит көркөм дүйнөнүн сыйкырдуу кемесинде чайпалып, акындык өнөрдөн жыргал тапкандай чалкып турган мезгилде жесир аял, жетимдерге каралашып, акыл-насаат айтып бел болгон чоң атасы Музоокеримдин каза табышы ага урулган турмуштук соккунун дагы бир кыйыны болду. Жан багуу үчүн апасын, бөбөктөрүн алып, Жумгал тарапка жер оодарат. Анда да байыр ала албай, Айылчы дегенди ээрчип, 1878-жылы Токмоктун жанындагы Кара-Дөбө айылына келишет.*

*Айылчы журт билерманы болгону менен аларга жарытылуу жардам деле бербейт. Анын үйүндө оокатын кылып, күн өткөрүшөт. Бирок кантсе да Тоголок Молдонун Чүй өрөөнүнө келиши чыгармачылык өрүшүнүн кеңишине таасири тийгендиги ачык. Кубанычбек Маликов эскергендей, акын жи-*

*гит курагында «манаптын кызматын иштеп жүрүп, ага келген кыргыз, казак акындарынын ырларын угуп», көңүлүнө түйөт. Ал жөнүндө акындын «Казак акындары» аттуу ырында ачык маалымат сакталган. Казактын чоң акыны Майкөттүн «салдай аппак кийинген» кереметтүү тышкы түспөлү, сайрап турушу, нуска сөздөрү эсинде түнөк алат. Майкөттүн жыйырма жаштан жүзгө чейинки ырдаганын үйрөнүп калат да, кийин Тоголок Молдонун кол жазмасы аркылуу жарыкка чыгат. Көп казак акындары менен жолугушуп, алардын ырын угуп таасирленет. Сүйүнбайдын акындык дареметин:*

*Экейден чыккан Сүйүмбай,*
*Акындар буга жетпеген,*
*Кадыр таап карганча,*
*Башынан сыймык кетпеген –*

*деп, жогору баалайт. Кубандык (Куандык) акындын түрлөнтүп салган обонуна, куйкум сөздүү куудулдугуна, аткаруу чеберчилигине жогору баа берет. Ошондой эле жаш акынга жазма поэзия менен жакын таанышуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Өз алдынча аракеттенип, сабаттуулугун арттырат. Тоголок Молдо өз ырларында Жусупбек Шайкул Исламов казакчалатып бастырып чыгарган түрк жана чыгыш элдеринин кыссаларын окуп, Шортанбайдын китебин «көзү менен көрүп», «бир далай аңгеме» куруп айтып жүргөндүгүн эскерет. 1910-жылдар аралыгында Шабдан манап тарабынан Токмокто ачылган мектептен бир канча кыргыз жаштары билим алып, белгилүү даражада эл арасына агартуучулук идеянын жайылышына көмөкчү болгон жакшы жышаанадан ал да четте калган эмес чыгар.*

*Кыскасы, Тоголок Молдо өз доорунда жашаган кыргыз акындарынын көпчүлүгүнөн сабаттуулугу*

*менен айырмаланат. Ошондуктан казак, өзбек, татар тилдеринде чыккан китептерди окуп, таасир-таалим алып, өз боюна сиңирип калууга аракеттенген. Акындын боордош элдердин жазмасы менен таанышууга дилгирлиги, татар, казак коомчулугунда, поэзиясында пайда болгон алдыңкы катардагы агартуучулук идеялар казак акыны Абайдын, татар акыны Абдулла Тукайдын ырларын жана Ыбырай Алтынсариндин педагогикалык көз караштарын өздөштүрүүгө болгон далалаты анын чыгармачылыгында элдик демократиялык тенденциянын артышына өбөлгө түзгөн. Тоголок Молдонун ырларынын жыйнагын түзүп, көп жылдар акындын чыгармаларынын үстүндө иликтөө ишин жүргүзүп келген Жаки Таштемиров анын Навои, Низами, Фирдоусинин чыгармалары менен да жакшы тааныштыгын белгилейт. Натыйжада, жогорку адабий фактылар акындын чыгармачылыгынын калыптанышына түрткү болгон сырткы өбөлгөлөрдү түзсө, кыргыз элинин бай фольклору, салттуу ырчылар поэзиясы негизги көрөңгөдөн болгон. Байымбет жакырчылыкка жабыркап мөгдөп калбастан, ушул учурда кыз оюндардан калбай катышып, ырдап да жүрөт. Эл ичиндеги сүйүү, кошок, арман ырларын да үйрөнөт, жыйнап да жүрсө керек. Кыз-келиндерге кошок үйрөткөн учурлары да болот. Бир аз иргенип калганда үйлөнүп, 1887-жылы Курткага көчүп келет.*

*Анын кыргыз фольклоруна баш оту менен кириши өз жерине кайткандан кийин айрыкча күч алат. Натыйжада, фольклорду, акындар чыгармачылыгын терең үйрөнүү, жыйноо, иликтөө маселесин алгачкылардан болуп колго алат. Элдик кошок, арман, сүйүү ырлардын, тарыхый чыгармалардын ондогон үлгүсүн кагазга түшүрүп, көпчүлүгүн чыгармачылык менен кайрадан иштеп чыгып, элге тартуулайт.*

*Кыргыз адабиятында тамсилдин түзүлүш башаты да Тоголок Молдого таандык. Акындын элдик мураска болгон чыгармачылык изденүүсү негизинен Совет доорунда өз деңгээлинде колго алынгандыгына карабастан, айрым айтуучу-кабарчынын маалыматында жыйноо ишин революциядан мурун эле баштайт. Буга төмөнкү маалымат ачык мисал. 1963-жылы фольклордук экспедиция учурунда Жети-Өгүздүн Чычкан айылында жашаган 63–64 жаштагы Бүбү Байсыновадан бир топ элдик чыгармалардын үлгүлөрүн (кошок, санат, терме, сүйүү), өзүнүн ыр, армандарын жазып алган элек. Ошондо Бүбү байбиче Үркүндөн мурун, Көлгө төркүнүнө көчүп келгенге чейин Тоголок Молдо жолугуп, андан бир топ кошокторду, арман ырларын жазып кеткендигин эскерген эле. Бүбү Байсынованын колдон колго өткөн аянычтуу тагдырын, көңүл ооруткан кайгы-зарын, арманын укканда Тоголок Молдонун да зээни кейип кайгырган көрүнөт. «Молдокем – дейт байбиче – менин кошокторумду, арманымды кунт коюп, тунжурап отуруп укту эле». Ошондо ага «Төркүнүнө жетпеген кыздын арманын», «Төрөбөгөн аялдын арманын» айтып берет. Тоголок Молдо коомдогу саясий, материалдык жактан жабыркаган карапайым адамдардын жашоосуна, кайгы-капасына бөтөнчө көңүл бөлүп, турмуштун чыныгы картинасын түзөт. Бекеринен анын каарман-кейипкерлери чалга, жаш балага баш байланып зар какшаган жаш кыздар («Чалга берген кыздын арманы»), мал ордуна кара сакал соодагерге насыяга кеткен Кенжекенин зары («Насыяга кеткен кыздын арманы»), калың малга тойбогон атасынын сараңдыгынан карадалы болуп капаста отурган кыздын кайгысы («Кыз Кенжекенин арманы»), «арыгын кенен чапкан, ак буудай нанын тапкан, керилип кетмен чапкан» кетмендей «нан тапкан», «пайдасы журтка тийген» дыйкан*

*(«Дыйкандын аялынын кошогу»), «балкасы менен зар чапкан», «бармагы менен мал тапкан», көпкө пайдасы тийген кең пейил уста («Устанын аялынын кошогу»), «Ак бугу атып сулатып», «абышка менен кемпирге аппак майды тууратып», «ак кийик атып», «айылынын баарын жыргаткан» мерген («Калмергендин аялынын кошогу»), байбиченин таягын жеп, тилин угуп, жабыркаган байдын токолу («Токол аялдын зары») болбосо керек.*

*Тоголок Молдо чыгармачылык өмүрүндө көптөгөн кыргыз акындарына да жолугат. Ырларындагы, эскерүүлөрүндөгү маалыматка караганда Чоңду, Токтогул, Эшмамбет, Ботобайдын ырлары көркөм дүйнөсүнөн түнөк алып, купулуна толот. Токтогулга 1890, 1893-жылы эки мертебе жолугуп баарлашып, таасир-таалим алат. Калыгул, Арстанбектер менен жүздөшпөсө да, алардын сөздөрүнө, ырларына таасирленгендиги «Зар заман», «Эркиндик» сыяктуу чыгармаларынан ачык байкалып турат. Дегеле Тоголок Молдо эл кайгысын, турмуш жагдайын терең түшүнгөн сезимтал акын. Колониялдык доордогу калктын ал-жайы жогорку поэмаларында ачык мүнөздөмөгө ээ болгон. Чындыгында да акын белгилегендей, Орус падышачылыгынын бийлигинин кыргыз жергесине орношу менен калайык-калк катуу каржалат, алар жайлуу конуштан ажырап, тоо-ташка сүрүлөт, алык-салык көбөйүп, замана заңы, адеп-ахлак бузулуп, пейил тарыйт. Кыскасы, көп жылдар сөз кылуудан чочулап келген (алгач архивдик материалдар боюнча объектиге алынып отурат – Б. К.) анын жогорку поэмалары колониялык мезгилдин чыныгы картинасын көз алдыга тартат: «улугу залим болуп», «жер-суудан ажырап», эл зарлап куруйт, «тоо-башында улуйт», «Ата конуштан» сүрүлүп, малай болуп жалданып, «орустун чөбүн оруп», «болуштун*

*чөп оозун берип», «кадимки жерден ажырап», жер «кадырын билет». Бийлик башчылары да адилеттүүлүктөн таят, сөз кадыры кетет, алдым-жуттум замана өкүм сүрүп, ач көздүктүн арааны жүрөт. «Эшиктен эшик кыдырып», «эшендин пейли», пара алып «чечендин сөзү бузулат», «акыйкат сөздү тыңдабай», казы калыстыктан таят. Акын адеп-ахлак, нарк-нусканын бузулушуна, алык-салыктын көбөйүшүнө катуу кейийт.*

*Тоголок Молдо замандын бузулушун «өкмөттүн залимдигинен» көрөт. Ал поэманы 1903-жылы жазган экен. Бирок Совет бийлиги мезгилинде кадимки турпатында сөз козголбой келди.*

*«Эркиндик» поэмасы «Зар заман» менен идеялык-тематикалык жагынан тутумдаш, бири-бирин толуктап, улантып турат. Акын бул чыгармасын Калыгул, Арстанбектин сөздөрүнө таасирленип жазгандыгы ачык байкалат. «Баш көтөрөргө дарман жок» тукулжураган кыргыздар дагы бир алааматка туш болот. Падыша өкмөтүнүн чиновниктери «калкты камап», 19 менен 40 жаштын ортосундагы эр бүлөлөрдү солдаттыкка берүүнү талап кылат. Жакшы аттарын кармап, ичкериге жиберип, кыргыздардын «мал-жаны талоонго түшөт». Ошондо чыдамы кеткен «калың кыргыз козголуп», «колунда мылтык жарак жок» Кытайды көздөй үркүп калат. Тоголок Молдо «Жети-Суу жыргал жерди», жер соорусу Каракол, Ысык-Көлдү, жер кенени Сары-Өзөн Чүйдү калтырып, өрүштө малын, «тигилүү үйүн таштап», көчө качкан калктын жалпы кайгысын баяндай келип:*

*Мал-башынан айрылып,*
*Таланбаган ким калды? –*

*деп кабыргасы кайышып, зээни кейийт. Качкан эл да азап-тозоктун отунан өтөт, артынан «аскер куугунга түшүп», кыргынга учуратса, алдынан*

*калмактар тосуп, малын талап, «катын-кызын олжолойт».*

*Бирок жыйнакка киргенде мезгилдин саясатына анчалык туура келбегендигинен болуу керек, поэманын биринчи бөлүгү кыскартылып жарыяланат. Жыйынтыктай келгенде, акындын чыгармачылык өнөрканасынын көрөңгөлөшүнө жана калыптанышына кыргыз элинин адабий бай мурасы жана салттуу ырчылык өнөр негизги уюткудан болгондугу талашсыз. Башка акындарга салыштырганда анын чыгармаларынын фольклор менен болгон байланышы (алсак, жанрдык, идеялык-мазмундук, тематикалык, формалык) ачык көрүнөт. Бирок ал эч качан фольклордун чегинде калган эмес. Ага күбө, элдик нускалар менен Тоголок Молдонун чыгармаларын салыштырып, учкай текстологиялык талдоо жүргүзүүдө эле автордун фольклордук мазмунду, элдик идеяны, башталышты жана образ системасын сактоочу гана эмес, чыгармачылык менен өнүктүрүүчү экендиги көрүнө калат. Тоголок Молдонун элдик мураска, ырчылар поэзиясына болгон кызыгуусу өз өнөрлөштөрү сыяктуу эле эрте башталат. Бирок анын башка акындардан айырмачылыгы кат билип, жыйноочулукту да кошо алып жүргөндүктөн, анын чыгармачылыгынан калк поэзиясынын таасири да, өзүнүн жеке өнөркалык өзгөчөлүгү да ачыгыраак байкалат.*

*Акындын чыгармаларынын фольклор менен болгон карым-катышы лирикалык жанрдан (арман, сүйүү, кошок сыяктуу майда түрлөрүнөн тартып, эпикалык чыгармаларга (поэма, тамсил, жомок) чейин байкалат. Дегеле Тоголок Молдо элдик поэзияга таянып, анын тематикалык, идеялык-мотивдик өзгөчөлүктөрүн толук өздөштүргөн. Калк мурасынын элдин турмушуна, көз карашына жакын ийкемдүү жанр, түрлөрүнө көбүрөөк көңүл бөлүп, кайрадан иштеп чыгып, идеялык мазмунун кеңей-*

*тип, маалыматтуулугун арттырып, калкка тартуулаган. Буга «Дыйкандын аялынын кошогу», «Устанын аялынын кошогу», «Калмергендин аялынын кошогу» ачык мисал. Чыгармада, негизинен, кошоктогу салттуулук, поэтикалык нук сакталган. Өлгөн адамды жоктоо, кайгыруу, аза күтүү мында да орун алат. Бирок анын чыгармаларындагы жаңычылдык – карапайым дыйкандын, устанын, же мергендин кесипчилигин, ак эмгеги менен элге тийгизген пайдасын, өнөр ээсин даңазалоо. Ал эми Тоголок Молдонун кошоктун салттуу мазмунуна, анын поэтикасына киргизген жаңылыгы, кылган иши, кулк-мүнөзү, портреттик сыпаттоолору реалдуу эмгекчил карапайым адамдын образынын түзүлүшү менен өлчөнөт. Натыйжада, дыйкандын же устанын кылган иши кошоктогу мүнөздөмөгө шайкеш келип, турмушта ээлеген орду бар.*

*Тоголок Молдо өз өмүрүндө аялдар темасына да кайрылган. Айрыкча өз эркинен сырткары кары адамга, же жаш балага башы байланып, малча сатылып, колдон-колго өткөн жаш кыздардын укуксуздугу, бейкүнөө аккан көз жашы, кайгы-зары акынды кайдыгер калтырган эмес. Бул анын калк аралап, эл арасынан кыз-келиндердин армандарын жыйнап жүрүшү менен да терең өңүт алган. Арийне акындын мүмкүнчүлүгүн жыйноочулук же айтуучулук менен чектеп коюу анын улуулугун, көп кырдуу, ар багыттуу чыгармачылык өрүшүн төмөн түшүргөндүккө жатар эле. Сырт жагынан караганда Тоголок Молдонун арман, кошокторуу, тамсил, жомокторуу калк мурасынын нугунда жаралып, тематика жагынан элдик мурас сыяктуу көрүнгөнү менен ички маңызына терең үңүлүп, айрым элдик нускалар менен чыгармаларын салыштырып конкреттүү мисалдарда талдоого алууда анын өз алдынчалыгы, автордун фольклордук мазмунду, элдик идеяны, башталышты улантуучу, толуктоочу, чыгар-*

*мачылык менен өнүктүрүүчү экендиги ачык көрүнө калат. Буга элдик кошоктордун мазмундук, көркөм ыкма каражаттарынын салттуу нугунда түзүлгөн дыйкандын, мерген же устанын аялдарынын кошокторy ачык мисал.*

*Ошондой эле эл арасында белгилүү вариантка караганда бул нускалардын турмуштук, социалдык маңызы терең.*

*Тоголок Молдонун «Тотунун кошогу», «Гүл ойрон», «Көк көйнөк» кошокторун толук түрдө акындын өз өнөрканасынын жемиши катарында кароого негиз бар. Бул чыгармаларда карапайым адамдардын социалдык жагдайына көбүрөөк көңүл бөлүнүп, автордун өз көз карашы ачык чагылышкан. Мисалы, «Көк көйнөк» кошогунун жаралышына жансактаткан жалгыз үю өлүп, балдарын кантип багуунун айласын таба албай алдастап турган аялдын зары, башкача айтканда, турмуштагы кандайдыр бир болгон окуя негиз болгон сыяктуу. Тоголок Молдо ошол турмуштук деталды жалпылаштырып, адамдардын жашоосун баяндоодо кошоктук ыкманы пайдалануу менен өз доорунун социалдык маңызын ачып берүүгө жетишкен.*

*Автордун маалыматына караганда «Гүл ойрон» кошогу XIX кылымдын орто ченинде кандайдыр болгон окуянын негизинде түзүлөт. Дөөлөс уругу жана Мураталы, Боромбай өңдүү бугу уруусунун чоңдорунун аты аталат. Кошок боюнча өлгөн жигит – Арпа, аялы – Чыны делет. Арпанын жесири күйөөсүнүн «аз атанын уулу» болуп, Анжыянды жердеген көп дөөлөскө жете албай, «багынып жүрүп жок болгондугун», букара болуп, арманы ичине толгондугун кошокко чагылыштырып, бир айтканын экинчи кайталабай, күйөөсүн «Гүл ойрон» атап, калкка кошокчу катарында таанылат. Натыйжада, кошок аз сандагы уруктун коомдо ээлеген орду, социалдык ал-абалы жөнүндө ачык маалымат берет.*

*Ал эми «Тотунун кошогунда» салбар аялдан төрөлүп, байбиченин кыздарына материалдык, моралдык жактан теңтайлаша албай, «атаң өлдү» деп атайлап кабар келбей, чөлдө калып саргарып, теңсиздикке тепселген кыздын кошок түрүндө айтылган арман-муңу баяндалат. Кыз өзүн балалыкка санабай, чекесин сылап, аталык мээримин төкпөй, жетим кыз катарында өстүргөн атасы Баястанга наалат айта келип, салбар аталып, энесинин өксүгөн өмүрүнө жаны ачыйт. Кыздын «Баястан байым деп жүрүп, куну кеткен» Карачачтын пассивдүүлүгүнө наразылык билдириши автордун өз көз карашын түзүп, адам укугун коргоого алат, салбарлыкка каршы чакырык таштайт.*

*Өткөн доордогу кыз-келиндердин жашоосу, теңсиздикке тепселген социалдык ал-абалы, муң-зары, дегеле коомдо төмөнкү баскычта турган Адам проблемасы акындын чыгармачылыгында алгачкылардан болуп көтөрүлүп, карапайым калктын оймүдөөсү корголот.*

*Автордун армандарынын өзгөчөлүгү ал жекечелик мүнөздөгү чыгармалардын ичинен ошол заманга мүнөздүү окуяны тандап алып, коомдун чыныгы маңызын ачып, социалдык мааниси терең маселени козгойт. Жыйынтыктаганда, Тоголок Молдо калк турмушун, ой-тилегин, учкул кыялын жана адабий мурасын терең өздөштүрүп, элдик ырлардагы, кошок, армандагы демократиялык башталышты өнүктүрүп, калк сезимине жеткиргендиги менен окурмандардын купулуна толгон.*

*Акын эл арасында кара сөз түрүндө жашаган тамсилдик, аңыздык, жомоктук мазмунду ырга айландырып, анын тарбиялык, социалдык маңызын арттырган. Тоголок Молдо эл оозеки адабиятындагы «Каркыра менен түлкү», «Бөрү менен түлкү», «Кыргый менен үкү», «Бөдөнөнүн түлкүнү алдага-*

*ны» сыяктуу эл оозеки адабиятындагы кыска кара сөз түрүндөгү аңгемелерге жана «Иттин доолдай тиктирем» дегени өңдүү ылакаптарга таянуу менен аларды ырга айландырып, жанрдык, мазмундук, формалык жагынан кадимки профессионалдык тамсилдик деңгээлге көтөрөт. Буга төмөнкү «Каркыра менен түлкү» чыгармасы ачык мисал. Элдик вариант боюнча каркыра менен түлкү бир чуңкурга уя жасап, бала чыгарышкан экен. Каркыра балапандарга жем издеп кеткенде түлкү бир балапанын жеп коёт да, каркыра келгенде:*

*«Сеники, меники жок эле кошунам, узун моюн баланын бири жок» – деп анткорсунуп көзүнө жаш алат.*

*Тоголок Молдо жогоркудай кыска баяндоону кадимкидей каармандары ачык мүнөздөмөгө ээ, жыйынтык-корутундусу бар тамсилдин деңгээлине көтөрөт. Чыгарма ыр формасында баяндалып, жаркырап жаз чыгып, каз, өрдөк көлгө толуп, «байчечекей гүл жайнап», жыгачтын баары бүрдөп, жан-жаныбар төлдөп, жаратылыш өз боорундагы жан-жаныбарларга бейкутчулукту тартуулайт. Ошондо түлкү менен каркыра кошуна болуп, достошот. «Түлкүнүн казган ийни жок, күчүктөрүн ээрчитип, каркыранын уясына баш калкалайт. Каркыра балдарына жем издеп кеткенде анын бир баласын жеп алып, «карды тоюп», «карсылдап күлүп ойнойт». Каркыра келерде көзүн жашка толтуруп: «Сен кеткенде мен да кетип, узун моюндун бири жок», «кандай бетсиз алды экен?», «кайрылуу болсун арты» – деп, түрдүү кытмыр сөз баштап, кара күчкө кууланат. Тамсил залимди жек көрүү менен жыйынтыкталат.*

*Автор тамсилдеринде адамдардын кулк-мүнөзүндөгү тескери сапаттарды – сүйлөсө сөзүнөн бал таамп, кылган ишинде муз тоңгон түлкү сыяктуу жойпуларды, арамза, аксым митайымдарды, ка-*

*рышкыр сыяктуу ач көз, зордук зомбучуларды, кышкы чилдеде улуп үнүн баспай, үшүгөнүн жайында эстен чыгарып, көлөкөлөп уктап жаткан ыкшоо-жалкоолорду тамсилдин жанрдык мүмкүнчүлүгүнө ылайык каймана маанисинде сынга алып, каркыра өңдүү карапайым адамдарды арамза, митайымдар менен жанашпай, өз жолу менен жашоого үндөйт.*

*Ал эми «Бөрү менен түлкү» тамсилинде бөрү – жеткен жырткыч, түлкү – куулугу ашынган залим катарында баяндалып, экөө эки типтеги адамдын аллегориялык образын түзөт. Карышкыр – азуулуу жырткыч, «өркөчү бийик төө жарат», «эмчеги карыш бээ жарат», «коодон түшүп кой жарат», «ынак досу түлкүгө той түшөт». Досунун сыйын көрүп, жыргал табат. Акыры экөөнүн досчулугу карышкырдын ажал табышына түлкүнүн себепчи болушу менен бүтөт. Натыйжада, зулумдуктан да залимдик ашып түшөт, ал баарынан да коркунучтуу, автор ушул идеяны баса белгилейт. Тоголок Молдонун «Эшек менен булбулу» акындын тамсил түзүүдө профессионалдык деңгээлге көтөрүлүп, жазма поэзиянын ыкмаларын өздөштүрүү тилкесине кеңири киргендигин даана аныктап турат. Муну айрым изилдөөчүлөрдүн ошол кезде жарык көргөн китептердин акындын чыгармачылыгына тийгизген таасири катарында эсептешинде чындыктын үлүшү бар.*

*Тоголок Молдонун аллегориялык ыкма менен түзүлгөн «Куштардын аңгемеси» аттуу ири поэмасы журт бийлөөчүлөрүн сынга алып, ашкерелөөчү мүнөзгө ээ. Чыгармада булбул, буудайык, бүркүт, карчыга, кыргый, жагалмай, турумтай ж. б. куштардын суу куштарына көрсөткөн зордук-зомбулугун, жырткычтыгын баяндай келип, «алардан кутулуунун амалын табалы» деп, акыл салат. Кеңешке боз куштар да чакырылат. Өзүлөрүнчө бий*

*шайлап, сууну ээлеп менчиктеп алмак болушат. Бирок бир бүтүмгө келе албай, ар бири өз көмөчүнө күл тартат. «Баарыбыздын улуубуз, калыс сөзүн айтар» – деп кузгунга кайрылышса, «акыл-эси даана экен», «айлачыл болор бала экен», «мурун такыр көрбөпмүн, сулууча келген кара жигит бий болуучу жан экен» – деп, өз баласын көрсөтүп, калыс сөздөн таят. Бийлик менен суу талашы жайынча бүтөөр эмес, «үмүт кылып бийликтен тоодак менен куу турат». Ошондо булбулдун айтканы боюнча суу кушунан кыл куйрук, боз кушунан кара боор ат чабышка чыгат. Кимиси марага мурун келсе, бийлик да, суу ээлиги да ошол тарапка өтмөк. Жыйынтыгында, зыпылдап учуп, алдыда келе жаткан кара боорду кыл куйрук алдап, жолунан жазгырып, өзү марага биринчи келип, бийлик да, суу да куунун колуна өтүп, «өлөң сазын алдырган» тоодак арманын айтып, кара боорду каргашы менен окуя аяктайт. Чыгарманын бүтүшүнө караганда коомдо суу куштары, боз куштар майда уруктардын өз ара ынтымакташып бириге албаганынан улам бүркүт, карчыга сыяктуу азуулуулар мурункудай эле өз үстөмдүгүн сактап калгандай ой туудурат.*

*Кыскасы, чыгарманын башында курч көтөрүлгөн идея жыйынтыкталып аягына жеткирилбесе да, акындык калк арасына биримдик, ынтымак, адилдик, калыстык сыяктуу дидактикалык, агартуучулук идеяларды жайылтууга аракеттенгендиги ачык байкалат.*

*Тоголок Молдонун чыгармачылыгындагы дагы бир өзгөчөлүк эл арасында айтылган сатиралык мүнөздөгү жомок, күлкүлүү окуяларды ырга айландырып, алар аркылуу турмуштук, адеп-ахлактык, тарбиялык жана саясий-коомдук мааниси бар маселелерди көтөрүшү болуп саналат. Алсак, «Телибай тентек» – элге кеңири белгилүү жомок. Анда*

*Телибай аттуу акылсыз баланын ар кандай күлкү келерлик кылык-жоругу баяндалат. Акыры өзүнүн акылсыздыгы менен тоодон кулап келе жаткан ташты «кармап аламын» деп каза табат. Жомоктун окуясы ушул.*

*Ал эми Тоголок Молдо ушул мазмундун чегинде эле калган эмес, ага тарбиялык жана социалдык маңызы бар маселелерди кошуп, поэмалык деңгээлге көтөргөн. Тоголок Молдо боюнча Телибай Даңбай деген байдын баласы. Бай бала көрбөй жүрүп, «өлдүм-талдым» дегенде уулдуу болот да: «Аман жүрсө болду» – деп, аны жөн-жайына коёт. Атасы өлгөндө да Телибай акылына кирбейт. Улам бир акылсыз иштерди жасап, жалгыз эжесин азапка түшүрөт. Мындан акындын элдик мазмунду көчүрүп койбостон, чыгармачылык менен иштеп чыккандыгы, идеялык жактан өркүндөткөндүгү агартуучулук идеянын кеңири өңүт алышы ачык көрүнүп турат.*

*«Кемчонтой» поэмасынын мазмундук негизин дагы да эл арасында белгилүү акылсыз адамдар жөнүндө айтылган күлкүлүү окуя түзөт. Анда жаман менен жакшынын, кайгы менен кубанычтын, чындык менен тамашанын чегин ажырата албай, калкка шылдың болгон акылсыздын кылык-жоругу баяндалат. Тоголок Молдо ушунун негизинде «Кемчонтой» поэмасын жаратып, ага жаңы мотивдерди, окуя, каарман, кейипкерди социалдык маңызы терең маселелерди киргизип, түп нусканын чегинен чыгып, күлкүлүү окуялардын жыйнагын мазмундуу, образдуу бир бүтүн поэманын деңгээлине көтөрөт, каармандарга өз турпатында мүнөздөмөлөр берилет. Мисалы, поэмада Кемчонтойдун казы атасы «парасыз сөз айтпаган, акыйкат бүтүм кылбаган» куу жана өзүмчүл, Багдагүлдүн атасы караңгы, түнтөй адам катарында сыпатталат. Ал эми Кемчонтойдун адамдык сапаты мыскылдуу мүнөздөмөгө ээ.*

*Жогоркудай адам десе айбан, айбан десе адамдык сөлөкөтү бар келесоого атасы өлсө да, колунда жугу бар энеси калың малды мол берип, бир кедейдин акылдуу кызы Багдагүлдү алып берет. «Көзүнөн жаш төгүлүп», кыз канча бир жыл жабыр тартат. Натыйжада, элдик мазмунга акылдуу аялдын окуясынын кириши, кыздын келесоого башы байланып, кордук көрүшү чыгармада ашкерелөөчү социалдык жагдайды арттырган. Акылдуу аялдын акылсыздан кутулуу үчүн жасаган айла-амалында акындын көз карашы берилет. Чыгармада тикеден-тике бактысыздыкка дуушар болгон Багдагүл сыяктуу кыздарды өз тагдыры үчүн активдүү күрөш ачууга, ар кандай укуксуздуктан, теңсиздиктен, кемсинтүүдөн кутулуунун жолун издөөгө чакырат. Поэма форма жагынан да фольклордук салттуу ыкманын чегинен чыгып, көркөмдүк деңгээли көтөрүлөт. Тоголок Молдонун элдик сатиранын жанрдык табиятына мүнөздүү апыртуу, коюлтуу ыкмасын жазма адабияттагы шарттуулук менен кылдат айкалыштырышы чыгарманын композициялык түзүлүшүнө, образ түзүү системасына жаңычылдыкты киргизип, поэманын тарбиялык, таанып-билүүчүлүк, агартуучулук, көркөм-эстетикалык маанисин арттырууда зор роль ойногон. «Кемчонтой» деген сөздүн ылакапка айланып, калктын лексикасына кириши да бекеринен эмес.*

*Тоголок Молдо кара ыр – калыс ыр эсептелген санат, терме сыяктуу дидактикалык чыгармаларга да кайрылган. Жыйнакка кирген санаттарын талдап караганда илгертеден көч сыяктуу созулуп келе жаткан элдик, акындар чыгармачылыгындагы салттуулукту мазмун, форма жагынан улантуу менен анын тарбиялык гана эмес, социалдык да маанисин арттырып, өзүнүн агартуучулук, демократиялык идеяларын сиңирген, мазмун жагы-*

*нан да байытып, жаман менен жакшынын чегин кенейтип, реалдуу жагдайда талдайт.*

*Дегеле акындын турмуштагы бул же тигил терс көрүнүштү баяндоодо эл арасында айтылган мыскылдуу, күлкүлүү ылакаптарды шарттуу түрдө пайдаланышы чыгарманын идеясынын ачык түрдө жүзөгө ашышына өбөлгө түзөт. Мисалы, эл оозундагы «тууй элек уйдун уузуна күйүп» деген ылакап тиричилик жасабай, түтүнмө түтүн кыдырып тамак уулап, оокат кылган жалкоо жанбактыларга каршы багытталат. Тоголок Молдонун «Жанбакты» чыгармасында жогорку типтеги адамдын бүт турпаты мыскылдуу түрдө көз алдыңа тартылат: бий атасы өлгөндөн кийин баласы мал-жандан бат эле ажырап, жанбактылык жолуна түшөт. Түтүнмө-түтүн, айылдан айыл кыдырып, барган жеринен кетпей жатып алып, үй ээсин жадатат, өз элин да унутат. Бир айылда жыйында отурган адамдар: «Бир кунажын көк букадан чыкты, ошонун уузун ичип кет» – деп шылдыңдашат. Бирок жанбакты ага да макул болуп, сөздөрүн түгөтүп, кунажын тууганча күтүп, ууз ичип, элине кайтат.*

*Автор «Кара макмал жорголо» аттуу чыгармасында чама-чактысына карабай, оокат кылдырып турган жалгыз атты күйөөсүнө саттырып, макмалдан чапан, шайыдан көйнөк кийип, айдаган эгинди оруп-жыюу учуру келгенде шайы кетип, кара терге чөмүлүп түйшүк тартып «жоргосу чыккан» аялды күлкүгө алат.*

*Тоголок Молдо Куба кой менен ээсинин кинелешинде айтыштык ыкманы колдонуу менен кой ээсинин ыкшоолугун, жалкоолугун сынга алат. Куба койдун «сөзүндө» ээсинин кылган иштери тизмектелип көз алдыга тартылат: көчпөй-конбой, Ак-Сайдын чөбүн жегизбей, тууганда кардын чөпкө тойгузбай, ак жайдын күнү акыйтып аркандатып*

*коюп, арманын арбытат, сугарбай айдап суусатып, күндө үч маал жуушатып, такыр сайга жаткырып, кадемин катырат. Өзү талыкшып уктап жатып алып, жаш балага кубалатып айдатып, жанын жабыркатат. Ал эми кышында көргөн кордугун айтып болбойт; камалып карда жатып, карандай суук сай-сөөгүн сыздатып, жанына батат, бир жылда үч кыркып, кышкы чилдеде калтыратат, токтусун жакшылап бакпай кыл куртка алдырып өксүтөт. Акырында Куба кой өзүнөн пайда көрсө да ээсинин жакшылап кам көрбөгөндүгүн айтып, жер жеберине жете келип, «сөзүн» жыйынтыктайт. Койдун айтканы жүйөлүү чыгып, ээсинин оозунан сөзү түшүп, жооп бере албай жеңилет. Кыскасы, чыгарма айтыштык формада түзүлүп, анда малды багуунун, ага кам көрүүнүн жол-жобосу баяндалып, кайдыгерлик, көңүлкоштук, жалкоолук сынга алынат.*

*Акындын өз эскерүүсүнө караганда ал да башка өнөрлөштөрү өңдүү чыгармачылык башатында элдик сүйүү ырларына кайрылып, кыз оюндарда ырдап да жүрөт. Ага анын чыгармалар жыйнагына кирген «Жигиттин кызга ырдаганы» ачык мисал боло алат. Бул чыгарманын кыз оюнда ырдалуучу ырдын байыркы үлгүсүн түзүп, өзүнүн мазмуну жана формасы боюнча шайкеш келип тургандыгы менен аныкталат. Тоголок Молдонун сүйүү ырларында күйгөн мотиви күчтүү. «Толгонай», «Кой көз», «Үрпүкан» ырларынын кейипкерлери – ашыгына жетпей зарланган жаштар. Алардын ички күйүтү, муң-зары баяндалып, аялдар теңдиги, жаштардын укугун коргоо, сүйүү эркиндиги сыяктуу өз доорунун күйгүлтүктүү маселелери козголот.*

*Совет бийлигинин орношу менен жаштар өз укугун өзү чечүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Башынан калктын аң-сезиминдеги демократиялык көз караштыкубаттап, чыгармаларында чагылыштырып, аял-*

*зат теңдигин, тең укуктуулукту, сүйүү эркиндигин коргоп келген акын мындай тарыхый-турмуштук маанилүү окуядан четтеп кала албайт эле. Алгачкылардан болуп, «Аткантаң менен Сүйгөнбай» поэмасында өз каалоосу менен кедей жигиттин бай кызына баш кошкондугун даңазалап чыкты. Чыгармасына да символикалуу ат берди.*

*Тоголок Молдону балдар адабиятына негиз салган акын катарында бааласак да ашыктык кылбайт. Анткени ал эл арасында айтылып жүргөн «Торпогум», «Турумтай», «Ботосу өлгөн төө», «Үркөр-үркөр топ жылдыз», «Балдардын ырын» алгач топтоп, толуктап балдарга сунуш кылат. Ошондой эле ал тарабынан иштелип, ырдык формага түшүрүлгөн «Телибай тентек», «Жети таз, жеке таз», «Абышка-кемпирдин көмөчү», «Бабырган», «Абышка-кемпир» сыяктуу жомоктор да жаш өспүрүмдөрдү кайдыгер калтырбайт.*

*Айрым маалыматтарга караганда төкмөчүлүк өнөрдөн да четте эмес, жамактап айта коюучу экен. «Манас» эпосун Тыныбек манасчыдан 18 жашында али жазмачылыкка баш оту менен кире элек мезгилинде үйрөнүп, устатына дароо жаратуучулук ыкма менен кайрадан айтып берет. Бошкой аттуу акын менен бир чоң жыйында айтышкандыгы дагы белгилүү. Тоголок Молдонун чыгармачылыгынын бир өзгөчөлүгү ал куйма кулак дегендей, калк казынасын каймагын бузбай, өркүндөтсө өркүндөтүп, бирок төмөндөтпөй сактап калгандыгы, көптөгөн эл ырларын, поэма, аңыз сөздөрүн, акындардын чыгармаларын жыйнап, академиянын фондусуна тапшырышы. «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтиги боюнча 100 миң жолго жакын материал жазып берген. «Жаңыл Мырза» эпосунун өзүнчө вариантын түзгөн. Тарыхый жана фольклордук негизи бар «Шырдакбек», «Эр Эшим» материалдарынын үстүндө иштеп, эпикалык чыгарманын деңгээлине кө-*

*төргөн. Калк тарыхы, ата-бабанын санжырасы жөнүндө айткандары, жыйнаган материалдары өзүнчө чоң сөз кылууга арзыйт.*

*Сөз чынына келгенде Октябрь революциясынын жеңиши, Совет бийлигинин орношу Тоголок Молдонун чыгармачылыгын чектеген жок. Анын чыгармачылыгында агартуучулук, демократиялык идеянын тармак жайышынан болуу керек акындын ой-пикири, көз карашы учурдун саясаты менен шайкеш келип, демократ акын катарында ардакталды. «Кедейлерге насыят», «Өзгөрүш», «Эркиндик» сыяктуу поэмаларын жаратып, өз заманынын саясатын үгүт түрүндө калк сезимине сиңирүүгө аракеттенди. Акындын бул эмгеги да өкмөт тарабынан жогору бааланып, 1939-жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты жана маданиятынын декадасында «Ардак белгиси» ордени менен сыйланды. Анын чыгармаларын, элдик мурастарды алып калууга шарт түзүлдү. Ырлар жыйнагы 1944-жылы, 1954–1955-жылдарда чыгармаларынын эки томдугу, 1970-жылы дагы да эки томдугу айрым толуктоолор менен басылып чыкты. Ырлары орус тилине которулду. Кийинки мезгилде санжырасын жарыялоо иши да колго алына баштады. Чыгармачылыгын иликтөө, изилдөө проблемасы да кандайдыр бир деңгээлде жолго коюлган деп эсептөөгө негиз бар. Ата Мекендик согуш мезгилинде калк башына түшкөн катаал мезгилде да 80 жаштын кырына барып калгандыгына карабастан, карт акындын калеми мокогон жок. Өмүрүнүн аягына чейин өз элинин патриоту, окурмандын сүймөнчүктүү акыны болуп кала берди.*

*Б. КЕБЕКОВА*

# КОШОКТОР

## ДЫЙКАНДЫН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Асылым дыйкан жыргалым,
Асылың көрүп жыргадым.
Бала-чакаң жаш калды,
Баркыңды санап куурадым.

Бармактарың барбайтып,
Басаган элең, жыргалым.
Ортондоруң оркойтуп
Орокчу элең, жыргалым.
Кабырганды каржайтып,
Карылуу элең, жыргалым.
Батыра чапкан кетменди,
Байкаган үрөн сепкенди.
Өзү – дыйкан табышкер,
Ойлонбогон өткөндү.

Арыкка суусун бурганым,
Айылга жыйын курганым.
Ак буудай айдап, нанын жеп,
Аштык багып турганым.
Адамдан талап кылбаган,
Асыл элең, жыргалым.
Булуңга буудай сепкеним,
Буудайга алган кетмениң,
Талаага таруу сепкениң,
Таза урунган кетмениң.
Кош өгүзүн байлаган,

Шайман тиркээч шайлаган.
Кара жерди каңтарып,
Эшилтип эгин айдаган.
Эл кеткенде жайлоого,
Эгиндин башын жайлаган.
Буурусунун буктурган,
Кара жерге суктурган.
– Түгөнбөс кенч эгин – деп,
Сугатчыга уктурган.
Эмгек кыл деген насаатын,
Дыйкандарга жуктурган.
Ат семирткен арпага,
Пайдасы тийген барчага.
«Асыл дыйкан өттү» – деп,
Атагың кетти канчага.

Арыгың терең кең чапкан,
Ак буудай деген кен тапкан.
Дыйкандык кылып дан тапкан,
Жыргатып жакшы жан баккан.
Бурбай эккен буудайды.
Гүлкан кылган[1] бу жайды.
Жыргалым дыйкан барында
Жыргап көрдүм убайды.
Адырга сепкен арпаны,
Аян кылган канчаны.
«Талаага сепкен таруу» – деп,
«Табар пайдам ушул» – деп.
Конуш кылган колотту,
Колотко сепкен конокту.
Чамынганы жолборстой,
Чарыкка салган орокту.

Булуңга сепкен буурчакты,
Алтын деп билген турпакты.

---

[1] *Гүлкан кылган* – гүлдөткөн.

Ашка-нанга мол кылып,
Тойгузуп турган курсакты.
Пейилинде жактырбайт,
Бекер басып жүрүштү.
Жарышка салып кеп кылган,
Арпа менен күрүчтү.
Тоголок кызыл даны бар,
Токчулук буудай жана бар.
Бурбай айда буудайды,
Талыкпай айда таруунду.
Талыктырбайт адамды
Көңүлдөнүп жакшы иште,
Берекелүү алууну,
Таруугa чыгар каруунну.
Бакалдар сатат баарыны,
Байкатып айтам шалыны.
Кабыгы сайын дан экен,
Кымбаты дандын шалы экен.
Көлгө урук септирет,
Абыдан ылай тептирет,
Көлгө чыгат көгөрүп,
Сууга чыгат майсалып,
Баасына келтирип,
Бул жаныбар күрүчтү,
Дыйкандар сатат байсалап[1].
Кызыл болот кээси,
Кымбат болот баасы.

Салаадан майын чыгарып,
Салса болот сорпого,
Бул жаныбар күрүчүн,
Маалим тамак барчага.
Салаадан майы чыкпаса,
Садага кетсин арпага.

---

[1] *Байса* – муунга ченеп өлчөө.

Жылжыган Сыргак сен элең,
Сырыңды билген мен элем.
Сырттаным дыйкан, барында,
Мен бейбак, эмнеден кем элем?..
Ойдо жаткан таш элең,
Орокчунун башы элең.
Сууда жаткан таш элең,
Сугатчынын башы элең.
Кырда жаткан таш элең,
Кырманчынын башы элең.
Калың кара тууганды н
Казанга бышкан ашы элең
Кырды кырдай басканым,
Кызыгып оро казганым.
Башкага жаман көрүнсө,
Өзүмө жакшы арстаным.
Толуп жатат өнөрүң,
Билбедим сенин өлөрүң.
Береке кирген ашыма,
Пейли жумшак береним,
Ала кар менен аралаш,
Эгинди эрте айдаган.
Суу сугарып, арык чаап,
Саратан чөлдү жайлаган.
Кагылайын дыйканым,
Качкан эмес пайдадан.
Пайда таап эгинден
Арбын кылып айдаган.

«Аккула» – деп кепсенди,
Арбын берген мол кылып,
Ал-кайратын зор кылып,
Башынан дыйкан ийгеним,
Пайдасы журтка тийгеним.
Бала кезден бер жакка,
Эгин айдап жүргөнүм.
Ар кызматы жаккандан,
Эли-журту сүйгөнүм.

Чөптү тоодой көп кылган,
Төгөрөгүн чеп кылган.
Саманын арбын көп кылган,
– Берекелүү дыйкан – деп,
Жалпы калк аны кеп кылган.
Жаманчылык жут күнү,
Чабыр-чубур арыктар
Тегеректеп жеп турган,
Артын байкап санаган,
Артык кадыр самаган.
Жут болгондо топурап,
Малдуулар көзүн караган.

Дыйканымды өлтүрдү,
Баласы мендей какшасын,
Башыма жабыр келтирди.
Эч кылмышы жок эле,
Дыйканымды күнөөлөп,
Жайлаптыр датка өлтүрүп,
Жалпы журтка күбөлөп.
Багымды датка байлады,
Мээнетим бекер сайлады.
Кара бет жесир калган соң,
Капасын айтып сайрады.
Тикирейип көп ыйлап,
Тилин тишке кайрады.

Асылым дыйкан арстаным,
Талыкпай ташка басканым.
Каражолтой какшаалга
Жок эле менин жазганым.

Арманын айтып ар качан,
Алганы дартын козгосун,
Казы-мупту жолумдан,
Каршы чыгып тоспосун.
Какшаал казы залымдын

Кара кийип катыны
Тукуму тарап тоз болсун!
Уугу сынып кыйрасын,
Уулу мендей ыйласын.
Керегеси кыйрасын,
Келини мендей ыйласын.
Түндүгү сынып кыйрасын,
Тууганы мендей ыйласын!

Асылым дыйкан курдашым,
Армандуу болду бул башым.
Асылым аман турганда,
Анык эле жыргашым.
Арстаным сенден айрылып,
Арылбады көз жашым
Керилип кетмен чапканым,
Кетмендей нанды тапканым,
Кенебей жыргап жатканым.
Кейитип кеттиң, арстаным.
Оюлтуп ороо казганым,
Олжону кабат тапканым
Оёнум дыйкан, арстаным!

## УСТАНЫН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Балкасы менен зар чапкан,
Бармагы менен мал тапкан.
Кычкачка кармап зар чапкан,
Кызматы менен мал тапкан.
Көрүгүн көк букадай өкүрткөн,
Көмүрүн ирик койдой иргелткен.
Баянын айтам бир канча
Балкасын так текедей секирткен.

Асылым уста арстаным,
Бактыма кудай жазганым.
Балаңа калды мүлк болуп

Болоттон сокон барсканың.
Дөшүң калды темирден,
Көз ачык өттүң өмүрдөн.
Чың темирди балкытып,
Өнөрүң ашты көмүрдөн.
– Жалпы журт пайда көрсүн – деп,
Жасадың таштан тегирмен.
Туйгунум устам барында,
Тууганы нанга кеңилген.
Көзү ачык сенин балдарың
Көтөрүп нанды кемирген.
Башында Дөөт пириңиз[1],
Пайда көргөн жегимден.
Жайдарым мендей табылбайт
Жалпы элет элиңден.
Суйсалып ойноп жүрчү элем,
Сымбатым артып келинден.
Каз элечек мен элем,
Кармаган эрим сен элең,
Торко элечек мен элем,
Тойгузган эрим сен элең.
Каз элечек жыйналды,
Кара бет какшап ыйлады.
Торко элечек жыйналды,
Кадимки кадыр-сый калды.
Арманын айтып кара бет,
Азабын тартып кыйналды.
Кара бет менин үстүмдө,
Калдайган калың чыр калды.

Алтынды зергер эритет,
Адамды өлгөн кемитет.
Күмүштү зергер эритет,
Күйөөсү өлгөн кемитет.

---

[1] *Дөөтү пир* – миф, илгерки адамдар устачылык кесиптин ээси болот деп жоромолдошкон.

Балкаң темир, дөшүң таш,
Балдарыңдын баары жаш,
Арманым чоң кара бет,
Ага, иниңдин боору таш
Жыргалым сени санасам,
Көзүмдөн аккан кандуу жаш,
Асылым сени таппадым,
Эки көзүм жаштадым.
Мен кара бет шордуу күн,
Пейлиңди самап какшадым.
Асылым уста жыргалым,
Армансыз ойноп жыргадым.
Акырет кеттиң, өзүң жок,
Азабың тартып куурадым.

Сонунда сендей жан болбос,
Соопко белин байлаган,
– Калбасын менден көөнү – деп,
Калктын көөнүн жайлаган.
Эртеден-кечке узанса
Эрикпеген, жыргалым.
– Бирөөнүн ишин кылдым – деп,
Терикпеген, жыргалым.
Балта менен керкини,
Барскан менен сылаган.
Көпчүлүктүн кызматын,
Кылганга өзү чыдаган.
Кең пейил элең адамдан,
Келген бүтпөй кеткен жок,
Соопко белин байлаган.
Соопкер сендей өткөн жок,
Кычкачын колго кармаган,
Кылбаган иши калбаган,
– Кыйык эмес, элпек – деп,
Кызматын көргөн жардаган.
Элге ылайык жумушту
Эрте кармап күтүнгөн.

– Эртең келгин дебестен,
Келген күнү бүтүргөн.
Жоо-жарагы себилди[1],
Сом бүтүрчү темирди,
Баатырлар алчу жаракты,
Баарысын журтка таратты.
Алтын шыбап сабына,
Ай балта соктуң болоттон.
Табылып турган кезинде,
Тартынбадың коноктон.
Байкабай койчу мен эмес,
Башка усталар тең эмес,
Баянын айтсам кем эмес,
Байыркы айткан жомоктон.

Найзага болот тык[2] кылган,
Тыгын өткүр курч кылган,
Кабагын түйбөй жадырап,
Кас тууганын журт кылган.
Мылтыкты соккон сай салып,
Билими арткан канчалык.
Баранды соккон сай салып,
Баасы арткан канчалык.
Комутта өткөн кайраным,
Козголуп калды арманым.

Өзүң жарды, малың аз
Өксөп калды балдарың!
Башыма кара салгамын,
Асылым уста жыргалым,
Армансыз ойноп жыргарым,
Армандуу калды алганың!
Береним уста өлгөн соң,
Беш тырмак тийди бетиме,

---

[1] *Себил* – согушка кийүүчү кийим.
[2] *Тык* – курч темирди ширетип коюуну айтат.

Жүдөп, какап кор болуп,
Жүрөмүн калктын четинде.
Өзүндөн калган үч бала,
Эсен жүрсө эр жетер,
Эр жеткенче эс кетер,
Эсине албай дос кетер.
Карыптык башка келгенде,
Кайгы менен күн кечер.
Эмгек кылсак эринбей,
Эптеп-септеп күн өтөр.

## КАЛМЕРГЕНДИН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Мен айтайын башынан,
Калемдей кара кашынан.
Какшадым ойлоп муң басып,
Калмерген өттү жашынан.
Арчадан кундак ойдурган,
Алмадан шыйрак жондурган,
Кундакка мылтык кынаткан,
Тоо теке атып сулаткан.
Сүмбөң кызыл табылгы,
Үйрөндүң мылтык себилди.
Жашында өлүп жай болдуң,
Жасаган бербей өмүрдү.
Асылым Калы мергеним,
Тоодон теке тергеним.
Шыралга[1] – деп келгенге,
Шыйрагын кеспей бергеним.
Күпсөргө дары куйганым,
Күйүкпөй баскан бууданым.
Күндө үч убак ыйлатып,
Күйүткө салдың жыргалым!
Кутусун салып мойнуна,

[1] *Шыралга* – соога.

Дарысын катып койнуна,
Барам деп басып бийикке,
Кетүүчү элең кийикке.
Белестен аша бергенче,
Беш теке атып сулаткан,
Башкасын айтып нетейин
Баарысын түзгө кулаткан.
Кырандан аша бергенче,
Кырк теке атып сулаткан,
Кызматын айтып өтөйүн,
Атканын түзгө кулаткан.
Эчкини аттың эби жок.
Эликти аттың чени жок.
Жардыны майга жыргаттың,
Жалган деп айтар кеби жок.

Аркар менен кулжаны
Алдыңа салып айдадың,
Айдап жүрүп жайладың,
Аркансыз, жипсиз байладың.
Адырга аркар тургузбас,
Адис мерген жыргалым.
Кыраңга кулжа тургузбас,
Кыраан мерген жыргалым.

Алмабаш[1] мылтык асынган,
Аяктай ташка жашынган,
Асылым Калы жыргалым,
Адистиги ашынган.
Көк чыбык[2] мылтык асынган,
Көнөктөй ташка жашынган.
Көрөгөн Калы мергеним,
Көп мергенден ашынган.

---

[1] *Алмабаш* – эски мылтыктын бир түрү.
[2] *Көк чыбык* – эски мылтыктын бир түрү.

Ак зоодон түтүн булаткан,
Ак бугу атып сулаткан.
Абышка менен кемпирге,
Аппак майды тууратқан.
Мергендигиң белгилүү
Мелдешип кылган каралды,
Карагай, талдан чеп кылып,
Какшаткан далай маралды.
Аюуну атып жайлаган,
Адырды бүтүн майлаган.
Аюу аткан адис мерген! – деп,
Атпай журт даңкын жар кылган.
Илбирс менен жолборсту
Илесин таап кыйраткан.
– Терисин ичик кылам – деп,
Салкын жайга кургаткан.
Ак кийик атып келгенде
Айлынын баарын жыйнаткан,
Айыл-апа коңшусун,
Аппак майга жыргаткан.
Белеске салган капканын,
Береке кылган тапканын.
Берендиги башкача
Пейли жакшы арстаным.
Кадууга салган капканын,
Кадырга берген тапканын,
Табылгасын Калы мерген
Көрбөдүм түк да сатканын.
Бөксөгө чыгып сонорлоп[1],
Бөрүнү атып Калы мерген,
Бөлтүрүгүн ыйлатты.
Түлкүгө салып капканды,
Түлкүнүн көбүн кыйратты.
Түлкүдөн ичик кылдырып,
Түлкүчөгүн ыйлатты.

---

[1] *Сонорлоп* – кар жаагандан кийин ууга чыкканды айтат.

Илбирс менен бөрүгө
Ийменбей кирип кол салды.
Кара таш зоонун бетине,
Какайып басар жол салды.
Мылтыгы бараң алты сай,
Бар-жогуна карабай.
– Бали! – деп келген адамга,
Берип турган жадабай.

Калтардан канча түлкү алган,
Казына болор мүлк алган,
Мергендиги Калынын
Кожожаштан үлгү алган.
Калмерген – менин жыргалым,
Канча жыл дуулап жыргадым.
Кара кошок сөз менен
Кайгыңды тартып ыйладым.
Асылым – менин мергеним,
Арстан жүрөк береним,
Тилеги кабыл келгеним,
Тиктегенин жеңгеним.

Марал атса кенебей,
Марттыгын жанга теңебей,
Башын кеспей бүпбүтүн,
Шыралгага бергеним.
Кабылан Калы арстаным
Кадууга салган капканың,
Карк олжого батканым.
Карааның көрбөй какшадым.
Кармаган жерден кан чыккан,
Балбан эле мергеним.
Аюу менен күрөшүп,
Алган эле мергеним.

Ченинде аюу жатканда,
Сезбей басып барчу эле,

Ок-дарысын коротпой,
Оёнум кармап алчу эле.
Баатырдыгы башкача
Баатыр жолборс жүрөктүү,
Качпай кирчү кармашып,
Карсакка[1] салган дүмөктү,
Айбаттуу элең башкача,
Ажыдаардай жүрөктүү.
Арстандыгын мындан бил,
Аюуну кармап жүдөттү.
Аюуну аткан алыстан,
Жолборсту аткан камыштан.
Каман аткан черлерден,
Катылып жаткан жерлерден.

Кабылан, жолборс, аюунун
Жатар жери белгилүү.
Качпай барып мергендин
Атар жери белгилүү.
Күндүр-түндүр көп аткан,
Мергендиги белгилүү.
Адистиктен түндөрдө
Көргөндүгү белгилүү.
Карышкырды кубалап,
Жеңгендиги белгилүү.
Кийикти тоодон кулаткан,
Арстанды черден сулаткан.
Табышын адам туйбаган.
Аткандар сулап туйлаган.
Жандын баары кас болуп,
Бөрүгө айла жыйнаган,
Кармап алып бөрүнү,
Тишин кагып кыйнаган.
Кагыраган кара таш —
Тоого баскан мергеним,

[1] *Карсак* – түлкүнүн бир түрү.

Мелтиреген көк айкын —
Зоого баскан мергеним.
«Бойлобойм» – деп ойлобой,
Аккан суудан аттаган,
Кайберенди үркүтпөй,
Бир күнү үйгө жатпаган.
Сен – карчыганын тынары.
Мен – кара тоонун улары.
Кагылайын мергеним,
Кандай арга кылалы!?

## ГҮЛ ОЙРОН

Дөөлөс уруусунан Ысык-Көлдө XIX кылымдын орто ченинде Арпа деген жигит төмөнкү таптан болуп, 30 жаш чамасында ажалынан өлүп, 3 баласы жетим калат. Зайыбы Чыны деген аял эң кошокчу чыгып, «Гүл ойрон» деген сөздү баштап айтып, бир айтканын экинчи кайталап айтпайт.

Асылым Арпа гүл ойрон,
Кандай жорук баштадың?
Катын менен баланды
Каран түндө таштадың.
Жашында өлгөн оңорбу?
Жаш кезинде тул калган
Мендей бейбак болорбу?
Кара бет атка конорбу?
Кызылды кийген оңорбу?
Кыш чилдеде тоңорбу?
Келининде кесилип,
Кара бет атка конорбу?
Бир төшөктө эки баш,
Үч балаң калды жетим жаш.
Эки башты айырган
Эгем Таала боору таш.

Арпа ичинде бир буудай
Такта буудай дечү элем.
Эл ичинде Арпамды
Сакта кудай дечү элем.
Жайкалып чыккан буудайды
Такта буудай дечү элем,
Жаш гүл ойрон Арпамды
Сакта кудай дечү элем.
Ыргалып чыккан буудайым,
Ырайым кылбай кудайым,
Асылым Арпа гүл ойрон,
Айрылдым сенден, жубайым.
Жайкалып чыккан буудайым,
Жардам кылбай кудайым,
Жаш кезинде айрылдым,
Асылым Арпа жубайым.
Ээр-Таштын Ача-Бел
Эңкейте жылкы кууганым,
Эсил Арпа бууданым.
Тай экенден тамгашым,
Козу экенден эндешим
Кокуй ойрон күлүстөн,
Комутта калдым, теңдешим.
Эшигимдин алдына
Эмилден кишен салдырдым.
Эли-журтум ичинде
Арпа ойронумду алдырдым.
Босогоңдун алдына
Болоттон кишен салдырдым.
Жайдарым Арпа гүл ойрон,
Жалаңгычка алдырдым.
Асылым Арпа ойронум,
Айлыма болот коргонум.
Жылас болуп гүл ойрон,
Жыйырма беш жашта сойлодуң.
Кара тоону этектеп,
Арпа ойрон,

Карчыга салып кеткенби?
Карчыгасын качырып,
Казакка суроо кеткенби?
Кызыл тоону этектеп,
Арпа гүл ойрон,
Кыргыек салып кеткенби?
Кыргыегин качырып,
Кытайга элчи кеткенби?
Казактан ойрон келген жок,
Кайрылып үйүн көргөн жок.
Кайран Арпа ойронду
Какшасам кудай берген жок.
Кытайдан Арпа келген жок,
Кайрылып үйүн көргөн жок.
Тилегеним Арпа эле,
Тилекти кудай берген жок.
Желеде калды тайларың,
Жетим калды балдарың.
Ширеде калды тайларың,
Чыркырап калды балдарың.
Аз атанын уулунан
Азып туулган жан элең.
Асылым менин өзүмө
Алтындай баркың бар элең.
Асылым Арпа гүл ойрон, —
Аз гана урук дөөлөстөн.
Кейиш тартып, кор болуп,
Кемибеген дөөлөттөн.
Асылым Арпа гүл ойрон,
Алкынтып миндиң буудандан.
Аз атанын уулу – деп,
Азар тарткан туугандан.
Булкунтуп минген буудандан,
Муңканып өткөн туугандан.
Арпа берип, жем жебей,
Арык болду бууданың.
Аз болгонуң атадан,

Анжыянда көп экен
Сандаган дөөлөс тууганың.
Буудай берип, жем жебей,
Муунсуз болду бууданың.
Букара болуп жүргөнүң,
Анжыянда бар экен
Жалпы дөөлөс тууганың.
Тууганына кете албай,
Багынып жүрүп жок болдуң
Баралыңа жете албай.
Алтындан топчу бүчүмдө,
Аян көрбөй түшүндө,
Асылым Арпа гүл ойрон,
Арманың кетти ичинде.
Күмүштөн топчу бүчүмдө,
Көрбөй калдым түшүмдө.
Гүл ойрон, сенден айрылып,
Күйүтүм калды ичимде.
Асылым Арпа гүл ойрон,
Кара чачым жайдырдың,
Калдайтып кара салдырдың.
Калк ичинде мен шордуу
Кайран Арпа ойронду
Кабыланга чалдырдым.
Жашыл алма колго алып,
Бейиште бекен гүл ойрон?
Жаш алган жарым калды – деп,
Кейиште бекен гүл ойрон?
Кызыл алма колго алып,
Бейиште бекен гүл ойрон?
Кыз алган жарым калды – деп,
Кейиште бекен гүл ойрон,
Жергенден келген жети каз,
Жетөөн коюп, бирөөн ат.
Жети эшиктүү бейиштин
Эшигин ачып төрүн бас.
Аркадан келген алты каз,

Алтоон коюп бирөөн ат.
Алты атаң өткөн кыямат
Ага барып салам айт.
Алты атаң өткөн кыямат,
Алты эшиктүү бейиштин,
Гүл ойрон, эшигин ачып, төрүн бас.
Күлүстөн мырза гүл ойрон
Күлүп кетти бейишке.
Күйүтүң тартып мен бейбак
Күйүп калдым кейишке.
Асылым Арпа гүл ойрон,
Аттанып кеттиң бейишке.
Азабың тартып зар ыйлап,
Арканда калдым кейишке.
Гүл ойрон,
Кушун илгир баккандан,
Күлүп кетти бейишке
Кудайга иши жаккандан.
Гүл бейиштен жай алды
Гүлжигит акыл тапкандан.
Арканда калып, кор болдум
Азабым аштай каткандан.
Күлүгүңдү күз чаппай,
Күлкүңүздү биз таппай,
Аргымагың жаз чаппай,
Акылыңды мен таппай.
Гүл ойрон
Сымбаттуу келген сен өзүң,
Айтымың калган ак сөзүң.
Акырет кеткен сен өзүң,
Арманда калган мен өзүм.

Арпа гүл ойрондун аялы Чыныны көч үстүндө Бугунун чондору Мураталы, Боромбай ээрчип, кошок угуп, жол бербейт. Ошондогу айткан кошогу:

Бурмалуу саадак, бугу шым,
Гүл ойрон,

Бугунун уулу болбодуң,
Анан кийин өлбөдүң.
Саймалуу саадак, сары шым
Гүл ойрон,
Сарбагыш уулу болбодуң,
Анан кийин өлбөдүң.
Зыйнатында отуруп,
Сыпатың айтып көрбөдүм.
Мураталы, Боромбай —
Бугудан чыккан «оёну».
Бул жорукту коёлу,
Журтка барып коноlу.
Тоспоңор менин жолумдан,
Кармабагын колумдан.
Гүл ойрондун өлгөнү —
А дагы менин шорумдан.
Кошок уксаң, конуп ук,
Конгон жерде келип ук!
Айылың жакын жайлап ук,
Көчкөндө төөм айдап ук!
Өрүүдө бээм байлап ук,
Арманың албай шайлап ук!

Ошол көч үстүндө: «Мураталы, Боромбайларга күйөөңдү макта» – деп, кимдир бирөө шыбырайт. Анда Чыны кошокчу айтат:

Кызыл макмал топтоймун,
Кымбатым Арпа ойронду
Кылганын айтып жоктоймун,
Кара макмал топтоймун,
Казанат Арпа ойронду
Кадырын айтып жоктоймун.
Киш ичикти кийбеймин,
Киши айткан тилге кирбеймин.
Оруну жок сөз айтып,

Мактаганды билбеймин.
Гүл ойрон өзү – букара,
Коркуп жүргөн манаптан.
Каяша сөз айта албай,
Качып жүргөн тараптан.
Айтуучуга ат берип,
Айттырбаймын жөнөкөй.
Ашыкпастан, шашпастан
Айтып өткүн көмөкөй!
Кошуучуга кой берип,
Коштурбаймын жөнөкөй.
Кошомат эмес, чын жерден
Кошуп өткүн, көмөкөй!
Үй үстүнө жоо келсе,
Корккон эмес гүл ойрон.
Үйдөн алыс аттанып,
Жорткон эмес гүл ойрон.
Ашкан алыс сапарга
Барган эмес гүл ойрон.
Аттанып чалгын алыстан
Чалган эмес гүл ойрон.
Айдап жылкы алдына
Салган эмес гүл ойрон.
Көп аттанса, катардан
Калган эмес гүл ойрон.
Айтып айтпай пайда жок,
Кеткен жан кайтып келеби?
Кемиткен кудай береби?
Өлгөн жан кайтып келеби?
Өксүткөн кудай береби?
Аман болсун балдарың,
Артында туяк – калганың.
Билбей калган жан барбы
Дүнүйөнүн жалганын?

# АРМАНДАР

## КЫЗ МАКТЫМДЫН АРМАНЫ

Түлкү жүрбөй түнөк жол,
Түндөп келдим арман күч.
Түшүмө кирбес калмактын,
Колуна кирдим арман күч.

Карышкыр кирбес каран жол,
Капталып калдым арман күч.
Кашыма келбес калмактын,
Колуна кирдим арман күч.

Бул алжыган калмактын
Адамга сыяр кеби жок,
Атка минсе эби жок,
Армандуу өткөн жан болдум.

Алышып ойнор теңим жок,
Ала-Тоо кайда, жер кайда?
Атпай[1] кыргыз эл кайда?
Айтып-айтпай не пайда!

Кулалы деген куш болдум,
Кудай кылды кыз болдум,
Курган Магдым, мыш болдум.

Жарганат деген куш болдум,
Жаратып кудай кыз болдум,
Жалпы журтка мыш болдум.

Атамдын аты – Байсары,
Байсарыны айталы!
Азапка мени туш кылды
Байсарынын малсары.

---

[1] *Атпай* – көпчүлүк, эл деген мааниде.

Көзүнө малы көрүнүп,
Элинен көчүп бөлүнүп,
«Чарба малын багам» – деп,
«Малдан пайда табам» – деп.

Көчүп келип жайланды,
Акыр заман айланды.
Атамдын кылган кесири,
Азапка башым байланды.

Элет кыргыз ичинде,
Эли менен турган жок.
Эсирип малга Байсары,
Эптүү кесир кылган жок.

Эмгеги көп Мактымга,
Эми мындай жыргал жок.
Канетейин арман күч,
Калмактан санаам тынган жок.

## ЧАЛГА БЕРГЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Күнгөйдүн күнү баткан жок,
Күйөөдөн мага айткан жок.
Тескейдин күнү баткан жок,
Теңтуштан мага айткан жок.

Алтымыш бутун аксаткан,
Чалга кетип баратам,
Атам сатып башымды,
Малга кетип баратам.

Башы кара, буту айры,
Чалга кетип баратам.
Пайдасы жок жаныма,
Жанга кетип баратам.

Жетимиш жерге киргизген,
Чалга кетип баратам.
Жээктен тышка сүрүлгөн
Жанга кетип баратам.

Өз башыма ээ болбой,
Малга кетип баратам.
Пайдасы жок башыма,
Чалга кетип баратам.

Убалга атам карабай,
«Балам» – деп мени санабай,
Кудурет мени кыз кылды,
Кууараган чалга туш кылды.

Бузулсун соккон дубалың,
Болбосун асый кунаның.
Боздотуп чалга жөнөткөн,
Атама жетсин убалым.

Алты байса дубалың,
Ат болбосун кунаның.
Ак сакал чалга кыз берген,
Атама жетсин убалым.

Баласын сатып мал алып,
Атамдын күнү мал менен.
Канткенде өсөт көңүлүм,
Какайган как баш чал менен.

Ашыктуу жилик эт жесем,
Арманым калбайт ал менен.
Алтымыш күнү ойносом,
Ойнум канбайт чал менен.

Ак алма алып жеп жүрдүм,
Арзымды айтып көп жүрдүм.
Ыманбек деген агамды,
Мындай кылбас деп жүрдүм.

Жеңем менен бирге ойноп,
Жер-жемишин жеп жүрдүм,
Энемдей болгон жеңемди,
Мындай кылбас деп жүрдүм.

Энеси өлгөн Эркечтин
Эч адамга доосу жок.
Бузулган ишим башынан,
«Мындай» – деп айтар «өзү» жок.

Энеси өлгөн курусун,
Ким билиптир мунусун.
Чалга сатып башымды,
Бүтүрүптүр жумушун.

Тарагым талдан болуптур,
Таалайым чалдан болуптур.
Таалайсыз Эркеч кор болуп,
Чалга теңтуш болуптур.

Келечим[1] жүндөн болуптур,
Кешигим чалдан болуптур,
Энеси өлгөн жетим – деп,
Кем атакка конуптур.

Атама арбын мал керек,
Армандуу мага жан керек.
Энекем өлүп кор болдум,
Айтып-айтпай не керек!

Оюмдун баары омолду,
Олуттуу ишим жоголду.
Күлкүмдүн баары күбүлдү,
Күйөөдөн Эркеч түңүлдү.
Көмүктө калган мен шордуу,
Көрөмүн эптеп күнүмдү.

---

[1] *Келечим* – кийимдин түрү.

## ЖАШ БАЛАГА БЕРГЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Бай Шеримбай кайнатам
Бай Карабай өз атам,
Күйөөлүү кызга көз артам,
Күйөөсүз жалгыз мен жатам.
Калка кылар дубал жок.
Анаркүл менде убал жок,
Жыйырма бешке чыкканча,
Ойноп-күлөр улан жок.
Абышкалар тойдо жейт,
Асыл койдун куйругун,
Жаш балага туш кылган,
Жараткандын буйругун.
Алты жаштагы жаш бала,
Анарга күйөө болчубу,
Жабыр тартып Анаркүл,
Кары кыз атка кончубу,
Жергеден башым кемиткен,
Карабай атам оңчубу.
Жети жашар жаш бала,
Жетилип күйөө болчубу,
Жесир жүрүп Анаркүл,
Жакшы атакка кончубу,
Өз атам мага кылды кас,
Өзгөчө мага боору таш.
Келсин деп кабар кылууга,
Кесирлүү күйөөм болду жаш.
Жыйырма бешке чыкканча,
Күйөөнүн жүзүн көрбөдүм.
Кордонгондон Анаркүл,
Ажал жетип өлбөдүм.
Күйөө келип кайындап,
Күйөөлүгүн дайындап,
Жеңелер жетип жандашып,
Жекгетайын камдашып,
«Күйөөсү келди кыздын» – деп,

Жеңелер колум кармашып,
Теңтушума барбадым.
Жыйырма бешке келгенче,
Телмирип ыйлап зарладым.
Кадеми каткан Анаркүл,
Кары кыз деп аталган,
Кадырдуу башым кор болуп,
Калдым белем катардан.
Кары кыз мага күн барбы?
Кайгырбай жатар түн барбы?
Атам мени бербесе,
Ачылып чыгар күн барбы?
Эшикке чыгып карасам,
Эстеп күйөө санасам,
Кырандагы чыгып карасам,
Кызыгып күйөө карасам,
Карарган калың мал турат,
Карагай, кайың тал турат,
Мал көрүнөт көзүмө,
Кайың, тал кирбейт сөзүмө.
Күйүт тартып зар ыйлап,
Күйөө түшөт эсиме.
Бактысы жок Анаркүл,
Күйөө келбейт өзүмө.
Күйөө келсе өзүмө,
Куштармын айткан сөзүнө.
Келбети артык жигитти,
Келтирбейт менин кезиме.
Карагай – кайным болсочу,
Кайың тал – күйөөм болсочу,
Аралаш айлым консочу,
Анаркүл ойноп оңсочу.
Арманы көп Анаркүл,
Арманым айтып болдум зил,
Өрттөнгөн атам Карабай,
Өтпөдү буга айткан тил.
Карабайдын төрүндө,

Какшаган бейбак тул болдум.
Арзыкул акем айтса экен,
Айтып жөнгө салса экен.
Бай Шериден алганын,
Атам кайрып берсе экен.
Ажыратып башымды,
Көп көтөрбөй жашымды,
Теңтушума берсе экен.
Кепке-сөзгө келсе экен,
Быйыл мени берсе экен.
Быйыл мени бербесе,
Тирүүлөй көргө көмсө экен.

## НАСЫЯГА КЕТКЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Ат-Башынын сазында,
Чоко болуш башында,
Кара сакал соодагер,
Болуштун келди кашына.
Насыячы Карт келди,
Кенжеке мага дарт келди.
Бир келбеди, үч келди,
Кара жанга күч келди.
Өзүмдүн атам Сатылган,
Балаалуу карызга чатылган,
Көтөрмө теңге көтөрүп,
Көпкөнүнөн катылган.
Кызматчы болдуң болушка,
Кордукту болуш кылган соң,
Коно албадың конушка.
Кагазга бастың мөөрүңдү,
Катчылар тапты жөнүңдү.
Беребиз деп бул койду,
Болушуң тапты бул ойду.
Экинчи жылдын өзүндө,
Элден уккан сөзүмдө,

Арбытып койду жаздырып,
Кез болду арбын кесирге.
Бексулга койдуң колунду,
Байладың өзүң жолунду,
Көтөрө албай карзынды,
Көрдүң белем сонунду.
Торгоду болуш сөзүңдү,
Торук кылды өзүңдү.
Аласа картын ээрчитип,
Ашты белең көзүңдү.
Ат-Башы, Нарын ара жер,
Ак-Сай, Арпа сара жер,
Эшмамбет менен Атабай,
Ак чапандан пара жээр.
Насыяга кыз берген,
Сен, Сатаке кара жер,
Карызга берди дедирбей,
Кенжеке кечтим жанымдан.
Кадыр алда чоң кудай,
Кара жаным ала көр!
Канетейин арман көп,
Казган көргө сала көр!
Бу кордукту көргөнчө,
Армандуу болуп өлгөнчө,
Токмокко орус толгондо[1],
Жаңыдан комиссия болгондо,
Өзүң жаңы старчын болгондо,
Үйүңө үйөз конгондо,
Жүгүңө бешмант толгондо,
Жүгүңдөгү бешмантың,
Чачып кетпей не болдум,
Көмүлөрүм билген соң,
Көл башында бугуга,
Качып кетпей не болдум.

[1] *Токмокко орус толгондо* – орустар жаңы келип, шаар салына баштаганда деген мааниде.

Жылкы ичинде чоң тору ат,
Боолук салса карматат,
Насыя алды аманат,
Насыяга кыз берип,
Сатаке!
Өзүңө калды жаман ат!..
Эшмамбеттин кыздары
Кер жорго минип дуулады,
Нурмамбеттин Кенжеке
Кер эшек минип куурады.
Саксайган картка баратам,
Сердекти майдай туурады.
Атабайдын кыздары,
Аргымак минип дуулады,
Алды каткан Кенжеке,
Азап тартып куурады.
Карчыга салсаң кууга сал,
Кадырым билбейт как баш чал.
Картайган чалга бергенче,
Кардымды жарып суугa сал.
Ителги салсаң куугa сал,
Итейген чалга бергенче,
Ичимди жарып суугa сал.
Калдыбай минди кара атты,
Сасыкбай минди сары атты.
Болушу минди боз атты.
Кенжекени кейитип,
Ташкентти көздөй узатты.
Атагы чыккан Ташкенттин,
Жолунда кетип баратам,
Адырайган бир карттын,
Колунда кетип баратам.
Жети шаар Ташкенттин,
Жолунда кетип баратам,
Жепирейген бир карттын,
Колунда кетип баратам.
Бактым болсо созормун,

Балакет чалдан кутулсам,
Бир баркымды билер теңтушка,
Кара башым кошормун.
Мааниси жок жан болсо,
Баркымды билбей кор болуп,
Барган сайын бошормун.

## КЫЗ КЕНЖЕКЕНИН АРМАНЫ

Бай Байбото кайнатам,
Малга кароо өз атам.
Жыйырма жашка чыкканча,
Күйөөсүз жалгыз мен жатам.
Өткөрдүң ата жашымды,
Билдим сенин касыңды.
Бала деп мени ойлобой,
Малга саттың башымды.
Ат чаптырып той жедиң,
Алда канча кой жедиң.
Желкилдеген төө жедиң,
Желини карыш бээ жедиң,
Калың малың бүткөн соң,
Жалгыз ат болду салыгың,
Анча-мынча кечпестен,
Арбын болду алымың.
Эки жыл болду бир тайга,
Сараңдык кылды кайын атам.
Кечип бербей кеңешип,
Сасыктык кылды өз атам.
Төрөдөй менин төрт акем,
Төрө Чыңгыш бой акем,
«Кенжеке кетип калат» – деп,
Кайтарганың кой акем!
Кайтарганың койбосоң.
Чакырып тоюң сой, акем!
Каада менен тай союп,

Мойнун кайрып кой союп,
Атам мени жөнөтсүн,
Каалаганын жөн коюп,
Атам жөнгө келсин де,
Азыр мени берсин де,
Атама айткын сөзүмдү,
Азыр жөнөт өзүмдү!
Өмүрүмө кылбасын,
Өзүмдүн атам кесирди.
Астыртан кабар кеп угуп,
Армандуу сөздү көп угуп.
Ардыгып жүрөт колуктуң,
Азыр баргын деп угуп.
Күйөөм келди бешимде,
Жеңекем келди кечинде,
Атамын кылган жоругу,
Өлсөм кетпейт эсимде.
Жеңем келип айткан сөз,
Үйдөн чыктым булактап,
– Кайда кызың барат? – деп,
Кылайын буга санат – деп,
Оолукма жинди өз атам,
Басып калды кулактап.
Бозоруп күйөөм турганы ай,
Жинди атам туруп кейитип,
Башыма кордук кылганы ай,
Айылдын карап турганы ай.
Арбак урган жинди атам,
Айбыкпай мени урганы ай,
Аябай кордук кылганы ай.
Эрегишип эки бай,
Турушканын айтайын,
Бир мал үчүн өтүшпөй,
Урушканын айтайын.
Аргымак минсем келбесмин,
Азаптан мен да өлбөсмүн.
Аманат жаным өткөнчө,

Ат бастырып келбесмин!
Тобурчак минсем желбесмин,
Тозоктон мен да өлбөсмүн.
Эшигиңдин алдына,
Толгонуп кайта келбесмин!
Ой карагай четинди,
Жебей чөбү кетилди.
Бир көңүлүм калган соң,
Карабайм, ата, бетиңди!
Как баш атам куруп кал!
Жолу катуу түгөт чал,
Жолбун иттей улуп кал!

## КУБАТТЫН УУЛУ КУЛМЫРЗА

Кутчу Кубаттын уулу Кулмырза менен мундуз Обонбайдын кызы Ак Саткын экөө ашык болуп, Ак Саткынды Кулмырза алам деп жүргөнүндө, ушак сөз менен Обонбай кулдарына Кулмырзаны өлтүртүп коюптур. Обонбай Кулмырзанын өлүгүн бекитип таштап, коркконунан үркүп, көчүп калыптыр. Бул арада Кубат: «Эки күн болду, балам жок, ботом ай, бул кандай шумдук!?» – деп, Кулмырзаны издеп жүрүп, Обонбайдын көчүнө учурайт. Кубаттын элеңдеп, жок издегендей шашып жүргөнүн көрө салып, Ак Саткын Кубатка карата Кулмырзанын эмне болгонун кошок менен дайындап уктурганы:

Атаң Кубат кары эле, досум,
Кадыры калкка даң эле, досум.
Кан баласы Кулмырза досум,
Бир кишиче бар эле, досум.
Атаң Кубат элеңдейт, досум.
Айтар сөзүн белендейт, досум,
Издеген жогу Кулмырза, досум,
Жогумду кайдан көрөм дейт, досум.

Кубаттын уулу Кулмырза, досум,
Кудайым кошкон шум мырза, досум!
Чөнтөгүң толгон пул мырза, досум,
Арууке болдум тул мырза, досум.
Минген атың көк кашка, досум,
Канжыгаң кыска ак тасма, досум.
Үзөңгү боон бек тасма, досум,
Мен өлөйүн десем жан башка, досум.
Экөөбүз ашык болгондо, досум,
Элибиз көчүп конгондо, досум.
Эр Кубаттын Кулмырза досум,
Менин көңүлүмө толгондо, досум,
Жалган куран жаз эле, досум,
Жалам айран аз эле, досум.
Жаз болгондо кар кетип, досум,
Ат боорунан саз эле, досум.
Кыштоо журттан ташынып, досум,
Элибиз көчүп конду эле, досум,
Эргеге жыйын курду эле, досум.
Сен жогортон келдиң жылжытып, досум,
Жорго боз минип, жок сурап, досум.
Мен турат элем көйкөлүп, досум,
Туурдук калап көлбүрөп, досум.
Алдыңдан тосуп Обонбай, досум,
Атакем турду кеп сурап, досум.
Атакем айтты: – Ат ал – деп, досум,
Ат алсаң да бат ал – деп, досум.
Эки жагым карасам, досум.
Көргөн жерде байкадым, досум
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Атыңды алып байладым, досум.
Алдыңа килем шайладым, досум.
Эгилип эшик ачканда, досум,
Эмчегим эзе кармадың, досум.
Эгиле түшүп токтодум, досум,
Шоктугуң мындан билгенмин, досум,
Бешенең ысык, бейлиң саз, досум.

Бейлимди салып жүргөнмүн, досум.
Сүйрөп килем саларда, досум,
Сүбөмдөн эзе кармадың, досум.
Сүйөнө түшүп токтодум, досум,
Сүйгөнүмдөн шүк болдум, досум.
Шоктугуң мындан билгенмин, досум,
Тескери карап күлгөнмүн, досум.
Маңдайың жарык, балдай сөз, досум,
Баркыңды билип жүргөнмүн, досум.
Шаардан алган сары аяк, досум,
Илени жука сыр аяк, досум,
Байтал бээнин бал кымыз, досум,
Кунан бээнин курч кымыз, досум.
Энекем куйду, мен турдум, досум,
Эгилип кымыз мен сундум, досум.
Сыр аякка жапшыра, досум,
Бармагым баса кармадың, досум.
Баркыңды билип токтодум, досум.
Конуп калдың кылчактап, досум,
Кеч кирди деп шылтактап, досум.
Конокко атам кой сойду, досум,
Колу-жолун бош койду, досум.
Түн ортосу мезгилде, досум,
Аяк жагым күймөнөт, досум,
«Сен кимсиң?» – десем, «Мен» – дедиң, досум,
Кыз жанымды наз кылбай, досум,
Койнумду ачып, «кел» дедим, досум.
Чечендик менен кеп айттың, досум,
Кеп айтканда эп айттың, досум.
«Тамырлык эмес, таэже, досум,
Аламын сени» – деп айттың, досум.
Ишендим айткан сөзүңө, досум,
Ыраазы болдум өзүңө, досум.
Көңүлүм сүйүп көргөндө, досум,
Көрүндүң ысык көзүмө, досум.
Күйүүчү сөздөн кеп айттың, досум,
«Күйөөлөп алам» – деп айттың, досум.

Кадырдан салбас кеп айттың, досум,
«Кайындап алам» – деп айттың, досум.
«Алганың жакшы, жээн» – деп, досум,
«Айткан болбос өөн» – деп, досум.
Талап кылган жээнге, досум,
«Таэже койну ээн» – деп, досум.
Койнумду ачып сен келдиң, досум,
Таң саргарып атканда, досум,
Тараза жылдыз батканда, досум.
Соопко белин байлаган, досум,
Сопу атам асан айтканда, досум.
Мен колтуктап чыгып аткардым, досум,
Сен колоттоп кеттиң кол булгап, досум.
Комутта калган немедей, досум,
Мен туруп калдым көз ымдап, досум.
Тайганың таштан теке алган, досум,
Бүркүтүң чөлдөн түлкү алган, досум.
Кулмырза, сенде чен барбы, досум?
Жигитте сага тең барбы, досум?
Арадан алты ай бир өттү, досум,
Саратан жайлоо жай өттү, досум.
Анча-мынча күн өтпөй, досум,
Айткан шерттүү түн өтпөй, досум.
Кайырманын боюнда, досум,
Кайрылып келдиң коном – деп, досум.
Калың берип, тай союп, досум,
Кадырлуу күйөө болом – деп, досум.
Конуп калдың жайкалып, досум,
Кондурдум төшөк жай салып, досум.
Каражолтой кулдарга, досум,
Калган экен байкалып, досум.
Дүм булак барып, куш салдың, досум,
Түйшүктүү мага күч салдың, досум,
Жүрөгүмө иш салдың, досум.
Кайнарга барып, куш салдың, досум,
Кабагым ачкыс иш салдың, досум,
Өрүктөн бекен ээриң, досум,

Сага озолондум, жээним – досум,
Өзгөчө түштү мээрим, досум.
Кайыңдан бекен ээриң, досум,
Какшатып кеттиң, жээним, досум,
Башкача түштү мээрим, досум.
Атам Обонбай как баш айткан бейм, досум,
Ажалың кулдан тарткан бейм, досум.
Айкалып ойноп жатканда, досум,
Аңгемеге батканда, досум,
Жайкалып ойноп жатканда, досум,
Тамашага батканда, досум.
Караң-сараң эткенсип, досум,
Кашыма келди бир адам, досум,
Арбаң-барбаң эткенсип, досум.
Эшиктен кирди эки адам, досум,
Эчки десем киши экен, досум.
Эшиктен кирген эки адам, досум,
Кош камчы урду сооруна, досум,
Кашыңа келген бир адам, досум,
Кош бычак урду жонуңа, досум.
Коркутмакчы кылам, – деп, досум,
Сайып алды билекке, досум,
Тайып кетти жүрөккө, досум.
Как жүрөктөн кан чыкты, досум,
Кан чыкканда, жан чыкты, досум.
Эт жүрөктөн кан чыкты, досум,
Эшикке жетпей жан чыкты, досум.
Ичигиң калды ирегеде, досум,
Чыгарда жаным бирге эле, досум.
Такыяң калды төрүмдө, досум,
Тараза тапкын көрүндө, досум.
Аманат дүйнө арман күч, досум,
Амалым барбы өлүмгө, досум.
Эшиктин алды күрөндү, досум,
Күрөндүгө көмүлдүң, досум,
Ажал жетип, күн бүтсө, досум,
Айласы барбы өлүмдүн, досум?

Колу кандуу Обонбай, досум,
Коркуп көчтү шашкандан, досум.
Кан адамды куткарбайт, досум,
Кутулбайт как баш качкандан, досум.
Ажалың кулдан болгону, досум,
Калам тагдыр жазгандан, досум,
Каныңды төккөн өз атам, досум,
Кабардар болсун кайын атам, досум.
Кабарың айтып, жар салып, досум,
Кызыл тилим сайратам, досум.
Атаң Кубат барбайбы, досум?
Аныктап кабар албайбы, досум?
Күл таштаган үстүнө, досум,
Күрөндүнү чалбайбы, досум?
Карагер атын каңтарсын, досум,
Кабактарды аңтарсын, досум.
Күрөң атын каңтарсын, досум,
Күрөндүнү аңтарсын, досум.
Кара көзү кашайды, досум,
Кайын атам менден жалтанат, досум,
Арманын айтып Ак Саткын, досум,
Айтпай журтка жар салат, досум.
Атакең Кубат барбайбы, досум,
Күрөндүнү чалбайбы, досум,
Айлына кабар салбайбы, досум?
Баласын таап албайбы, досум?
Баласын таап албаса, досум,
Обонбай как баш танбайбы, досум?
Күбөсү даяр болгон соң, досум,
Анан күйдүрүп кунун албайбы, досум?
Акырет кеткен, Кулмырза досум,
Армандуу кылдың, шум мырза, досум.
Кубаттын уулу Кулмырза, досум,
Кудайым кошкон – шум мырза, досум!
Ак сөзгө как баш көнбөйбү, досум?
Айттырбай кунун бербейби, досум?

Айтарга адам чыкпаса, досум,
Муну Ак Саткын айтып бербейби, досум?
Алтымыш – айбың, кунуң – жүз, досум
Ашыңды берер быйыл күз, досум.
Кунуңдун башы – тогуз кыз, досум,
Тогуз кыздын башчысы, досум,
Тозоктуу бейбак өзүм баш, досум.
Өз баласын өлтүргөн, досум,
Обонбай чалдын боору таш, досум.
Кыз да болсо бала элем, досум,
Кыяр чал мага кылды кас, досум.
Барбай туруп, тул болдум, досум.
Баркым кеткен шум болдум, досум.
Балакет баскан Ак Саткын, досум,
Бир байталдан кем баа күң болдум, досум.
Келбей туруп, тул болдум, досум,
Кесирим тийген шум болдум, досум.
Кесепеттүү Ак Саткын, досум,
Бир кейишке тууган шум болдум, досум.
Тулуңду өзүм сактаймын, досум,
Тууруңду минтип актаймын, досум.
Тумшугу жок Ак Саткын, досум,
Туйгундан сендей таппаймын, досум.
Алты жыл арбак сактаймын, досум,
Арбагыңды актаймын, досум.
Арманым айтар, Кулмырза, досум,
Асылдан сендей таппаймын, досум.

Ак Саткын башын баалап, кунга өткөрүп, Кубаттын колунда Кулмырзага аза күтүп, Кулмырзанын иниси Биймырзага тиет. Ак Саткын аза күтүп отургандагы айткан кошогу:

Кескен терек сайда бар,
Кер кашка күлүк байда бар,
Келбей туруп тул калган
Мендей бейбак кайда бар?
Кыйган терек сайда бар,
Кыл жейрен күлүк байда бар,

Кыз экенде тул калган
Мендей бейбак кайда бар?
Куда болуп курчашып,
Кудагыйга ун чачып,
Жериңден келбей күйөөлөп,
Жеңгетайга пул чачып.
Күйөө келип кайындап,
Күйөөлүгүн дайындап,
Алты айланып келбедиң,
Акылыңды көрбөдүм.
Армандуу бейбак Ак Саткын
Сенден мурун өлбөдүм.
Азаптуу тууган кара бет
Азабыңа көнбөдүм.

Уурданып келип сен өлдүң,
Ушул ишке мен көндүм.
Тулуңду сактап турганга
Тумшуксуз Саткын мен көндүм.
Кудурет насип кылган жок,
Кулмырза, сендей асылды.
Обонбай как баш оңбогур,
Келтирдиң кунга башымды.
Торудан жорго минбедим,
Той баштап доор сүрбөдүм.
Как баш чал мындай кыларын
Кадемсиз Саткын билбедим.
Карадан жорго минбедим,
Калк баштап доор сүрбөдүм.
Обонбай мындай кыларын
Ойлонуп Саткын билбедим.
Келеңкирлүү чачпакка
Келтирип маржан чөгөрбөй,
Келиндик доор сүргөн соң,
Алдыма бешик өңөрбөй,
Ал арманым ал болду,
Азарың тартып дал болдум
Мен кара бет Ак Саткын

Азапка туулган жан болдум.
Ак ордодой үй күтпөй,
Ашкана калап, чий күтпөй,
Куураган Саткын кантейин,
Кулмырза, сенден сый күтпөй,
Бул арманым бул болду,
Таш элем, талкан кум болду.

Кызыгын көрбөй дүйнөнүн,
Кыз кара бет тул болду.
Сыпатым менен кунчуга
Сыйлуу келин болбодум,
Жаным курсун өлбөгөн
Жакшы атакка конбодум.
Курдашка айың кеп айтар,
Кунга келген деп айтар.
Абысын айың кеп айтар,
Айыпка келген деп айтар.
Абысын айың айткан сөз
Ал айып менин мойнумда.
Кулмырза, сени санасам,
Көзүмдүн жашы койнумда.
Санасам жоксуң ойнумда,
Сагынсам жоксуң койнумда.
Мен кара бет Ак Саткын
Зарлап калдым ордумда.

## КАЧКАН КЫЗ

Жабыркатып жанымды
Жашымда атам кайындап,
Байлыгына кызыгып,
Жайсыз жерге дайындап,
Жакшы көргөн бир жеңем
Жаман экен күйөөң – деп,
Ушак кылып айыңдап.
Өз жеңемден уккан соң,

Өрттөнүп ичим жалындап,
Сүйбөгөн бир жаманга
Барбаймын деп зар ыйлап.
Жарманкелүү Каркыра —
Жайлообуздун асылы.
Күйөөң жаман деген соң,
Кайгырып сөөгүм жашыды.

Арманда болуп жаш жаным,
Көзүмдөн тал-тал жаш акты.
Жамандан кайным болгон соң,
Кара жан тартты азапты.

Бир күнү күйөөм келиптир,
Аябай малды бериптир.
Мал жеген соң атакем,
Берүүгө мени көнүптүр.

Жакшы көргөн жеңемди
Чакырып алдым эрмекке.
Жылдыз толгон кезинде
Жаманды бардым көрмөккө.
Жамандын жайын билген соң,
Көп ойлодум өлмөккө.

Атамдын аты – Каптагай,
Армандуу болдум бир далай.
Айласызга туш келсең,
Өмүрүң өтөр жыргабай.

Азамат болсо алганың,
Армансыз дүйнө жыргалы ай!
Акмакка мени кайындап,
Атамдын жабыр кылганы ай!
Кечкил мурун, кең тумшук
Күйөөм жандын урганы ай!

Кара жан жабыр көргөн соң,
Качпадым асты өлгөндөн.

Зар ыйлатып атакем,
Тартынбайт мени бергенден.

Көңүлүм айнып жөнөдүм
Көлдүн башы Аралдан.
Кудурет ачса багымды,
Кутулсам деп жамандан.
Тагдырды жазса башыма,
Жакшысын тапсам адамдан.

Өрнөктүү заман баштадым,
Өз киймимди таштадым.
Өрттөнүп ичим күйгөндөн
Өлүп кете жаздадым.

Малайча кийим кийиндим,
Басканыма сүйүндүм.
Караңгыга жамынып,
Көлдү көздөй жүгүрдүм.

Кейигенден зарланып,
Келдим көлдүн жанына.
Амалсыз жаным күйгөндөн
Ыраазы болдум жаныма.

Эркелеп өскөн курган жан,
Энеден калдым жеңеге.
Кайрылбадым артыма,
Атакем берем деген соң,
Бир эшек сүрөт немеге.
Жашынып түшүп жөнөдүм
Тактай салган кемеге.

Кемеде жүрүп ыйладым,
Кара жанды кыйнадым.
Көлдө жүрүп үч күнү,
Көзүмдүн жашын тыйбадым.

Кейитип жанды күйгүзүп,
Кемечи орус тил билбейт.

Шамал согуп, көл толкуп,
Жаман кеме тим жүрбөйт.

Балыкчынын жанынан,
Кеме чыкты бир күнү
Үшкүрүгүм басылып,
Үмүт кылдым жанымдан.

Оруска малай бир жигит
Билип койду сырымды.
Жашырбастан жигитке
Айтып бердим чынымды.
Аламын деп ал жигит
Аягыма жыгылды.

Арманда болуп азис жан,
Тагдырга сырым угулду.
Тапсам деген тилегим
Таалайы ашык уулду.
«Нике кыйып алалдап,
Алып жаткын анан» – деп,
«Жанга залал жаман» – деп,
Сөйкөмдү бердим колуна.
Орундалып тилегим,
Башталса ишим оңуна.

Качып бардым бир күнү
Карагоонун шаарына
Асыл жанды кыйналтып,
Каламбы тагдыр каарына?
Аманат жанды бир түнү
Ашпозчуга сактадым.
Самап көлдөн чыкканым –
Сарбагышты жактадым.
Кыдырып Кочкор, Жумгалды
Өзүмө тенди таппадым.
Жолугар деп бир жакшы
Деминди көздөй баскамын.

# СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ

## ТОЛГОНАЙ

Тору жорго жетелеп,
Тооруп келдим айлыңа,
Тойбогон атаң берген жок,
Мен кантейин, Толгонум?
Кара жорго жетелеп,
Кайгып келдим айлыңа,
Как баш атаң берген жок,
Мен кантейин, Толгонум?
Атаңдын аты – Эрмекбай,
Ысабай чалга бермек бай,
Букарада башайы,
Кийип алдың, Толгонум,
Кокондуктун Ысабек,
Тийип алдың, Толгонум.
Ай-чырайлуу Толгонду
Бир жашка толгон карт алды.
Малын берип айрылып,
Сенин курдашың Андаш кур калды.
Ай-чырайлуу Толгонум,
Бул картка кантип тиесиң?
Мунун сакалын кантип сүйөсүң?
Жашынып жүрүп кор болуп,
Жанган отко күйөсүң,
Кадемиң каткан, Толгонай,
Бир караңгы тамга киресиң.
Буга кантип чыдап жүрөсүң?

Эрмекбай атаң чыр кылды,
Эстен кетпес сыр кылды.
Акылымдан айрылып,
Маминтип атпай журтка ыр кылды.

Ак кайың түбү керметир
Атаңдын аты – Эрмектир,
Эрмекке түшкөн эмгектир.
Алтындан сөйкө салынган,
Кулагында болсомчу,
Айлыңдан басып суу алган,
Булагында болсомчу.
Күмүштөн сөйкө салынган,
Кулагыңда болсомчу.
Күндө барып суу алган,
Булагында болсомчу.
Улуу тоонун боорунан,
Улар болуп чакырсам,
Угар бекен Толгонум.
Кара тоонун, боорунан,
Карга болуп чакырсам,
Карар бекен Толгонум?
Тору айгыр миндим жал жоктон,
Токмокко кирдим мал жоктон,
Тору айгыр миндим жал жоктон,
Кара айгыр миндим жал жоктон,
Кашкарга кирдим мал жоктон.
Мен шаардан келгинче,
Коломтодон кор чыкты,
Кокондуктун Ысабек,
Толгонума зор чыкты.

## ЖИГИТТИН КЫЗГА ЫРДАГАНЫ

Кыздын аты – Айтамак,
Айтып өтөм бир сабак.
Келиндин аты – Кермекаш,
Келбеги жакшы, узун чач.
Ай кырандан баткандай,
Айтамак менен жар ойноп,
Айкалышып жаткандай.

Күн кыраңдан баткандай,
Айтамак менен жар ойноп,
Күбүрөшүп жаткандай.
Белестен чыккан айдайым,
Беш кара боз тайдайым,
Кыраңдан чыккан айдайым,
Кызыр эмди тайдайым,
Булбулдун муңдуу тилиндей,
Бүркүттүн жогдор жүнүндөй,
Кел ойнойлу, ай тамак,
Жан адамга билинбей.
Бетегелүү кой таштан,
Айыл элек кыз бала,
Азек-мазек сөз айтсак,
Кайыр элек кыз бала.
Караңгыда басканда,
Атагың дайын ак ыргал,
Көрүп жүрдүк көп жыргал,
Көз таанышым ак ыргал.
Ак ыргал кыздын шайыры,
Ак бетиңден өптүрсөң,
Аманат жандын кайыры.
Тоту куштай сыланган,
Боюң таза ак ыргал,
Буркурап жыпар жыттанган,
Койнуң жыттуу ак ыргал.
Ыргал, ыргал, ыргал жан,
Ыргалышкан кыздар жан.
Боз улан менен өскөн жан,
Күмүш топчуң күйдүм жан,
Ыргал жан сени сүйдүм жан.
Күйдүрбөчү, кыздар жан?
Тоголок күмүш топчу жан,
Ыргып бери турчу жан,
Ак бетиңден сүйдүрчү,
Асылдыгың билдирчи.

## ЖИГИТТИН КЕЛИНГЕ ЫРДАГАНЫ

Кашың кара кундуздай,
Жылтылдайсың, келин жан,
Чапма кунан жоргодой,
Кылтылдайсың, келин жан.
Ак чабактай кыландап.
Суута ойнодук, келин жан,
Айлың жакын бир жүрүп,
Дуута ойнодук, келин жан.
Асыл кылып бир далай,
Кой-койлодуң, келин жан.
Азабың тартып бир далай,
Бой-бойлодуң, келин жан.
Аппак этиң биз көрсөк,
«Апей, кимсиң!» – дедиң жан.
Наркы жакшы сөзүңдө,
Куну бар кара көзүңдө,
Кубандырып адамды,
Кылыгың кыйын өзүңдө.
Ала десем, куладай,
Арка чачың буладай.
Буладай сенин чачыңды,
Кандай бенде сылады ай?!
Жейрен десем куладай,
Желке чачың буладай,
Буладай сенин чачыңды,
Кандай бенде сылады ай!
Тал, тал жибек чачыңды,
Кундуздай кара кашыңды,
Кысынып жүрүп далайга...
Өткөрмөк болдуң жашыңды.
Бул сөзүмө кулак сал,
Олуттуу жашты өткөрбөй,
Ордунча ойноп күлүп ал.

Ууру – Кырчын, Көндөйдө[1]
Ай келиндин айылы.
Үңкүр мурун Шайылда —
Калың берген кайыны.
«Ай келин» – деп аталып,
Ашкере болду айыны.
Улпат[2] сөзү миң дилде,
Ургаачынын шайыры.
«Шайылдага коном» – деп,
«Тамашада болом» – деп,
«Ай келинге коном» – деп,
«Аңгемеде болом» – деп,
Барып калдым айлына,
О кудайлат, беш чүйүт[3]
Олтурган экен куралып,
Ай келин чыкса чубалып,
Чачын жууп сыланып.
Сөзү адамга кубаныч,
Кирин жууп барпырап,
Чачын жууп жаркырап,
«Мен үчүн келген мейман» – деп,
Карап турду зыркырап.
Чүйүттөрдүн Шайылда
Шайылдаң конок бербейт – деп,
Кондурган жок үйүнө
Кепке, сөзгө келбейт – деп,
Арыз кылдым Ыса бийине.
Абжип болгон Ыса бий,
Айтсам сөзүм тыңдады,
«Ай келин үчүн бардың» – деп,
Арзымды кабыл кылбады.
Мен – күңгөйдүн аңдысы[4],

---

[1] Жердин аты.
[2] *Улпат* – чогулуп отурганда айтылган сөз.
[3] *О кудайлат, беш чүйүт* – уруулардын аттары.
[4] *Аңдыс* – чөптүн аты.

Ай келин, сиз тескейдин жалбызы,
Ашык болуп күйгөн жан,
Куштар экен баргысы.
Арка чачың кулпунуп,
Тармал экен, Ай келин,
Албай туруп ырдаган,
Арман экен, Ай келин.
Желке чачың кулпунуп,
Тармал экен, Ай келин,
Жетпей туруп ырдаган,
Арман экен, Ай келин.
Ашыктыктын күйүтү,
Козуке менен Баяндан,
Калган экен, Ай келин.
Ай келин чыкпай койбойт – деп,
Алам деп бирөө ойлойт – деп,
Бар мурундун Шайылда,
Байсогур менен жайлады,
Маймыл ооз Саркүчүк,
Ай келинди токтотуп,
Жайы, кышы байлады.
Безеленип курган жан
Мээнетин бекер байлады.
Байлаганга токтобой.
Толмоч жубан Ай келин,
Тобундан качып кутулду.
Тозокко кеткен Саркүчүк,
Кетирбейм деп кутурду.
Төркүнүнө барганда,
Чыгамын деп чыр салды.
Чыгарбайм деген чүйүттөр,
Чыдай албай кур калды.
Болуш, бийлер чыгарып,
Эки күлүк ат баштап,
Үч жүз сом акча пул салды.
Чыккандан кийин зарланып,
Манапка зордук кылдырдым,

Өрттөнүп кеткен манапка,
Өз колумдан жулдурдум.
Аалы, Калпа көрүнөө
Кылып койду кордукту,
Көз көрүнөө залимдер,
Көрсөттү кыйла зордукту,
Шайлоонун болгон кезинде,
Жок экен бул сөз эсинде.
Ыймандардын Турдубай,
Каргаша чыкты жолумдан.
Калпа, Аалы манаптар,
Тартып кетти колумдан.
Кара жаным чок болуп,
Кашымда жолдош жок болуп,
Айрылып калдым өзүңдөн,
Айтып жүргөн сөзүңдөн.
Комесия[1] кезинде
Ай келин кетти парага.
Такылдаган Канкелди,
Ошол жүрүп арага,
Турдубай алды өзүңдү,
Укпады айткан сөзүмдү.
Келинди карган чал алып,
Атагыңды өчүрдү
Кесепеттүү манаптар,
Ишиме кылды кесирди.

## КЫЗДЫН ЫРЫ

Кылычың боосу кыйма боз,
Кылыгы жакшы, молдо дос,
Саадагың боосу сайма боз,
Санаасы бирге, молдо дос,
Үзөңгү бооң күмүштөн,

[1] *Комесия* – болуштарды шайлоо мезгили.

Үйрүлөйүн, молдо дос,
Үркүндө жүрүп күйүшкөн,
Канжыгаң боосу күмүштөн,
Кагылайын молдо дос,
Кай жерде жүрсөм күйүшкөн,
Кызыл тоонун боорунан,
Кырдап келем, молдо дос,
Кыз башымды зарлатып,
Ырдап келем, молдо дос.
Жашыл тоонун боорунан
Кырдап келем, молдо дос,
Жаш жанымда уялбай,
Ырдап келем, молдо дос.
Мен ырдап жүргөн ырымды
Угат бекен, молдо дос?
Эртели, кечти ойлонуп,
Мени санап делбиреп,
Мендей болуп эндиреп,
Чыгат бекен, молдо дос?
Зардап жүргөн зарымды,
Билет бекен, молдо дос?
Мендей болуп зарланып,
Жүрөт бекен, молдо дос?
Кызыл кыргый колго алып,
Көчтү жандап өткөндө,
Көзүм калат тунарып,
Көрүнүп жарым кеткенде,
Боз карчыга колго алып,
Айылды жандап өткөндө,
Боорум бышып чок болуп,
Боздотуп келбей кеткенде,
Сабатың окуп ачылган,
Сага ашык болдум жашымдан.
Илимиң окуп ачылган,
Сага, илинип калдым жашымдан.
Жүрөгүм түтүн, ичим чок,
Сүлдөрүм калды, дарман жок.

Молдо дос сени сагынып,
Асты дарман калган жок.
Укпай кеттиң зарымды,
Мага кандайлыктан таарынды?!
Кызыл-Кыя, Ак-Ташта,
Көчүң барбы, молдо дос?
Мени мынча зарлатып,
Өчүң барбы, молдо дос?
Арпанын башы Семиз-Саз,
Айлың конду, молдо дос,
Арбак урган Үчкемпир,
Кайным болду молдо дос.
Үч-Булак менен Көл-Сазга,
Бээ байладың, молдо дос,
Каралашып биз менен,
Бир жайладың, молдо дос.
Мен үйдө олтурдум үлпүлдөп,
Ак тамагым бүлкүлдөп,
Эшикке чыгам элеңдеп,
Эми жарым келет – деп,
Кадимки сөздө бар болсоң,
Кадыр билген жар болсоң,
Өзүң жетик билимдүү,
Убадалуу жан болсоң,
Эртеңден калбай келип кет,
Эриктирбей көрүп кет.
Аларыңды аныктап,
Убадаңды берип кет.
Мен Үчкемпирге барбаймын,
Убайымда калбаймын.
Малы бар деп ал итке,
Башыма балаа салбаймын,
Балакетке калбаймын.
Кабарың уксам, молдо дос,
Кайгыңды тартып зарлаймын.
Кара жаным курмандык,
Как өзүңө арнаймын.

Мен кечтим ата-энемден,
Үчкемпирге берем – деп,
Урулуу малын жегенден,
Убада сөздө бар болсо,
Жүр, молдо дос, кетели!
Комуттуу болуп жүргөнчө,
Кол кармашып өтөлү.
Күйүп минтип жүргөнчө,
Көз көргүс жерге кетели.
Быйылдан калсак оңбойбуз,
Бир балаага калбаймын,
Ал себептен, молдо дос,
Ашык болуп күйгөндөн,
Айтып кабар саламын,
Пайда болбос шашканда,
Сарамжалың так камда.
Кепте, сөздө бар болсоң,
Кел кетели... жатканда
Кулак салгын мунума,
Курчалышып турууга,
Кел кетели, молдо дос,
Көл башында бугуга.
Атаны сыйлап нетебиз?
Армандуу болуп өтөбүз,
Энени сыйлап нетебиз?
Эмгек тартып өтөбүз.
Эртеңден калбай, молдо дос,
Көңүлүмдү жайлап кет,
Ушунчалык күйдүрбөй,
Убада сөздү байлап кет!

## АШЫКТЫК ЖӨНҮНДӨ АРМАН ЖАШ

Акыл менен ойлонуп,
Арманымды айтамын.
Армандуу болгон кырк жашка

Барганымды айтамын.
Оюн менен күлкүдөн,
Калганымды айтамын.
Кыз-келинден дайын жок,
Карганымды айтамын.
Байымбеттин казалы,
Байит[1] кылып жазалы.
Аалам кылды жоругуң,
Арман жаштын азары.
Жаштыкта кылган үзүрүң,
Жарманкенин базары.
Жигиттик өзү адамга,
Келген дөөлөт кезинде
Айланта санап ич күйөт,
Арман жаш турат эсинде.
Он сегизде толосуң,
Оюндун гүлү болосуң.
Кылчайбастан үйүңө,
Кыздуу жерге коносуң.
Жыйырма менен отуз жаш,
Жигиттиктин дөөлөтү,
Айлында болсо кыз чиркин,
Ашыклыктын сөөлөтү.
Кызыл көйнөк, шай кемсел,
Кыя басып түрлөнүп,
Кылчайып сүйлөп буралып.
Кыяктын күүсү үндөнүп,
Кош этек көйнөк, шай кемсел,
Комуздун күүсү үндөнүп,
Кошомат айтат кыз чиркин,
Короого басып түрлөнүп.
Атилес көйнөк, шай кемсел,
Аста басып түрлөнүп,
Арманың айтсаң кыз менен,
Аргендин күүсү үндөнүп,

[1] *Байит* – дайындап деген мааниде.

Кемсели тувар, кемчат бөрк,
Керилип басып түрлөнүп,
Кеңешип жаткан кыз менен
Керемофон үндөнүп.
Жыйырма менен отуз жаш,
Жигиттикке жан жетпес,
Кыялың сыпаа, өзүң мас,
Кызматыңдан кыз кетпес.
Кыя басып буралып,
Кыз балдар көрсө кыя өтпөс.
Кыркка чыксаң кыйрадың.
Кыздарды кайдан уладың.
Жабыркап калган кезиңде,
Жаштарды кайдан туурадың.
Элүүгө чыксаң эңилдиң,
Эл көзүнө жеңилдиң,
Ургаачыга кеп айтсаң,
Урматы болбойт кебиңдин.
Алтымышка чыкканда
Асылы болбойт өмүрдүн.
Тике сөз кыздан уккан соң,
Тирүү да болсоң көмүлдүң.
Жалынган менен кыз көнбөйт,
Сакалың курган бабай – деп,
Жер куруткан куу сакал,
Жетмегиң бизге далай – деп,
Алжыраган абышка,
Ал-кубатың калай – деп,
Шылдың кылат өзүңдү,
Шыбырлап сөгөт көзүңдү.
Үч түлөп аппак болгон соң,
Үжөткө албайт сөзүңдү,
Он сегизде жаркырап,
Онунчу лампа чыраксың,
Ташыса дайра көл болгон,
Таштан чыккан булаксың.
Кыя басып түрлөнүп,

Кыз-келин менен ынаксың.
Жыйырмага чыкканда,
Жигиттик кызыл гүлдөйсүң,
Жыйынды көзгө илбейсиң,
Жыгылар жериң билбейсиң.
Кыялың сыпаа, өзүң мас,
Кызы жок үйгө кирбейсиң.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Отузга жаңы чыкканда,
Жылдызда болсоң айдайсың,
Дүйнөнү чачып коротуп,
Түш көргөндөй айдайсың.
Кыркка чыксаң токтойсуң,
Өткөн жашты соттойсуң,
Чидерлеп отко койгондой,
Чылбыр бою оттойсуң.
Элүүдөн жашың ашканда,
Эгизден паска түшкөнүң,
Эсепке кирет ичкениң,
Эсине сени албастан,
Эшикке чык деп кыз-келин,
Алтымышка чыкканда,
Айгырдан бычкан аттайсың,
Кесепеттүү кыз тургай,
Кемпириң менен жатпайсың.
Кадырың кетип катынга
Өз үйүңө батпайсың.
Жигиттик өтүп кеткен соң,
Издеген менен таппайсың.
Экинчи келсе жигиттик,
Эсепсиз малга сатпайсың.
Жетимиште жер болдуң,
Жер таянып туралбай,
Кулагың укпас кер болдуң,
Ургаачыга уялбай
Ошондо кантип эр болдуң.
Секенге чыксаң алжырап,

Сүйлөсөң тилиң балдырап,
Баспаган бечел баласың,
Арманың айтар курбуң жок,
Акылыңдан танасың.
Кемпириң менен урушуп,
Кейишти башка саласың,
Токсонго чыксаң токтодуң,
Топурак болуп жок болдуң,
Жаш кезиңдей оолугуп,
Жаңыдан кантип октолдуң.
Жүзгө чыгар жөнүң жок,
Жүдөп өлөр күнүң жок,
Жигиттикте кээриң жок,
Жиндилик кылчу дооруң жок...
Арман жаштын казалы,
Айтып нуска жазалы.
Жигиттиктин бир катар,
Кылып өттүк базарын.
Орто жашың кырк экен,
Оюндун кыйдам сырты экен,
Жыйырма менен отуз жаш,
Кара болот курч экен.
Олуттуу жашка толгон соң,
Оюндан калып турчу экен.
Кайратыңды билген соң,
Катындар шылдың кылчу экен.
Уят болуп муңайып,
Ургаачыга сынчу экен.
Элүү менен алтымыш,
Эгизден паска барган жаш,
Эси бар адам карган жаш.
Эсине муну алган жаш,
Байбичеңе кор кылып,
Башка түйшүк салган жаш.
Акылың болсо ойлоп бил,
Акыйкат жери арман жаш.

# ТҮРДҮҮ ЫРЛАР

## БУУДАНКӨК

### I

Бир кембагал жардынын
Жалгыз аты Бууданкөк,
Келишимдүү тууган көк,
Жакшы таптап ээси,
Сары атанда сууган көк.

Жарды байкуш жактырып,
Таардан жабуу жаптырып,
Ошол атын Бууданкөк,
Сарпайылап[1] бактырып,
– Ушул атым буудан – деп.

Үкүнүн жүнүн тактырып,
Сылап, сыйпап үйрөттү,
Кайыштан чылбыр сүйрөттү.
Арпадан жемин чайнады,
Азем менен байлады.

Жалгыз аты жардынын,
Куйругу сопол, өңү көк,
Айта берсе түгөнбөйт,
Бууданкөктүн кеби көп.

Жалгыз аттуу жардыга,
Башка байлар кеп айтат:
«Буудан – деп буга чарчабай,
Жөн минсеңчи» – деп айтат.

Жардынын жалгыз малы – деп,
Канакей мунун жалы – деп,

[1] *Сарпайылап* – асыл жабуу жаап.

Жалгыз атын буудан – деп,
Жардыда барбы ары – деп,
Куйругу жок, жалы жок,
Сопол атын мактайт – деп,
Жоргосу жок, жүрүш жок,
Копол атын мактайт – деп,
Атын багып алсырап,
Үйүндө тынчып жатпайт – деп,
Өз оюна тим койсоң,
Бир топ малга сатпайт – деп.

Күткөн малы жалгыз ат,
Буудан деп муну мактады,
Атын чабар байге жок,
Алты ай бүтүн таптады.
Өлгөн киши бар болбойт,
Малдуу киши кор болбойт.
Жалгыз атын жөн минбей,
Жардыда эч бир ар болбойт.
Жок тура сенин эсиң – деп,
Кембагал ченеп эсир – деп,
Чолок көктү буудан – деп,
Көп тура сенде кесир – деп.
Ай туяктуу жылкы – деп,
Атын мактайт бул кедей
Жылкынын сырын биле албайт,
Айтса адамга тил албайт,
Көк чологун буудан – деп,
Көтөрүлбөй жүрө албайт.

**II**

Бир байдын ашы берилип,
Арасынан жыл өтпөй,
Атты чапты алыска
Жан адамга сүрөтпөй.

Байгесинин башына
Тогуз нарча төө сайды.
Токсон тубар бээ сайды,
Тогуз жүз соолук кой сайды.

Атты айдады алыска,
Арбын байге алышка.
Байгени бөлүп берүүгө,
Баатырдан чыкты калыска.
Ат чабуучу заяпкер[1],
Алыстан келген талапкер,
Талап кылып байгеден
Аттарын салды жарышка.

Жал-куйругун түйдүрүп,
Жаш балага миндирип,
Бууданкөктүн ээси.
Буудан атын билдирип,
Уктуруп сөзүн алыска,
Арбын байге алышка,
Бууданы түштү жарышка.
Ат айдоочу камдатып,
Атты айдатты чаңдатып.
Заяпкерден эч адам
Жиберген жок жандатып.
Бууданкөктүн ээси,
Минерге аты жок болуп
Өпкөсү көпкөн кембагал
Тура албады токтолуп,
– Жалгыз атым Бууданкөк?
Калды бекен Бууданкөк,
Өлдү бекен Бууданкөк?

**III**

Ал аңгыча ат келди,
Ат келгенде бат келди,

[1] *Заяпкер* – ат таптачу киши.

Бууданкөк буудан экенин
Жалпы-жайык калк көрдү.
Бууданкөк келе жатканда,
Жарды байкуш сүйүнүп
Атым чыгып келди – деп,
Алдынан чыкты түйүлүп:
– Куу-куу Бууданкөк,
Кең Алайда тууган көк,
Жаныбарым Бууданкөк,
Жай чилдеде сууган көк,
Буудандыгың билгиздиң,
Кадыр[1] түнгө киргиздиң.
Он эки куйрук, кырк чалгың,
Канат болдуң Бууданкөк,
Кембагалга кенч дөөлөт
Санат болдуң Бууданкөк,
Куу-куу Бууданкөк,
Жай чилдеде сууган көк.

## САНАТ

Жигиттерге кыз жакшы,
Мүнүшкөргө куш жакшы,
Тамактын бабын келтирген,
Татты кылган туз жакшы,
Уктасаң жатып түн жакшы,
Оокат кылса күн жакшы.
Алыска сапар жол жүрсөң,
Аземдүү жорго ат жакшы.
Билбес жаман туугандан,
Билеселүү жат жакшы.
Үйүңө бекер жатканча,
Үйрөнсөң илим кат жакшы.

[1] *Кадыр түн* – жакшылык берүүчү, мында байлыкка жеткирдик деген мааниде.

Сарандык кылган бакылдан,
Сакылык кылган март жакшы.
Кесирлүү жаман катындан,
Келте ооруган, дарт жакшы.
Биздей көчмөн элетке,
Чарба баккан мал жакшы.
Тамчы тамган боз үйдөн,
Дубалдан соккон там жакшы.
Сарандык кылган жигиттен,
Сарамжалдуу чал жакшы.
Башына келсе жалгыздык,
Жакырчылык кам жакшы.
Пара жеген бийлерден,
Баш билги төө мал жакшы.
Аялдарга эр жакшы,
Дыйкандарга жер жакшы.
Эгин айдар чөл жакшы,
Каз, өрдөккө көл жакшы.
Кадырын тапкан эр жигит,
Кары, жашка тең жакшы.

## ЖАКШЫ КАТЫН

Жакшы катын жадырап,
Ачык болот кабагы,
Акак койгон күмүштөй,
Аппак болот тамагы.
Олуттуу ишти ойлонот,
Окуй турган сабагы.
Эл турганда чыр баштап,
Эзел урбайт баланы.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Элинди сыйлап ар качан
Бүтүрүп турат чаланы.
Азамат эрдин бактына
Акылдуу болсун аялы.
Эл көзүнчө урушуп,

Эрине тийбес залалы.
Көп ичинде урушуп,
Көрүнөө жаппас жалааны.
Жакшы болсо ургаачы,
Жатыктыгын ылгачы,
Сылык болсо ургаачы,
Сыпаалыгын ылгачы.
Баштан аяк катынды,
Байымбет акын ырдачы.
Тапмайынча бир жакшы,
Таалайлуу жигит, тынбачы.
Акылы бар боз бала,
Акыйкат сөзүм тыңдачы.
Алмайынча бир жакшы
Акылдуу жигит, тынбачы.
Таалайыңа кез болуп,
Табылса жакшы ургаачы,
Жакшы катын дүйнөнүн,
Табылбай турган урматы.
Эрегиш кылбайт эрине,
Бу дөөлөтүңдүн зыйнаты.
Күлө багып кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Санжап менен сөз айтып,
Сарамжалын башкарып,
Кыбылжып турса буралып,
Кызматыңды башкарып.
Айланып турса жашыңда,
Алдыңа тамак-аш коюп,
Күмүштөй тиши кашкайып,
Күлбөй сүйлөп мостоюп,
Сүйгүң келет чиркинди,
Ичиңден ышкың козголуп,
Аста басып шыпылдап,
Алгыр куштай зыпылдап.
Кыя басып шыпылдап,
Кыргый куштай зыпылдап.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Самаварын барлатып,
Санжап менен кайнатып,
Дасторконун жайнатып,
Кандырар суусун чайына,
Айттырбай билет машыңды,
Какканда билет кашыңды.
Мейман үчүн даярдайт,
Береке кошуп ашыңды,
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Азамат эрге буюрсун,
Акылга дыйкан асылды
Капалык менен иши жок,
Кабагы жарык күлгөндөй,
Айттырбай билет сырыңды,
Кагаздан окуп билгендей.
Асылзаттын форуму,
Азелден жүрбөйт түрлөнбөй,
Матаны кием түрлөнтүп,
Бачайы көйнөк кийгендей.
Душманга сырын алдырбай,
Жооп берет сүйгөндөй.
Кылар ишин туюнуп,
Кылып турат камыңды.
Санжап менен түгөлдөп.
Санап турат малыңды.
Жакшылап жууруп бышырып,
Таттуу кылат наныңды,
Жубантат сенин жаныңды.
Кээ бир жакшы ургаачы,
Көңүлүңдү жай кылат.
Өзү ичпестен даярдап
Ичкенин кызыл чай кылат.
Оозунан сөзүн чыгарбай,
Оокатын бүтүн жай кылат.
Айтып турган сөзүнөн,
Адептен бир күн жаңылып.
Ачуунун чыкса кезинен,
. . . . . . . . . . . . . . . .

Кылчайып карап сөз айтпайт,
Эрегиш сөздү чыгарып,
Элге-журтка көз кылбайт.
Эки минут кир сактап,
Эрегишип өч кылбайт.
. . . . . . . . . . . . . . . . .
Күлүп турат жаркылдап,
Ачуусу келип калды – деп,
Аста сүйлөп жалжылдап.
Буралып басып түрлөнүп,
Бураган арген үндөнүп,
Муздатпай сенин дилиңди,
Керилип басып түрлөнүп,
Керемофон үндөнүп,
Кейитпей сенин дилиңди,
Кезеги менен үргөлүп.
Жардылыгың билгизбейт,
Аптада жууп ак кылып,
Кир кийимди кийгизбейт.
Кападар кылып көңүлүңдү,
Караңгы түнгө киргизбейт.
Жакшылап жайлап сөз айтып,
Санадар кылып жүргүзбөйт.
Тапканың кайсы деп айтып,
Таамайлап отко күйгүзбөйт.
Алганы жакшы эр жигит,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң,
Апта сайын бүрдөйсүң.
Алганың эшик ачпаса,
Адеп сактап кирбейсиң.
Катының жаман болгон соң,
Кабагың ачып күлбөйсүң.
Капалык түшүп ичиңе,
Кайгырбай түптү койбойсуң.
Күндө үч убак урушуп,
Күйгөнүңдөн тилдейсиң.
Жыгылар жериң ойлонуп,
Жыйынга басып кирбейсиң.

Сыпаалык бейлиң жоголуп,
Жылдызың куурап зилдейсиң.

## ЖАМАН КАТЫН

Жактырып көрүп кайныңды,
Жакшыдан алгын зайбыңды,
Жаман болсо аялың,
Табалбайсың дайныңды.
Чаркырап турса үч убак,
Жаба албассың айбыңды.
Башка чаап жалкытпа,
Минип жүргөн атыңды,
Көрбөй туруп туш болсоң,
Кимге айтасың датыңды?
Көп ойлонсоң жоругун,
Көк мээ кылат башыңды.
Ичине көр-жер түшүрүп,
Балит кылат ашыңды.
Тамагыңды шишитип,
Так ушунтип сурайт жашыңды.
Эмгектүү эрдин башына,
Эсер катын жолугат,
Эртең менен кеп айтсаң,
Эл жатканча оолугат.
Бейтаалай эрдин бактына
Бир бейжай катын жолугат,
Бешимде туруп кеп айтсаң,
Беш күнгө чейин оолугат.
Армандуу эрдин бактына,
Аксым катын жолугат,
Азанда туруп кеп айтсаң,
Алты күнгө оолугат.
Жаман болсо алганың,
Жалынга жанды салганың.
Жарык дүйнө жүзүндө
Жакында кетпес арманың.

Осол болсо алганың,
Отко жанды салганың.
Отурсаң да, турсаң да
Оозуңдан кетпейт арманың.
Мейман келсе курушуп,
Бет алдырбай урушуп,
– Нан барбы? – десең,– ун жок – деп,
Назарыңды сындырар:
«Жарым тыйын пул жок» – деп.
Асты-кийнин карабайт,
«Акылсыз сендей кул жок» – деп.
«Убайым тартып үшкүргөн,
Үйүңдө мендей тул жок» – деп.
«Баштан аяк сурасаң,
Баары тамам, шол жок» – деп.
Бетиңе салар айбыңды,
Чыңырып сүйлөп дайындап,
Чыгарып турар айбыңды.
Адеп сактап токтолуп,
Аркаң менен жыларсың,
Алыстан келген меймандын,
Араң конок кыларсың.
Капа болуп кайгырып,
Канткенде мындан тынарсың?
Сырыңды айтпа эр болсоң,
Бейакыл жаман зайыпка,
Ашкере кылып айбыңды,
Айдатып барар найыпка[1].
Анча-мынча мал тапса,
Алдырып коёр айыпка.
Акмак болсо алганың,
Арылбас сенин арманың.
Кутулбай турган балаага,
Кудурет салса калганың.
Барымтага бир кеткен,
Пайдасы жок бар малың.

[1] *Найып* – улук.

Үйүндө уруш болгон соң.
Убайым менен карыганың.
Кең дүйнөң абдан кысылып,
Кейиш менен карыганың.
Кебинди катып майтарса,
Келгениңди кайтарса,
Канткенде болбойт арманың?
Бир караңгы түндө калганың.
Кудай кылса бенделик,
Өтөрсүң шөнтүп сенделип.
Жаман менен урушсаң.
Жеңе албассың тең келип.
Урушкандан уялбай,
Уятты кубат черленип.
Кайрат кылып какыйып,
Кармашып турат демденип.
Ачууң келип сөз айтсаң,
Жакаңдан алып жармашып,
Жан аябай кармашып,
Аюудан жаман айкырып,
Айлыңдын баарын чакырып,
Анан ажыратат эл келип.
Жаман болсо катының,
Жакшы айткан сөзгө ийилбейт,
Тапканыңа сүйүнбөйт.
Үксүйүп турат урушуп,
Үстү-башын кийинбейт.
Айылчылап жүрөт талпактап,
Аягы турат шалтактап.
Талаада жүрөт талпактап,
Табагы турат шалтактап.
Өзүнө бул иш билинбейт,
Курсагы тойсо күлүндөйт.
Сууктан жаман корунуп,
Жумасында киринбейт.
Сарамжалы жогунан,
Бар оокатың бириндейт.
Адамдын сөөгүн какшатып,

Айткан сөзү ок болот,
Этек-жеңи салбырап,
Эзелде мындай жок болот.
Эрге каршы суук тил,
Элечеги кок болот.
Ушак айтып сүйрөңдөп,
Урушка оозу шок болот.
Күндө үч убак урушуп,
Күйгөндөн ичиң чок болот.
Кой сааганда челеги,
Белчесинен кок болот.
Кокуйга атаң туш кылса,
Өрттөнүп ичиң от болот.
Жемелеп койсоң желигип,
Жебегени жок болот.
Барса айылга кобурап,
Басылбайт мунун өсөгү,
Самыны турса кир жуубай,
Салаа-салаа этеги,
Жакшы болсо алганың,
Азамат эрдин жетеги.
Акмак болсо катының,
Сенде калбайт акылың.
Эр өлтүргөн душмандай,
Кас болот сенин жакының.
Масилет сөзгө кирбестен,
Айткан сөздү билбестен,
Үйүңдөн чыкса «капырың».
Кара жанды калкалап,
Мындан качып кутул акырын.
Катының жаман болгон соң,
Айыкпаган дарт мен тең,
Кырдаалдуу ишти өткөзсөң,
Кыркка чыккан жаш мен тең.
Армандуу болбой жигиттер,
Жакшылардан тапкын тең.

## КАЙРАН БАШ

Дабыр-дубур, дабыр таш,
Дарбазанын оозу – темир, түбү – таш.
Жан күйөрүң жок болсо,
Туу түбүндө туйлап калат кайран баш.
Ажал башка келгенче
Талапка жетсин өңчөй жаш.
Кайрылар тууган жок болсо,
Кандекте калат кайран баш.
Бедери жок торкодон
Бек токуган бөз жакшы,
Медери жок туугандан
Бек кармашкан жат жакшы.
Бейили бузук сарандан
Бербесе да март жакшы.
Акылы жок уулдан
Апийим жеген мас жакшы.
Кесирдүү жаман катындан
Келте ооруган дарт жакшы.
Алыска сапар жол жүрсөң,
Асемдүү жорго ат жакшы.
Ордунда болот акылың,
Окусаң өнөр кат жакшы.
Дыйкандарга чөл жакшы,
Чарбага салкын бел жакшы.
Билеселүү жигитке
Өнүп-өскөн эл жакшы.
Каз, өрдөккө көл жакшы.
Катындарга эр жакшы.

Кадыр табуучу эр жигит —
Кары-жашка эл жакшы.
Мүлүшкөргө куш жакшы,
Тамакка жакшы туз жакшы.
Кужуру бар жигитке
Кубанчы болот кыз жакшы.

## КУШТАРДЫН АҢГЕМЕСИ

### I

Сөз айтамын билдирип,
Уккандарды күлдүрүп.
Айткан сөздүн аягын,
Жегичтерге тийдирип.

Өткөн заман өзүндө,
Күйгөн сөз кетпейт эсимде.
Бары куштун жоругу,
Мааниси болот сөзүндө.

Куш экиге бөлүнөт,
Ирети менен келинет.
Жол-жобосу айтылып,
Анык көзгө көрүнөт.

Бирин айтат боз куш – деп,
Бирин айтат суу куш – деп,
Боз кушунан сөз келет,
– Кысылды биздин турмуш – деп.

Булбул сайрап кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
– Кеңеш кылып кеп салам,
Кебимди ук журтум – деп айтат.

Жыргап жатат суу кушу,
Көлгө барып ойноду.
Суудан болду коргону,
Буга эч жамандык болбоду.

Кырсык бизди торгоду
Жырткычтар бизди койбоду.
Четке чыккан жан болсо,
Бири да аман болбоду.

Жагалмай менен турумтай,
Чакмак алып ойноду.
Кыргый деген кыйратып,
Кыйла чымчык сойлоду.

Өрттөнгөн кыргый өксөтүп,
Өмүрүнчө тойбоду.
Ушул турган боз кушка,
Убал жок деп ойлоду.

Ителги менен ылаачын,
Канча жанды кыйратты.
Катын менен баланы,
Кан какшатып ыйлатты.

Карчыга деген кушу бар,
Кадиксиз мерген ушу бар.
Калктын баарын кыйратып,
Каныңды төккөн ушулар.

Бүркүт деген зору бар,
Биз үчүн жайган тору бар.
Азабы көп боз куштун,
Арылбай турган шору бар.

Таз кара менен  жору бар,
Ал дагы бизге душмандар.
Баары боз куш баш коштуң,
Ынтымактуу болуңар.

Көк жору менен ак жору,
Көрүнөө бизге зордукчу.
Четинен серпип жеп кетет,
Мындан да көрдүк кордукту.

Ак сары менен бөктөргү,
Аңдыганы балапан,

Аман-эсен төл кирбей,
Кырылды мындан кыйла жан.

Бүркүттөн зору буудайык,
Күн көрбөй мындан куурадык.
Кулак угуп, көз көргөн,
Ушул иш кимге ылайык.

Куш төрөсүн туйгун – дейт,
Туйгунун кийин тунжур – дейт.
Атак берип өзүнө,
Катылсаң бизге курдуң – дейт.

Ителгинин улугун,
Илеси артык шумкар – дейт.
Кыргыйдын зорун шумпай – дейт,
Турумтай зорун кумпай – дейт.

Ылаачын чоңун баарчын – дейт,
Баарчын төксө каарын – дейт,
Тумшугу жок боз кушу,
Аман калбайт жаның – дейт,
Акпай койбойт каның – дейт.

Четтен келсе кыйратат,
Карчыга деген залим – дейт.
Күйкөнүн чоңу таканак,
Аңдып жүрөт бакалап.
Акырын жүрүп жеп кетет,
Ал дагы бизди такалап.

Тоодон жеди уларды,
Тоздуруп койду буларды.
Каргашалуу бүркүттөн,
Кара жан тынчып турабы.

Боздон жеди тоодакты,
Боздотуп кырды оолакты.

Кара боор кекилик,
Кача албай жүрөт бекинип.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Өтөбүз ыйлап өкүнүп.
Карчыга жүрөт сактанып,
Үкүгө жүрөт актанып,
Карчыганы балам  – деп,
Үкү жүрөт мактанып.

Карчыга коркот үкүнүн,
Балбылдаган көзүнөн,
Үкүнүн сырын уксам – дейт,
Айттырып көрүп сөзүнөн.

Карчыга туруп кеп айтат,
Кеп айтканда көп айтат.
– Калтырбай сырың айтып бер,
Кайратың кандай – деп айтат.

Үкү аке сенде көз мындай,
Үү деген кайрат сөз мындай.
Жан казандай баш мындай,
Көзүңдү жабат каш мындай.

Каңшардуу мурдуң порумдуу,
Көрбөдүм мындай сонунду.
Үү деген үнүң баспайсың,
Жумган көзүң ачпайсың,

Кайратың кабат көрүнөт,
Жандан коркуп качпайсың.
Салтанатың  башкача,
Эч алдырып шашпайсың.

Сыпатың көрктүү балбандай,
Тырмагың болот канжардай,

Сырыңды ата угайын,
Өзүң мындай ал кандай.

Анда үкү сыр айтат,
Анык сырын чын айтат.
Үксүйүп туруп үкү акең,
Карчыгага муну айтат:

– Үкү акенде дарман жок,
Үү деген үнү болбосо.
Үксүйгөн жүнү болбосо.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Үкүнүн сырын уккан соң,
Карчыга карап турабы?
Кан соргучтун тукуму,
Жемин жебей турабы.

Тойбогурдун тукуму,
«Тойдум» – деп топук кылабы?
Ээн жеп көргөн карчыга,
Жемишин жебей турабы.

Карчыга басып үкүнүн,
Оюп кирди төшүнөн,
Үкү акенден сөз келет:
– Угуп байка сөзүнөн.

Үкү аке анда кеп айтат,
Өткөрүп сөзүн эми айтат:
– Бала эмес экен балакет,
Башымды жутту – деп айтат.

Канатың кайкы тууганда, ботом,
Кан менен бутуң жууганда, ботом,
Тумшугуң ийри тууганда, ботом,
Түңүлдүм эле карчыга, ботом.

Ак сүтүмдү кечпеймин, ботом,
Тилегиңе жетпейсиң, ботом.

Үкүнүн арка жагынан,
Кеңешин кылып жаңыдан
Бөдөнө, чил бөлүндү,
Күзгү салкын болгондо,
Кыйратат келсе кыргый – деп,
Ойлоп жүрөт өлүмдү.

Кыргоол жүрөт токойдо,
Кара башын катынып,
Мунун да арбын шору бар,
Карчыгадан жашынып.

Торгой менен булбулду,
Тоздуруп салды кургурду.
Жандын баарын бүлдүрүп,
Жамандык кылса бул кылды,
Каргашалуу карчыга,
Качкан жанды тындырды.

Сасык үпүп, күкүктү,
Айдап жүрүп үркүттү.
Тамтыгыңды кетирип,
Далайыңды туздап сүрсүттү.

Чабалекей, карлыгач,
Учуп жүрөт зыпылдап,
Кооп кылып булар да,
Коркуп жүрөт кыпылдап.

Алар да аман калган жок,
Арзан бүлүк салган жок.
Булбул чечен сайрады,
Бул сөзүндө жалган жок.

## II

Чымчыктын баары чыркырап,
Кулак тунуп чуркурап,
Илбесиндин баарысы,
Ыйлап жүрөт буркурап.

Көк моюн таан, көгүчкөн,
Кайра тартпайт өлүштөн.
Ала карга, сагызган,
Араң жүрөт намыстан.

Коңкулдап ыйлап чар келди,
Чардын сөзү шар келди.
Кайрат кылып кайран чар,
Боз кушуна жар берди.

Ала дуңган, көк тамак,
Айтылып өтсүн бир сабак.
Койчу кара, таталбек,
Козголуп өтсүн далай кеп.

Тоодак менен кара кур,
Болуп өткөн нечен чыр.
Боз кушунун күйгөнүн,
Баштан аяк угуп тур:
Куркулдай менен короолу,
Бурбай жечү коногу.

Кан ичердин ар канча,
Болуп жатат домогу.
Боз таркылдак, таранчы,
Кыргыектин азыгы.
Эжеке бээ саа, жарганат,
Эч кимге жок жазыгы.

Жылкычы, кучкач жымыйып,
Кубанып турду кымыйып.

Чакылдаган чакчыгай,
Күлүп турду муну угуп.
Боз кушу келип болгон соң,
Булбул чечен сайрады,
Баштан аяк уктуруп,
Баарынын көөнүн жайлады.

– Турбайлык мындай чууга – дейт,
Кылалык кеңеш буга – дейт.
Кара жанды калкалап,
Кетелик көчүп сууга – дейт.

Суу кушунун баарысын,
Көп жашаган карысын,
Талапка кудай жеткирсе,
Табайын дейт дарысын.

Суунун кушун конокко,
Жан калтырбай чакырды,
Башчысы кууну келтирди,
Кара кунас баатыры.

Боз куштан суу куш аз келди,
Өрдөк, чүрөк, каз келди.
Жер жарылып чөп чыгып,
Бул мезгилде жаз келди.

Аңыр келди аңкылдап,
Айтып сөзүн даңкылдап.
Анын арка жагынан,
Тартар келди такымдап,
Эчки маарак, кашкалдак,
Ызгыч менен ак чардак,
Канаты жаман кара каз,
Көлдүн четин булгаган.
Куунун кылган жарлыгын,
Бул дагы эки кылбаган.

Ызгыч келди ырсылдап,
Баарынын арка жагынан,
Боз куш менен суу кушу,
Кеңешин кылды абыдан.
Булбул чечен кеп айтат,
Муңун-зарын эми айтат:
– Кел мында баатыр куу төрө,
Арзымды уккун – деп айтат.
Бүлүнгөнү кеп болду,
Бизге кыйын эп болду.
Азапты таштай катырып,
Карчыга бизди жеп койду
Ынтымакка келсеңер.
Суудан орун берсеңер.
Туугандыктын жөнүнөн,
Ушу сөзгө көнсөңөр.

Ийри тумшук, курч тырмак,
Душманыбыз көбөйдү.
Суу болбосо жан калбайт,
Көрсөттү далай өнөрдү.
Суу жалгыз сенин сууңбу,
Көпчүлүктүн суусу – дейт.
Кеңешип бизге орун бер,
Суу кушунун куусу – дейт.

Куу туруп анда кеп айтат:
– Кутурбаңар – деп айтат.
Аз деп бизди кордобо,
Өзүңдү өзүң зордобо.
Чырпык өзүн талмын – дейт,
Чымчык өзүн жанмын – дейт.
Каадаланып өзүнчө,
Кароолду өзүн ханмын – дейт.
Булак өзүн көлмүн – дейт,
Көл турсун аккан селмин – дейт.
Даражасын көтөрүп,

Таш бака өзүн элмин – дейт.
Үңкүр өзүн үймүн – дейт.
Чымын өзүн биймин – дейт.
Жаман журтка туш болуп,
Чымын жүрөт чыңылдап,
Чиркей жүрөт кыңылдап.
Мунун баары жансынып,
Өз-өзүнө бармын – деп.
Кузгун турат карыңар,
Буга кеңеш салыңар,
Суу менен бирлик орунду,
Ынтымак менен алыңар.
Булбул турат чеченден,
Торгой турат эшенден,
Элге-журтка эп айтып,
Куунун сөзү басылды,
Адилдик менен айтты – деп,
Калктын чери жазылды.

Кузгунга жалгыз кеп калды,
Карыя кузгун деп калды.
Булбул чечен сайрады,
Калктын жөнүн жайлады.
Айтпаган кеби калбады,
Кебин журту танбады.

Кары кузгун калыс – деп,
Калыстыкка алышты.
Кеп-кеңештин баарысын,
Карт кузгунга салышты.

Кузгун калды жымыйып,
«Кудай мага берди» – деп,
Элдин баары ишенип,
Иши мага келди – деп.
Булбул турат шаңкылдап,
Кузгун аба сүйлө – деп,

Бузган, бурган бузуктун,
Бузганына кирбе – деп.
Качып жүрүп бекинип,
Кара кунас, көк кытан,
Илегилек, чөкө таан,
Кызыталак жырткычтан,
Кырылып кетти канча жан.

Белен жеми безбелдек,
Качпаган жеми кашкалдак,
Карап койгон жан барбы,
Биздин башты тең кармап?

Ак сакалың кузгунду,
Айдап жүрүп мыш кылды.
Кандайча бизди жаратып,
Бул мээнетке туш кылды?
Көгүчкөн менен бабырган.
Кутулбады жабырдан.

Үкү деген ыйык бар,
Тил билбеген кыйык бар.
Күндүз көзү көрбөгөн,
Өз билгенин бербеген,
Ырысы жок мына ушу,
Ынтымакка көнбөгөн.

Баласын таштап бул үкү,
Карчыганы багыптыр.
Карчыганы асырап,
Бала кылып алыптыр.

Бузганына кирбе – деп.
Кузгун кирди кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
– Миңге чыккан карыңмын,
Улууңармын баарыңын,

Бий болуучу мырзаңдын,
Мен билбеймин аныгын.
Анык жерден уктуруп,
Айтып берсем тарыхын.

Турнаны биз бий кылсак,
Жөн жүргөндө чуусу көп,
Кырсык баштан кетпейт ко,
Кууну каалап бий кылсак,
Суугa кетет чөмүлүп.
Жалгыз жанга көрүнбөй,
Жатып калат көмүлүп.
Тоодакты шайлап бий кылсак,
Бозго кетет бөлүнүп.
Көпчүлүктүн ичинен,
Бир да келбейт көрүнүп.
Мурду оңколуу сулууча,
Кара жигит ким деген?
Сурадым жөнүн силерден.
Айлыбыз жакын жүрбөгөн,
Ушу кимдин баласы?
Бар сыпатын карачы.
Бир бий болсо бул жигит,
Бий болуучу бала экен
Сурадым жөнүн силерден.
Мен карыган билбеген,
Тааныбаймын шону – дейт.
Укканым жок сөзүн – дейт,
Андап көрсөм артыкча,
Акыл-эси даана экен,
Андап көрчү балдарым,
Айлачыл болор бала экен.

Элге-журтка эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Бий кылсаңар канетет?
Бийлик берип балага,

Сый кылсаңар канетет?
Кары кузгун кеп айтты,
Как ушундай деп айтты.
Өз баласын көрсөтүп,
Өрнөгү бузук кеп айтты.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Теңдикке кузгун келбеди,
Баласын сүйлөп өлбөдү.
Баласынан башканы,
Жан ордуна көрбөдү.

Кузгун курсун кеп эмес,
Бул айтканы эп эмес,
Башка кеңеш кылалы,
Жайланып жакшы тыналы.

Кузгун болсо жыйындын,
Чыгып калды четине.
Пейли бузук каткан чал,
Баласын кармап бетине.
Мунун баары жанмын – дейт,
Өз үйүндө ханмын – дейт.

Зордугуна көнбөйбүз,
Залимге орун бербейбиз.
Көпмүн деп бизди кордосоң,
Кепке-сөзгө келбейбиз.
Абалкы кепти өткөрүп,
Армандуу болуп өлбөйбүз.

Айыкпаган чыр турат,
Айтып өлчөр сыр турат.
Ортобузда талашкан,
Бийлик менен суу турат.
Үмүт кылып бийликтен,
Тоодак менен куу турат.

## III

– Суунун сайып башына,
Бийликти коюп кашына,
Ат жарышты салалы,
Армансыз болуп калалы.
Талашпай сууну, бийликти,
Чыкканыбыз алалы.
Учкан куштан тандайлы,
Армандуу болуп калбайлы.
Болом деген боз кушу,
Ушул сөздөн танбайлы.
Булбул чечен шаңкылдап,
Сайрап турду элине.
Эми ишенип кебине,
Келтирди ишин жөнүнө.
Суу кушунан тандалып,
Кыл куйрук чыкты камданып.
Боз кушунан кара боор,
Бу да чыкты тандалып.
Чыкканы байге алышка,
Калганы куру калышка.
Карлыгач чыкты калыска,
Айдады атты алыска.
Бузулбасын бул иш – деп,
Бул иш болду дурус – деп,
Албан түрдүү кеп айтып,
Булбул чечен сайрады,
Булбулдун кылган чегине,
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Учкулдугу жанда жок,
Карлыгач атты айдады.
Болжогон жерге жеткирип,
Кайтарды атты алыстан,
Учкучуңар чыгыңар,
Ушу бүгүн жарыштан.
Кайра тарткан жеринде,

Кара боор капылдап,
Жел көтөрүп канатын,
Жеткирбеди зыпылдап.

Бул кара боор чыгат – деп,
Чыккан сууну жыгат – деп,
Кара боор чыкты – деп,
Калктын баары угат – деп,
Кара боордон калат – деп,
Байгени боз куш алат – деп,
Суу кушунун убалы,
Мойнумда кантип калат – деп,
Кыл куйрук шумдук ойлонду,
Кара боорду торгоду:
– Тамак жебей карыштың,
Алыс жерден жарыштың.
Жарышам деп алыстан,
Чаңкап суусап чөлдөдүң,
Учуп жүрүп асманда,
Уйку бетин көрбөдүң.
Сен кумга конуп салкында,
Таранып жүнүң жалтылда,
Азыраак конуп дем алып,
Анан учуп шартылда.
Мен көлгө барып коноюн,
Көлдөп жыргап оңоюн,
Талыкпастан таранып,
Тамакка мыктап тоёюн.
Ага чейин артыңдан,
Карлыгач келет калыстап,
Карын тойбой жарышып,
Каржалып калдык алыстап.

Кыл куйруктун бул сөзү,
Кара боорго эп болду,
Алдатып салды куйрукка,
Аңгемелүү кеп болду.

Куйрук конду көлүнө,
Чүмүлө турган жерине,
Ойлонбой куйрук шумуна,
Кара боор конду кумуна.
Ашып-шашып кара боор,
Кумда оонап таранды,
Кандай иш кылып жатат – деп,
Куйрукту суудан карады.
Караса суида куйрук жок,
Мындан кыйын шумдук жок.
Көрүнбөстөн бөгүнтүп,
Суу түбүнө чөмүптүр,
Какеңди алдап салыптыр,
Эчак кетип калыптыр.
– Алдатып салдым итке – дейт,
Капалык түштү ичке – дейт.
Какайып учуп зыпылдап,
Кара боор барат кыпылдап.
Армандуу болуп калыптыр,
Артынан жетип барыптыр.
Байгеге жакын барганда,
Карасы жакын калганда,
Кужурлуу[1] жаны кашайып,
Кубалап жаңдап калыптыр.
Кара боор калып калды – деп,
Калыстар айтып салыптыр.
Бийлик менен сууну бүт,
Суу куштары алыптыр.
Кара боордун калганын,
Тоодак айтат арманын:
– Куу төрө бизден сууну алды.
Арылбай турган чуу салды.
Кошуп алдың бийликти,
Кылбадың оокат тирликти.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

[1] *Кужурлуу* – кайраттуу деген мааниде.

Кыйналбай мындай барышка,
Кыйын элем жарышка,
Акмактык кылып кара боор,
Алдатып ийдиң куйрукка.
Кара боор оңбоссуң,
Кайгырттың биздин жүрөктү.
Карчыга куштан кутулбай,
Канчалык кылдың дүмөктү.

Ат жарыштык арман жок,
Ал сөздө арман калган жок.
Кубанып турган кезиң бул,
Куу төрө бийликке кут болсун,
Боз куш менен суу кушу,
Ынтымак кылып журт болсун!
Ким ойлобойт айланы,
Журтка келчү пайданы.
Буюрган ишке айла жок,
Куу төрө алдың байгени.

Таңдайы таңшып жарылган,
Чечендин баары менде эле.
Таң атканча сайраган,
Нечендин баары менде эле.
Үнүн баспай уу деген,
Эшендин баары менде эле.
Аярлык менен алдаган,
Түлүктүн баары менде эле.
Кыргый кууса жеткирбес,
Күлүктүн баары менде эле.
Ыгы менен сүйлөгөн,
Жүйрүктүн баары менде эле.
Сары атан салкын шамал жок,
Буйрук ишке амал жок.
Өткөн иш өтүп кетүүчү,
Өткөн иш келер заман жок.
Өзүм  барбай жарышка,

Мага бул иш чала – дейт.
Дагдырга барбы чара – дейт.
Бийлеттим куугa башымды,
Алдырдым өлөң сазымды.
Карчыга менен ылаачын,
Сурамак болду жашымды.
Калтырып кеттиң бийликтен,
Турна деген тазымды.
Бир иш өтүп кеткен соң,
Көөнүң келсе бий кылгын,
Каркылдап жүргөн казыңды.
Арманын, муңун калтырбай,
Айтып тоодак басылды.
Кара жаны калбады,
Кара боорду каргады:
Кара боор оңбогун,
Катсын таштай бооруң.
Жарышка салган башында,
Арбын го менин да шорум.
– Айыкпасын ооруң – дейт,
Карарып калсын бооруң – дейт.
Кыска болсун күнүң – дейт,
Кызыл кум болсун жериң – дейт.

## ЖЕР ЖАНА АНЫН БАЛДАРЫ

Бир-бир баштан баяндап,
Билдирип өтөм кабардап.
Эң биринчи жол алып,
Жамгыр сөздү баштады.
Өзүнүн боюн көтөрүп,
Айтар сөздөн шашпады.

Ж а м г ы р:

– Дүйнөнү бүтүн жашарткан,
Менден башка кайсың бар?

Жашартканың бар болсо,
Жашырбастан айтыңар!
Желип өткөн жеримен
Жер тамыры жазылат.
Басып өткөн жеримен,
Байчечекей ачылат.
Жер жүзүнө бир бүтүп,
Менин нурум чачылат.
Асмандан төгүп тунук суу,
Жерге берем тирчилик,
Жер жүзүнөн жай алган,
Элге берем тирчилик.
Жаратылган ар түрлүү,
Жанга берем тирчилик.
Баарына көк чөп жедирип,
Малга берем тирчилик.
Дыйкандар айдап көгөрткөн,
Данга берем тирчилик.
Аркар, кулжа, ак кийик,
Аңга берем тирчилик.
Кургак чөлдө суусаган
Куланга берем тирчилик.
Басып турар буту жок,
Жыланга берем тирчилик.
Курт-кумурска жана да,
Көпкө берем тирчилик.
Жер жүзүндө ар түрдүү
Чөпкө берем тирчилик.
Өзүнө куйган өзөн жок,
Көлгө берем тирчилик.
Эл барктабай куураган,
Чөлгө берем тирчилик.
Ушул чөлдү сактаган —
Элге берем тирчилик.
Кумду майдай балкыткан,

Ташка берем тирчилик.
Ар бир жандын өзүнө,
Башка берем тирчилик.
Жаабай койсом бир жылга,
Жандын баары кысылат.
Эки жылга жетпестен,
Элдин баары бузулат.
Саздар кургап таш болот,
Жандын төлү аз болот.
Кабыгы менен бүт куурайт,
Карагай, кайың, терек, тал,
Өнбөй калса, жерде чөп,
Өлүп бүтөт канча жан.
Суу мактанат «агам» – деп,
«Жандын баарын багам» – деп.
«Бардык жанды бүтүндөй,
Багууга келет чамам» – деп,
Андай эмес, суу эне,
Колуңдан келбейт жепжеке.
Сага менден жардам бар,
Менден жардам болбосо,
Ага албайсың мындай шар.
Кудугуң кургап ным калбайт,
Булагың кургап суу калбайт.
Кара суу акпай жер соруп,
Балчык болуп жуурулат.
Жан-жаныбар кысылып,
Заманасы куурулат.
Жер жүзүндө суулардын
Себеби менден булардын.
Менден жардам болбосо,
Өзөнүң кургап сай болот.
Мактанбагын суу аке,
Баарыңдын жолуң байланат.
Калкайып калың кар жатат.
Кара тоонун башында.

Боройлоп согуп буркурап,
Булут туман кашында
Бул дагы менин жолдошум.
Ар качан менин кашымда —
Жамгыр айтып токтолду,
Суунун сөзү козголду.
Дарыя-көлдөр чайпалып,
Жамгырга карап октолду.

С у у:
– Жамгыр өзүн сел ойлойт,
Кудук өзүн көл ойлойт.
«Толтурам – деп,– деңизди»,
Кесирдүү сөзүн түк койбойт.
Дүйнөгө бүт чырмалып,
Деңиз жатат сел болуп.
Жер жүзүндө нечен суу
Кошулуп жатат көл болуп.
Атагың – жамгыр, өзүң – суу,
Аңгемең сенин мына бу.
Мактанбагын өзүңчө,
Деңизден чыккан сен бир буу.
Анык жери күркүрөп,
Асманда булут дуулаган,
Дарыя, деңиз көлдөрдөн
Сурап булут, суу алган.
Асманды курчап бүркөлүп,
Суу алган булут куралган.
Мактанбагын жамгырым,
Деңиздин сен да суусусуң.
Алып келген булуттун,
Суусу турсун буусусуң.
Жайыраак жааса жымылдап,
Адам сүйүп кымылдап.
Катуу жааса бургактап,

Борошолоп шыбыргак,
Күн күркүрөп тарсылдап,
От чагылып жаркылдап.
Арыктар толуп жымылдап,
Ансайын төгүп шыбыргак.
Мөндүрдүн баары сел болуп,
Талаанын баары көл болуп,
Адырдын баары жер болуп,
Агын суулар шар болуп,
Күндүн көзү тутулуп,
Мөңгүнүн башы бузулуп,
Булут минтип алышкан,
Мунун баары күч менен,
Тарсылдап асман атышкан,
Жаандын баары күч менен,
Мунарык туман кубарган,
Жердин жүзү тунарган.
Мунун баары мурунтан,
Булуттун күчү куралган.
Булут көчүп бузулуп,
Бирине бири урунуп,
Ачык туруп асман, жер,
Айланып булут курулуп,
Күн күркүрөп тарсылдап,
Чагылган учуп жаркылдап,
Булут көчүп бүлүнүп,
Кызыл мунар көрүнүп.
Сыдырым сыргак жел болгон,
Жердин баары сел болгон,
Себеби булут тумандан,
Жел соккон кызыл мунардан.
Суудан бул сөз чыкканда,
Бул сөздү жамгыр укканда,
Сөз айтпастан токтолду,

Экинчи сөзү жок болду.
Эми шамалдын келди кезеги,
Үчүнчү болуп эсеби.
Шамал сууга кеп айтат:

Ш а м а л:
– Шаркырабай, үнүңдү,
Баса тургун – деп айтат.
Мен кызмат кылдым өзүңө,
Кулагын салчы сөзүмө,
Сага кылган жардамым,
Көрүнбөдү көзүңө.
Албай кетип барасыз,
Ансайын күчөп эсиңе.
Эсирбегин мактанып,
Эми тийдиң безиме.
Көккө чыкса бууланган,
Жерге түшсө дууланган,
Булут менин колумда.
Түшкөн жери бууланган,
Сыбызгы, сыргак соккон жел,
Мунар менин колумда.
Күндүн жүзүн бүркөгөн,
Туман менин колумда.
Асманда жүргөн жаркырап,
Айдын нуру колумда,
Көктө жүргөн жаркырап,
Күндүн нуру колумда.
Кезегимди кетирбейм,
Тополоң салып заркырап,
«Шамал келип калды» – деп,
Качат баары чуркурап.
Булут, туман мунарык,
Болду түшүп колума.
Ар кимисин ар сайдан,
Айдап салам жолуна.
Эч бир нерсе чыдабайт,

Кайратымдын зоруна.
Сары атан жайды кыш кылам,
Калсын деп атак соңума.
Мен каарымды төккөндө,
Булактын баарын муз кылам.
Эсинден чыккыс иш кылам.
Суукту салып ушундай,
Суу аке, сени мыш кылам.
Мактанасың сүйлөйсүң,
Баркымды неге билбейсиң?
Чеберсинип мактанып,
Жөнүң менен жүрбөйсүң.
Сары атан жайды кыш кылган,
Шамалдын сөзүн ким дейсиң?
Береке шамал, булутта,
Же муну көзгө илбейсиң.
Сенин шаркыраган добушуң
Шамалдын салган айласы.
Суу аке, түк да билбейсиң,
Шамалдын ушу пайдасы.
Кыш чилдеде күтүнөм,
Кызматымды бүтүрөм.
Бөксөгө чыгам бөлүнүп,
Эл көзүнө көрүнүп.
Сага жардам кылгандан
Жатпайм түк да эринип.
Ала-Тоо башын кураймын,
Аянып карап турбаймын.
Сага жардам кылгандан
Тартынып башым турбаймын.
Тоонун башын тунартып,
Оңой жардам кылбаймын.
Калдайган мөңгү муз кылып,
Кардын баарын жыйнаймын,
Карды жыйнап тоо кылып,
Кайратымды сындаймын.
Токсон чилде чыкканча,

Тоо башынан жылбаймын.
Кайратың сенин ушубу?
Суу аке, кылба кусурду!
Мелтиреген көк жалтаң,
Бетинден көрдүм нуруңду,
Кантээр айла таба албай,
Кара жаның кысылды.
Көйрөңдүк кылып мактанба,
Көргөн күнүң ушубу?
Токсон чилде кеткенче,
Чың этип үнүң угулбайт.
Суук чилдеде сенделип,
Сендей пенде чыга албайт.
Токсон чилде кыш өтүп,
Жадырап жайнап жаз кетип,
Мелтиреген бетиңди,
Басып жаткан муз кетип.
Жөө туман тарап бөлүнүп
Жердин жүзү көрүнүп,
Торгой сайрап тил ачып,
Күкүк сайрап үн ачып,
Булдактын көзү сызылып,
Бөксөдөн мөңгү бузулуп,
Калп айтпагын озунуп,
Кардын баары кошулуп,
Киресиң анан тилиңе,
Тийбей жүр менин жиниме!
Адамдар сүрдөп бара албай,
Күрүлдөгөн үнүңө.
Күчүң болсо суу ана,
Күзүндө неге кирбейсиң?
Мактанасың сүйлөйсүң,
Баркыңды өзүң билбейсиң.
Токсондун күчүн токтотуп,
Кышында неге кирбейсиң?
Түк жумуш келбейт колуңдан,

Мактанып неге сүйлөйсүң?
Торгой сайрап тил ачты,
Булбул сайрап үн ачты.
Жазда баары жашарып,
Байчечекей гүл ачты.
Сары атан жайлоо өткөнчө,
Салкын күз сызып жеткенче,
Ала-Тоонун башынан
Калкайган карлар кеткенче,
Асмандан түшүп буу келет,
Алда канча суу келет.
Калкылдап агып кар келет,
Кардын суусу шар келет,
Бөксөдөн мөңгү бузулат,
Бул да келип кошулат.
Күрүлдөп үнүң басылбайт,
Күкүк болуп күүлөнүп,
Айбаттана түшөсүң,
Ала-Тоодон кар эрип,
Бул шамалдын кылган жардамы,
Алда канча сүр берип.
Шамалдын баркын билбейсиң,
Мактанасың сүйлөйсүң.
Баркыңды өзүң ойлонуп,
Аян кылып жүрбөйсүң.
Менин башкача кылган өнөрүм,
Байкаймын иштин келээрин.
Таң атарда сыбызгы,
Күн батарда муздак жел,
Баарысы менин колумда —
Чалкайган тиги салкын төр.
Жан-жаныбар жалпынын,
Черин жазат сыбызгы.
Эрте турган адамдын
Көөнүн ачат сыбызгы.
Кечки соккон сыргак жел,
Бул да жазат чериңди.

Аба адамга пайдалуу,
Сактайт жакшы демиңди.
Эрте-кеч жүрсөң салкындап,
Көтөрөт сенин көөнүңдү.
Өзүм болсо токтобой,
Көп кечикпей жетемин,
Сасык-бузук жыт болсо,
Айдаган бойдон кетемин.
Көп кечикпей барганым,
Көпкө кылган жардамым.
Жаман жытты жолотпой,
Алыс айдап салганым.

С у у:
– Мактанбайм – деп мактандың,
Өзүңдү айтып актандың.
Сен жобурап сөзгө киргенде,
Жолуңду тоспой сактандым.
Аккан суу менин атагым,
Эч кимге жок чатагым.
Эч ким менен чырым жок,
Аккан бойдон жатамын.
Муздактан музду эритип,
Сайдан чыгат аккан суу,
Адам айран калгандай,
Жайдан чыгат аккан суу,
Өзүндө кубат болбосо,
Кайдан чыгат аккан суу?
Күнү-түнү тынбастан,
Агып турат аккан суу.
Жандын баарын суусатпай,
Багып турат аккан суу.
Ичкен жанга дем берип,
Жагып турат аккан суу.
Жан бүткөндүн баарына
Насип болгон аккан суу.

Жардам берип баарына,
Азык болгон аккан суу.
Жүзү, колун жууганда.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Таза кылат аккан суу.
Түгөнбөстөн токтоосуз,
Келип турат аккан суу.
Түк токтобой ырыскы,
Берип турат аккан суу.
Эгин эккен жерлерге,
Келип турат аккан суу.
Буруп алсаң оюңа,
Көнүп турат аккан суу.
Сугарган эгин суналып,
Өндүрүп турат аккан суу.
Суусаганда жагымдуу,
Балдан таттуу аккан суу.
Баркын билген адамга,
Абдан таттуу аккан суу.

О т:
– От болуп чыктым жаралып,
Оттук таштан таралып.
Табым ысык күйдүрөт,
Жандын баарын сүйдүрөт.
Айтып бергин сырыңды.
Бизден өйдө жериң жок,
Жашырып калар кебиң жок.
Текебер көп өзүңдө,
Күрүлдөйсүң чениң жок.
От туруп анда сүйлөдү:
Шамал сууну сүйбөдү,
– Текебер – деп өзүмдү,
Айтып өттүң бир катар,
Тескери айтып сөз менен,
Чарпып өттүң бир катар.

Шамал мага кызматчы,
Өчкөн болсом күйдүрөт,
Жарыгыма кубанып,
Баркымды журтка билдирет
Караңгыны балкытып,
Шамдай кылам нур менен.
Ишене бер сөзүмө,
Ишим болбойт чыр менен.
Тоңгондорду эритем,
Үшүгөндү жылытам,
Чийки болсо күйгүзөм.
«От адамга эрмек» – деп,
Барлык элди сүйгүзөм.
Канча жандын баарына
Кадырымды билгизем.
Жандын баарын кубантып,
Кабагын ачык күлгүзөм.
Баары жоктун баарына.
Пайдамды артык тийгизем
Асмандагы жаркырак,
Айдын нуру өзүмдө.
Айтсам чыкпайт эбимден,
Ай дагы менин сөзүмдө.
Көпчүлүктү жыргаткан,
Күндүн нуру өзүмдө.
Күйдүр десем күйдүрөт,
Күн дагы менин сөзүмдө.
Мактанбаймын баары чын,
Адилдик бар өзүмдө.
Ашык сөздү айтпаймын,
Айыбым жок өзүмдө.
Баары журттун шамымын,
Жаркыраган таңымын.
Жердин жүзүн нурланткан,
Жарыгымын баарынын.
Баары журтка белгилүү,

Маалим болгон тарыхым.
Баштан аяк дайындап,
Айтып өттүм аныгын.
Жамгыр, шамал, от да, суу,
Сөздөрүн айтып токтолду.
Булардын сөзүн укканда,
Жер кыймылдап козголду.

Ж е р:
– Балдар сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.
Мен болсом балдар карыңар,
Сөзгө кулак салыңар.
Калбассыңар катардан,
Сөзүмдөн нуска алыңар.
Жаратылып жер болуп,
Атаңар болуп аталган,
Сабырымдын баарынан,
Калганым жок катардан.
Текебери көбүнөн,
Шайтан болду азазил,
Мактангандын жаманын,
Балдарым муну байкай бил.
Бүтүн дүйнө шамал, суу –
Баарысы менден таралды.
. . . . . . . . . . . . . . . . .
Жалганчы залим болбостон,
Адил сүйлө адалды.
Залим болсоң жалганчы,
Көрөсүң акыр залалды.
Өзүңдөн өзүң мактанбай,

Өлчөп жүргүн чамаңды!
Көтөрүлгөн көп акмак,
Көмүккө түшүп камалды.
Көөп кетмек наадандык,
Көтөрүлбөй жүрүңөр.
Атаңар айткан бул сөздү,
Акылдуу балдар билиңер.
Сабырымдын барынан,
Санга кирдим жер болуп,
Үйүп, жыйып толтурдум,
Үстүм толгон эл болуп,
Дайра, чалкар көл болуп,
Мухит деңиз сел болуп,
Аркайган Ала-Тоо болуп,
Асманга жакын зоо болуп,
Жана менин өзүмө
Балдарым жүрөт жоо болуп.
Менин атым кара жер,
Жүк көтөргөн балбан шер.
Жүк көтөргөн атаңдан,
Балдарым пайда ала бер.
Анык жери түз жүрүп,
Өзүңдү жөнгө сала бер.
Түз жүрбөгөн ийриси,
Казган ордо кала бер.
Байкаңар, балдар, сөзүмдү,
Чыкпасын бул сөз эсиңден.
Баары жоктун баарысы,
Пайда тапкан өзүмдөн.
Бул жолдун өзү аман жол,
Жалпы балдар аман бол.
Ушул жолду көрсөткөн,
Атаңардай болсоңор,
Таап салган бул жолду,
Жашасын балдар, атаңар!
Жайдары заман бактыңар,
Балдарым эми жашаңар!!

## АЛА-ТОО

Ала-Тоонун арасы,
Жалпы жердин сарасы[1].
Айтып өтөм бир катар,
Аңгемесин карачы.
Башы Ак-Сай, Чатыр-Көл,
Туурасы Торгарт жапыс бел.
Ушул жерди жердешип,
Өсүп-өнгөн кыргыз эл.
Аягында Арпа бар,
Салтанаты канча бар.
Көрбөгөн жан бир көрсө,
Көөнү ачылып шаттанар.

Ак-Сай менен Арпада,
Ар уруу чөптүн кени бар,
Абышкасы оштонуп,
Жигиттен кыйын деми бар.
Ала-Тоо деп аталып,
Аягы кетет керилип,
Албан түрлүү чөптөрү,
Адамга сонун көрүнүп.

Ала-Тоодон ар канча,
Сонун тоолор бөлүнүп,
Атагы дайын билинет,
Анык көзгө көрүнүп.

Түп атагы Тянь-Шань,
Турган эли бир канча,
Келгендин баарын батырып,
Көрүнбөйт көзгө бир жанча.

Керме-Тоо дейт аталып,
Айтылып жүргөн ыр менен.

---

[1] *Сарасы* – сонун деген мааниде.

Кар жаабаган себеби,
Касиеттүү сыр менен.

Кең өзөн Чүйдү калтырбай,
Көрсөтүп өтөр кези бар,
Баяндоого кең Чүйдү,
Байымбеттин сөзү бар.

Сонундуктан Чүй жери,
Алтын күрөк аталган.
Сары өзөн Чүйдү жердеген,
Адамы калбайт катардан,
Чүйдүн башы Көк-Ойрок,
Келишкен жайлоо сонуну,
Айткан менен түгөнбөс.
Ар канчалык боруму.

Соң-Көл деген көлү бар,
Куртка деген бели бар.
Нары жагында Жумгалды,
Айтып өтөр жөнү бар.
Кара-Кече жеринде,
Таш көмүрдүн кени бар.

Солтон-Сары, Соку-Таш,
Курттуу көл, Балгарт, Кара-Саз,
Нарындын башы Тарагай,
Кемир кырмак, кара-таш.

Сары-Жазы, Ак-Шыйрак,
Үч-Каркыра, Кеген бар,
Ботонун-Сазы деген бар.
Болжолсуз сонун Текес бар.

Шарапаттуу Ысык-Көл,
Тамашалуу кызык бар.
Кызыл-Кыя бели бар,
Көчмөн кыргыз эли бар.

Сыбызгы жумшак жели бар,
Жайкалган жатык бели бар,
Эзелден туруп жердеген,
Элет кыргыз эли бар.

Кайыптар оттоп төлдөгөн,
Албан түрлүү чөбү бар.
Аркар, кулжа, ак кийик,
Аралаш жаткан төрү бар.
Кадырын билген аламга,
Касиеттүү жери бар.
Ортосунда чалкайган,
Чатыр-Көлдөй көлү бар,
Баарысын айтып өтөйүн,
Касиеттүү Ала-Тоо,
Кай жеринде кеми бар!

Кантеңирден бөлүнүп,
Каркайып сонун көрүнүп,
Төрт түлүк малга адамы,
Жыргап жатат чөмүлүп.
Алай менен Мыргапта[1],
Кымызын ичип кызарып,
Кыргыздар жатат желигип.
Аркар менен кулжасы,
Эчки менен телкиси,
Айдап койгон адам жок,
Эркинче жүрөт семирип,
Элик, бөкөн, кураны[2],
Бугу, марал бу дагы,
«Толубай курук тобо» – деп,
Тоосунда боздойт улары.
Талаа, түзү куру эмес,
Шаркырап аккан булагы.

---

[1] *Мыргап* – жердин аты.
[2] *Куран* – эликтин эркеги.

Таалайлуу жерди ээлеген
Жалпы кыргыз турагы.

Чөбү кайрак бетеге,
Жылтыркан, шыбак кошулуп,
Кашка беде, мекери
Катыш чөптөр кошулуп.
Бетеге, тулаң тармал саз,
Жердеген адам малга мас.
Көзүнө адам илбестен,
Көлүндө дуулайт өрдөк каз.

Кара кыяк-көдөөсү[1],
Сарбашыл гүлдөр бедеси,
Бир көрүп өткөн адамга,
Көрүнүп турат элеси.
Адырын түлкү жойлогон,
Адамы жыргап ойногон,
Ар түрдүү катыш чөбүнөн,
Айбан мал жесе тойбогон.
Арык малы даң салып,
Алты күндө семирип,
Аны баккан ээси
Арпадай деп ойлогон.

Бөрүсү жүрөт тоолордо,
Мергенден коркуп шекинип,
Түндөсү малга чабыттап,
Тоо-таштарга бекинип,
Бөрүнүн түлкү жолдошу,
Бирин бири коргоочу,
Табылып калган жеринде,
Аңчылардын олжосу.

---

[1] *Көөдө* – чөптүн аты.

Суур менен кашкулак,
Ийинге кирип жатканы.
Эбин таап алууга,
Аңчылар салат карканды,
Кашкулак менен суурду,
Капканчы кармап көп алат,
Мээнетсиз пайда келтирди,
«Бекер олжо» – деп алат.

Карагай черүү жеринде,
Чөө дегени дагы бар.
Саксайган сары аюу бар,
Аюуда далай каруу бар.

Салбырынга[1] келгенде,
Сүлөөсүн менен илбирстен
Атып келет мергендер.
Мадыл менен суусар бар,
Буларды алат капканга,
Кымбат болот сатканга.
Аңчылар буга кубанат.
Арзан олжо тапканга.
«Бул бир катар оокат» – деп,
Бала-чака бакканга.

Өз эркинче жүрүшкөн,
Өрүш кылып бийликти,
Өрнөгүн айтып өтөйүн,
Ала-Тоодо кийикти.
Кийик деген жаныбар,
Өзүнчө жүргөн жан экен,
Кедейге пайда келтирген,
Кембагалдын малы экен.

Мерген барып бир кийик
Атып тоодон жыкканда,

---

[1] *Салбырын* – мергенчилик, аңчылык.

Адамдар барат чогулуп,
Мылтыктын үнүн укканда,
Карасаңчы кайбарлар[1]
Кулакка илбейт айтканды.
Бөлүп алат турбастан,
Он эки мүчө, төрт санды.

Көөдөнүн берет мергенге,
Башынан көнгөн бергенге,
Мурунтан бери нарк ушу,
Баарын берет келгенге.
Көчмөн элдин кененин,
Кылып келген өнөрдү,
Башында көнүк болбосо,
Шыралга[2] деп береби.

Жана айтайын түлкүнү,
Капканга алган мүлкүнү.
«Байла» – деп  келсе бир адам.
Байлап  берет түлкүнү.
Кыдырып жүрүп ар кайда
Түлкү алса аңчы капканга,
Кошулган адам олжолош
Талаадан олжо тапканга.
Ала-Тоонун убагы,
Төрт мезгилге бөлүнөт,
Санжап[1] менен жазылып,
Ирет менен келинет.

## I

Жаз мезгили үч айда,
Мал төлдөгөн кезеги,
Бул айлардын ичинде.
Киреше кирди дешеди.

---

[1] *Кайбарлар* – кыйындар деген мааниде.
[2] *Шыралга* – олжо.
[3] *Санжап* – тартип.

Малдын тууту болду – деп,
Эсептүү күнү толду – деп,
Кой туудурчу өтөк – деп,
Кетирбей күнүн эсептеп.
Бээси туул төлдөгөн,
Төөсү туул боздогон,
Төрт түлүк малы оттогон.
Ую туул мөөрөгөн,
Кой чуркурап маараган,
Ала-Тоонун адамы
Чарба малды каалаган.

Бейлин салып иштесе
Берекеси мына ушу.
Кой чуркурап маараса,
Кулак тунуп ызы-чуу.

Байчечекей, кызгалдак,
Кызыл-тазыл ар кандай,
Жердин бети нурданып,
Башайы, манат жайгандай,
Көк жайкалып, чөп чыгып,
Жер жарылып көп чыгып.

Жыгачтын баары бүрдөгөн,
Байчечекей гүлдөгөн.
Бул мезгилдин өзүндө,
Чыкырып күкүк үндөгөн.

Торгойлор сайрап таңшыган,
Булактар ойноп ташыган.
Булбулдун үнүн укканда
Муңдуулар ыйлап жашыган.
Күкүктөр сайрап таңшыган,
Күрпүлдөп дайра ташыган.
Күкүктүн үнүн укканда
Күйүттүү бенде жашыган.
Куштар салат уяны,

Тууй турган убагы.
Эмчеги жок эмизээр
Ээрчитип учат бу дагы.
Кабылан, жолборс, карышкыр,
Азуусу бар айбандар,
Бу дагы төлдөйт баарда[1]
Барча барат ар жандар.

## II

Жай мезгили үч айда,
Малчы көчөт алкымдап.
Чарбасын багып келүүгө
Жайлоого чыгат салкындап.

Төл телчиген кезинде,
Эрте туруп үй чечет,
Жан-жабыла жыйылып,
Жайлоого карап эл көчөт.

Жайлоосу жаңы гүлдөгөн,
Жыгачы өсүп бүрдөгөн.
Жайлоонун салтын көргөндө,
Көрбөгөн адам сүрдөгөн.

Төө семирип ком алган,
Ком алганда чоң алган.
Кой семирип жон алган,
Жон алганда мол алган,
Бээ семирип казы алган,
Картаң бээлер жашарган.

Адырдан тулаң кемирип,
Артыкча башка семирип,
Айгырлары азынап,
Кулун, тайы кишинеп,
Субайлары бөлүнүп,

[1] *Баар* – жаз.

Сымбаты башка көрүнүп,
Аңгилери алышып.
Аңгемени салышып.
Куйругун сыртка көтөрүп,
Кубалашат жарышып.

Уй деген бир улук мал,
Ушу сөзгө кулак сал.
Бурта байлап семирип,
Бурулуп басса демигип.
Букасы жолдон баспаган,
Күлгө оонап, жер чапчып,
Өкүргөн үнүн баспаган.
Мүйүзү менен көтөрүп,
Томкоруп жерди таштаган.
Таначарлар сүзүшкөн,
Мурунтугун үзүшкөн.

### III

Коңур салкын күз болуп,
Эгин бышып, чөп солуп,
Жайлоодогу адамдар,
Жакага көчөр козголуп.
Сарамжалын шайлашып,
Орок, чалгы кайрашып,
Чөлгө көчүп келишкен.
Чөп чабууга киришкен.
Бекер карап турбастан,
Мээнеттин жөнүн билишкен.

Чөптөн кийин турбастан,
Эгинге кирип бир баштан,
Убагынан калтырбай,
Бүтүрүп алып тынбастан,
Жыйналып эгин, күз өтөт,
Кыштын камын күчөтөт.

Кылычын алып жалантып,
Аркасынан кыш жетет.

### IV

Малчынын кийген кийими,
Калың болот кышында,
Кылычын сунган кыш менен
Кыйын эрлер бел байлайт.
Кымбатын билип сууктун,
Кыйын жигит мал жайлайт.
Кылычын кыштын мокотуп,
Кыйналбай жигит май чайнайт.
Акылы жок жалкоолор,
Алдырып кышта шор кайнайт.
Алабата, шор күйрөк[1]
Төөнүн жери Ала-Тоо,
Бетеге, тулаң аралаш,
Бээнин жери Ала-Тоо.
Кара кыяк, копосу[2],
Уйдун жери Ала-Тоо.
Жылтырган, шыбак кошулуп,
Койдун жери Ала-Тоо.
Касиеттүү жери бар,
Карагай, кайың чери бар.
Кийиги төрдө ойногон,
Түлкүсү токой жойлогон,
Кызыгын көргөн тойбогон,
Көркү башка Ала-Тоо.
Булбулу сайрап чөлүндө,
Күкүгү сайрап көгүндө,
Балыгы сүзүп көлүндө,
Суунун кени Ала-Тоо.

---

[1] *Шор күйрөк* – чөптүн түрү.
[2] *Копосу* – чөптүн түрү.

Өрдөк, чүрөк, каз, куулар,
Көлдүн бетин бербеген.
Бир көргөн киши дегдеген,
Түрдүү куштар жердеген,
Кара кунач, каркыра
Көк кытан менен турна,
Көлдө өкүргөн көл бука,
Тоодагы боздо топтогон,
Чөптүн гүлүн оттогон.
Кумурскадай кайнаган,
Кекилик, чили кыйгыттап,
Чымчыктары сайраган,
Куштун кени Ала-Тоо.

Коёну токой черинде,
Кыргоолу аянт жеринде,
Жалганы жок кебимде,
Жарашыктуу Ала-Тоо.
Ак кажыр менен жорусу,
Дүйүм куштун зору ушу.
Кайкы канат кыраандан
Чоң болсо да кору ушу.
Ылаачын, шумкар, турумтай,
Кыргый, күйкө, жагалмай.
Учканы соккон шамалдай –
Шумкардын жери Ала-Тоо.

Жигити дуулап жыргаган,
Сармерденин[1] ырдаган.
Келин-кызы тыңдаган,
Жаштары шайыр Ала-Тоо.

Кары да жаштын деми бар,
Калтырбай айтар эби бар,
Алтын, күмүш кени бар,
Баары толук Ала-Тоо.

---

[1] Үлпөттө кезектешип ырдоо.

# ТАМСИЛДЕР

## ИТТИН ДООЛДАЙ[2] ТИКТИРЕМ ДЕГЕНИ

### I

– Кыш чилдеде курудум,
Үнүмдү баспай улудум.
Бул жүргөнүм кеп эмес,
Бул иш мага эп эмес.

Жадырап жайнап жаз болсо,
Байга жалчы жүрөйүн,
Байдын коюн кайтарып,
Бир доолдай чепкен киейин.

Жакшыраак байга барайын,
Акымды бүтүн алайын.
Доолдай кийип жасанып,
Оокаттын жайын карайын.

Саратан өтүп кыш болду,
Жаткан жерим муз болду.
Бул жорукка көнбөйүн,
Музда жатып өлбөйүн.

### II

Ал аңгыча кыш өттү,
Жадырап жайнап жаз өттү.
Ит унутту айтканын,
Кышында музда жатканын.

Тилин салып акактап,
Көлөкө жерди качырат.
Доолдай чыккан эсинен,
Көлөкөгө жашынат.

---

[1] *Доолдай* – жүндөн соккон таар чепкен.

Түлкү итке кеп айтат,
Түшүнсүн деп бек айтат:
– Кышында айткан доолдай,
Бүттүбү итим? – деп, айтат.

Түлкүм, мага жүн гана,
Чыга турган үн гана?
Ал чепкенди кылгын – деп,
Айта турган тил гана?

Чепкен чыгып эсинен,
Керилип жатып алыптыр,
Жалкоонун жайы ушундай,
Жайкалып уйку салыптыр.

## КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮ

Абал баар жаз болуп,
Көлгө батпай каз толуп,
Келгин келген кезинде,
Бозго батпай куш толуп.
Жер айрылып гүл ачып,
Булбул сайрап үн ачып,
Байчечекей гүлдөгөн,
Жыгачтын баары бүрдөгөн.
Жаркыраган жаз келип,
Жан-жаныбар төлдөгөн,
Жазгы көктөм мезгилде,
Бир каркыра, бир түлкү
Коңшу болду достошуп.
Ачык сырын жашырбай,
Анык сөздөн козгошуп.
Каркырада шумдук жок,
Түлкүнүн көп бузугу,
Түлкү акеңдин бир түрдүү,
Эми келет кызыгы.

Түлкүдө казган ийин бар,
Өткөн иштин кийни бар.
Бет келишкен жеринде,
Бекиткен сөздүн түйнү бар.
Каркырада уя бар,
Убада кылган башында,
Убада сөзүн бекиткен,
Калыстар туруп кашында.
Түлкүдө бар төрт бала,
Каркырада беш бала,
Балдарына жем издеп,
Каркыра кетти бечара.
Түлкү жүрөт жойлонуп,
Шумдуктун баарын ойлонуп,
Убададан тайгылды,
Түлкү жойбур иш бузуп,
Каркырага түлкү акең,
Кылмак болду бир кызык.
Тура калып түлкү акең:
«Эчтеке болбос» – деп койду.
Каркыра кетип калган соң,
Бир баласын жеп койду.
Карды тоюп алган соң,
Карсылдап күлүп ойноду.
Жалган жерден кеп куруп,
Жана шумдук ойлоду.
Каркыра келер кезинде,
Түлкү акең ыйлап олтурду.
Көөнү менен көп ыйлап,
Көзүн жашка толтурду:
«Бирибиз тышка чыкканда,
Бирибиз үйдө турбай – деп,
Этиет болуп сактанып,
Эптеп оокат кылбай – деп,
Сен кеткенде, мен кетип,
Экөөбүз үйдөн тең кетип,
Санап көрдүм биле албайм,

Тогузунан кими жок,
Кандай бетсиз алды экен?
Узун моюндун бири жок.
Бала деген эң кыйын,
Баласыздын күнү жок.
Узун моюн балаңдын,
Убайым кылды дарты – деп,
Каркыра аке кантелик?
Кайрылуу болсун арты» – деп.
Түрдүү кытмыр сөз баштап,
Түлкү турду муну айтып.
Кара күчкө кууланып,
Кара жанын муңайтып,
Кири жок ичте каркыра,
Ишене калды кебине.
Түндө жортуп жойлогон,
Түлкүнүн кирди эбине.
Түлкү сөздө турбады,
Залимдин бири бу дагы.
Кайда болсо залимден,
Залал көрөт ынагы.

## БӨРҮ МЕНЕН ТҮЛКҮ

Түлкү, бөрү достошуп,
Өткөн иштен козгошуп.
Бөрү жарат, түлкү жейт,
Жүргөнү бизге күлкү дейт.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Бөрүнүн бар эрдиги,
Түбүнөн аңгаал шердиги.
Эки жагын каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Билбегенсип бойпоюп,
Көрбөгөнсүп компоюп.

Түбүнөн келген жоругу,
Түлкү пикир арамза,
Карап калат карышкыр,
Эки жагын каранса,
Карышкырдын өнөрү,
Түлкүнүн жыргал көрөрү.
Бөрү акең тынчып турабы,
Тоо башында турагы.
Жок эмеспи бөрүнүн,
Жегенинде сурагы.
Азыр түлкү ынагы,
Аянып бөрү турабы.
Өркөчү бийик төө жарат,
Эмчеги карыш бээ жарат,
Азуусу тутам ат жарат,
Ат жарганда бат жарат.

Түлкү достун буйругун,
Орду менен аткарат.
Түнөп калган уй жарат,
Түлкү доско сый жарат.

Коодон түшүп кой жарат,
Ар качандан бир качан
Карышкыр акең адаты,
Түлкү доско той жарат.

Башынан бери жок эле,
Мал ээсинде жазыгы.
Карышкыр кайсап жарган мал,
Шум түлкүнүн азыгы.

Бир күнү жарган бээсине
Ээсинин ичи ачыды,
Кайран бээм өлдү деп,
Ыйлай таштап жашыды.

Албарс менен күч ала,
Сүр куйрукка ачытты,
Алыстан жыты келсин – деп,
Аябай ороп сасытты.

Өзү аңчы мерген кул,
Аңчынын жөнүн көргөн кул.
Тилеги кабыл келген кул,
Аянбастан аңчы акең,
Аңгемени баштады.

Бөрүнүн келер жолуна,
Бир куйрукту таштады.
Кайран бээм жарылды,
Кас кылган мага бөрү – деп,
Өлдү муну жеген соң,
Атасынын көрү – деп.

Аңчы кетти үйүнө,
Андаңар сөздүн түрүнө,
Кырып-жоюп бөрү акең,
Кыйратып турат күнүгө.

Бөрү акеңдин кеги бар,
Айтып өтөр кеби бар.
Бөрү, түлкү дос болуп,
Бөлүнбөй жүргөн эби бар.

Башка сөздү укпаган,
Майга тоюп уктаган.
Карышкыр досум укта – деп,
Кашынан түлкү чыкпаган.

Ал аңгыча күн батты,
Элдин алды ным жатты.
Түлкү досум жүргүн – деп,
Кызыгыма күлгүн – деп.

Казысына бөлөн – деп,
Картасына жөлөн – деп,
Досум бөрү көк жалдын,
Баатырдыгын көрөм деп,
Бөрү басты суналып,
Куйругу жерге чубалып.
Эрдигине бөрүнүн
Түлкү келет кубанып.

Алыс жерден куйруктун
Жыты келди бөрүгө,
Жемек турсун жыттаса,
Бөрү даяр өлүүгө.
Бөксө жол менен барышты,
Бөрү, түлкү ашына,
Сүбөөсүн бөрү көтөрүп,
Сүр куйруктун башына,
Түрдүү шумдук ойлонуп,
Ары-бери жойлонуп,
Табармын деп эбинди,
Түлкү турду кашына.
Эми түлкү кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
– Кул базарга баруучу,
Сүр куйрук сатып алуучу,
Сүйүнгөндөн бош байлап,
Жолго түшүп калуучу.
Ал, бөрү аке, алгын! – деп,
Жолун берди бөрүгө,
Себеп болду түлкү дос,
Бөрү акеси өлүүгө.
Досум деп жүргөн түлкүнү,
Түлкү салды күлкүнү.
Көөсөр бөрү турабы,
Сур куйрукту сугунду.

Уу жеген аман калабы,
Сугунган жерде жыгылды.
Өлөр бөрү өлдү – деп,
Өкүмүнө көндү – деп,
Өлбөгөндө нетти – деп,
Өз кылганы жетти – деп,
Куйругун сайып чоң жолго,
Карабастан оң-солго,
Бөрүнүн түлкү өнөгү,
Кайрылбастан жөнөдү.
Түлкү кетти турбастан,
Дүмөгүн айтып бир баштан.
Бөрүнүн этин жашырып,
Беките салды тынбастан.
Мындан башка түлкүнүн,
Толуп жатат өнөрү.
Эртең келип жеймин – деп,
Чуркап алып жөнөдү.
Шумдугун түлкү ашырды,
Түндө келип жеймин – деп,
Өлгөн бөрү көөсөрдү
Жерге көмүп жашырды,
Аңгемелүү кеп курду,
Түлкү салды бул чырды,
Бөрү акеңдин этинен,
Түндө келип жеп турду.
Калтырбай сөөгүн кемирди,
Бөрүнүн этин жеп жатып,
Кайран түлкү абжөрүн[1],
Казы байлап семирди.

Бөрү өлдү тырайып,
Эки буту сырайып,
Бөрү өңдөнгөн залимге,
Анык бул иш ылайык.

---

[1] *Абжөр* – амалдуу.

## БӨДӨНӨНҮН ТҮЛКҮНҮ АЛДАГАНЫ

Бөдөнөнүн кеби бар,
Турумтай менен кыргыйда,
Толуп жаткан кеги бар.
Бул экөөнөн бөдөнө,
Дайым жүрөт жашынып,
Эки жагын элеңдеп,
Эси чыгып ашыгып.
Жаткан жерин жазгырып,
Бытпылдыктап бакырып,
Бытпылдык деген табышы,
Чөптү кетет жапырып.

Бөдөнөнү түлкү аңдыйт,
Чакырган үнүн уккан соң,
Бытпылдык деген табышы,
Жакын жерден чыккан соң,
Түлкү акең жатты кылыйып,
Жакындап келсе жеймин – деп,
Ичинен тынып кымыйып.

Аста басып аңдыды,
Түйүлүп түлкү каргыды,
Басып калды түлкү акең,
Бөдөнөнү учурбай.
Түлкүнүн кылган жоругу,
Башынан маалим ушундай.
Түлкү акең амал иштеди,
Баскан жерде тиштеди.
Бөдөнө түштү түлкүнүн,
Арсайган азуу оозуна.
Бытпылдык деп чакырып,
Өзүнүн салган доошуна.

Бөдөнө туруп ойлонду:
«Кутулсам түлкү оозунан.
– Табайын мунун эбин – деп,
Жедирбейин тегин – деп,
– Арзымды ук түлкү аке,
Алал кылып жегин – деп,
Уккан болсоң сөзүмдү,
Үлүрөйтпөй көзүңдү,
Оозунда мен турамын,
Угуп жегин сөзүмдү.
Кулкулдабай тамагың,
Бул санатты санагын.

– Макул – деп түлкү ынады,
Санамакка чыдады.
«Бир» – десе, түлкү «бир» – деди,
«Эки» – десе, «эки» – деп,
«Үч» – десе, түлкү «үч» – деди
«Төрт» – десе, түлкү «төрт» – деди,
«Беш» – десе, түлкү «беш» – деди,
Акыңдан түлкү кеч – деди.
Аянбай түлкүм алты де.
Анык санап сен өткөн,
Ажалдын анты алты эле.
Акылдан түлкү шашканда,
«Алты»– деп оозун ачканда
Бөдөнө кетти кутулуп,
Түлкү калды жутунуп.
Алтың менен аңга түш,
Айтпай койбой не болдум?
Ширин этин мен чайнап,
Эзип жебей не болдум?
Түлкү калды кайгырып,
Бөдөнөдөн айрылып.
Алдаганын бөдөнө
Айтып калды ыр кылып.

## ЭШЕК МЕНЕН БУЛБУЛ

Канаттуу куштар,
Төрт аяктуу жаныбарлар
Бир күнү мажилис[1] курду,
Булбулдун сайраганын сынап,
Эшек калыс болуп карап турду.

Күүгүм кирип, күн баткан,
Түндөн баштап сайрады.
Так он эки санагы,
Айдан баштап сайрады.
Саратан салкын шамалдуу,
Жайдан баштап сайрады.
Асман ачык күн булут,
Тумандан козгоп сайрады.
Кепил болуп теминген,
Улардан козгоп сайрады.
Чалкыган көлдөн жай алган,
Куулардан козгоп сайрады.
Тоют кылган ак кууну,
Тынардан козгоп сайрады.
Жер жайнаган төрт түлүк,
Малдан козгоп сайрады.
Карагай, кайың, байтерек,
Талдан козгоп сайрады.
Жер жүзүндө ар түрдүү,
Жандан козгоп сайрады.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Кызыл, жашыл гүл ачкан,
Чөптөн козгоп сайрады.
Көңкү тамам[2] жыйылган,
Көптөн козгоп сайрады.
Келишимдүү ар түрлүү,

---

[1] *Мажилис* – чогулуш деген мааниде.
[2] *Тамам* – бүт деген мааниде.

Кептен козгоп сайрады.
Тирөөчү жок токтолгон,
Көктөн козгоп сайрады.
Жер зилдеген жазында,
Амалдан козгоп сайрады.
Жайга салкын келтирген,
Шамалдан козгоп сайрады.
Жакшы менен аралаш,
Жамандан козгоп сайрады.
Башына өткөн ар түрдүү,
Замандан козгоп сайрады.
Кызыл-жашыл байчечек,
Гүлдөн козгоп сайрады.
Черин жазган муңдуунун
Тилден козгоп сайрады.
Айбанаттын эң чоңу
Пилден козгоп сайрады.
Учуп жүргөн ар түрлүү,
Куштан козгоп сайрады.
Татты кылган супсакты,
Туздан козгоп сайрады.
Жакын кылган алысты,
Кыздан козгоп сайрады.
Акча үчүн уктабас,
Эшенден козгоп ырдады.
Мажилисте сайраган,
Чеченден козгоп ырдады.
Көпкө тийген пайдасы,
Көсөмдөн козгоп ырдады.
Көп ооруган талыкшып,
Кеселден козгоп ырдады.
Беш жашка чейин баспаган,
Жан-жаныбар укпаган,
Нечинден козгоп сайрады.
Асмандагы дууланган

Жерге түшсө нурланган,
Жамгыр жаап көк чыккан,
Булуттан козгоп сайрады.
Тайпа-тайпа[1] ар түрлүү,
Улуттан козгоп сайрады.
Акын булбул чечендин,
Айтпаган сөзү калбады.
Булбулдун сайраганын,
Сайроодон талбаганын
Уккан мажилис:
– Баракелде, булбул!
Калың журттун
Уйкусун ачып,
Кумарын жазып,
Сайрадың дешти:
– Кана айтчы эшек!
Сага келди кезек —
Деп ага сөз беришти.
– Ырас булбул жакшы сайрады,
Айтпаганы калбады.
Чынын айтсам, бирок
Үнү короздукуна окшогон жок.
Менин тилимди алса,
Короздон өнөр үйрөнүү үчүн,
Дагы бир жыл окууга барса,
Болор эле – деди эшек.
Анда көпчүлүк мындай дешет:
– Ээ, макоо, булбул эшек эмес,
Эшектей кесеп эмес,
Сенин бул айтканың
Бизге эсеп эмес! –
Деп, көпчүлүк наалат айтып калды,
Эшекти айдап жолго салды.

[1] *Тайпа-тайпа* – бөлөк-бөлөк деген мааниде.

# АР ТҮРЛҮҮ ЫРЛАР, ЭСКЕРМЕЛЕР

## АКЫН ЖАМБЫЛ

Жамбылга түшкөн эмес мурун ишим,
Сыртынан байкап жүрүп көргөн кишим.
Тоюна Алма-Атага бара салып,
Жамбылдын шондо көрдүм анык жүзүн.

Жамбылым тойду курап салган экен,
Ар элден конок арбын барган экен.
Мен дагы тойго барып түшкөн күнү,
Куралып той башталып калган экен.

Шондо барып, Жамбылдын тоюн көрдүм,
Келбеттүү акыл, сыпат, боюн көрдүм.
Кеткиче Жамбыл менен бирге болуп,
Жаңырган биротоло оюн көрдүм.

Сексен жаш чыгып кетти көңүл-ойдон,
Балкытып кубат келди дене-бойдон,
Эл-журту Жамбыл үчүн даярдаган,
Сонунду көрүп келдим ошол тойдон.

Акындан артык болуп, Жамбыл бүткөн,
Сүрөткө бирге отуруп, бирге түшкөм.
Сайрандап машинада желдей учкан,
Сыймыкка жүрөк толкуп көңүл өскөн.

Жамбылым жандан ашкан акын экен,
Айтканы Сүйүмбайга[1] жакын экен.
Иниси Мухтар, Сабит, Кенен деген[2],
Буларда толуп турган акын экен.

---

[1] *Сүйүмбай* – казак элинин акыны.
[2] *Мухтар, Сабит, Кенен* – казактын жазуучулары, акындары.

Жамбылым максатына жеткен чалым,
«Эмгек туу», «Ардак белги» алган баарын.
Таралып СССРдей кең өлкөгө,
Жамбылдын акындыгы болгон маалим.

*1938*

## КЫРГЫЗ АКЫНДАРЫ ТУУРАЛУУ

Эл акынын баяндап,
Эми кирдим эрмекке.
Эл ичинде дайындуу,
Нуска кылып бермекке.
Өзүмдүн бабам Музооке,
Чертип жүргөн комузду,
Маанисине келтирип,
Кошуп жүргөн добушту.
Көчүрүп алып чоң Ормон,
Саяктан бөлгөн конушту...
Көчүп барып Музооке,
Ормонго коңшу болуптур,
Эки манап талашып,
Жаңжалы арбын болуптур,
Музоокени талашкан,
Стам менен хан Ормон,
Каргашалуу манаптын
Калабасы чоң болгон.
Өлөт деп топту санабайт,
Өлгөнүнө карабайт.
Хандык кылган Ормону,
Арачыга жарабайт.
Стамдын уулу Маңытай,
Кезенишип калыптыр,
Так төбөгө салыптыр.
Мээси чыгып Музооке,
Акыл-эстен таныптыр.
Айбалта тийип башына,

Эндиреп жатып калыптыр.
Эки-үч күндө Музооке,
Эс-акылын жыйыптыр.
Жабыры батып жанына,
Жарасы жаман ырбаптыр.
Эс алган соң Музооке,
Эми түштү эсине.
Маңытай тийди безине,
Көрүндү жаны көзүнө.
Муңдуу күү деген күү чертип,
Комузун алды колуна.
Манаптын түшкөн торуна,
Байкаңар сөздүн соңуна.
Мен хан Ормонго барам – деп,
Каргаша көрдүм манаптан,
Кайдан келдим саяктан,
Кутулбадым таяктан.
Кайдан келдим Жумгалдан,
Каба, Чакыр туугандан,
Кор болуп кеттим курган жан,
Кутулбадым ургандан.
Кайдан келдим Нарындан,
Кор болдум тууган зарыңдан.
Сарбагыштын боз балдар,
Таяк жедим баарыңдан.
Кайдан келдим Кочкордон,
Кутулбадым чочмордон.
Шайтан айдап Музооке,
Башында жерден козголгон.
Чай боорсок салды ашыма,
Айбалта тийди башыма.
Боор такыр, көк шыйрак,
Маңытай чапты башыма...

Айтылуу ырчы Токтогул,
Атагын айтам токтогун.

Кетмен-Төбө саягы,
Кебин журтка жаялы...
Дыйканбай, Акмат манаптын,
Башына тийген таягы.
Каяша берген адамды,
Качан манап аяды!
Нанга тоюп кутурган,
Миң-Дөбөнүн эшени,
Мындан башка айдаткан
Акмат, Дыйкан нечени.
Ак жеринен док кылып,
Эшендин жуккан кезели.
Акмат дыйкан айдаткан,
Айнектей көзүн жайнаткан,
Кордук кылып зарлатып,
Колу, бутун байлаткан.
От арабага чыкканда
Токтогул тилин сайраткан.

Эми айтыла турган акындан,
Алымкул менен Калык бар,
Ал экөөнүн мойнунда
Адабият салык бар.
Артист турат гүлдөтүп,
Барган сайын бүрдөтүп.
Жараштырып нотага,
Абандарын салышат.
Кошо сайрап комузу,
Кол талашып жарышат.
Алардын ырын укканда
Адамдар айран калышат.
Калмурат жүрөт какылдап,
Абанын салып шакылдап.
Акындыкка бечара,
Жете албай жүрөт жакындап.
Аңгемелүү артистте

Аңгеменин баары бар,
Комузун чертип окшотуп,
Кыягын тартып боздотуп,
Бул артисттин ичинде,
Муратаалы кары бар.

## ТОКТОГУЛ ЖӨНҮНДӨ

Замандашым Токтогулдун 1940-жылы март айында боло турган тоюна арнап, аны менен бирге жүргөнүмдө алымча билгендеримди кабарлаймын. (Кара сөз менен, арасында ырлары да бар).

1889-жылы Куртка деген жерде туруп, ырга зооктуу болуп турган кезимде маркум акын Токтогулдун кабарын Кетмен-Төбөгө барып келген өз тууганым Молдобай Чекирекей уулунан 1-жолу уктум.

– Адам баласында Токтогулдай ырчы болбойт. Өзүң курдуу жаш жигит экен. Элге атактуу сезилген ырчылар: Эсенаман, Көчөрбай, Болдур бала, ырчы Токтогул менен айтышмак турсун изин кечпей калды. Токтогул санаттан, салттан, тарыхтан ырдап, элди таң калтырып, ыраазы кылат экен. Бардыгына бирдей аралашып жүргөндөй айтат, ырдаганда калет жок. Кетмен-Төбөгө барып көргөн сонунум ушул – деди.

Токтогулдун атагын угуп, көңүлүм дегдеди. Молдобайдан анын турагын, уругун сурадым. Молдобай менин ынтызарлыгымды сезип-билишинче толук айтып берди.

– Токтогул мага жакын таяке болот (энемдин төркүнү), Сарттар деген элден. Арым деген жерде турат, бойчур келген сары чийкил жигит. Ырыскулбек деген байдын балдары менен кас экен. Жалпы эл манаптардын салтанат менен жүргөнүн сүй-

бөй, букаранын малына мас болгон жиндилер – деп, ачууланат экен. Ал эми Ырыскулбектин балдарын болсо:

«Ырыскулбектин беш каман,
Бейли бузук ит жаман.
Көрөөрсүң бир сонунду,
Күрсүлдөгөн уй каман» —

деп, ырдап жүрөт. Бул тууралуу Ырыскулбектин балдары Токтогулга колдорунан келишинче жамандык кылууну ойлоп жүрүшүптүр. Мына ушинтип манаптардын пейили Токтогулга жакшы эмес – деди.

Бул сөздү укканда Токтогулду көрүүгө, андан үлгү алууга баштагыдан да кыйыныраак дегдеп, Токтогулга алып барып, кезигиштирүүсүн Молдобайдан абдан өтүндүм.

– Жакшы болот, күзүндө өзүм дагы барам, аттонуңду камданып тургун, сөзсүз кезигиштирем — деп, Молдобай убадасын берди. Ал кезде жетимдиктин жана жокчулуктун каарын тартып жүргөн кезим эле. Колумда көк быштыдан башка малым да жок. Күз болду, Молдобайга кошулуп Токтогулга жөнөп калдым.

1890-жылы октябрь айында барсам, Токтогул үйүндө жок, Таласка кеткен экен. Мен аны манаптардан жазганып, орун которгону кетсе керек – деп ойлодум. Күтүп жата бердим. 10 күндө Токтогул келди. Арым деген жерде, сарттар деген элде Токтогул менен биринчи жолу көрүшүп, өзүмдү тааныштырдым. Үч ай чамасында бирге жүрүп, Токомдон ырдын түйүнүн, нускасын алып кайттым.

1893-жылы да бир жолу барып келдим. 1898-жылы Сибирге айдалып кеткенин угуп, абдан кайгырдым. Алым начар, коркунучум көп болуп Токомо учураша албай калдым. Мына ошол айдалып бара жатканында төмөнкүдөй ырдап, карап турган мундууларды жашыткан экен:

Айдалдым, кеттим ишим ак,
Алым карып, күнүм чак,
Кагылайын туугандар,
Менин актыгымды ойлоп бак!
Жайкалып жүргөн Токтогул,
Занжыр[1] түшүп колума,
Азап түшүп башыма,
Айдалдым Шибер жолуна.
Кишен түшүп бутума,
Айдалып кетип барамын,
Кайрылып келер күн барбы,
Мен калың кыргыз журтума?
Өзбек, кыргыз – калың журт,
Өскөн элим аман бол!
Өмүрүмдү жыргатып,
Өткөн элим аман бол!
Киндик кесип, кир жууган,
Турган жерим аман бол!
Кичинемден бирге өскөн,
Тууган элим аман бол!
Токондо айтар тил барбы?
Торгойдой добуш үн барбы?
Торгойдой сайрап Токтогул,
Толгонуп келер күн барбы?
Арманым айтар тил барбы?
Ачылып чыгар күн барбы?
Айдалып кеткен Токтогул,
Айланып келер күн барбы?
Ырыскулбектин беш каман,
Бейли бузук беш жаман,
Кеттим Шибер айдалып,
Бизге келер бекен кең заман!
Залимдин түштүм торуна,
Айдалдым Шибер жолуна,

---

[1] *Занжыр* – айыпкерлердин колуна сала турган темир кишен.

Элимде жүргөн кезимде,
Эшен чыкты шорума —

деп, ырдап турганда калк дүркүрөп, ыйлабаган адам калбаптыр. Бирөөнүн атасы айдалып баласы калып, бирөөнүн баласы айдалып атасы калып, муңканып жүргөн элди Токтогулдун ыры ого бетер жашытыптыр.

Күзөт солдаттар Токтогулдун ырын токтотуп, айдап кетишиптир.

– Бул баргандардан кийин Токтогул Сибирден качып кетип, Ош жакта жүрөт деген каңшаарды уктум. Бирок учураша албай калдым, Манаптар тарабынан кайра кармалып кетиптир.

Мындан кийин Ырыскулбектин балдары: Акмат, Дыйкан, Атакан, Миңбай, Мырзакандардын өздөрү кылмыштары үчүн айдалып жок болушту. Ал аңгыча Токтогул акталып, келип калды. Учурашуу үчүн атайын барып келдим.

Жанында өзү үйрөткөн шакирттеринен бир нечеси – Эшмамбет, Эшенкул, Жаңыбай, Курман, Жолойлор бар экен. Жер жаңырткан мукам үндөрү менен алым-сабак айтышып ырдай кетишти. Бул келгенинде Токтогулдун түсү кадимкидей, бирок тиши түшүп калган экен. Сакалы жайкалып, сымбаты келишкен жылуу түрү менен жанындагы ырчыларга аңгеме айтып отурду. Көпчүлүктүн ичинен мени көрө салып, өзү жөнүндө кабарлап мени менен ырдап учурашты. Ичимде Токтогулдун бул көңүл бөлгөндүгүнө абдан көтөрүлдүм.

Т о к т о г у л д у н  ы р ы:

Байымбет молдо булбулум,
Баарыдан чыккан туйгунум,
Бала-чакаң аманбы,
Басынып жүргөн кургурум?
Асилиң саяк, тууганым,
Туугандан чыккан бууданым,

Башынан өзүң билесиң,
Мени манаптар сүрүп кууганын.
Ырыскулбектин беш каман,
Мээнетке башым чырмады,
Бейли бузук манаптар,
Мени Иркутка[1] айдап кыйнады.
Иркутте жатып үшкүрүп,
Булбул Токоң ыйлады,
Түрмөдө жаткан кезимде
Түрдүү улуттар сыйлады.
Булбул Токоң Маскөөдө,
Акыл-эсин жыйнады.
Комузун алып колуна,
Айдалганын ырдады.
Айдалып кеткен эшенден,
Адамдын баары кыйрады.
Элиме аман кетсем – деп,
Эт жүрөгүм туйлады.
Өлбөгөн жан акталып,
Токоң келди калкыңа.
Жаамы кыргыз балдары,
Бириң эмес, жалпыңа.
Жериңе келдим Токтогул,
Жетер деп тууган баркыма...

Б а й ы м б е т:

Айдалып кеткен Шиберге,
Акын Током аманбы?
Жалпы жарды-жалчыга
Жакын Током аманбы?
Манаптар менен басташкан,
Баатыр Током аманбы?
Кызыл тилин сайраткан,
Булбул Током аманбы?

---

[1] *Иркут* – Иркутск шаарын айтып жатат.

Арыштап алыс чуркаган,
Дулдул Током аманбы?
Сүйлөтүп комуз күүлөгөн
Туйгун Током аманбы?
Амандыктын соңунан,
Айткым келди оңунан,
Арзып чыккан Токомдун,
Учурап калдым жолунан.
Ырчынын баары шаңкылдап,
Ырдап келди кашыңда,
Ак туйгундай күүлөнүп,
Булбул Током башында.
Калыкты мурун көргөнмүн,
Бала кезде жашында,
Сыпатын байкап жактырып,
Сынагамын Калыкты.
Чечен бала көрүнөт,
Чечер деп кыйла тарыхты.
Кара сакал Эшмамбет,
Кайнап турган кези экен.
Калтырбастан санатты,
Сайрап турган кези экен.
Адам уулу кемиткис
Акындын анык өзү экен.
Жаңыбай менен Курманың,
Коного чапса чарчабас,
Айтылуу тулпар бууданым.
Жолой жолдон кошулган,
Жолдош болуп озунган,
Бул мурза чыкма бала экен.
Ырдаган ыры чала экен.
Аңги-деңги куу туяк,
Эрмектик ыры бар экен.
Ырчынын баары дүбүрөп,
Ээрчиптир, Токо өзүңдү,
Элет кыргыз тууганың,
Эрмек кылат сөзүңдү.

Жаркырап алтын сакалың,
Жаңыдан көрдүм көзүңдү,
«Токтогулдан үйрөнүп,
Ырчы болуп алсак – деп,
Ылгап ырдын сарасын,
Сынчы болуп алсак» – деп,
Талап менен баарысы,
Келген экен жаныңа,
Талабына жетишсин,
Таалим бергин баарына.

Токтогул менен бирге жүрүп, бирге конуп, жанашып-жармашып жүрүп, бир далай нуктуу сөздөрдөн пайдаланып калдым. Өзүм жазуучулук жөнүнө түшүп, ашта-тойдо ырдаганым жок. Мындан кийин Токтогул менен кабарлашып, ата-баладай болуп жүрдүк.

## НАРЫН СУУ

Ийри-буйру локулдап,
Имерилип булуңдан,
Бууракандап серпилип,
Бурулуп тоого урунган.
Түптүү терек, карагай
Түбү менен жулунган.
Түрмөктөлүп, кум чайкап,
Буйгуларга бурулган.
Мөндүр жаап, муз эрип,
Мөңгү болгон күбүрдөн.
Кошулушуп акканда,
Өркөчтөлүп түрүлгөн.
Айбатыңдан кече албай,
Адам коркот сүрүңдөн.
Капчыгайды жаңыртып,
Күркүрөгөн үнүңдөн.

Үйдөй көбүк калкылдап,
Алды-алдынан бүлүнгөн.
Чабагы четте чалпылдап,
Балыгы тайдай туйлаган.
Желе тартып, чоо салып,
Айлампалуу жылгадан.
Кошулган суу балыктын
Ойноосунан уулаган.
Жээгиндеги калың эл
Жергеси менен жыргаган.
Кыдырата селкинчек,
Кыз-келиндер ырдаган.
Кошо чертип жигити,
Комуз кылын тырмаган.
Кыштын күнү суу бети
Кылкылдаган шыргалаң.
Бубактанып кымкаары,
Муздун жээгин чырмаган.
Берекелүү дарыя,
Мелмилдеген карааның.
Өзөнүндө калың эл
Өзүңдөн тилейт талабын.
(Өзбек менен тажиктин
Өндүрүнөн агарың),
Салтанатын арттырдың
Социалдык талаанын.
Айдаганы ак пахта,
Арыктарга тарадың.
Нар жагы Арал, Сыр дарыя,
Наманган, Нарын ченинден,
Дыйкан элдин көөнү ачык
Бууң алтын-сериңден.
Суу чыкпаган талаага
Сулуу пахта эгилген.
Жергелүү эл демденип,
Жерге жемиш жедирген.
Аңкап жаткан байыркы

Аңыздары семирген.
Ак жубаздар[1] ар түрлүү
Жүргүзүлдү тегирмен.
Баарын ачып адамдын
Пайдалуу суу дедирген.
Таршып чыгып тармагың,
Талааларга себилген.
Ферганада, түштүктө
Пахта, жүзүм терилген.
Пайдаланбай башында,
Билбегенбиз баркыңды.
Эч ким муну сезбеген
Эзилип жаткан алтынды.
Эзилген көңүл кош болуп,
Элиң алга талпынды.
Суудан алып көп өрнөк,
Билим жолу артылды.
Өйүз-бүйүз кол кайык
Өлчөп алды шартыңды.
Тетиктери бурама,
Темир аркан тартылды.
Электрге күч берди
Жылдыз болгон жаркынды.
Ардакталган Нарын суу,
Азыраак айттым салтыңды...

## КАЗАК АКЫНДАРЫ

Биринчиси Мовликай
Далай китеп жаздырган.
Башына жазып өз атын,
Басмага берип бастырган.
Экинчи акын Жусупбек
Эсепсиз китеп чыгарган.
Аваны тунук шаңкылдап,

[1] *Жубаз* – күрүч актай турган тегирмен.

Тоодогу учкан улардан.
Артындагы акындар
Таалим алган булардан.
Чортонбайдын китебин
Көрүп жүрдүк көз менен.
Аңгемеси бир далай
Айтып жүрдүк сөз менен.
Экейден чыккан Сүйүмбай
Акындар буга жетпеген.
Кадыр таап карганча
Башынан сыймык кетпеген.
Эки көздөн айрылып,
Чоку чыккан аркадан.
Сүйүмбайга жеңдирип,
Жеңилип сөздөн чарчаган.
Көргөнүм жок, уккан сөз
Кабарым бар Жаныштан.
Жанына буудан жолотпой,
Жалгыз чыккан жарыштан.
Кубандык дагы бир далай
Түрлөнтүп абан салат жеп,
Акындыктын аягы
Куудулдукка барат – деп.
Казактан кыргыз бай го – деп,
Очогу журтта калат – деп.
Жарыбаган казактар
Очогун жүктөп алат – деп.
Очогун журтка таштаган
Кыргызда болот адат – деп.
Жеңилтип кеткен кыргызды
Кубандыктын жери бар.
Аңгеме кылып сөз менен,
Айтып кеткен кеби бар.
Сөзү куудул, өзү – акын,
Мындай акын болобу?
Бул өңдөнгөн сөздөрдөн
Толуп жатат домогу.

Таап сүйлөп күлдүргөн
Таралып жатат жомогу.
Майкөттү көрдүм көз менен,
Байкатып өтөм сөз менен.
Токмокто ... оюнда
Сайрап жаткан кезинде.
Өзү салдай кийинген
Көрүнүп турат көзүмө.
Айтып өткөн бир нече
Нускасы турат эсимде.

## АДАМ МҮНӨЗҮ

Колума калем алып салдым нуска
Баяндап нуска сөзүм айттым кыска.
Адамдын болуп келген мүнөздөрү,
Жайылып калк ичине чыксын тышка.

Адамга нече түрлүү мүнөз барган
Колдонуп мүнөздөрүн колуна алган,
Ар жанга атак болуп ат коюлуп,
Пейилине жараша атак калган.

Баарысын баян кылып билдирейин,
Байкаган асыл жанды күлдүрөйүн.
Бул өзү адабият эски сөздүн
Басмага китеп кылып жиберейин.

Баштадым мүнөз жайын калем кармап,
Мурунку турмуш жайын айттым арнап.
Басылып китеп болуп чыга калса,
Жүрүлсүн дайын болуп калкта жардап.

Бул сөздү уккан адам кармасын – деп,
Таптакыр өз мүнөзүн танбасын – деп.
Ойлонбой өз мүнөзүн жүрө берип,
Калжаңдап караңгыда калбасын – деп.

Айырып айтып өттүм өз жолуна
Аныктап карматайын өз колуна.
Өз бейлин өзү билбей жүргөн жан көп,
Карабайт көзүн ачып оң-солуна.

Адамда тайпа-тайпа мүнөзү бар,
Орду менен айтып өтүү жүйөсү бар.
Мүнөзүн өз мойнуна албаган көп
Мойнуна коюп өтөр күбөсү бар.

Кей адам өзү адил, сөзү калыс,
Жолунан залимдиктин болгон алыс.
Башына кылыч кармап турса дагы,
Болбойду эч убакта сөзүн таныш.

«Калыс» деп бул адамга атак койгон,
Калыстык сөзү үчүн атап койгон.
Алданбайт мал, дүйнөгө чын калыстар,
Кетирбейт калыстыгын акыл-ойдон.

Кээ адам өзү жоомарт, колу ачык,
Жоомарт деп атак алган орун басып,
Белгилүү чын жоомарттын мүнөзү бул
Кетеди берeринде суудай ташып.

Кээ адам туулганда болгон момун,
Ойлонбойт болуп келген иштин соңун,
Кыянат кылчу ишти оюна албай,
Жөлөнүп жатып алган иштин оңун.

Айтууга ак көңүлдүн сөзү келди,
Атактуу ак көңүлдүн өзү келди,
«Ак көңүлдүн аты арыбайт» деген сөз бар,
Айтылып өтө турган кези келди.

Артынан кең бейилдин кеби келди,
Айтууга кең бейилди эми келди.

«Кең бейилдүү кемибейт» деген сөз бар,
Келтирип айтып өтөр кеби келди.

Ак көңүл ажат берген зарылганга
Аянбай көңүл айткан таарынганга,
Карыпка кайыр кылсаң бекер кетпейт,
Пайдасы тиер деген карып жанга.

Ак бейил жандын баарын бирдей көргөн,
Кең бейил мүнөз менен жүрүп көргөн.
Жаман сөз жан адамга айткан эмес,
Жайланып жакшылык мен өсүп көнгөн.

Ал адам тобокел деп жүрө берген,
Кадимден бул мүнөзгө өзү көнгөн.
А болуп тобокелчи атак алып,
Сандалган сар эсептин баарын жеңген.

Мүнөзү сар эсептин келди жетип,
Башында бербестиги алган бекип,
Сар эсеп салам айтса колкого эсеп,
Алууга ылайык эмес таштан кетип.

Адамда «бүйрө» деген бир мүнөз бар,
Бүйрөнүн өз оокаты өзүнө тар,
Тартынып өз-өзүнө бүйрөлөнүп,
Балдарын аш-тамакка кылады зар.

Кээ адам жөндөмдүүдөн жөнүн тапкан,
Ар иштин боло турган өөнүн тапкан.
Келтирип кең акылдан сурап билип,
Жөндөмдүүдөн акылдын кенин тапкан.

«Сылык» деп бир мүнөз бар ар бир жанда
Сүйлөйдү айткан сөзүн анда-санда.
Айып иш асти менде болбосун – деп,
Кыйкыят кыргый куштай олтурганда.

Кээ адам сыпайы деп зыңкыйып жүр,
Бир жутпай ичерине кымпыйып жүр,
Тапканын сыпайылык менен ичип, кийип,
Бир атын семиз минип дыңкыйып жүр.

Бир мүнөз «сынчы» деген билим болгон,
Байкаса бар асаптуу илим болгон.
Бул мүнөз бараттуу[1] жандан чыккан,
Сынчы деп бул адамга атак-конгон.

Кээ адам сөзгө уста чечен болгон,
Сайраган сөздүн саны нечен болгон.
Саралап залкар сөздү жүргүзгөндөн,
«Чечен» – деп бул адамга атак койгон.

Кээ адам кара мүртөз залим болгон,
Ашкере залимдиги маалим болгон.
Кан ичмей кара мүртөз кан соргуч – деп
Кейитип кембагалдын канын сорон.

Митаам деп бир мүнөз бар алдым-жуттум,
Кылсам деп далай жанды колго туткун.
Колуна жанын кармап сабап жүрөт,
Карабайт убалына калың журттун.

Арамза эл ичинде кылкыйып жүр,
Эч нерсе билбегенсип шылкыйып жүр.
Бирөөнүн эс-акылын алдагансып,
Айлантып пикир ойлоп тымпыйып жүр.

Кээ адам кубаттанып кууланып жүр,
Кулжундап кур сөз айтып дooланып жүр.
Бул мүнөз берекесиз жаман мүнөз,
Бирөөнүн малын бербей бооланып жүр.

---

[1] *Бараттуу* – акылдуу деген мааниде.

Кээ адам кыянаттуу кара ниет,
Кылсам деп кыянатты бейли сүйөт,
Башка адам мал чарбадан пайдаланып,
Малын тартып алгандай ичи күйөт.

Кээ адам түртө салып маштап кетет,
Ойлонуп өз пайдасын баштап кетет.
Пайда үчүн баласына карабастан,
Барпайып өз баласын таштап кетет.

Кара өзгөй өз пайдасын өзү сүрөйт,
Кара ишке камсыккансып жанын үрөйт.
Жалгандан жанын кармап чыккандан соң,
Жабыркап жандын баары мындан жүдөйт.

Кара өпкө пайда тапкан доо сакандан,
Уялбайт убадалуу сөз тангандан.
Кара өпкө кара доону эңсеп жүрүп,
Жандими жалаа куруп кечкен жандан.

Апыртма айдың жолго салып жүрөт,
Калп айтып калк аралап басып жүрөт.
Аралаш калк ичинде койгулатып,
Бир нерсе өңгөн жерден алып жүрөт.

Жылпыштын айтканында алалы жок,
Токтолгон бир сөзүндө карары жок.
Башынан жылпыш өсүп көнүк болгон,
Баш тартып башка жөнгө барары жок.

Жылдырма билиндирбей ушак айтат,
Көнгөн соң бул мүнөзгө кантип кайтат.
Жылдырып эл арасын бузмак үчүн,
Шыпылдап жылдырманын дили тартат.

Такымчы аңдыганы кыянат сөз,
Артпайды кыянаттан бир кара бөз.

Бирөөнүн жамандыгын андып жүрөт,
Бир кезде табылар деп келтирип кез.

Шыпырдын айткан сөзү баары жалган,
Шыпылдап жалган сөздөн таалим алган.
«Калп казаны кайнабайт» деген сөз бар,
Кадимки карылардан макал калган.

«Ичим тап» бир мүнөз бар чыкпайт сыры,
Сакталат жүрөгүндө сөздүн чыны.
Бойтоюп эл ичинде жүрө берет,
Болжолсуз эч адамга болбойт чыры.

«Кылгыйма», «кыян кески» бир макалда
Экөө тең текши жүрөт бир катарда,
Бирөөнү алдаарында жанын үрөп,
Мал-жанын төгө салат бир сапарда.

«Мылжың» бар кылган иши узарбаган,
Былжырап убада сөзгө тушалбаган.
Атасын алыш-бериш өлтүргөндөй
Эсептеп ичкен ашын жуталбаган.

«Кер какшык» ныкып сүйлөйт терске айланып,
Келгенди кет дегендей өтөт жанып.
Кадимден какшык сүйлөп көнүк болгон,
Кетпейди бул мүнөздү түптүү таанып.

Кер какшык, кер сөз мүнөз, өзү какшык
Өзүнөн айтып өткөн сөзү какшык,
Алганды бер дегендей айтып өтөт,
Бир көзүн ымдап сүйлөйт көзү какшык.

«Макоо», «кырс» бир атакта элден чыккан
Элирип көп урушуп, чыккан ыктан,
Макоонун бар мүнөзү уруш, жаңжал
Макоого жолобо дейт кулак уккан.

Кээ адам атак алган «кыйык кыяр»,
Өзүндө мүнөзү жок элге сыяр.
Өзүнө акыл айткан ак көңүлгө,
Аркырап иттей каап каршы турар.

«Орой», «чогоол» бир мүнөз орун алган,
Оборуп оң сөз айтса жаңжал салган,
Бастыкбай балакеттүү мүнөз күтүп,
Баш жарып, айрылып жүр далай малдан.

Кээ адам арам порос, ууру-кески,
Өмүрүндө арамдык менен күнү кечти,
Уурдап уктагандын малын алып,
Мактанып мал тапкансып муну жешти.

Шылуун деп бир мүнөз бар шыбыр курган,
Шыбырлап бир нечени жолдон бурган.
Шылпыйтып шылып алып жолго түшөт,
Алганын билбей калат карап турган.

Мүлтүлдөк эки сөздүү тайгак адам
Жамкарып жалган сөзгө сайгак адам.
Мүлтүлдөп эки сөздүн башын кармап,
Шартылдап жалган сөзгө айгак адам.

Жел өпкө, ала көөдөн, алаканат —
Үчөө тең бир мүнөздөн орун алган,
Мактанып көтөрүлүп, көп күүлөнүп
Ашыгып айткан сөзүн жолго салган.

Көйрөң деп көтөрүлгөн бир мүнөз бар,
Көзүнө жан көрүнбөй көөп жүргөн,
Көйрөндүк көп адамга жарашпайды,
Сактансын бул мүнөздөн өзүн билген.

Бир мүнөз сыланкороз өзүн сырдайт,
Тапканын өзү кийип жалгыз жыргайт.

Жайланып жалгыз өзү «коозмун» – деп,
Жактырбай башка адамды жатып ырдайт.

Бир мүнөз – «кыз кыял» дейт сылыгы бар,
Зымпыйып сыр бербеген кылыгы бар,
Аянып аста сүйлөйт адеп сактап,
Ачылып сөз айтпайды адамга шар.

Бир мүнөз баатырлар бар майлуу жүрөк,
Башында далай жанга салган дүбөк,
Кайтарып калктын малын багамын – деп,
Камсыгып калкка жардам бул да жүрөт.

Бир мүнөз жүрөгү жок коркок болгон,
Коркоктун айткан сөзү чоркок болгон.
Кайгырып өзүн өзү катып жүрүп,
Бар малы башкаларга орток болгон.

Бир мүнөз сараң деген таштай каткан,
Бир паска белин байлап бекип жаткан.
Сараңдын таш болгонун мындан билгин,
Бел байлап бир тыйынга жанын саткан.

Бир мүнөз эзме, көк, тил түбү, тантык
Эзилтип айта берет сөзүн шалпып,
Тантыктын так мойнунан сойсоң дагы
Мойнуна ала койбойт сөздөн жалкып.

Бир мүнөз кыраакы дейт сак адамды,
Текшерип сүйлөп жүрөт ар заманды,
Сактанып жаман ишке кадам баспайт,
Жүктөбөйт өз мойнуна көп залалды.

Бир мүнөз элпек деген, жумшак бейил,
Бир адам жумшай салып кылбайт кайыл,
Көрүнө ак пейилдин мүнөзү бар,
Жан аяп барбаймын деп кылбай мейил.

Кээ адам күн карама, эки жүздүү,
Бул адам тууралыктан үмүт үздү,
Жыландай эки баштуу сойлоп жүрүп,
Мойнуна шерменделик жүгү түштү.

Кээ адам «ак каптал» деп атак алган,
Бир ишке жумшай салып, жата калган,
Ак каптал өзү кежир, сөзү салкын,
Сөз кирбей кулагынаката калган.

Одоно, копол чомбаш[1] бир порумда,
Бул мүнөз жүрүп келген бир орунда,
Билимсиз караңгылык себебинен,
Үйрөнбөй келе жатыр өз жолунда.

Бир мүнөз «дөдөй» деген сөз билбеген,
Үйрөнүп билимдүүгө бир жүрбөгөн,
Чалкайып карды тойсо кайгысы жок,
Жакшы сөз кулагына түк кирбеген.

Бир мүнөз бош, аңкоо караңгы адам,
Билимге басканы жок жалгыз кадам.
Мойнуна бул мүнөздү артып алып,
«Аңкоо» – деп атак алып болду наадан.

Бир мүнөз жатып ичер аты шүмшүк,
Бел чечип кылган эмес жалгыз түйшүк,
Жан багып жалкоолуктан жүрө берген,
Айылчылап тамак ичип, эшик түртүп.

Чыйракты өз боюна теңдеп айтат,
Мунун оокат кылары чын деп айтат,
Чыйрактык бир жол менен барган мүнөз
Тынчыбай оокатыңды кыл деп айтат.

---

[1] *Чомбаш* – эч нерсени ажырата билбеген деген мааниде.

Илгертен илээндини бош деп айтат,
Ишиндин бүтөр жерин тос деп айтат,
Илкип-салкып ишинди бүтүргөн соң,
Иретке өз башынды кош деп айтат.

«Канаат» – деп бир мүнөз бар албайт сурап,
Тапканын оокат кылат эптеп курап,
«Канаат карын тойгузат» деген сөз бар,
Кайгырбай жокчулукка, коёт чыдап.

«Сабыр» – деп сары алтындай бир мүнөз бар,
Сабырдуу токтоо адам болбойду зар,
Мурунку карылардан макал калган
«Сары алтын – сабыр түбү» деген сөз бар.

Бир мүнөз муназалуу токтоо адам,
Чыкпайды муназадан жалгыз кадам,
Бирөөдө аласасы боло калса,
Айтпастан өтүп кетет берип салам.

Бир мүнөз сук деп айтат сураганды,
Сукталып кыйнап жүрөт кара жанды,
«Суранчаак сук тойбойт» – деп бир макал бар,
Суранып дүйнө жүзүн кыраан чалды.

«Таскак» – деп бир мүнөз бар өзү таскак,
Токтобойт бир орунга сөзү таскак,
Чечинсип чебердеп сөз айтпагандан
Оорсунуп өз ишине кылат каскак.

Жел таман желип-жортуп айылдап жүр,
Желигип өзүн өзү дайындап жүр,
Желмогуз шум мүнөзүн кыла салып,
Арадан ушак айтып айындап жүр.

«Айдай кел, көрө кел» – деп бир атак бар,
Айтылган бул мүнөздү көп чатак бар,

Бул мүнөз жалкоолуктан болгон мүнөз,
Жан аяп, жалкоо жүргөн көп жатак бар.

Үч адам отор барып, жылкы баккан,
Бирөө «айдай кел» деп кошто жаткан,
Бирөө «көрө кел» деп көзүн жумуп,
Мал бакпай, тамак ичип бошко жаткан.

Бирөө малын баккан тынбай жүрүп,
Байкастап мал багыштын жөнүн билип,
«Малдуунун өңү жарык» деген сөз бар,
Ойлонуп бул макалды көңүлгө илип.

Он жылы жут болуптур кары калың,
Эки адам багып чыккан кара жанын,
Бирөө кагынга айдап өз жылкысын
Бул жуттан аман багып чыккан малын.

Берки экөө бар малынан тазаланган,
Байкуштар уялгандан назаланган,
Жалкоолор жанын багып, бошко жатып,
«Айдай кел, көрө кел» – деп атак алган.

Айдай келдин  ала айгыры жалгыз калган,
Айрылган айдай келиң тамам малдан,
Мал бакпай байкуш жалкоо жанын багып,
Башына: «Айдай кел» – деп атак алган.

Көрө кел деп жылкысын жутка берген,
Тампайып өз үйүнө жөө келген
Көрө келдин көзү акыйып жөө калып,
Көлкөйүп көзүн жумуп жүрө берген.

Байымбет сөз айтардан  аянбадым,
Максаттуу сөз табылып баяндадым.
Мүнөздү билгенимче баарын тизип,
Басмага жиберүүгө даярдадым.

*1927*

## ЭРКЕКТЕРДИН МҮНӨЗҮ

Бизден мурун бир катар,
Эл оозунда жүргөн ыр.
Калктын баары билген ыр,
Катарга мурун кирген ыр.
Сынчынын айткан сыны – деп,
Ушул сөздүн чыны эле.
Кадырын сындын билчү эле,
Карылар айтып жүрчү эле.

Жакшы менен жамандын,
Жайын айтып турчу эле.
Эл оозунан азайып,
Эскирип кетип баратат.
Унутулуп ушу сөз,
Эстелбей кетип баратат.

Байымбет сенде эсиң жок,
Байкабай кетер сөзүң жок.
Эркектердин мүнөзүн,
Эстебей коёр кезиң жок.

Сынаган Санчы сын болсо,
Айтылып жүргөн ыр болсо.
Жаңырбай бул сөз калбасын,
Санчынын сыны чын болсо.

Бизден мурун нечен жыл,
Билимдүүлөр нечен кыл,
Анык нуска калтырып,
Айтып кеткен ыр ушул.

Акындардын алдында,
Айтылган сөздүн чыны ушул.
Толук кылып Толубайдын,
Токтотуп кеткен сыны ушул.

Топко жайып уктуруп,
Токтогул айткан ыр ушул.
Эскиден калган үлгү деп,
Элге кабар билгизет.

Эркектердин мүнөзүн,
Ирээти менен жүргүзөм.
Капа болбой угуңар,
Катары менен киргизем.

Айрым жазып мүнөзүн,
Өз колуна тийгизем.
Жалкоонун берип жазасын,
Жалкоонун ичин күйгүзөм.

Үйрөнүүгө билимдүү,
Комсомолдор талаптан.
Айтылат сөздүн жүйөсү,
Адамдардын мүнөзү.
Жалкоо менен жаркоонун
Жанында даяр күбөсү.
Эр адамдын ирети,
Иретте келет мүнөзү.
Ар кимиси ордунда
Айтылып өтөт жүйөсү.

Отуз жети сан менен,
Кылыктары айтылат.
Өөдөсү жок жамандар,
Өз жеринде чарпылат.

Бейлин бузуп иштебей,
Бетине кара тартылат.
Жалкоо жүрүп жан багып
Жамандыгы артылат.

Жакшы менен жамандын,
Асман, жердей арасы.

Акыл ойлоп комсомол,
Артын байкап карачы.

Ичиңерде калбасын,
Кан соргучтун баласы.
Бузуп коёт ишиңди,
Бузук болот санаасы.

Кытып коюп иш бузат,
Келбесе да чамасы.
Эзилип калды десең да
Ичинен кетпейт аласы.

Биринчи аяр даанышман,
Айттырбай билет алыстан,
Сөзүн сура калыстан,
Сүрөтпөй чыгат жарыштан.

Экинчи жоомарт берешен,
Жоомартта жорук бир нечен.
Үчүнчү өнөр кызыл тил,
Сөз табуучу эр чечен.

Төртүнчү баатыр таш жүрөк,
Баатырлык менен эл сүрөп.
Басташып келген душманга,
Майданда салат чоң дүмөк.

Бешинчи берен сөзгө бек,
Камсыкпаган кара көк,
Ак көңүл болот бул өзү,
Ичинде болбойт кине кек.

Бу дагы болот айлалуу,
Калкына болот пайдалуу.
Калыс болот мүнөзү,
Калкынын көөнү жайлалуу.

Алтынчы анык берен бар,
Көрөгөч көсөм деген бар.
Көрсөтүп айтып акылын,
Көптүн камын жеген бар.

Жетинчиде оруну,
Бактылуу барпы[1] боруму,
Сылык болот мүнөзү,
Сыпаттуу болот жоругу.

Сегизинчи баш койкоӊ,
Себепчи болот элине.
Эл ишенет кебине,
Койкоңдун сызган чегине.

Мүнөзү жакшы жан болот,
Ага-иниси жам болот.
Баш койкондун мааласын[2],
Көргөн адам таң болот.

Тогузунчу ала айгыр,
Ат качырбас деп айтат.
Өз айлына жагымдуу,
Аңгемесин көп айтат.

Онунчу жалдуу барак – дейт,
Баракта арбын жарак – дейт.
Жан жоросу элинен,
Жалгыз байтал жоо алса,
Сезбестен жалгыз барат – дейт,
Четинен серпип алат – дейт.
Куба чыккан жоо болсо,
Аянбай согуш салат – дейт.

---

[1] *Барпы* – кадырлуу деген мааниде.
[2] *Мааласын* – айылын деген мааниде.

Бул дагы баатыр жан болот,
Кылганы журтка даң болот.

Он биринчи бөлүмдөн,
Анык көзгө көрүнгөн.
Сабырдуу жайдар кенен бар,
Сары алтындай берен бар.
Санжап кылып текшерип,
Элинин камын жеген бар.

Сөзгө чечен билимдүү,
Кунарлуу булбул деген бар,
Жумшак сөздүү берен бар,
Он экинчи бөлүмдө,
Кепке жетик кенен бар.

Келишимдүү кепке бай,
Келтирип айткан берен бар.
Эртеден-кечке сүйлөсө,
Тантыгы болбойт сөзүндө.
Кенебеген кең пейил,
Кемчили болбойт өзүндө,
Сөзү ширин булбулдай,
Сөөлөтү конгон тунжурдай.

Айлынан жаңжал чыр чыкса,
Кеп менен айлын жубантып,
Келтирип кепке кубантып,
Басып коёт чыр калбай.

Он үчүнчү бөлүмдө,
Кең пейил күпсөр деген бар,
Кемчилик жок өзүндө,
Кенебеген кенен бар.

Кең пейил түрлөр кең санайт,
Барчага бирдей тең санайт.
Бергенинде доосу жок,

Белгилүү болот боруму.
Алганында доосу жок,
Артык болот жоругу.
Кең пейил күлсөр азамат,
Бул адамдын туйгуну.

Он төртүнчү күлдүргүч,
Бул адамдын булбулу,
Куудул, шайыр атагы,
Сайраса булбул катары.

Ойдо жок сөздү билдирип,
Черинди жазат күлдүрүп.
Ай маңдай жаркын деген бар,
Айныбаган кенен бар.

Он бешинчи санында,
Күлдүргүчтүн жанында,
Адамдын сырын билгендей,
Ашта, тойдо жүргөндөй.
Ачуусу келген кезинде,
Шатыра-шатман күлгөндөй.

Капалык жок боюнда,
Калыстык жайы оюнда.
Карысам да мейли – деп,
Куштар болот оюнга.

Он алтынчы бөлүмдө,
Айтар сөздүн жөнүндө,
Сарамжалдуу жайдар бар,
Айтып өтөр жайлар бар.
Элден мурун күтүнөт.
Кылар ишин бүтүрөт.
Эл кызматка киргенде,
Эркин жүрүп мал табат,
Үйгө келип олтурса,
Үшкүрбөй тынчып мал багат.

Он жетинчи кезекте,
Иретте келген эсепте,
Жел колтук дардаң деген бар,
Желип жорткон берен бар.
Көтөрүлүп көп сүйлөп,
Көөсөр жүргөн келең бар.

Текебер болот боруму,
Тентек болот жоругу.
Дөөгүрсүп жүргөн чиркиндин,
Төмөнкү четте оруну.

Он сегиз келген иретте,
Өзү адам сүрөттө,
Жел өпкө көйрөң деген бар,
Өпкөсү батпайт ичине.

Кара башын теңебейт,
Катардагы кишиге.
Айткан кеби орунсуз,
Адам айран ишине.

Кызматка ийбейт моюнун,
Кызык көрөт оюнун.
Кеп талашып кесирдүү,
Көтөрүп чыгат союлун.

Он тогуз келген бөлүмдө,
Ойлосоң сөзү көңүлдө,
Беш тыйын үчүн жан берет,
Бел байлаган өлүмгө.

Арамза пикир деген бар,
Арамдык кетпейт ичинен.
Алдап алсам деп жүрөт,
Өзүнөн башка кишиден.

Жалгыз өзүн жанмын – дейт,
Жан адамга ишенбейт.
Жаңжал кылып чыр баштап,
Бүткөн ишти кишендейт.

Бул каргашалуу арамза,
Катынына ишенбейт,
Жыйырманчы иретте,
Кеп жебестен кеп келет,
Ирээти менен кеп кылып,
Кеп жебес кежир деп келет.

Өзүнө сөзү эп келет,
Өлчөөсүз кеби көп болот.
Бул кесиреттүү кежирге,
Оң айткан кебиң кек болот.
Айткан кебин бербеген,
Адамдан башка көк болот.

Жыйырма бир бөлүмдө,
Сөз билбеген жөнүк бар,
Оокаттын жайын билбеген,
Орунсуз көнгөн көнүк бар.
Тим басып тирүү жүрсө да,
Тирүүлөй жүргөн өлүк бар.

Өлчөөсүн байкап санабайт,
Өз боюна карабайт.
Бекер басып жүргөндөн
Бул бети жок жөнүк жадабайт.

Көтөрмө жиптен куру бар,
Жөнүктүн мындай сыры бар.
Мага катын алып бер – деп,
Калаба салган чыры бар.
Катарга башы кирбесе,
Колхозго иштеп жүрбөсө,

Илим-билим үйрөнүп,
Иштегенди билбесе,
Буга жин урган катын тиеби,
Чын жери муну сүйөбү?
Көзү ачылган кезекте,
Көрүнөө отко күйөбү!

Жыйырма эки санатта,
Ирети келген санатка.
Акылсыз аңкоо деген бар,
Аябай жеме жеген бар.

Аштык айдап сугарып,
Орок менен иши жок,
Бул тилеги каткан жалкоону,
Тил алдырчу киши жок.

Киши менен ишим жок,
Уялып калчу киши жок,
Кесепеттүү акылсыз,
Өзүнө кылган кастыгы,
Колхозго кызмат кылбаса,
Кайдан болот аштыгы.
Талкан сурап, ун сурап.
Мойнунан түшпөйт баштыгы.

Жыйырма үч келген бөлүмдөн,
Көзгө дайын көрүнгөн,
Жалкоо болуп жан багып,
Үйүндө уктап керилген,
Жан багар жалкоо эшек бар,
Жашынып жүргөн кесек бар.
Бул кесепеттүү жалкоону,
Келтирип айтар кезек бар.

Оң бас десе тил албай,
Тескери кетет уялбай,

Колхоздо мындан зерикти,
Не кыларын биле албай.

Кызматтан качып шекинип,
Жашынып калат бекинип,
Качкан сайын жалкоолор,
Түгөнүп барат кетилип.

Жыйырма төрткө тизилген,
Жай табар жалкоо эпчил бар,
Жалкоолугун билгизсең,
Жанына баткан кекчил бар.

Жалкоодо амал көп болот,
Жалакай өскөн жашында,
Кайда болсо жалкоолор,
Бүткөн иштин кашында.
Биз бүтүрүп койдук – деп,
Колун ишке тийгизбей,
Жан адамга билгизбей,
Сайрап турат башында.

Курулуш ашар ишчиден,
Жалкоо качат безилдеп,
Баланчанын баласы,
Кызматтан качкан кесир – деп.
Эртең келип бул иштин,
Башына турам өзүм – деп.
Эртесинде келбестен,
Эч кимге жооп бербестен,
Баш ооруп калды балам – деп,
Тамырчыга барам – деп,
Жалган айтып сөз менен,
Жалкоо качып жоголот.
Минтип жүргөн жалкоолор,
Түбүндө кантип оңолот?

Жыйырма бешке сан болуп,
Кесирлүү кирбес жан болуп.
Кербес келет катарга.
Атагын адам айтарга.
Бул кесирлүүнүн үйүндө,
Тамагы жок ашаарга.
Өзүнөн өзү керилет,
Иш кылгандан эринет.
Иштеп жаткан дыйкандын,
Баарына шүмшүк көрүнөт.
Эмгек кылчу жаш өтүп,
Тамагынан аш өтүп,
Эмгек кылып мал таппай,
Эл катары дан таппай,
Кесирлүү кербес жоголду,
Эч болбосо жан бакпай.

Жыйырма алты санакта,
Адаммын деп санатта,
Сатаң уктайт көшүлүп,
Эси, дарты тамакта.
Оокаттын жайын биле албайт,
Акыл айтса тил албайт.

Айыл-апа эл болсо,
Ашы бышкан жер болсо,
Түрүлгөн калың эл болсо,
Түтүнү чыккан жер болсо,
Кыдырып жүрөт айылдап,
Сатаңдыгын дайындап,
Бул сатанды кудай албайт – деп,
Катындар калат дайындап.

Жаны таза, дени соо,
Тамак үчүн думана.
Эрте туруп кыдырып,
Эл жатканча убара.

Бул сатаң өзү кандай жан,
Акылмандар кыбала.
Кесепеттүү сатаңды,
Келтирбей үйдөн кубала.

Жыйырма жетинчи иретте,
Өзү адам сүрөттө,
Аш кеби арсыз деген бар,
Айылдан тамак жеген бар.

Керели-кечке кеп айтсаң,
Оокат мындай деп айтсаң,
Айткан сөзгө көнбөгөн,
Бир арбак урган келең бар.

Арсыздыгын койбогон,
Ал мүнөздү жойбогон.
Аш кеби деп аталып,
Алты аяк ашка тойбогон.
Аш кебиден артылып,
Катынына кайры жок,
Баласына пайда жок,
Мындай акмак кайда бар.

Жыйырма сегиз эсепте,
Ирети келген кезекте,
Урушчаак чырбаш бар,
Жаңжалсыз карап турбас бар.

Каны бузук оолукма,
Ойлонуп сабыр кылбастан.
Түшпөсүн ишиң чырбашка,
Түйшүк салат бир паста.
Урматыңды кетирип,
Уят кылат курдашка.

Жыйырма тогуз санында,
Чырбаштын арка жагында,

Көк тил тантык деген бар,
Көп сүйлөп жанды жеген бар.
Бир айтканын эки айтып,
Эки турсун көп айтып
Билбейсиңер сөз жайын,
Мен чеченмин деп айтып.
Эртеден-кечке сөз бербей,
Эриктирет адамды.

Эми үйүнө кетсе – деп,
Зериктирет адамды.
Тамшанып сүйлөп кеп баштайт,
Кеп баштаса деп баштайт.

Сөзүнүн көбү маселе,
Бир далай анын мааниси,
Бир сөздү улам айткан соң,
Сөзүнүн кетет шаанис.

Өзү сүйлөйт кеп бербейт,
Башкага сөзү эп келбейт.
Отузунчу эсепте,
Олуттуу келген кезекте.
Бир суук ооз шүмшүк бар,
Шүмшүктө далай түйшүк бар.
Суук сөздү бетке айтат,
Куралган жыйын көпкө айтат.

Эс-акыл жок өзүндө,
Этибар жок сөзүндө,
Орой болот мүнөзү,
Сөзүндө жок жүйөсү.
Суук ооз шүмшүктүн,
Зыркырап турат мүнөзү.
Жөн айткан сөзү сөккөндөй,
Келтирип төшкө тепкендей.

Райым кылыш анда жок,
Акмактыгы жанда жок.
Катыны коркуп безилдеп,
Каргашалуу кесир – деп,
Баласы коркот безилдеп,
Балакеттүү кесир – деп,
Суук ооз шүмшүк атагы,
Түк басылбайт чатагы.

Отуз бир сандын өзүндө,
Ирети келген кезинде.
Ушакчы бузук деген бар,
Уялбай жеме жеген бар.

Эл арасын ушактап,
Бузуп жүрөт ушакчы.
Бузулуп каны ар дайым,
Кысып жүрөт ушакчы.

Айтпаган сөздү айткандай,
Анык кылат ушакчы.
Анык айткан сөзүңдү,
Танык кылат ушакчы.

Өзүнө кайбат кесиби,
Арасын бузуп адамдын,
Акылы жок наадандын,
Адамга тиет кесири.
Ушактан ага пайда жок,
Жакшылык көрөр жайда жок,
Калк ичинде көп болот,
Мындай акмак кайда жок?

Отуз эки бөлүмдө,
Келер сөздүн жөнүндө,
Эл ичинде нелер жок,
Эринчээк шалтаң деген бар,

Анын аяк жагында,
Көз карама жалтаң бар,
Жалтаң өзү иш кылбайт,
Иш кылса да түз кылбайт.
Кылган ишин бүтүрбөйт,
Эрте туруп күтүнбөйт.
Түртө сал болот турушу,
Түптүү бүтпөйт жумушу.

Мектепке кармап бербесе,
Окутуп оңго келбесе,
Илим-билим үйрөтүп,
Шалтаңды минтип жеңбесе,
Оңго келер жөнү жок,
Оокат кылар көөнү жок.

Отуз үч болуп ичип-жеп,
Жалтаң келет таскактап,
Күн карама оюлгур,
Күлүп сүйлөп жазгактап.

Муну көз карама жалтаң – дейт,
Жалтаңга оокат арзан – дейт,
Эбин таап бир нерсе,
Элден сурап алсам – дейт.

Отуз төрт болгон кабарда,
Ирети келди айтарга.
Кош сөздүү кобур деген бар,
Кобурап жүргөн берен бар.

Бир айткан сөзүн эки айтат,
Төп айтпай сөзүн чеки айтат.
Сөз талашып түгөнгүр,
Адамга бербей жеке айтат.
Айткан кеби түгөнбөйт,
Аялын өзү күбөм – дейт.

Сенин сырың белгилүү,
Бар сырыңды билем – дейт.

Мен чеченмин сенден – дейт,
Сөз талашпа менден – дейт.
Менин сөзүм угумдуу,
Сурап көргүн элден – дейт.

Отуз беш келген бөлүмдө,
Кошоматчы сыйкы бар.
Сыйкынын жөнү бир катар,
Уктуруп өтөр ыркы бар.

Сыртынан байкап сынасаң,
Сыпаты түзүк азамат.
Сызылтып айтып турганы,
Сыйкылык кылып кошомат.

Ар адамдын бетине,
Ар түрдүү бөлүп кеп айтат.
Арбак уруп кетсин – деп,
Карганып сөздү көп айтат.

Убадасы жок болот,
Өзү адамдан шок болот.
Сүйлөп турат шакылдап,
Сурап турат какылдап.

Мунун жалаасына каласың,
Жанына барба жакындап.
Бир нерсе берем деп койсоң,
Доолап калат такымдап.

Алдарына келгенде,
Айтып турган сөздү албайт.
Оорубаса тамыры,
Оюп эки көздү алдайт.

Бул адамдын сыйкысы,
Сөзүндө көп кыйпышы.
Бир нерсе алдап аларда,
Такыр келбейт уйкусу.

Отуз алты бөлүмдө,
Жандими жалдоо айгак бар.
Жан бергенден тартынбайт,
Жалданган сары сайгак бар.

Касам ичсе кубанат,
Каны качып кубарат.
Мунун айткан сөзүнө,
Кандай пенде ынанат.

Жүрөгүндө жаны жок,
Жүзүндө кызыл каны жок.
Касам ичип мал табып,
Кармаган колдо малы жок.

Отуз жети бөлүмдө,
Бар мүнөзү көңүлдө,
Сараң сүткор деген бар,
Бел байлаган өлүмгө.

Сүткор жаны сараң жок,
Алалдан тапкан малы жок.
Касам ичип кансырап,
Жүзүндө кызыл каны жок.

Жакшылык кылган ар иши,
Жаман сөз менен жуудурат...
Алаарында бек кыстап,
Адамдын дилин суудурат.

Отуз жети сан менен,
Эр мүнөзү басылды.
Каргашалуу сексен жаш,
Калтыратты башымды.

Байымбет сенде арман жок,
Карылык кысты, дарман жок.
Кызыл тилин сайратып,
Кылдай арман калган жок.

Казына чыдап зарпыма,
Карылык сүргөн дартыма,
Кайкайып иштеп бүтүрдүм,
Калсын деп нуска артыма.

## КАРЫЛЫК ЖӨНҮНДӨ АРМАН ЖАШ

Арман жаш түшүп оюма,
Калем алдым колума,
Карылыктын нускасы,
Калсын дедим соңума.
Мен Байымбет акынды
Арманын айткан бакырды,
Жерге кирген жетимиш,
Алыс кылды жакынды.
Айландырып башымды,
Алып койду акылды.
Тырыштырып такымды,
Жетимиш жеди акымды.
Көөдөнүмдү көтөртүп,
Көрсөттү заман акырды.
Байымбетиң башында.
Жыйырма, отуз жашында,
Жыргап жүргөн бир кезек,
Жигиттик доор жашымда.
Жетимишке жеңдирип,
Карып болгон кезегим.
Жер таянып тура албай,
Арык болго кезегим.
Өткөн өмүр кайран жаш,
Өксөттүңбү арман жаш.

Оюн менен күлкүдөн,
Калганымды айтамын.
Өсөркү[1] жаштан айрылып,
Карганымды айтамын...
Арман жаштын казалы,
Айтып нуска жазалы.
Жигиттиктин бир кезек,
Өтүп кетти базары.
Кара жанды каратты,
Карылыктын какаары.
Аалам кылды жаныма,
Армандуу жаштын азары.
Өмүрдүн билбейт кадырын,
Жигиттин наадан начары.
Жигиттик өмүр адамга,
Келген дөөлөт кезинде.
Жыйырма, отуз кайран жаш,
Кеткен жок менин эсимде.
Жер таянып кез болдум,
Жетимиш деген кесирге.
Жаштарга жыйнап нарк айтып,
Дармандуу болсо чаркыңыз,
Адамга кебиң жагымдуу,
Ыктуу болсо салтыңыз.
Айткан кебин уксак – деп,
Алдыңа турса калкыңыз.
Жетимиш деген жеткен жаш,
Денимден кубат кеткен жаш,
Жыйырма, отуз кайран жаш,
Тилесең келбейт өткөн жаш.
Кайда кетти билбедим,
Кадырлуу өмүр, көпкөн жаш?
Жетимишке Байымбет,
Жетип калган кезегим,
Денимден кубат шалдайып,

[1] *Өсөркү* – өспүрүм убак маанисинде.

Кетип калган кезегим.
Ооматтуу өмүр билинбей,
Өтүп калган кезегим...
...Кундуздай кара кулпунган
Чачымды алды карылык,
Калтылдатып бийлетип,
Башымды алды карылык.
Жесек тамак сиңирбей,
Ашымды алды карылык.
Каламдай кара сызылган,
Кашымды алды карылык.
Дем чыгарбай бүтүрүп,
Муунумду алды карылык.
Алмадай кызыл бетимден,
Нурумду алды карылык.
Бел кубаты бек кайрат,
Курумду алды карылык.
Кавхардай нурдуу жайнаган,
Көзүмдү алды карылык...
Ал-кубатым кетирип,
Өзүмдү алды карылык.
Акылымдан айнытып,
Эсимди алдың карылык.
А дегенде бек кармап,
Билимди алдың карылык,
Бактынын оозу панардай
Маңдайды алдың карылык.
Балдыратып сүйлөтүп,
Таңдайды алдың карылык.
Каңырыш угуп кайгырып,
Кулакты алдың карылык.
Кайда жүрсөм кадырлаш,
Ынакты алдың карылык.
Тиштен чыккан шилекей
Булакты алдың карылык.
Короздой болуп койкойгон,
Моюнду алдың карылык.

Жыпардай жыттуу буралган,
Койнумду алдың карылык.
Жыргалдуу башта танбаган
Ойнумду алдың карылык,
Жүрөгүмдү жазгантып,
Курчумду алдың карылык,
Шалдыратып денемди,
Мурчумду алдың карылык.
Сөөгүмдү сыздатып,
Тынчымды алдың карылык.
Эки көзүм ирметпей,
Уйкумду алдың карылык.
Көмөкөйдө кызыл тил,
Балдыраттың карылык,
Оозумдагы отуз тиш,
Шалдыраттың карылык.
Басканга дарман келтирбей,
Жалдыраттың карылык.
Коңгуроодой жаңырган,
Үнүмдү алдың карылык.
Оозумдун көркүн күмүштөй
Тишимди алдың карылык,
Карматсам колдон кетирбей.
Ишимди алдың карылык.
Күндөн-күнгө шалдайтып
Күчүмдү алдың карылык,
Өзүм менен тең курбу,
Кишимди алдың карылык.
Сакалымды агартып,
Көркүмдү алдың карылык.
Кара көрпө, кызыл чок,
Бөркүмдү алдың карылык.
Оору салып бутума,
Эркимди алдың карылык.
Арык койдой жөткүртүп,
Өпкөмдү алдың карылык.
Барды-жокту ойлотпой,

Көпкөндү алдың карылык.
Болжолу жок онтотуп,
Боорумду алдың карылык.
Кыймылдатпай какшатып
Белимди алдың карылык,
Оозумдан түшүрбөй,
Кебимди алдың карылык.
Ойноп, күлгөн тең курбу,
Көңүлдү алдың карылык.
Кайрат кылып какайган,
Денимди алдың карылык.
Кемпиримден жат кылып,
Эбимди алдың карылык,
Таяк алып тамтайып
Тиземди алдың карылык,
Эки бутка жылдырбай,
Кишен салдың карылык.
Кобук кылып дөөрүтүп,
Колумду алдың карылык.
Кошоматка кыз сүйгөн,
Порумду алдың карылык.
Муунумду бошотуп,
Бутумду алдың карылык,
Буркураган жыпардай,
Жытымды алдың карылык.
Өөдө чыксам белим – деп,
Ажырады желим – деп,
Ылдый түшсө белим – деп,
Бутка түштү кишен – деп,
Баштагыдай шайым жок,
Бала-чака ишен деп.
Кымыз ичсем кыйгыл – деп,
Кыйгыл ичип курдум – деп,
Айран ичсем кардым – деп,
Далай жашка бардым – деп,
Армандуу дүйнө кантейин,
Акылымдан тандым – деп,

Байкадыңбы байбичем,
Балакет жашка калдым – деп.
Аркан, жибиң жок туруп,
Байлап кеттиң карылык,
Колу-бутум кан кылбай,
Алдап кеттиң карылык.
Серпип кеттиң себимди,
Айдап кеттиң теңимди,
Аял-буял кылбастан
Алып кеттиң кегинди.
Карылык сага не иш кылдым,
Мага бир кылбадың беш кылдың,
Мурунку өткөн күнүмдү
Көрүп өткөн түш кылдың.
Сакалымды ыш кылдың,
Торго түшкөн куш кылдың!
Жетимиш жерге киргиздиң
Жээктен чыгып сүргүздүң,
Кадимки дарман кубат жок
Кара жанды күйгүздүң.
Сексени турат какчайып,
Жолумду тосуп чакчайып,
Карылык оңой дарт эмес,
Айыга турган сакайып...
Тамтайып карып барган жаш,
Тилесем кайта келчү эмес,
Жыйырма-отуз кайран жаш!..

*1930*

## ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

**«Дыйкандын аялынын кошогу»** – чыгарма кайсы жылда жазылгандыгы аныкталбады. Тоголок Молдонун мурда жарык көргөн жыйнактарында жарык көргөн (1944-ж., 1951-ж., 1960-ж., 1970-ж.). Бул материал жана мындан кийинки чыгармалар Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусундагы түп нусканын негизинде берилди.

**«Устанын аялынын кошогу»** – жазган жылы такталбады. Алгач 1944-жылы жыйнакка киргизилип, жарык көргөн. Ошондон бери жарык көргөн ар бир жыйнакта, окуу куралдарында үзбөй жарыяланып келет.

**«Калмергендин аялынын кошогу»** – негизи элдик, алгачкы жолу 1944-жылы чыккан жыйнагында жарыяланган. Андан кийинки чыгармалар жыйнактарында да жарык көргөн. Фондудагы материал боюнча тактап басмага даярдалды.

**«Гүл ойрон»** – Тоголок Молодонун эскерүүсүнө караганда, бул кошок өткөн кылымда Ысык-Көл өрөөнүндө Чыны деген кошокчу аялдын айтуусу боюнча алынган экен. 1944-жылы жарыяланган биринчи жыйнакка киргизилген. Ж. Таштемиров түзгөн эки томдуктагы материал боюнча берилди.

**«Кыз Мактымдын арманы»** – бул арман эл оозунда айтылып келген уламанын негизинде жазылган. Тоголок Молдонун эскертүүсүнө караганда, илгери жоокерчилик заманда Байсары деген бай малына карап, элден бөлөк жайлоолоп кетет экен. Ошондо калмактар келип, ча-

буул жасап, Кыз Мактымды алып кетет. Акыры Мактым качып келип, Арстан деген канга тийген экен. Тоголок Молдо бул окуя жөнүндө узак айтчу дешет. Мында ырдын тексти гана берилди.

**«Чалга берген кыздын арманы»** – чыгарма биринчи жолу 1944-жылы жарык көргөн. Экинчи жолу 1951-жылы «Тандалган ырлар» жыйнагында жарыяланган. Кийинки басылыштарда да үзбөй жарыяланып келе жатат. Ушул арман орус тилине которулуп, 1952-жылы 4-январда «Советская Киргизия» газетасында жарыяланган болучу. Андан соң Ж.Таштемиров түзгөн 2 томдугунда басылган. Азыр да ошол текст пайдаланылды.

**«Жаш балага берген кыздын арманы»** – бул арман Тоголок Молдонун өзүн жазган материалдарынын бириндe «Анаркүлдүн арманы» делип да жүрөт. Ушул арман 1944-жылы биринчи жыйнакта «Жаш балага берген кыздын арманы» делип берилип, анан ушул аталыш менен «Тандалган ырлар» жыйнагында 1951-жылы жарыяланган. Текст ошол жыйнактан алынды.

**«Насыяга кеткен кыздын арманы»** – бул арман чыныгы окуядан алынган, жазган жылы белгисиз. Өткөн кылымдын аяк ченинде жергиликтүү бийлөөчүлөр, старчын менен болуш Сатылган деген бир кедей кишини алдашып, кагазга кол койдурушат да, бир соодагерден эки миң койго карыз акча алышат. Акча колго тийгенден кийин болуш менен старчын, бийлер соодагердин коюн төлөшпөй четке чыга беришет. Ал эми Сатылган болсо жалаага жыгылат. Соодагер арыз менен кайрылганда, жергиликтүү бай-манаптар болуш менен бийлер Сатылгандын Кенжеке деген бойго жеткен карындашын алиги соодагерге эки миң койдун ордуна кармап беришиптир. Ушул окуяга байланыштуу Кенжеке арман ырын чыгарган экен. Бул материал КЖФдагы материалдын негизинде даярдалды.

**«Кыз Кенжекенин арманы»** – жазган жылы белгисиз. Бул арман биринчи жолу 1944-жылы жарык көргөн. 1951-

жылы «Тандалган ырларда» андан кийинки жыйнактарда дамамат жарыяланып келе жатат.

**«Кубаттын уулу Кулмырза»** – Тоголок Молдонун эскерүүсүнө караганда, акын бул чыгарманы 19 жашында Калыбек деген кишиден үйрөнгөн экен. Кийин аны кагазга түшүрүп, Академиянын Кол жазмалар фондусуна өткөрөт. Ошонун негизинде, 1930-жылы «Жаңы маданият жолунда» деген журналдын № 5—6-санында алгач жарыяланат. Ошо материал эки томдукта да жарыяланган. Азыр да ошол калыбы боюнча берилди.

**«Качкан кыз»** – бул арман 1944-жылы чыккан биринчи жыйнакта жарыяланган. Мунун башка варианттары да бар. Азыр ошол биринчи басылышы боюнча кетип жатат.

**«Толгонай»** – болгон окуянын негизинде жазылган чыгарма. Мунун окуясы Кокон хандыгынын жүргүзгөн сурагын, кыргыз элинин катуу эзилишин чагылдырганына тыгыз байланыштуу. Кокон хандыгы кыргыздарды эзүү максатында, Нарындын Куртка деген жерине коргон салып, ага миң аскерди жайгаштырган. Анын саркери – аскер башчысы Ысабек деген Толгонайдын сулуулугуна кызыгып, аны зордук менен аялдыкка алган. Анын сүйгөн жигити ошол тууралуу ушул «Толгонай» деген ырын чыгарган болот. Аны Тоголок Молдо кайра иштеп, кеңейтип жазып чыккан.

**«Жигиттин кызга ырдаганы»** – мурда жарык көргөн жыйнактардын бардыгында бар. Азыр да ошол калыбын сактап берип жатабыз.

**«Жигиттин келинге ырдаганы»** – бул ыры 1895-жылга таандык. Алгач 1944-жылы, биринчи жыйнакта жарык көргөн. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукта, «Тандалган ырларда» да басылган. Азыр да ошол калыбы бузулбай жиберилди.

**«Кыздын ыры»** – мурда жарык көргөн жыйнактардын бардыгында берилген. Ошол материал өзгөртүлбөстөн берилди.

**«Ашыктык жөнүндө арман жаш»** – фондудагы материал боюнча биринчи жолу Ж. Таштемиров даярдаган эки томдуктун биринчи томунда жарык көргөн. Азыр да ошол материал кетип жатат.

**«Бууданкөк»** – жазылган жылы белгисиз. Биринчи жолу биринчи жыйнакка 1944-жылы басылган. Андан соң «Тандалган ырларда» (1951-ж.), эки томдукта жарыяланган.

**«Санат»** – фондудагы материалдын негизинде эки томдукка биринчи жолу киргизилип, 1954-жылы жарык көргөн. Азыр ошол ыр өзгөртүлбөй берилди.

**«Жакшы катын»** – фондудагы материал пайдаланылып, эки томдукта жарыяланган. Азыркы басылышына ошо бойдон кетип жатат.

**«Жаман катын»** – бул да эки томдукта жарык көргөн. Ошол калыбы сакталып жарыяланмакчы.

**«Кайран баш»** – негизи элдики болуу керек. Бул ыр 1938-жылы Тоголок Молдодон жазылып алынган. Эки томдукка фондудагы материалдын негизинде киргизилди.

**«Куштардын аңгемеси»** – бул сатиралык поэма качан жазылганы белгисиз. Биринчи жолу 1944-жылы жарык көргөн. Андан кийинки ырлар жыйнагында дайым жарыяланып келүүдө.

**«Жер жана анын балдары»** – жазган жылы белгисиз. Биринчи ирет 1939-жылы «Балдар жомоктору» деген жыйнакка киргизилип жарык көргөн. Кийинки жыйнактарында дайыма басылып келди. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка киргизилген болучу. Азыр дагы ошол материал боюнча жиберилди.

**«Ала-Тоо»** – биринчи жолу «Кызыл Кыргызстан» газетасында 1940-жылы поэмадан үзүндү жарыяланган. Анан 1944-жылы чыккан «1-жыйнакка» киргизилип, жарык көргөн. Ошондон бери карай ар түрдүү жыйнактарда басылып келе жатат.

**«Иттин доолдай тиктирем дегени»** – элдик лакаптын негизинде жазылган. Жазган жылы белгисиз. Биринчи

жолу 1939-жылы чыккан «Балдар жомоктору» деген китепке киргизилген. Азыр Манастаануу борборунда материал боюнча такталып, толукталып даярдалды.

**«Каркыра менен түлкү»** – элдик тамсилдин негизинде жазылган. Жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу «Балдар жомокторунда» жарыяланган. Андан кийин «Жер жана анын балдары» деген ырлар жыйнагында (1952-ж.) басылган.

**«Бөрү менен түлкү»** – негизи элдики, биринчи жолу «Эркиндик» деген ырлар жыйнагына (1953-ж.) киргизилген.

**«Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы»** – негизи элдик тамсил, жазган жылы аныкталган жок. Мурун 1944-жылдагы ырлар жыйнагында басылган.

**«Эшек менен булбул»** – Крыловдун тамсилинин негизинде жазган. Эки томдукта биринчи болуп басылган.

**«Акын Жамбыл»** – Тоголок Молдо 1938-жылы Алма-Ата шаарына барып, Жамбылдын 90 жылдыгына байланыштуу өткөрүлгөн тоюна катышкан. Мына ошонун таасиринде ушул ырын чыгарган.

**«Кыргыз акындары тууралуу»** – Бул ырдын үзүндүсү «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырларында (1951-ж.) «Эл ырчыларынын сыпаттары» деген тема менен басылган. Фондудагы материалдар менен такталып аталышы өзгөртүлдү.

**«Токтогул жөнүндө»** – (1940) «Эркиндик» аттуу ырлар жыйнагына 1953-жылы «Токтогул менен аңгеме» деген тема менен басылган. Азыр 1970-жылы Ж. Таштемиров түзүп чыгарган китептеги тема менен берилди.

**«Нарын суу»** – 1951-жылы «Тандалган ырлар» жыйнагында биринчи жолу жарык көргөн. Азыркы басылышында ошол материал боюнча жиберилди.

**«Казак акындары»** – 1938-жылы жазылып алынган фондудагы кол жазманын негизинде экинчи томдо жарык көргөн.

**«Адамдардын мүнөзү»** – (1927) Адамдардын мүнөздөрү жөнүндөгү эл арасында айтылып келген макал-лакаптардын негизинде ушул поэмасын жазган.

**«Эркектердин мүнөзү»** – бул поэмасы «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына (1951-ж.) «Адамдардын мүнөзү» деген тема менен бастырылган. Фондудагы материалдарга таянып, такталып «Эркектердин мүнөзү» деген ат менен 1970-жылы жарык көргөн. Ошол нусканын негизинде жарыяланды.

**«Карылык жөнүндө арман жаш»** – (1930) тил, адабият жана тарых институтунун материалы боюнча басмага биринчи ирет жарыяланышы.

# АЛДАШ МОЛДО

## АЛДАШ МОЛДО – АКЫН ЖАНА ПЕДАГОГ

*Эгемендүүлүктүн шарапаты менен, мурда аты чыкпай, чыгармалары жарыяланбай, изилденбей келе жаткан бир катар «молдо» акындарыбыздын багы эми ачыла баштады. Кыргыз адабияттаануучулары баштагыдай идеологиялык тескөөлөргө туш болбой «өйдө жакты» карап жалтаңдабай, болгон иши болгондой изилдөөгө, тартынбай пикирлерин айтууга мүмкүнчүлүк алышып, кезегинде чыгармаларынан идеология жагынан кыйкым табылган чыгармачыл инсандарга фольклористиканын, адабияттаануунун азыркы бийиктигинен туруп калыс баа берүү иштерин жарата баштады. Алсак, Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылыч, Нурмолдо, Жеңижок, Молдо Сайпидин, Молдо Нияз, Молдо Багыш сыяктуу акындар тууралуу бир катар изилдөө иштери жүргүзүлүп, айрымдарынын тексттери жарыяланды.*

*Жогорудагы акындарга динчилдер, пантюркисттер, заманачылар деген жарлыктар тагылып келгендиги көпчүлүккө маалым. Ошол себептен алардын чыгармаларына ат үстүнөн мамиле жасалып, кыйла чыгармалары жыйналбай жоголгон... Ушундай аянычтуу көрүнүшкө такап, советтик идеологияны күнөөлөөгө болот. Ал эми жогорудагы акындар менен совет доорундагы акындарды чаташтырып, дүңүнөн эле «совет доору акындарды рамкага салып, оозун басып келди деген бир беткей пикир-*

*деги окумуштуулар катуу жаңылышат. Ырас, соцреализмдин цензурасы болгон, аны тануугa болбойт. Ошону менен катар эле, акындарды чөгөлөтүп, «советтик доор жөнүндө одадан башка ырдабагыла» деген көрсөтмө деле болгон эмес. Айталы, Шапак, Акмат, Саякбай сыяктуу манасчылар; Осмонкул, Калык, Алымкул сыяктуу акындар суусар бөрктү силкип кийишип, негизинен, совет өкмөтүнүн камкордугу астында манаптардай дуулап жүрүп өтүштү. Өкмөт аларды сыйлады, алар өкмөттү мактап ырдады. Башкача болушу мүмкүн эмес эле. Өз доорунун жарчысы болуп аны даңазалаган акындар ар учурда боло келген. Алсак, Калык ырчынын кандай жөнү бар, совет өкмөтүн ашкерелеп ырдашка. «Жер кепеде өткөн күн» деген ырында өзү айткандай, жардын боорун оюп кирип, өлбөстүн күнүн көрүп жүргөн Калыкты майкөл-сүткөл турмушка жеткирген советтик түзүлүш болгон. Калыктын «Коммунисттик партиянын тарыхын» ыр менен жазып бере албай калдым деген арманы да бекеринен эмес. Ал совет түзүлүшүнө чын дилинен ыраазы болгон. Эми эле акындарды өкмөт «рамкага» салып, оозун басып ырдатпай салды дей бериш – азыркы саясаттын алдына түшүп алып дардактап жүгүргөн алөпкө окумуштуу сөрөйлөрдүн сандырактыгы. Калык айтчу сөздөрүн армансыз эле айткан. Ал түгүл Ырыскүл менен айтышында оозго алгыс сөздөр менен да ырдаган. Ал эми ырларында диндик мотивдер көбүрөөк чагылдырылган «молдо» акындарыбыздын жөн-жайы башка. Совет өкмөтүнүн кысымын мына ушул «күнөөсүз күнөөлүүлөргө» байланыштыра айтсак жөндүү болот. Айрым ырларындагы идеологияга дал келбеген көз караштары бар деп табылып, бүтүндөй көркөм дүйнөсү, эң мыкты ырлары жарык көрбөй, далайлары жоголгон «молдо» акындарыбыздын чыгармачылык тагдыры чындыгында өтө аянычтуу болгон. Мына*

*ошондой, Совет өкмөтү тарабынан басмырланган акындардын бири – Алдаш Молдо. Бул акын тууралуу сында акындын уулу Абдулхай Алдашев, Мелис Абдылдаев, Омор Сооронов, Садык Алахан сыяктуу окумуштуулар өз пикирлерин айтышып, анын бир катар текстерин жарыялашты. Өзгөчө, Садык Алахан акындын чыгармачылыгына үңүлүп кирип, мурда жарыяланган тексттердеги түзүүчүлөр, редакторлор кетирген кемчиликтерди аныктап, тактап «Хал заман», «Үркүн», «Ормон-Балбай» поэмаларына адабий талдоо жүргүзүп, алар тууралуу сында кең-кесири сөз кылган.*

*Ар бир акындын өзүнө таандык тили, стили, өзүнчө бир тандап алган жолу, методу болот. Анын сыңарындай, Алдаш Молдонун да өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы, акындын тайманбастыгы, өткүрлүгү анын чыгармаларынан байкалып турат.*

*Акын өз чыгармаларында бай-манаптарга каршы өзүнүн жек көрүү сезимин ачык билдирип, бир топ орой сөздөрдү айтып, элдин таламын талашып, төбөлдөргө ачыктан-ачык каршы чыккан.*

*Бул тууралуу А. Эркебаев «Мало ученные страницы истории киргизской литературы» (1999, 136—144-б.) деген китебинде Алдаш Молдонун чыгармалары жөнүндө оюн ортого салып, өз баасын берген: «Основная ценность произведений Алдаш Молдо историческая достоверность описываемых событий и лиц, отсутствие вымысла и аллегорических образов. Такое качество присуще всем без исключение произведениям акына. Отсюда и особенность их языка и стиля открытость и прямота, название вещей своим именем».*[1]

*Алдаш Молдонун бизге жеткен чыгармалары саналуу гана. Алар: «Хал заман», «1913—1914-жыл-*

---

[1] *Эркебаев А.* Мало ученные страницы истории киргизской литературы. – Б., «ЖЭКА» ЛТД, 1999. 140 стр.

*дардагы хуторлор тууралуу», «1916-жылкы үркүн алдында», «Үркүн», «Ормон-Балбай».*

*Жогоруда айтылып өткөндөй азыр бул чыгармалардын үзүндүлөрү гана колубузда. Ал эми буларды талдап анализдөө, изилдөө иштери алдыда турат. Мындан башка акындын «Ормон-Балбай» деген чыгармасы 1992-жылы 54 беттен турган өзгөчө бир китепче болуп аксакалдар коомунун жана уулу профессор Абдулхай Алдашевдин жардамы астында жарыкка чыккан.*

*Биз ушул чыгарманын жаралышы туурасында азыноолак сөз кылмакчыбыз. Мында, өткөн кылымдагы кыргыздардын бугу менен сарбагыш урууларынын ортосундагы чатак-согушу жөнүндө баяндалат. Бул чыгарма 1924—1925-жылдары фольклордук комиссия тарабынан жаздырылган. Комиссиянын тапшырмасы боюнча Керим Жумабаев аттуу адам Фрунзеден (ал кезде Фрунзе деп аталчу) келип, акынга кезигип, кандай максаттар менен эл кыдырып жүргөнүн, Алдаш Молдонун акын экенин элден угуп, чыгармаларына кызыкканын, жаңы чыгарма жаздырыш үчүн келгенин айтып, келишим түзүп кетет. Ушул боюнча Алдаш Молдо материал чогултууга киришип, тарыхый окуяны жакшы билген кайнатасы Талип Акундан жана чоң багыш Эркинбай деген карыядан консультация алып, чыгармасын 1925-жылы баштап, 1927-жылы жазып бүтүрөт. Ошентип, Алдаш Молдо «Балбай баатыр, бугу менен сарбагыштын чабуулу» деп аталган чыгармасын К. Жумабаевге тапшырат. Кийин, К.Жумабаев дагы бир жолу акынга кезигип, чыгарманын аты «Ормон-Балбай» болуп өзгөртүлгөндүгүн билдирет. Ошондон кийин К. Жумабаев акынга жолукпайт. К. Жумабаевге Алдаш Молдо берген экземплярды уулу Абдулхай Алдашев көргөн эмес. Бирок 1928–29-жылдары кышында Ак кочкор кыштагында улуу уулу Кемел Алдашевдин жаңы салдырган*

*тамынын бир бөлмөсүндө кыштаган жылы «Ормон-Балбай» чыгармасын жазса керек – деп болжойт А. Алдашев. Ошол жылы Алдаш Молдо кыш бою күн сайын кеч киргенде баласы Абдулхайды жанына отургузуп алып, жазылган кагаздарын тегерек столго жайнатып, май чырактын жарыгына салып «Балбай» поэмасын ар кайсы барактан таза дептерге көчүргөн.*

*Жаздын күнү үйүнүн жанына кийиз салдырып коюп, чогулган элге ошол чыгармасын окуп берчү экен. Анан ар кимиси сурап алып көчүргөн болуу керек. 1928—1929-жылдары Жети-Өгүз өрөөнүнүн ар кайсы айылдарына, жайлоолоруна Алдаш Молдонун ушул чыгармасы кол китеп түрүндө кеңири тараган экен.*

*Кийин Алдаш Молдо каза болгон соң кол жазманы уулу Абдулхай Алдашев таппай калат. Көрсө, мугалим А.Арстакеев деген адам окуп берейин деп Алдаш Молдонун көзү тирүү кезинде алган экен. А.Алдашев кийин сураштырып отуруп кол жазманы таап алат да, ар кайсы жылдарда жазылган ырларынан үзүндү көчүрмөсүн кыргыздын азыркы графикасына которуп, кээ бир түшүнүксүз терминдерге, этнонимдерге, топонимдерге, архаизмге өткөн сөздөргө колдон келишинче түшүнүктөрдү, комментарийлерди берип, Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусуна 1985-жылы жаз мезгилинде өткөргөндүгү маалым. Акындын калган чыгармаларынын үзүндүлөрү М. Абдылдаев түзгөн «Мурас» аттуу китепке киргизилген. Бирок ошол үзүндүлөрдөн эле акындын оюн, берейин деген идеясын, көтөргөн маселесин түшүнсө болот. Анткени акындын чыгармалары өтө жөнөкөй тил менен жазылып, түшүнүүгө да, эске сактап калууга да оңой.*

*Жогоруда акынды мыкты педагог экендигин эскерген элек. Ал көптөгөн жаштарды тарбиялап, уядан учурган. Өз билимин берип, туура жолго багыт берген.*

*Алдаш Молдо устаты Шакир дамбылданын жолун жолдоп, өзүнүн окуучуларына диний дарстары менен кошо илим дарстарын да үйрөткөн. Мисалы, эсепти төрт амалга чейин, географиянын үч бөлүгүн жуграфия-табиги (физикалык география), жуграфия-ирьязи (экономикалык география), жуграфия саясы (саясий география) деп бөлүп, өзү сабак берип турган.*

*Ал кезде азыркыдагыдай балдарды окута турган атайын окуу жайларынын жоктугу баарыбызга маалым. Бирок ошондой кыйынчылыктарга карабастан Шакир дамбылданын медресесин бүтүргөндөн кийин элине кайтып келет да «көчмө мектеп» уюштурат. «Көчмө мектеп» болжол менен 1904–1906-жылдары болгон. Себеби бул жылдары Көлдүк кыргыздардын дээрлик тамы жок эле. Ошондуктан боз үйгө окутуп, шартка жараша көчүп-конуп жүрүүгө туура келген. Сабак көңүлдүү, кызыктуу жана түшүнүктүү болуш үчүн түркүн темадагы тамсилдерди, табышмактарды кошо окутуп, балдардын ой жүгүртүүсүн тереңдеткен. Ошол кездеги казак окумуштуусу Б. Турсуновдун басмага жарыялаган тамсилдерин, табышмактарын окуткан балдарына жаттатуу менен катар өзү жараткан чыгармаларды да үйрөткөн:*

*Аңгек өзүн жер ойлойт,*
*Акмак өзүн эр ойлойт.*
*Кемер өзүн түз ойлойт,*
*Кемпир өзүн кыз ойлойт.*[1]

*Ушул боюнча уулу Абдулхай Алдашев мындайча эскерет: «Тилекке каршы Алдаш Молдонун жогоруда айтылган педагогдук маанидеги чыгармалары сакталбай калган. Жана фольклордук жыйнактардын арасында да менин билишимче кездешпейт».*[2]

---

[1] *Алдашев А.* Алдаш Молдо. Ала-Тоо. № 8. 104—108-беттер.

[2] Көрсөтүлгөн эмгекте.

*Алдаш Молдо мугалимдик кесип менен 25 жыл эмгектенген. Ошол жылдар арасында чыгармаларын да жаза берген.*

*Акындын «Үркүн» поэмасында теманын өзү айтып тургандай, 1916-жылкы окуя жөнүндө, элдин азап-тозогу, оор запкысы тууралуу баяндалат.*

*Бул чыгарманын ошол кездеги эл арасында баалуу экендигин Х. Карасаевдин төмөндөгү айтканынан байкай алабыз: «Алдаш Молдонун «Үркүн» поэмасын атам бирөөдөн 1918-жылы бир иrikke сатып берген эле»[1] – дейт. Демек, ушул бир сүйлөм менен эле чыгарманын канчалык деңгээлде барктуу экендиги көрүнүп турат.*

*Акындын жакшы сапаттары жөнүндө белгилүү фольклорист Ы. Абдыракманов: «Актык үчүн кандан, бектен кайра тартпаган кайраттуу эле, жарыктык, өзү динге ишенген адам, ырым-жырымды жек көргөн, терең ойчул, күчтүү акын, жеткен чечен»[2], – десе, профессор М. Абдылдаев: «Кыргыздын алгачкы жазгыч акындарынын бири Алдаш Молдонун коомдук-саясий көз карашынын деңгээли башкаларга салыштырмалуу жогору турат»[3] – дейт.*

*Алдаш Молдо өмүрүн элге арнап, кыргыздардын тарткан азабына жаны кейип, боору ачып, элинин жыргал турмушта жашоосун эңсеп келген. Ал өз мезгилинин патриоту, мыкты инсаны болгон. Муну акындын чыгармаларын окуганда ачык байкоого болот.*

*М. МУКАСОВ, А. ШЕЙШЕКАНОВА*

---

[1] *Карасаев Х.* 1916-жылдагы көтөрүлүш жөнүндө. Китепте: Үркүн. – Б., 1993. 208-бет.

[2] *Алдашев А.* Алдаш Молдо. Ала-Тоо. 1999, № 8 104—108-бб.

[3] *Мурас.* (Түзгөн М. Абдылдаев). – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 183-бет.

## 1912-ЖЫЛЫ БОЛГОН БИР ОКУЯ

Старчындаш айылдаш,
Кичи-Чырак, Чоң-Чырак,
Шаныяз, Чалбаш, Ак-Чубак,
Кодо, чаар беттенген,
Күптү болгон өңдөнгөн,
Күпсүралы бий экен,
Айлымдан аял алдың – деп,
Акысы бар немедей,
Алаамат салды бокту жеп,
Кестирип алды он сомду,
Жана сыяз бийлери,
Бөтөнчө алды бир койду,
Алып бердим он сомун.
Эсенбай менен Малабек,
Байлардан асыя көтөрүп,
Туурман экен байлардын.
Көтөрмө берген теңгеси,
Күндө тууса тезгени,
Эртеси тууйт текени,
Серкеси тууса эгизди,
Эгизи тууйт сегизди.
Түгөтө албай тууганың,
Жан этимди жегизди,
Шайымды жаман кетирди.
Аягында бүтүрдүм,
Он алтынчы жылында,
Бунту чыгып Кыргыздын,
Ак-Сууда алып, ужетин,
Төрт жылда араң кутулдум.
Старчын экен иниси,
Кодонтайдын Омору,

Далай сөздү каторду.
Кобурап келип жаныма,
Кыйшая карап отурду.
Жылкычылык алам – деп,
Далайга бу да тооруду.
Кыйытып айтат берсе – деп,
Кийип турган тонумду.
Кыйытканга бербесем,
Кылгысы бар сонунду.
Айлында Черик, Букара,
Абдыкер, Абдраманы,
Ыбырай анын баласы.
Мен Бакырдын бажасы.
Чакырды мени тоюна,
Бейкабар албай оюма,
Түшүпмүн Омор торуна,
Чалымыш болуп оюнга
Кетирди тойдо тынчымды.
Уурдатып алды камчымды.
Акыры түбү тутулдум,
Ошондон кийин Омордун,
Тоорусунан кутулдум.
Салам айтып, кат жаздым,
Калем алып кагазга,
Камчымдын жообун берсин – деп,
Молдо Ыбырай бажама,
Букара чиркин кан этсин,
Жообун анча бере албай
Уят болуп кызарып
Ортодо бажам калды уялып.

## 1913–1914-ЖЫЛДАРДА ХУТОРЛОР ТУУРАЛУУ

Баатырдын уулу Баракан,
Баяныңды мен жазам.
Баарыңар алты бир тууган,

Эң улуусу жаныман
Ысакан менен Баракан,
Акимкан менен Мурзакан
Эң кенжечи Бексултан.
Атыңар уйкаш «кан», «султан».
Тилекмат чечен чоң атаң.
Чыныбай баатыр өз атаң
Байгазы, Чекир кайнатаң
Чыныбек ажы таятаң.
Баян кылып мен жазам
Жалган жазып мактабайм
Жамандыгың көрүнсө
Жашырып жаап таштабайм.
Атаң маркум Чыныбай
Аталып өттү бомощник
Атанды туурап сен дагы
Алсыраган эл-журтка
Асылып калдың өчөшүп.
Бир жагынан жүргүздүң
Соодагердик, көпөстүк.
Ар кайда дүкөн ачтырдың
Алы кеткен эл-журтту
Асыя менен бастырдың
Оренбург, Уфа, Казандан
Таргөөдөн[1] татардан;
Питибор, Самар, Омбудан
Сындыгат банке орустан
Үрүмчү, Бежин, Турпандан
Майкор, Сүткор, дунгандан;
Наманген, Кокон, Маргалаң,
Анжыян, Кожент, Фаргана,
Самаркан, Ташкен, Кашкардан
Кызыл кулак соодагер
Кыдырмачы сарттардан
Алда канча көбөйтүп

---

[1] *Таргөөдөн* – торговыйдан.

Кездеме, булдун баасын,
Көтөрүлүп ашырдың.
Мына минтип эл-журттун,
Берекесин качырдың.
Мактайсың жаңы законун
Николай бадыша мийзамын
Чыгарды деп Сталпин,
Жайылтам деп котурду
Казанадан эки миң
Жашырып алдың теңгесин
Акчалай алып белегин
Сыртынан сатып жүрөсүң
Эми журттун жерлерин.
Аларың менен кириштиң
Байгазы, Абдылда менен бириктиң.
Тактай зоот салдырдың
Карагай кесип тарттырдың
Сүттүү булак тоосуна
Жыгачтан ак үй салдырдың.
Кийизди чаныпп боз үйүң
Ак жибек менен жаптырдың
Жабыкбаш, тегирич ойдурдуң
Тукава менен тувардан
Керегеңдин көктөрүн
Күмүш зымдан көктөттүң.
Көрчөгөлөп тумарча
Чаптырып күмүш койдурдуң,
Ички-тышкы боочуңду
Жибектен согуп чалдырдың.
Берметтеп шуру тактырдың:
Каалга, түндүк, чамгарак,
Маржан, седеп, чылк акак.
Чамгарак-түндүк, каалга
Керегe, уук, босого
Сырдатпастан жошого
Зире менен сырдаттың

Жибектен чийин чырматтың.
Ырчы-чоорчу, кыякчы,
Комузчу, бийчи, грамофон
Күн-түн дебей ырдаттың.
Көшөгө жибек, башайы
Атилес, жибек жуурканы.
Деилде ак кымкап жүк жабуу
Туш кийиз сайма макмалдан
Карыш кундуз кармалган.
Үйүңдүн ичи толтура
Килем-килче салынган.
Эшик өңдүү чоң күзгү
Жүк бурчунда жалтырап,
Асма фанар чоң лампа
Күйүп турат жаркырап.
Ак болускей чоң самоор
Кайнап турат шаркырап.
Сааттамаң шаңгырап
Качып турат заңгырап.
Зоодой болгон чоң сандык
Төрдө жатат дардайып.
Зым керебет далдайып.
Ала бакан ачасын
Алтын менен буулаттың
Уугуңдун учуна
Укум күмүш уулаттың
Укумунан тукумун
Кызыл таз, Жерке, Моңолдор
Букара кылып куураттың.
Берсе кудай кезегип
Букараң иши оңолор.
Ошондо сенин тукумуң
Мен көрбөсөм эл көрөр
Кысасын тартып кор болор.
Айтпаймын мен, минген атыңды

Жазбаймын жеткиз чарба малыңды.
Жардам болду уезиң,
Бузулду сенин мүнөзүң.
Котур болуп жер алдың
Чыкканы гана мүйүзүң.
Бар эле менин үмүтүм.
Жазбадым жалган буруусун,
Жаздым анык, дурусун
Дүнүйө жетпей калгансып,
Кылдыртпай оокат кедейге,
Жер алган бетиң курусун.
Айла кылар деп күтүп
Айлаң сенин ушулбу
Баштап койдуң котурду.
Мамырбай ажы, Деркенбай
Маанисин билбей өздөрү
Сизди туурап отурду.
Жериң жетпей жаткансып
Котур болуп алган соң
Үмүтүм сенден үзүлдү.
Үшкүрүп жерге түкүрдүм
Үч көчкөндөй түңүлдүм.
Болбосо жериң аздыгы
Коруп алсаң жетет ко
Атаңдан калган шалбада,
Эки жүз теше сазыңды,
Уялбадың эл-журттан
Коркподуң сен да убалдан.
Ашып кетти байлыгың
Биржубалда[1] дубандан
Орусча айтып сүйлөйсүң
Калп каткырып күлөсүң
Кары келди эл-журттун

[1] *Биржубал* – Пржевальск.

Көргөнү бирди жүрөсүң.
Котурунду жайбагын
Кокуюнду айтпагын
Кокус өлүп калбагын.
Жаны сүйгөн элиме
Чай кайнатпа мээсине.
Котурга алган жеринди
Бере койгун ээсине
Ошол менин айтарым
Бүгүндөн калбай кайтаргын.
Бул айтканым акылым.
Агайындык жакыным,
Айтканыма көнөрсүң
Кедейлерден бир күнү
Чандырындап жардырып
Коргонбайча өлөрсүң.
Айтып бүттүм насаатым
Көңүлүңө арам албагын
Көбүрөөк какшык кылат – деп,
Көр уезиңе чакпагын.
Айттырып акыл үйрөтчү
Жаш боз бала сен эмес
Мейли чаксаң айта кой
Жалкып калчу мен эмес.
Жазбадым жалган буруусун
Жаздым ачык дурусун
Дүнүйөң жетпей калгансып
Кылдырбай оокат кедейге
Жер алган бетиң курусун.
Көрүнбөйт дүйнөң көзүңө
Албайсың эч ким эсиңе
Токойбай жүрөт тон кийип
Жоломан жоор атка минип,
Нисапка неге келбейсиң
Тон кийген менен ком минген
Жардам кылып агаңа
Ат-тон неге бербейсиң.

## «ХАЛ ЗАМАН»

(*Үзүндү*)

Падыша залим кутурду,
Букарасын тең көрбөй.
Бузуп журттун мүнөзүн,
Бирине бирин тукурду.
Таалайы качар өкүмөт.
Өзүнө казат чуңкурду.
Падыша, залим Николай,
Балакет баскан иттер-ай!
Билимге качан тең кылды,
Артыкча биздин кыргызды.
Бирине бирин жем кылды.
Билимсизди бий кылды.
Күндө отуртуп сыязын[1]
Бийибиз абдан ый кылды.
Ыстарчын[2] болду бул[3] тапкан,
Ынсабы жок акмактан.
Ындыны өчтү элимдин,
Калбады адам журт баккан.
Бир дубанда окуган
Эшмукамбет, Касымбай
Караколдун училиш[4]
Гимназия бүтүрдү ай.
Эч илимге жетпеди,
Байкап көрсөм максаты,
Бесирликтен[5] өтпөдү.
Бир дубанга баш кылып,
Оёзду[6] койду начандик[7],
Олураңдап коркутуп,

---

[1] *Сыяз* – съезд.
[2] *Ыстарчын* – старшина.
[3] *Бул* – пул, акча.
[4] *Училиш* – училище.
[5] *Бесир* – писарь, катчы.
[6] *Оёз* —
[7] *Начандик* – начальник.

Опуза кылат машендик[1].
Айлалап ар бир болуштан,
Жыйнатып минден теңгесин,
Жатып алып сен жейсиң.
Ушуга эми не дейсиң?
Болобу теги ынсабың?
Кумар ойноп уттуруп,
Түгөнүп калса тыйының,
Кыласың шайлоо жыйынын.
Шайлоо менен шылтоолоп,
Кайтадан чыгым жыясың.
Канабы сенин кумарың?
Калбай барат уятың.
Калкты кажып отуруп,
Качан тоёт курсагың?
Же жалган айтып жатамбы?
Тапчы менин катамды?
Караколдун уези
Качан толот күнөөсү?
Калк чогулуп, арыз кылса,
Ыстарчысы жасоолдун[2]
Сарынын уулу Абдылда,
Тазалап актайт күбөсү.
Актабаска болобу
Бир болсо жеген мүчөсү?!
Начандиги Ионов,
Бугуссич Лиханов
Помоштиги[3] Храмин
Палиса ачендик[4] – пристав.
Катунсевский, Кайчов
Базарга элди жүргүзбөйт.
Кысталып калган адамды
Отуртуп жерге сийгизбейт.
Балакет баскан жасоолу

[1] *Машендик* – мошенник.
[2] *Жасоол* – есаул.
[3] *Помоштик* – помощник.
[4] *Палиса ачендик* – полицейский начальник.

Жалдуу жылкы мингизбейт.
Кара көрпө тебетей,
Жаңы чапан, жакшы тон,
Жакалуу кийим кийгизбейт.
Зымчы болгон төрөсү,
Мусуренко Уюдун[1]
Элдин баарын куруттуң,
Ач бөрүдөй улуттуң.
Кедейлердин жерлерин
Кесип бердиң котурга,
Көпөш[2] болгон оруска.
Айдап чыкты тоо-тоого,
Ашып көчтү эчен бел,
Аштык айдаар жери жок
Азып жүрөт кайран эл.
Шол кылганы дуруспу?
Аргасы кеткен эл-журту,
Акыры түбү бир күнү,
Бунт кылып салаар урушту.
Тоону да кесип бериптир,
Лесничий[3] кысталак,
Күндө салат анысы,
Коломто деп ыштарап[4].
Салганын төлөй албасак,
Урдуруп сабайт ызалап.
«Тоо-токойдун арасын,
Карагай-чердин салаасын.
Аралаба, баспа!» – дейт,
Руксатсыз менден чегедек,
Бир бутагын сындырып,
Отун алып, жакпа! – дейт.
Жайба,– дейт,– чарба малыңды,
Арканда – дейт, жалгыз атыңды.

---

[1] *Уюдун* – Юдин.
[2] *Көпөш* – купец.
[3] *Лесничий* – токойчу.
[4] *Ыштарап* – штраф.

Жайылса кокус малыбыз,
Бошонсо жалгыз атыбыз,
Күнөөкөр болот башыбыз.
Ылоо[1] болот атыбыз.
Айдап барып тапшырат,
Жөө карагай тарттырат.
Зооту[2] бар тактайчы,
Кара мүртөз таранчы.
Атабаев Касымга.
Рахымы жок капырга,
Тактай тилип алты айга,
Иштейбиз тегин малайга.
Атабайдын Касымы,
Арам ырыс капыры,
Айылды жаман каарыды.
Алакандай жайлоонун,
Баш-аягын таарыды.
Өзү сайып алгансып,
Карагай, арча, талдарды
Ач бөрүдөй андытты,
Аркандап койгон аттарды.
Алдына салып кубалайт
Карагат терген балдарды
Акысыз малай алууга,
Айласын анын табууга,
Чычкакка иттей кыныкты,
Чыгарды далай кылыкты.
Колуна берип мылтыкты,
Аткарып койду, карачы,
Абийири кеткен Байзакты.
Кыркып салып арканды,
Кыянат салып ал дагы.
Кызартып көзүн Байзагы.
Кырк аттан ар күн айдады.

---

[1] *Ылоо* – күч, унаа.
[2] *Зооту* – завод.
[3] *Абиенчик* – объездчик.

Абиенчик[1] балкачы
Айбандыгын карачы.
Айылга келет анталап,
Ар күнү келип аңтарат.
Айгайлатып чаң салат.
Аялдарды коркутуп,
Ала кийиз, жүн сурап,
Саңсаң кара көрпө алат.
Сураганын бербесе,
Кысырларын кыйкыртып,
Боодорун боздотуп,
Баласын бойдон түшүрүп,
Аялдарды сабашат.
Кардоончу келет каңкуулап,
Каймак, сары май сурап,
Кийиз өтүк, байпакты
Сары май менен каймакты.
Аны менен шүк турбайт
Казы, карта, сүр сурайт,
Ар нерсени көп сурайт,
Атына арпа, чөп сурайт.
Ынсап кылбайт бергенге,
Эч убакта ишенбейт,
«Эми жок калды!» – дегенге.
Эгини жоктон ун сурайт,
Эчкиси жок шордуудан
Жоолуктук тыбыт жүн сурайт,
Ую жоктон сүт сурайт.
Бергин – деп, жалгыз атыңды.
Унаасы жоктон күч сурайт.
Сураганын тапкыча,
Лесничий, балкачы,
Абиенчик, кардоончу
Буртакелин[1] жазышат.
Оор чыгым ыштарап,
Үч жүз теңге салышат.

[1] *Бурдакел* – протокол.

Чакчелекей, будуң-чаң,
Чаң-тополоң түшүрөт,
Үйүн сыйрып көчүрөт,
Көчкөндө бараар жери жок
Амалсыздан кедейлер
Алды-алдынан басышат,
Ар кайда тарап качышат.
Тили буруу дуңгандын
Байларына барышат:
– Мени малай алгын – деп,
Асты-астынан жалынат,
Азапка минтип чалынат.
Малайга башы байланат,
Акыры түбү – аягы,
Кулдукка башы айланат.
Байлары кыштай дуңгандын
Иригин борго байлатып,
Жаз башында шаарга,
Анжиян менен Фаргана,
Көгартты ашып айдатат.
Коюна кошуп малайын,
Сатып кайтат далайын.
О, кантесиң а, кантейин?
Кайсы бирин айтайын!..
Мен айттым көзүм көргөндү,
Кең дүнүйө тарыптыр
Жан сактатпай турган өңдөндү
Кедей менен кембагал,
Бечара, байкуш карыпты!
Заманың кыпкызыл корго айланып,
Кедейлер ачуу шорго кайнады.
Соодагер, байлар издешет,
Күнү-түнү пайданы.
Алардын тапкан пайдасы
Улуктун оозун майлады.
Кичиктин оозун байлады.
Каңгырап башым маң болду,

Табабыз кандай айланы а!
Старажник[1] коюптур,
Доңуздай Занин Чоң колду.
Баарыдан Чоң Кол чоң болду.
Жыгып минип бээсин,
Ээрчип барса ээсин,
Чыгара чаап мээсин,
Жыга муштап өлтүрүп,
Кай бирин жанчып, чала өлүк,
Далайды Чоң Кол сойлотту.
Жесир кылып аялын,
Жетим кылып баласын
Ботодой Чоң Кол боздотту.
Бий-болушуң камаса,
Ыстарчын келип сабаса,
Күндө төлөп чыгымды,
Тынч алдырбай жадатса,
Кыла албасак эч бир иш,
Кыйналгандан түрмөң тынч!
Ачендик, аёз, төрөбүз,
Адилет качан көрөбүз,
Арыз кылып барсак алдыңа
Бир көзүңдү жумасың,
«Так и надо!» – деп күлүп,
Башыңды ийкеп турасың.
Ионов оёз сокурсуң,
Ынтыгып семиз болупсуң,
Ардансаң сокур дегенге,
Боор этимди чокуурсуң.
Ачууң келсе сабаарсың,
Абагыңа камаарсың,
Каардансаң, салаарсың,
Каршыга[2] салып сабаарсың
Адилетсиз өкүмдөн,

---

[1] *Старажник* – стражник, кароолчу.
[2] *Каршы* – карцер.

Абагың жакшы үйүмдөн,
Көркү кеткен күнүмдөн,
Көшүүсү кеткен түнүмдөн,
Өлгөнү жакшы тирүүмдөн!
Ракаты кеткен дүйнөдөн,
Неси артык түрмөдөн?
Калбады кийим каерге,
Ат калбады минерге,
Аш калбады ичерге,
Айыптасаң мейличи,
Айдатып жибер Шиберге[1].
Уктап жаткан элиме
Уу тырмагың батырдың,
Уйпалап шорун катырдың,
Ойгонсун деп эл-журтум,
Уйкусун бузуп качырдым,
Мен ураан сала чакырдым.
Ураанымды туйгунуң,
Көзүңдү жумба, уктаба!
Кереги жок бу күндө,
Куйкуму жок уйкунун!

## ХАЛ ЗАМАН

Алдаш Молдо 1906-жылдан баштап отор, колонизаторлор келип, кыргыздын жерин тартып алып, чектеп элин кордоп, анын үстүнө манаптар жана жаңы өскөн сүткорлор кыргыз дыйкандарын артыкча эзген кезде 1914-жылы ушул «Хал Заман» деген чыгармасын жазган.

Өтүп кетти ар заман,
Эми келди тар заман,
Адамына жараша,

---

[1] *Шибер* – Сибирь.

Ушул азыр хал заман.
Хал замандан алыңыз,
Андап кулак салыңыз.
Замандаш эркек-ургачы
Ак сакалдуу карыңыз.
Кайырсыз болсо пайда жок,
Кашыктап жыйган малыңыз.
Колума алып каламды,
Ойлоп турсам заманды,
Адам ата, Обо эне,
Пайгамбарлар баары өттү,
Падышалар, хан өттү.
Нечен азиз бенделер,
Бу дүйнөдөн жана өттү.
Улукман аким кары өттү,
Рүстөм, Дастан эр өттү,
Азиретаалы шер өттү.
Омор, Осмон жар өттү,
Отуз үч миң сахабалар,
Ошол заман баары өттү.
Табыгындар жана өттү,
Имам-Агзам азирет,
Абу, Юсуп, Мухаммет,
Муштахит баары өттү.
Искендер менен Сулайман,
Намуруд, Шиддат хан өттү.
Олуялар баары өттү,
Ойсул харан жана өттү.
Кожо, Ахмат Ясаувий,
Каңсул Агзам пир өттү,
Идирис, Ыйса тири өттү.
Бу сөзүмдү уккандар,
Буюрбагын айыпка,
Илияс, Кызыр, пайгамбар,
Булар да көчтү кайыпка.
Ар замандын адамын,
Баян кылып жазамын.

Мен айтайын жарандар,
Жаш күнүмдө көргөнүм,
Көлгө орус келгенин,
Баян кылып айтайын.
Көрнөмскөй уездун,
Көлдө өкүм сүргөнүн.
Шол заманда жарандар.
Көлдө бугу бар экен,
Көргөнү жалгыз мал экен.
Берекеси бар экен,
Мейманды артык сыйлаган,
Беш миңден жылкы, бугунун,
Ар бириси айдаган
Шол заманда кыргыздар
Убадасы бар экен.
Мизам менен иши жок,
Шарыятка чала экен.
Дүнүйө малы мол экен,
Кат билген молдо жок экен.
Талаада өскөн кыргыздар
Шарыят мизам билбестен,
Акыл айткан чогултуп,
Кан Боронбай кеңешмен.
Ар сыпатын айтайын,
Хан Боронбай баатырдын
Алмадай өсүп бүрдөгөн,
Алдына келген адамы
Арстанды көргөн немедей,
Айбатынан сүрдөгөн.
Жийдедей өсүп бүрдөгөн,
Душманы көрсө түрүнөн
Жүрөгү чочуп сүрдөгөн.
Боронбай айткан ошондо:
«Калың бугу, көп журтум,
Жерге салгын эгинди,
Тегиз укчу кебимди!
Табайын журтум эбиңди.

Сабакка берип баланды,
Таанығыла кеминди,
Ээ болгула жериңе,
Боздурбагын элимди.
Шарыят сурап молдодон,
Тааныш кылдым орусту,
Дайындуу кылдым конушту.
Шайлатып бердим силерге
Ар уруудан болушту».
Башынды туткан оруска,
Рамат салык бер – деди,
Ырыскынды ойлосоң,
Алдында кара жер – деди.
Баян кылып айтайын,
Көлгө орус келгенде,
Анжияндан сарт келди,
Ар тараптан журт келди.
Дагы айтсак көргөндү,
Көлгө дунган келгенди.
Дунгандан көрдүк ошондо,
Өчөйүп эшек мингенди.
Эшегин байкап карасак,
Жарым кесче кулагы,
Жылкыга окшош туягы,
Өздөрүн байкап карасак,
Кытайга окшош сыягы.
Көк мата чепкен кийгени,
Көрсөң эшек мингени,
Кемселинде жака жок,
Кепичинде така жок.
Кылжырайган башы бар,
Кытайга окшош чачы бар.
Ургачысын карасак,
Учтап койгон буту бар,
Сарымсак, пыяз жыты бар.
Айбаалыдай буттанган,
Адамдан башка жыттанган,

Ат богуна ыштанган.
Учтагандай аягы
Ургачысын байкасак,
Ушундай эле сыягы.
Кийгенин көрдүк ошондо
Көк матадан чепкенди,
Эми дунгандан көрдүк көпкөндү.
Оокат кылып алсын – деп,
Түтүнгө бердик өгүздү,
Эми дунгандан көрдүк семизди.
Ошол дунган байыпты,
Эми кыргыздан алды зайыпты.
Кытайча борум таштаптыр,
Кыргызча борум таштаптыр.
Конгонуң барбы үйүңө,
Ушул дунган байына,
Башына жаздык жаздаптыр,
Байыркы көргөн дунгандын,
Болбосо малы аздыгы,
Бар эле саман жаздыгы.
Байкап көрсөң дунганды,
Байлыгында санат жок,
Дунгандан ашкан манап жок.
Эмдигисин айтайын:
Күмүш саат салынып,
Балдары мырза дунгандын,
Күмүш жүгөн катынып,
Мингени жорго дунгандын.
Лампук бешмант ичинен,
Бабирик[1] ноот тышынан,
Кийгени тегиз дунгандын.
Кадимки Текес атындай,
Мингени семиз дунгандын.
Кадимки кыргыз байындай,
Байлары тегиз дунгандын,

---

[1] *Бабирик* – бабрик, түктүү жүн кездеме.

Кыштын суук күнүндө,
Үйлөрү жылуу дунгандын.
Жибектен жоолук салынып,
Упасын бетке жамынып,
Кыздары сулуу дунгандын.
Дубалы бийик коргону,
Замананын курганы,
Дунган минди жоргону.
Дунган журту эр экен,
Иштегени жер экен.
Кара жерди каңтарып,
Казына күткөн эл экен.
Казак, кыргыз калкынан,
Орус, ногой, сартынан,
Беш уруу журттун барсынан,
Артып барат байлыгы.
Байлыгынын белгиси:
Күздүн күнү болгондо,
Элүү сомдон дунгандын,
Малайынын айлыгы.
Күнү-түнү тындырбай,
Иштетер экен малайды,
Таптырат экен далайды.
Ушул дунган келгенде,
Бугунун жайын айтайын.
Биринен артык бири бай,
Бир дубанды бийлеген,
Өмүрзак менен Чыныбай.
Бирге жүргөн курдашы,
Миңден жылкы айдаган,
Байлыгы артык Аалыбай.
Азыраак баян кылайын,
Аалыбайдын алты уулу,
Төрөкандын төрт уулу,
Суранчынын эки уулу,
Эсеп кылсаң баарысы
Аалыбайдын алты уулу.

Аксакалы булардын,
Солтонкул бай эң туну.
Жаныбек, Жунус кенжеси,
Дөөлөт күткөн адамда,
Бир Сулайман болбосо,
Жунус байдай болобу,
Жумуру башта бендеси.
Жунус байдай ким болгон,
Айдап күткөн жылкысы,
Ар кайсы  түрү миң болгон.
Байлыгын айтып боло албайм,
Арык менен белекти,
Ар шайманын жаратып,
Жаныбек чапты күлүктү.
Жазайын кайдан бөлөктү,
Өмүр баатыр, эр Балбай
Кан Ормонду өлтүрүп,
Салган экен бүлүктү.
Байыркы өткөн бабалар,
Кайсы бирин айтайын
Жүрөгүнүн баары май.
Чарба малда санат жок,
Сан жылкылуу Сарыбай,
Миң жылкылуу Каптагай,
Ошол өткөн заманда,
Көлдө бугу баары бай.
Көлгө батпай көбүнөн,
Текести барып жайлаган,
Көлдө бугу баарысы,
Дүңгүрөтүп миң жылкы,
Ар бириси айдаган.
Көп жылкынын баарысы,
Жылдызга барып кыштаган.
Өмүрзак менен Чыныбай,
Бир дубанды уштаган.
Акылын артык жаратып,
Алтын жака чен берип,

Ак бадыша куштаган.
Баян кылып айтайын,
Биржубалдын[1] калаасын,
Байтак[2] болгон жаңыдан.
Анжыяндан сарт келип,
Ар тараптан журт келип,
Кылымды орус билгенде,
Кынжылап кармап мингенде,
Караколдун шаарына,
Аксакал кылды Ташпайды.
Самаркан менен Коконду,
Анжыян менен Кашкарды,
Баарысын Ташпай башкарды.
Сарттар укчу кебимди,
Мен айтайын кеминди.
Соодадан башка бир ишке,
Таппадым сарттар эбинди.
Жазайын сенин кеминди,
Жакшылап күтчү деминди.
Кайран Ташпай жок болду,
Караколдо сарттарда,
Калаба шайтан көп болду.
Араздык чыккан басылбай,
Калабанын ичинен,
Карыя калды ачылбай.
Алты-Шаар, Кашкар, турпандык,
Намысташар кишиби,
Акылдын кылар ишиби.
Араздыкка бул (пул) төгүп,
Шарыятка кан төгүп,
Мечитте кылды уруштту,
Бейлине шайтан киришти.
Султан Мурат төрөбүз,
Бузукту сизден көрөбүз.

---

[1] *Биржубал* – Пржевальск.
[2] *Байтак* – борбор.

Ынтымакка кирбейсиз,
Ынтыхамга[1] келбейсиз.
Чакырып салам жиберсе,
Жакшы жооп бербейсиз.
Инабаттуу төрөсүз,
Өзүндөн билбей айыпты,
Элден несин көрөсүз.
Катуу айтууга батпайбыз,
Казыналуу төрөсүз.
Кайран Ташпай маркумдун,
Калбады уулу артында.
Ташпайдан мыкты жок эле,
Каракол, Ташкент сартында.
Байкап көрсөм мүнөзүн,
Байсарынын Кыдыры,
Журтуна артык кадыры.
Жүк көтөргөн нар экен,
Эки болуш арыкка
Суу бөгөгөн жар экен.
Байыркыдай нускасы
Калыстыгы бар экен.
Баян кылып айтайын,
Байыркы жакшы чогулса,
Бир бирине доо кылса,
Кылар экен жыйынды.
Желдең Ыйман, Тилекмат,
Чечер экен түйүндү.
Эмдигинин жакшысы
Кылар болсо жыйынды,
Түтүнгө салат тыйынды,
Журтуна кылат кыйынды.
Бечаралар баарысы
Чыгым таап бере албай,
Дунганга жүрдү малайга.
Ынсап кылчы жакшылар,
Бу кылганың жарайбы!

---

[1] *Ынтыхамга* – отчет, экзамен.

Чыгым таап бербесе,
Артынан бексул (вексел) кыласың,
Сүткордон акча аласың,
Бей-бечара бакырдын,
Жумшады сүткор баласын.
Байкасам ушу заман ай,
Бакырга кайры тийбеген,
Байлары артык сараң ай.
Май менен сүттөн көбөйгөн,
Малынын көбү арам ай.
Ылгабай акты, караны,
Улугу алат параны.
Бузулду мунун мүнөзү
Мүнөзүнө ылайык
Пирживалдын үйөзү.

Абдылда дөөлөс элинен, үйөзгө жасоол болуп жүрүп, 1912-жылы болуш болуп, үйөздү билип, бир дубандын шайлоосун өзү шайлап, элди соргон.

Аңдап турсам заманды,
Абдылда билди дубанды.
Алтымыш жигит атказып,
Айылга кылды убалды.
Абдылданын тушунда,
Должундап алды жигити,
Чогулушкан тобунда.
Коңурат менен Бирназар
Кошомат кылып өзгөчө,
Кожайын кылып алдыга.
Кыңырагын сүйрөткөн.
Кызыл баштуу бир итти.
Айтаар сөзгө ыгы жок,
Атасында нугу жок.
Абдылда кимдин уулу экен,
Бул[1] бергендин кулу экен.

---

[1] *Бул* – пул.

Баатырдын уулу Баракан,
Баштадың журтту котурга[1],
Башында ушул Абдылда,
Малай эле байкасам,
Кызыл-Сууда чодурда[2].
Мазак айтты деп уктум,
Бир дубандын тобунда,
Байсарынын Кыдырга,
Калбасын мунуң кусурга.
Чогулса дубан оң кылбас,
Тогуз жолугуп калса да,
Бул Абдылда кызырга.
Абайласам Абдылда,
Ата кылды орусту,
Адамсынбайт кыргызды.
Аким болду Абдылда,
Дөөлөс менен сарууга.
Акыл салып жүрөбү,
Жанузак, Чекир карыга.
Нурмамбет, Шүкүр, Элебес,
Качыке, Сыдык сен эмес.
Абайласаң Абдылда,
Баракандан башкага,
Салам айтып жүрөбүз,
Бир болушта баарыңа.
Иши оңолгон жигитке
Бакты бермек кудайдан,
Баян кылып айтайын,
Адигине, Тагайдан.
Орозбакты, дөөлөстөн,
Арык менен белектен,
Чыкпаган аким жанында,
Кудай берген кулунан,
Ар атанын уулунан,

[1] *Котур* – хутор.
[2] *Чодур* – Федор.

Чыга келген нугунан.
Муратаалы, Боронбай,
Өмүр баатыр, эр Балбай,
Чыныбай баатыр, Балтабай,
Озо чыккан бугудан,
Казак, кыргыз калкына.
Калайыктын барсына.
Бата келген бармагы,
Тие келген тырмагы,
Коно келген арбагы,
Бей-бечара журтуна,
Боло келген жардамы.
Азыр ушу заманда,
Бузсаң өзүң наркыңды,
Кетирер кудай баркыңды.
Жаман иштен тыйылсаң,
Арбагың колдоор артыңды.
Ар атанын балдары,
Алал жүрсөң болбойбу,
Арбагы келип конбойбу.
Адалдыкты кылбасаң,
Арам, адал билбесең,
Арбак бекер колдойбу.
Чыныбай маркум тушунда,
Жыргаган журтуң ушунда.
Балтабай маркум тушунда
Байыган журтуң ушунда.
Мурунку жакшы адамдан
Кыргыздан ойлоп карасам,
Байгазы калпет март калды.
Ногойдон ойлоп карасам,
Базыл ахмат карт калды.
Дунгандан калды шаңыя,
Чыныбай маркум Балтабай
Булардан өттү дүнүйө.
Кайран маркум Чыныбай,
Акылы менен элди алган,

Арпадан берки жерди алган.
Алматай ажы, Кекебай,
Товоп кылды Мекени ай.
Баатыркан, Кыдыр, Сарыбай,
Заманы өтүп карыды ай.
Мурунку жакшы адамдан,
Кыргыздан ойлоп карасам,
Байгазы калпет[1] март калды.
Ногойдон ойлоп карасам,
Базыл, Акмат карт калды.
Дунгандан калды Шаңыя,
Чыныбай, маркум Маркабай,
Булардан өткөн дүнүйө ай.
Байгазы, Үсөн, Баракан,
Эшимбек, Бектен, Мамырбай,
Заманага ылайык,
Соодагерге кам урду ай.
Аракет кылган кесип – деп,
Ар нерсени эсептеп,
Таштабады адатын.
Ырыскелди, Кулбарак
Айылдан алып жесек – деп.
Ой, Ырыскелди, Кулбарак!
Айылдын алын кетирдиң,
Насыя менен уйпалап.
Ой, Ырыскелди, Кулбарак,
Насыя оору дартың ай,
Жарабады мартың ай.
Жаздын күнү болгондо,
Насыя жыйып алам – деп,
Айлыңдан кетпейт сартың ай.
Бирназар менен Шүкүрдүн,
Түтүнгө бөлсө баарысын ай,
Түгөнбөйт жылда карызың ай.
Ойлосоңчу артың ай?!

[1] *Калпет* – Халифат, Ислам динин таркатуучу киши.

Бул айтканым акылым,
Ырыскелди, Кулбарак,
Агайындык жакыным,
Акыретте азап көп,
Адамдан жеген акынын.
Кармадым колго каламды,
Журттун ээси агалар,
Баарыңа жаздым саламды.
Ойлосом ушу заманды,
Кеңеши менен элди алган,
Keминден берки жерди алган.
Алар да өткөн шум жалган,
Ал замандан ким калган.
Кайран маркум Балтабай,
Бир дубандын бели эле,
Акылга дыйкан кен эле,
Айла табар эр эле,
Адамдан артык акылдуу,
Ар кылганы макулдуу,
Өзүнөн артык дээр эле,
Акылы менен айласын,
Молдо Талып Акунду,
Кайран маркум Балтабай,
Кенен да болсоң акылга,
Кеңешпей качан иш кылды,
Молдо Талып Акунга.
Качан кеңеш кылчу эле,
Ой, Коңурат, Бирназар,
Ушу жүргөн бакылга.
Кулбарак менен Мамырбай,
Деркенбай менен Маралбай,
Тапчы кана акылды?
Такылдаган Деркенбай,
Жансактаар жериң такылды.
Өз башыңа таапсың,
Өлбөгөндөй акылды.
Кара башың баткандай,

Кайдан таптың Котурду.
Обонбай менен Кененбай,
Кай жагыңа отурду.
Ордобайга орун жок,
Обонбайга конуш жок.
Акжолтоюн карачы,
Айлына конуш табылбай,
Алдаштан[1] артык болуш жок.
Акжолтой Алдаш болуш ай,
Айлыңда үйүң көрүнбөйт,
Айтбай менен Супатай,
Аларың кайда болчу ай.
Деркенбайды байкасам,
Жер албады, сай алды.
Кененбай менен Обонбай,
Кай жагынан жай алды.
Декендин кандай сыягы,
Бир теше жерди кыябы,
Бекбай менен Шаршемби,
Эптешсе экөө сыябы.
Беш теше келер өлчөөсү,
Жалгыз тамдуу колотуң,
Кайда барып жан сактаар,
Бейшеке менен Болотуң[2].
Азыраак баян кылайын,
Абыл менен Чаманды,
Айласы жок жаманды.
Аз гана жерге ээ болсо,
Таштап кетти Шаменди.
Кангелдинин мээси жок,
Карыганча эси жок.
Өмүрзак менен Кангелди,
Мындай малды күтпөгөн.
Ушу күндө байлыгы

---

[1] Талкан уулу Алдаш болуш.
[2] Бөрү конураттардын уруулары.

Журтуна айдап жетпеген.
Болбоду байлык машаасы,
Уучу кылып жансактап,
Кыштан чыкты масасы.
Ар кимге айтып Кангелди,
Акчыланган болосуң,
Навакка берип Машаны,
Койдурам деп уурусун,
Өмүрзак менен Кангелди,
Урунган малың курусун,
Бир муштумдай баланы,
Тойдура албай турупсуң.
Ой, Жолоочу, Кангелди
Кайдан эле экөөң туура элең,
Карыганча ууру элең.
Байкап турсам мен өзүм,
Жамандан көрчү намызын,
Көчөрбай менен Конушбай,
Таштап көчтү жайкалган,
Жазы көлдүн камышын.
Кыштак болуп жат десе,
Жаратпадың Талыпты.
Ой, Жолоочу бай калмак,
Жайы-кышы он эки ай
Жан сактаар элең балыкты.
Текеске бардың эртелеп,
Текесте бекер мал болсо,
Неден келдиң энтелеп.
Же, көлдөгүдөн көп бекен,
Текесте элдин алыгы.
Же, сен жээрге жок бекен,
Чекиртинин балыгы.
Же, жоголгон бекен өзүнөн,
Байыркы казак калыбы.
Сырдыбай, Айбаш, саспагым
Акылыңдан азганың.
Дунганага кул берип,

Азар түмөн бул берип,
Эндигиче өлбөдүң,
Эр элтүрүп, кун бербей,
Байкап көрсөм ар кимди,
Бизден өйдө көрбөдүм.
Саспак менен Сырдыбай,
Байкап уккун муңумду ай.
Коңурат менен Бирназар,
Тартты качан кунунду ай.
Абдан алды ыгыңды,
Ала берди чыгымды.
Тартышабыз дей берди,
Жатып алып жей берди.
Кошумча кылам дей берди,
Конуп алып жей берди.
Сырдыбай менен Саспактар,
Ойлогон болуп акылды,
Бир болуштун баарысын,
Ынтымакка чакырды.
Ажалды кудай бербесе,
Доодон киши өлөбү ай.
Коңурат менен Бирназар,
Кете берди ошондо
Сойгон атты төлөбөй.
Коңурат менен Бирназар,
Эми тууган болдубу ай.
Дөөлөт келди, Магулбай
Жалгыз калча болбосо,
Саспак менен Токтоке,
Далайы жүрөт өлө албай,
Өзүнүн карызын бере албай.
Дүңгөнөгө жер алып,
Тыңыраак турат Маралбай.
Бaрактын уулу Итике,
Башта эле акылы кичине.
Карып калган кезинде,
Кайгылуу болду үстүнө.

Андабастан кеп айтат,
«Атаңдын башы!» – деп айтат.
Сакалы болду ак эле,
Башында акылы жок эле.
Колу жетсе бийликти,
Коёр эмес жарыктык,
Умтулгандай дагы эле.
Байыртан бери күттүм – деп,
Балага кыяр киши эмес.
Ушу жашка келдим – деп,
Уулга кыяр киши эмес.
Эсенаман, Дакыяр,
Үч-Булакка камалды ай.
Нарынга кетем деп айтат,
Айласы болсо Чабалдай.
Өмүркан менен Молдокан,
Же акылын табалбай.
Тиленесиң Нарынды,
Кудай билет баруунду.
Келдиң эле Нарындан,
Төөгө артып үйүндү.
Кетесиң кантип Нарынга,
Жөө көтөрүп жүгүндү.
Келдиң эле Нарындан,
Жүгүндү артып төөгө.
Кетсең кетип каласың,
Көптөн бери жөө жүрүп,
Көнүп калдың жөөгө.
Аргасын тапсаң кетерсиң,
Арпаңды берсең кирепе.
Нарынга эптеп жетерсиң.
Сүйөсөң журтка арканды.
Карызыңа берип кетерсиң,
Туз-Суудан алган арпаңды.
Ой, Коңурат, Бирназар,
Тыясың кантип бейбашты.
Ичинен жылда бузасың,

Сырдыбай менен Айбашты.
Азыраак айтып кетейин,
(Ой, Коңурат, Бирназар)
Бей-бечара мундузду.
Жан сактоого жер бербей,
Ой, Коңурат, Бирназар
Санаттың көктө жылдызды.
Байкап көрсөм мүнөзүн,
Балкыбек менен Жайыкты,
Санаа тартып кайыкты.
Өзүнүн бийи Токойбай,
Өчөшүп жаман айыкты.
Билемин Токо жайыңды,
Эч болбосо Токойбай,
Ыраазы кылып жүрбөдүң,
Ушу мундуз тайыңды.
Тайыңа кылып каршылык,
Кыласың кимге жакшылык?
Зыркыраттың Токойбай,
Жылкы Айдардын баарысын,
Серкебайдай карысын.
Ата арбагын сыйлады,
Алышпай ажы ыйлады,
Эненин сүтүн сыйлады,
Серкебай менен Дыйканбай,
Эки тизең кучактап,
Эригенче ыйлады.
Жазайын кайдан баарысын,
Он эки бата алса да,
Токойбай кайдан жарысын.
Сооронбай менен Дыйканбай,
Серкебай менен Алышбай,
Сыйлабады карысын,
Таштап келди баарысын.
Акчубак менен Тилеке,
Анталаган бул экөө.
Мухамедий, Термечик,

Чалгынчыга жибердиң.
Сасык айран Мөңкөндү,
Чакырды качан өңгөндү.
Көк-Сууга Мөңкө барыпты,
Көз сала жүргүн баарыңар.
Кемпиринен айрылган,
Кенжетайдай карыпты.
Арпачы менен Термечик,
Абыдан көйрөндөр эле.
Аңдабай үйүн кечеби,
Алдында минер аты жок,
Акжолду таштап кетеби?
Күпсүраалы, Сагын
Обу жок көйрөң эми эле,
Ойлобой үйүн чечеби?
Ордунан жылар шайы жок,
Омору жөө кетеби?
Ысык-Көлдөн айрылып,
Бей-бечара айылды,
Текеске сүйрөп баргандай,
Жыргаарга көзүң жетеби?
Мухамедий, Термечик,
Бир старчын болорсуң,
Долоно бойлой конорсуң,
Бийиңди кимге коёрсуң?
Бийиңдин эби табылса,
Бир старчын болорсуң?
Ордуна коюп ондоорсуң,
Калыбайдай кабакты
Кыялыңа жакпаса
Кыларсың кийин набакты.
Калыбайдай кабагың
Кардың ачса тамагың,
Ачууң келсе сабагың.
Кара-Сууда кудук бар,
Караколдо улук бар,
Кабак бар жерде бузук бар,

Карап турса кызык бар.
Акчубак менен Тилекке,
Отурук болбойм деп качып,
Камалдың эми жериң тар,
Таштадың Арал, Туюк-Аңды,
Эми таштабай жакшы жердеп ал.
Долоно, Ак-Жар жылгаңды,
Текеске көчүп кетем – деп,
Табалбадың аргаңды.
Бей-бечара айылды,
Кыйнадың жериң азынан.
Кең жериңден ким кууду,
Жети-Өгүздүн сазынан.
Замананы байкасам,
Жарды кандай, бай кандай?
Жакшылык менен жамандык,
Ар адамдын башына,
Келет экен ар кандай.
Кээ бир сүткор[1] байыды,
Ороодон ачып алгандай.
Акчасы болсо ажыга,
Ар кандай сүткор баргандай.
Ачыган сүткор кээси,
Мал кошулса малына
Тамгалуу малды талашып,
Жанын берип алгандай.
Аңдап көрсөм мүнөзүн,
Бул замандын сүткору,
Акылы менен байыгандай.
Аягына жазайын,
Нан жебес менен кытайды!
Арбак сыйлап Манжыга,
Жардам кылып бербедиң,
Түтүнүңө бир тайды.
Кылдыбы Манжы жаштыкты,

[1] Жети-Өгүздө Өмүраалы (Узун молдо) деген сүткор ажы.

Кимиңе кылды кастыкты.
Кылбадың кытай журттукту,
Маркаш менен Жумадыл,
Бар болсо сенин акылың,
Манжыдан барбы жакының.
Кылбады кытай жардамды,
Ачпагын өзүң пардаңды,
Манжыга кылгын жардамды.
Кан болбостор кан болду,
Кандын уулу Манжыга,
Кара басып не болду?
Бек болбостор бек болду,
Бектин уулу Манжыга,
Бейили кетип не болду?
Арак ичип аздыбы,
Акылынан шаштыбы,
Же насыя муну бастыбы?
Маркум атаң барында,
Түтүндөн алдың бир сомду,
Бир болуштан миң сомду.
Ойнодуң не үчүн кумарды?
Билбедиң кудай урарды.
Карызга алган акчаны,
Не себептен билбейсиң,
Кайтып ээси сурарды.
Кылдың го мындай өнөрдү,
Карызга алган акчаны,
Билбедиң кайта төлөрдү.
Тирүүлүктө унутпа,
Акыры бир күн өлөрдү.
Акылга дыйкан кен эле,
Айла табар эр эле.
Балтабай маркум каныбыз,
Маркумдун көзү өткөн соң,
Кетип барат саныбыз.
Кеткенинин белгиси
Ой, Коңурат, Бирназар

Айда тобуң кыласың,
Айылдан чыгым жыясың.
Жумага тобуң кыласың,
Түтүндөн чыгым жыясың.
Ойлосом ушул кыязың,
Чыгым жыйып алганча,
Отура калат сыязың.
Калбай барат уятың,
Ар бир жылда кыласың,
Бир болуштун сыязын.
Сыяз менен тыйын жыярсың.
Бузулду мындай кыязың.
Бул сыязың коёрсуң,
Бул сыязың койбосоң,
Быйтымандай болорсуң.

(Быйтыман арык элинин чоң манабы болуп, 1907-жылы кылган зордугуна чыдабай Деркембай деген атып өлтүргөн. Бүтүн Ысык-Көл кыргыздары эки старчын кишини кыштын күнү чаап алып, жаш балдардын боору үшүп өлгөн).

Бей-бечара бакырды,
Коркутканың коёрсуң.
Коркутканың койбосоң,
Коргонбайдай болорсуң.

(Коргонбай да арык элинен болуп, болуш эле. 1910-жылы тууганына зордук кылганда орок менен жарып салган).

Ой, Коңурат, Бирназар,
Касиеттүү кишиң жок,
Ээ калыс кылган ишиң жок.
Адилетти кишиң жок,
Алал кылган ишиң жок.
Жайы-кышы бир жылга,
Таратпассың тобунду.
Ой, Коңурат, Бирназар,

Табалбадым обуңду.
Бей-бечара баарысына
Жаман кылдың зобуңду.
Ой, Коңурат, Бирназар,
Акылман кишиң жок болду,
Аңдыганың кок болду.
Ынтымагың жок болду,
Издегениң кок болду.
Кылганың дайым бок болду,
Кересиян көп болду.
Кеңешмен кишиң жок болду,
Баатырдын уулу Баракан,
Баштадыңыз Хотурду,
Мамырбай ажы, Деркембай,
Маанисин билбей өздөрү,
Сизди туурап отурду.
Баатырдын уулу Баракан,
Хотур деген эмне?
Кир кетет адам көөнүнө,
Маанисин журтка билдирчи,
Хотурдун жөнү эмне?
Төрт жагында казыгы,
Эч бир жакка чыкпаган,
Эмне себеп жазыгы?
Чийининен чыкпаган,
Мындан мурун Баракан,
Дин исламың укпаган,
Хотур деген эмне?
Бул карылар өткөн соң,
Колунан теңдик кеткен соң.
Шумдукту жаштар курупту,
Сүткордун баары жыйылды,
Кыйындыгын мындан бил,
Туудуруп турду тыйынды.
Соодагер атак алышып,
Бир тыйынга карышып.
Жыйын куруп, топ куруп,

Журтка бүлүк салышып.
Бул бүлүккө аралаш,
Сүткө берген малдарын,
Аралаш жыйып алышып.
Бүлдүрдү элдин баарысын,
Баспады булар алышын.
Ар болушка бир-бирден,
Кездеме дүкөн салышын.
Башчылары булардын,
Байгазы, Үсөн, Баракан,
Сүткордун кылган айласы,
Тынбай тууп акчасы,
Кетти элдин айласы.
Абдылда, Чекир, Мамырбай,
Булар да келип кошулду,
Сүйгөнүндөй иш кылып,
Сүткордукка озунду.
Бетине тартып караны,
Элге жаап жалааны,
Үйөзгө берип бараны.
Эне талак сүткордон,
Элдин, журттун баарысы,
Таба албады чараны.
Шарыят менен закондун,
Сүткор арам барында,
Жүзү кара сүткордун
Сөзү даяр жанында.
Сүткор өлсө эгерде,
Сүттөн тапкан малынан,
Өзүнө кепин буюрбайт.
Кайдан тапты адал – деп,
Сүткорлор сөздү жаңыдан,
Келтирип айтам сүткорду,
Кеп калтырбай абыдан.
Шарыяттын өзүндө,
Карылар айткан сөзүндө.
Сүткордун малы арам – дейт,

Сүткор болуш жаман – дейт.
Сүткордун дагы кеби бар,
Өзүнчө кылган эби бар.
Шарыятты карактап,
Кылып жүргөн жери бар.
Салтын бузбай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
Бар соодабыз адал – дейт,
Кылбайбыз жанга залал – дейт.
Биздин кылган соодабыз,
Шарыяттын зору – дейт,
Адал ишти иштейбиз,
Имам агзам жолу – дейт.
Кадимки залим бий, болуш,
Айтып жүргөн кеби бар,
Сүткорлорго залимдер,
Пайдалаш болгон жери бар.
Айтып сөзүн өткөзүп,
Айтылуу манап, бий, болуш,
Сүткорлордон көтөрүп,
Насия кийип алуучу,
Насияны чыгым деп,
Журтка бөлүп салуучу,
Калган кара букара,
Чыгымга күйүп калуучу.
Сүткордун ишин бүлөгөн,
Түбүнөн ишин сүрөгөн.
Пржевалга караган,
Бир дубандын баарына,
Үйөз менен кеңешип,
Ушул куулардан кеңеш тараган.
Ысагаалы, Сагынды,
Абдылда буга кошулуп
Дүйшөмбү, Максүт камынды.
Карап кылып бүлдүрүп,
Калкка кылды забынды.
Баатыркан, Көбөк, Чыныбек

Залимдигиң койбодуң,
Ичип канга тойбодуң,
Өлбөйүн деп ойлодуң.
Каргашалуу Баатыркан[1]
Калкка салып чыгымды,
Карыганча тойлодуң.
Жетимишке келгенде,
Ар жыл сайын кыз алып,
Жаш кыз менен ойнодуң.
Жаныңдын камын жебедиң,
Жаш кызга убал дебедиң.
Башыңдын камын жебедиң.
Байкушка убал дебедиң.
Кесепеттүү Кененбай,
Семиз-Белди туурдап,
Жигиттерин аткарып,
Калктын малын уурдап.
Жийдебай деген уулу бар,
Кабарын угуп туруңар.
Кененбайдан артылып,
Ашып түштү мунуңар.
Карактап малды көп алды.
Уурулугун койгон жок,
Алып малга тойгон жок.
Өлгөнүнчө Кененбай,
Уурулугун койгон жок.
Эл ичинен бир катар,
Журт пайдасын ойлогон.
Кыянаттуу залимдин,
Кылыгына тойбогон.
Олтуруп кыштак болбосок,
Олуттуу жерге конбосок.
Ишибиз артта калат – деп,
Иш бузулуп барат – деп.
Олтурукка конушуп,

[1] Саяк уруусунун манабы. «Таз Баатыркан атанган».

Крестиян болушуп,
Олтурук атак алышып,
Кыштактарын салышып.
Талып молдо[1], Эр Темир,
Кашымбек[2], Бекбоо, Көкөжан
Жерин өлчөп алышкан,
Крестиян аталып,
Кыштагын бөлүп салышкан.
Темирский, кыштак – деп,
Атакты минтип алышкан.
Айбаттуу катуу манапка,
Аянбай майдан салышкан.
Ашы-тоюн бердирбей,
Манаптын башын чагышкан.
Башкача айтып кетейин,
Бала жолборс Көкөнү,
Баян кылып кетейин.
Жети-Өгүз сындуу жер алды,
Жети уруудан эл алды.
Айтылуу Арал жерди алды,
Алты уруудан эл алды.
«Ойлосом болот ичим чок,
Замана кыйын кысылды,
Залимдин бейли[3] бузулду
Калаа салбай болбойт – деп,
Калк түзөлүп оңбойт,– деп.
Кыштак салбай болбойт,– деп,
Кыргыздын иши оңбойт,– деп,
Жаңыртып кылган эби бар,
Талиптин айткан кеби бар.
Талип[4] айткан кеп болуп,
Жалпы журтка эп болуп.

---

[1] Т. Байболотов, Акун аке «Чырак» кыштагын салдырган.

[2] Теңизбай уруусунун манабы. «Тепке» кыштагын негиздеген.

[3] *Бейли* – пейили.

[4] Кеп Талип Байболотов жөнүндө.

Кыргыздар кыштак курады,
Бир ишти кылам деген соң,
Кылчаңдап карап турабы?
Молдо Талип баш болуп,
Бекбоо, Көкө киришип,
Жети-Өгүздүн өзүнө,
Кыштак салды иргешип.
Көчүп келген кара орус,
Кыргызды кыйла бүлдүрдү,
Кызык ишке көндүрдү.
Жайылып келген малдарын,
Атып салган көп болду,
Кыргызга кыйла эп болду,
Аралап малы өткөнгө,
Камап коюп малдарын,
Туяк бул алчу кеп болду.
Мунун баарын көрдүк – деп,
Көп жабырга көндүк – деп,
Кара оруска кармалып,
Канчалык ыйлап келдик – деп,
Өткөн иштен сөз баштап,
Акын Алдаш сайрады.
Ар кимисин өзүнчө,
Орду менен жайлады.
Айтып өткөн сөздөрүн,
«Хал Заманга» байлады.
Башка келген заманбы,
Жоргодой башын чайкаган,
Ак сакалын жайкаган,
Кайран Сокем[1] аманбы?
Ээ, өз сынына жакпаган,
Абайласам Сокемдин,
Балдары арта жаманбы.
Абийир болду Сокемдин,
Балалуу зайып алганы.

[1] *Сокем* – Сооданбек бий.

Соке, байкасаң эми билинди,
Байыркы заман калганы,
Ушу жашка келгенче,
Урунган Сокем бийликти,
Үйүр болгон бийлигин
Өзү кыйып бербесе,
Уулу да кыйын бала экен,
Ушунча не кийликти.
Атагына карабай,
Ал дээрге жарабай,
Ушундай кызык экен го,
Орустун берген бийлиги.
Мындай кызык көп экен,
Орустун берген бийлиги,
Балага бергис неме экен.
Карыядан кеп уктум,
Калпы, чынын билбедим,
Илгеркинин заманын,
Көзүм менен көрбөдүм.
Ырчы эмесмин, тыңчымын,
Заманanын адамын,
Жакшы менен жаманын,
Айыра билген сынчымын.
Байыркы өткөн эрлерден,
Баян кылдым нечени,
Айткан сөздөн аңдасам,
Акыл менен ойлосом,
Байкап уксам баарынан,
Тилекмат экен чечени.
Кантип баян кылайын,
Тил билбеген кечени.
Карыядан кеп уксам,
Кандай айтса эп экен.
Өмүр бааты, эр Балбай
Ысык-Көлдө бугуга,
Калалуу коргон чеп экен.
Муратаалы, Боромбай,

Казылык кылган бек экен.
Эми баян кылайын,
Салмакенин баарысын.
Ногойдун уулу Баатыркан,
Атакенин Буурабай,
Аксакалын, карысын
Санап айтам баарысын.
Элчибай, Кожош, Тогузбай,
Тондун уулу Теңизбай,
Жамы Шүкүр баарысын,
Баатыркан ажы, Буурабай,
Тоокенин уулу Деркенбай,
Бир болуштун карысын,
Ырыскелди чиркинден,
Эч бириси мыкты эмес,
Салмакенин баарысы.
Ногойдун уулу Баатыркан,
Байыртан бери дүмү бар,
Ичкилиги болбосо,
Ырыскелди чиркинден
Салмакенин уулунда
Мындан артык кими бар.
Алдаш Молдо өз атым,
Атамдын аты, Жээнике
Коңурат, шапак уруубуз,
Колдой көр өзүң бакырды,
Коусул агзам пирибиз.
Жат кылып айтам пиримди,
Чоң атабыз жарыктык,
Ойротту кыргыз бузганда,
Олжого алган Чүрүндү[1].
Ыйманга тилин келтирип,
Ислам динин билдирип,
Шапактан алып бериптир,

[1] Ырыспай Чүрүмгө шапак уруусунда жүргөн олжо кыз Үрүмдү алып берген.

Зайыбына (Бурумду) Бүрүмдү.
Жат кылып айтам пиримди,
Ыйманга тили келген соң,
Ислам динин билген соң,
Ыраазы болуп бабабыз
Адилетин караңыз,
Азат кылган Чүрүмдү.
Андаган жазган ырымды,
Шарыятты уучтаган,
Такыба мындай ким болгон,
Азаттык тийип башына,
Шапакка Чүрүм тең болгон.
Өзүбектин тушунда,
Өмүр баатыр бугуга,
Казылуу бийик дөң болгон.
Чүрүмдөн туулган Өмүрдү,
Өзүбектин тушунда,
Өмүр баатыр, эр Далбай,
Далай жоону жемирди.
Беттешкен душман мерт болгон,
Өмүр баатыр, эр Балбай,
Өзүбектин тушунда
Жанаша күйгөн өрт болгон.
Кара жерди майлаган,
Кан Ормонду жайлаган.
Төрөкелди баатырды,
Көк букага мингизип,
Нечен көчкө айдаган.
Анын берки жагында,
Эсенбайдын эр Карач[1],
Арык менен Белектин
Кайсы уулунан кем эле?
Эч кимдиги жок эле.
Калыстыкка алганда,

[1] Чүрүмдүн экинчи уулу Эсенбайдан чечен Карач, Карач аке туулган.

Карач аке билсин – деп,
Арык менен Белектин.
Ар экөөнө тең эле.
Эми мыкты болбосо,
Ноко, Сокур, үч Токол
Түбү азат болсо да,
Чүрүмгө качан тең эле.
Мыкты болуп калбаса,
Ноко, Сокур, үч Токол,
Ушу күндө эми эле.
Жамгырчы менен Ордобай,
Тазабек менен Шапакка,
Кул эле, болбос неме эле.
Эч кулдугу жок эле,
Өздөрүң көрдүң Карачты,
Тазабек менен Шапактын
Кайсы уулу жанашты.
Шераалынын уулунда,
Акылга Мамбет кең эле,
Алтыбасар, Бексырга,
Ууруга мыкты тың эле.

## 1916-ЖЫЛКЫ ҮРКҮН АЛДЫНДА

Оо, калайык, калың журт,
Уктуңарбы бир шумдук,
Караколун уезди,
Чакырып алып өгүнү,
Бир дубандын башчысын,
Атка минээр жакшысын,
Кеңсаларга тургузган,
Приказ окуп угузган:
«Он төрт жаштын өйдөкү,
Кырк эки жаштан төмөнкү,
Ак падышалык кызматка,
Бересиң балаң солдатка.

Алды менен келесиң,
Алдымда менин отурган
Баланды силер бересиң.
Силерден мурун албасак,
Келжиреген кедейлер,
Кеп билбеген дөдөйлөр,
Бунт чыгарып ийбесин.
Алгандан кийин кедейден,
Баланарды силердин
Мен бошотуп иемин,
Бүгүндөн калбай кайткыла,
Элге барып айткыла.
Мына падышанын буйругун,
Мен силерге угуздум!»
Сөз башталды шумдуктуу,
Буюрса падыша буйрукту,
Биз кылабыз кулдукту,
Берели деди солдатты,
Олжобайдын Кыдыры,
Омскиге барып келгени,
Бузулган экен пикири.
Ойлосом мурун бар окшойт
Уезной менен шыбыры,
Батасын бузду дубандын,
Байсарынын Кыдыры
Байкасам мунун бар окшойт,
Падыша менен шыбыры.
Бу эмне кылыгы.
Эмнени көрүп кызыды,
Бар дечү эле кызыры,
Мунун качкан окшойт шыйкыры!?
Исакаалы жаштардан
Карылардан Баатыркан
Кайраттуу экен баарыдан:
«Бербейбиз – деди – экөөбүз,
Баланды бер деп солдатка,
Кардыбызды жардырып,

Кай кедейден өлөбүз?»
Ушундай берди жоопту,
Уезной кылды коопту.
Балдарынын Шабдандын,
Бербейли деп солдатка,
Бугуга айткан кеби бар.
Салам айтып, кат жазып,
Тил жиберген жери бар.
Көл дубаны чогулуп,
Бата-дуба окутуп,
Караколго жыйылып,
Нурсеиттин үйүндө,
Күндүз эмес түшүндө,
Бата-дуба шарт кылып,
«Бербесе бербейли!» деген ант кылып.
Муну бакан ооз тилчиден,
Уездин угуп калган шеги бар.
Кантсе да уруш кылат – деп,
Ичинде мунун кеги бар.
Коркок экен дунгандар,
Уккандан кийин приказды,
Дүрбөдү кудай ургандай,
Чоңкуп, Дабыз, Осомо,
Көрүнбөстөн озого,
Падан, Чалан, Кашыло,
Качып жүрөт чычая,
Солдаттан бала жашырып,
Каракол, Ырдык дунганы,
Күн-түнү дебей камынып,
Кетирип жатат балдарын,
Кытайды көздөй качырып,
Турпанга тур деп жалынып,
Алдаш болуш Кожанов —
Бесири байдан пара алып,
Исписке оңдоп киришти,
Балдардын жашын ашырып.
Оңойдон тапты Кулбарак

Букаралар черигин
Көсөгөн оттой будалап,
Ары басып кобурап,
Бери келип жобурап,
Сыдыктын уулу Осмонду
Ордуна берип ошону,
Уулу Байжумашты бошотту.
Энеси Айымкан Осмондун,
Баласынын айынан
Эси эңгиреп кайыккан,
Ый менен зардын жаатынан,
Тынбастан ыйлап олтуруп,
Эки көзү карыккан.
От жүрөгү эзилип,
Эки бет жашка кесилип,
Ботодой боздоп буркурап,
Эмчеги сыздап зыркырап,
Өлмөк болду Айымкан.
Мамырбай ажы кызарып,
Кызылы кулак эмеспи,
Баласы үчүн кыйналып,
Ойлоду түрлүү законду,
«Быйыл болуш болот»,– деп,
Уулу Асанакунду,
Бул дагы тапты акылды,
Итибайды алдап чакырды:
Ойлоп тапты акылды,
Кылмак болду кеңешти,
Ордуна берди ошентип,
Итибайдын уулу Макешти,
– О, кедейим, ой кедейим!
Эми сага не дейин!
Старчин менен бий болуш
Басты байлар санаасын.
Бермек болду ордуна.
Жаздырып кедей баласын.
– Бай-манапка алдатпа.

Баланды бербе солдатка!
Бий, болуш келсе болбогун,
Баланды ордуна берип койбогун.
Изнек[1] мөөрүн тартып ал,
Испискесин тытып сал.
Өздөрү берсин балдарын.
Старчын келсе кармагын.
Оодара тартып атынан,
Өлөрчө кылып сабагын!
Кайсыл жаның аяйсың?
Чакыртса уез барбагын,
Камалып бөөдө калбагын.
Повестке келсе жазылып,
Солдатка балаң чакырып,
Анысын да албагын!
Астына айрып таштагын,
Алдырап эч бир шашпагын.
Каматам деп коркутса
Андан коркуп качпагын.
Байкап уккун сөзүмдү,
Акыры бир аларсың өчүңдү.
Жиберсе жасоол чакыртып,
Жанч аябай бакыртып,
Үзө тепкин өпкөсүн
Жонду курттар көппөсүн!
Айта барсын көргөнүн.
Баланды солдат алган соң,
Баары бир сенин өлгөнүң!
Айрылып калып баландан,
Кылалбай оокат жүргөндө,
Кайсы күн болот көргөнүң?
Өх, деген жанга өлүм бар,
Эртең өлүп сен калсаң,
Ким калат сенин көмөөрүң?
Чөп жүрөк экен дунгандар,

[1] *Изнек* – знак.

Жүрөгү калган кургандар,
Кытайдан башка зак жеген
Жусей, бээсай чөп жеген,
Сарымсак, мыяз көп жеген,
Жүрөгү коркок турбайбы,
Дунганча коркуп дүр бербе,
Бел алдырып, сыр бербе,
Солдат бер деп келгенде
Баарыңар бир ооздон болгула,
Бербейм, бербейм – деп, какшап
Бек-бек айтып тургула!

## ҮРКҮН ЦИКЛИНДЕГИ ЫРЛАР[1]

*(Кытайга кыргыз качкан 1916-жыл)*

Кайчыкы ашып кирейин
Кабарды ошондон берейин
Аль мусафир келла агма
Кез болупмун кудая
Эгемберди жакырга.
Ниети жаман бакылга
Эки күн жаттым камалып
От-чөбү жок какырга.
Кылган экен буланды
Кылмак экен буланды
Алмак экен уурдап
Айланып келип түнүндө
Аздыр-көбүн айлымдын
Аттары менен унааны.

---

[1] Алдаш Молдонун «Үркүн» поэмасы эл арасында үзүл-кезил сакталып келген. Бул үзүндүдө болгон ыр саптары экинчисинде так сакталбагандыктан, колдо болгон материалдардын бардыгын берүүнү туура көрдүк. «Хал заман» поэмасы боюнча да ушуну айтмакчыбыз.

Кароолчусу Кайчынын
Айдарбектин Кулубек
Уруу Жерке Асамбек
Ар кимдин алып булун жеп
Байкасам чиркин мүнөзү
Бүтүрдү өзүнүн кунун жеп.
Булу тургай үбүн жеп
Үбү менен мүлк алдың.
Карышкыр, каман, түлкү алдың
Кусубалды, Кулубек
Берсе кудай кезекти.
Көлгө барган чериктер
Бутуна чокой тартынып
Терүүчү эле тезекти.
Касиеттүү бугунун
Кар көрбөсүн тукумуң.
Кайтадан иши оңолсо
Бүтүрө албай да турарсың.
Элден жеген чыгымын
Берерсиң баалап тукумуң.
Жана Айдарбектин Кулубек
Айтсам көп сенин айыбың.
Нарындан келген моңолдор
Ыйманбайдын зайыбын
Зордоп тартып дагы алдың.
Мүлктү мындай коё тур
Артылып башка кол салдың.
Аз келгенсип алганың
Бермек тургай аялын,
Безилдетип Ымамбайды
Астырып алып сабаттың!?
Алсаң го алгын аялын
Ал эмне үчүн сабайсың?
Айбынды албай мойнуңа
Же кирген бекен башында
Ыйманбай энең койнуна
Илгерки элдин макалы,

Кыргызда бар ылакабы:
«Бүлүнгөндөн бүчү алба
Тоогун жесең каз байла!»
Бүбүкандан айрылып
Ымамбай жүрөт кайгырып.
Кыздай көрдүң жубанды
Жер кучактап бу калды.
Бектигиңе чиренбе
Дөөлөтүңө ишенбе
Кыянат кылдың көрүнөө!
Бечараны кор кылба
Бекзат болсоң Кулубек
Кыз алып бер ордуна.
Ырысы жок бейтаалай
Ыраазы болсун Ымамбай.
Мен айтамын ибадат.
Сен кылбагын кыянат,
Тартасың анын кысасын
Акыры түбү кыянат.

## ҮРКҮН (I)

Алдаш Молдо мен атым,
Акындык менин санатым.
Алсам колго калемди
Заманынын сыпатын
Жакшы менен жаманын
Жашап турган адамын
Баян кылып кызалга,
Жаза салган адатым.
Кулак сал сөзгө агайын
Аз гана көңүл ачайын.
Уккула кары жашыңар,
Үркүп келдик Алты-Шаар.
Кайран эл карып болдуңар
Кайгы, зарга толдуңар.

Кыштан чыгар үйүң жок
Кыш чилдеде тоңдуңар.
Уккан жалган, көргөн чын
Кедейлер алсыз, байлар тың.
Соодагерлер кутурду
Буттап сатып апийим
Үркүндө кылды кесирди.
Жетим менен жесирди,
Бир жагынан будалап
Манаптар шайын кетирди.
Кай бирөөлөр ошентип
Кылып жүрөт кесирди.
Мен айтайын көргөндү
Азап тартып өлгөндү.
Катыныңдай доо кылат
Карга уулунун жесирин.
Көрчү байдын кесирин.
Күйөөсүндөй доо кылат,
Күрүчбектин жесирин.
Уурулук эле кесиби
Тушоосу менен чечилди.
Деги түбү тиет го
Эл-журтка мунун кесири.
Көнгөн жаман адатка
Кедейдин бирден чологун
Уурдап катып жашырып,
Барскоон менен Тамгага,
Жаргылчактын кара бадалга,
Анжиян, Оштун базарга
Айдап барып сатычу.
Бул жерге эми келгени
Жалгыз өзү  билчүүдөй,
Чайнабай жутуп ийчүүдөй,
Шымаланат жулунуп.
Нөөмөт бербейт сүйлөсө,
Жин тийген иттей кутуруп,
Тегеренип кылтылдап,

Чечекейи токтобойт.
Деги адамдын көзүнө
Эч убакта окшобойт.
Ошон үчүн айтам да,
Окшотомун шайтанга!
Шайтандан сабак жат алган,
Шадыкан, Шамыр ажыдан,
Саат көз деп аталган.
Арызданып барган Батмакан,
Ыйын укту Амбалдан.
Дининер бирге мусулман
Арызынды боолоп жибергем.
Бүрөсүң казы муфтудан.
Келсек муфту сурданган,
Мүнөзү бар уу чалган.
Ак-Суунун казы муфтусу
Таква, алим мыктуусу,
Чалган экен башына
Ар бириси он кезден,
Дакеден ороп чалманы,
Чалма эмес дамбалды,
Параны алып сээрден,
Казы менен муфтудан.
Калыс көрдүм мен өзүм,
Капырлыгы болбосо,
Какан өкмөт амбалды,
Чардайган экен кардыңар.
Байкап же муфту, казылар
Бай-манап берген параны.
Кедейлердин аялы
Чыдабайт андай кордукка,
Саат көз кылган зордукка,
Байкаңар казы, муфтулар
Арам менен адалды
Ажырата билбейсиң,
Айбан менен адамды.
Берсе пара жеп алып,

Ачууланып тилдейсиң.
Шарияттан жол сурап,
Алдыңа келген аялдын,
Казы менен муфтуңар,
Амбалдын сыйын уктуңар,
Адилеттик кылбасаң,
Шарият кантип туттуңар?
Минтип жүрсөң шумпайлар,
Ажалдан мурун жуттуңар!
Же дин башчысы алимдер,
Кызыталак залимдер,
Таптыңар кайдан шарият?
Тетири бата кылсаңар
Кедейден кардың жарылат,
Көчөдө каның чачылат,
Силердин карын жарылса,
Жетим-жесир кедейдин
Ошондо көөнү ачылат.
Алсаңар пара арам – деп,
Куранда айтып турбайбы,
Жалган десең куранды,
Силерди кудай урбайбы!
Берсең да пара арам – деп,
Бекерге хадис айттыбы?
Пейлиң курган бетпактар
Бекер сээр абдан таттуубу?
Аныгын айтып аяттын
Акысын коргоп аялдын.
Далилдеп аят хадиске
Сувал берсем муфтуга,
Соолгон сокур казысы
Сол жактан чыгып асылды.
Карыш түйүп кабагын,
Кайыштан камчы балагын
Кармап турат колуна,
Алтымыш балак жонуна,
Уруксат сурап муфтудан,

Урганы турат оюнда.
Казы айтат: «Балак урам – деп,
Дининди кабыл кылам – деп,
Лаппай таксыр! – дедирип.
Падышасына ок аткан,
Жоон тумак кызыталак
Буланчы кыргыз күй тумак
Уруксат таазир урамын,
Тукумун бүтүн кырамын!»
Мына минтип казы-акун
Кетирди менин амалым,
Кандай айла кылсам – деп,
Мен мусапыр ошондо,
Ичимден ыйлап кудайга,
Мунажат кылып турамын.
Ак-Суунун казы, муфтусу,
Аябай кылды чоңдукту,
Нафсисине күл тартып,
Казы, муфту мунафик
Булар шариятты будалап,
Динге да кылат зордукту.
Шашпагын казы-муфтият,
Туш келсе заман уруят,
Кедейдин багы ачылат.
Эсебиң эптеп табылат
Жеп жүрүп арам семирген
Чардайган курсак жарылат.
Азууңар ташка чагылат,
Мээңер баштан кагылат,
Каныңар суудай агылат,
Кордук тарткан биз өңдүү,
Жетим-жесир кедейдин,
Ошондо көөнү ачылат.
Насып кыл деп кудайым
Күндө үч убак ыйлаймын.
Көрсөтө көр деп бакырга
Мен айтайын эмкисин,

Уруят заман белгисин,
Кылычтан өттү «зар заман»
Андан кийин мен жазган
Ал дагы өттү «хал заман».
Үстүндө азыр турабыз
Мына бу турган тар заман
Артыкча кыргыз элине
Эң эле кор, кар заман,
Эми болот тең заман,
Эң эле зор кең заман.
Бай жардыга тең болбойт,
Бай-манап сөзү эм болбойт,
Алып берет теңдикти,
Уруят заман эркинди,
Тартып алган бай-манап,
Болуштук хутор, соодагер
Кууп чыгып кедейди,
Тегерете там салып,
Коруп алган жериңди.
Кедейден өкмөт шайланат,
Пара берип болучу
Кум куюлуп, бий болуш,
Оозу жипсиз байланат,
Майкор, сүткор, соодагер
Кызыл кулак жок болот.
Моминтип кедей, кембагал,
Түбүңдөн ишиң оңолот.
Жетим-жесир миң койго
Өзүнөн өзү ээ болот.
Кара кыргыз эл-журтум,
Казалга жазып усулун
Уруят заман угуздум.

Алдаш Молдоң апендиң,
Алды колго калемин.
Журт ээси агайын,
Баарыңа жазган саламым.

Жаздан калбай көчөлү
Жөө-жалаңдап жетели,
Кең Ысык-Көл, Жети-Суу,
Киндик кескен жериме,
Уруяттын маанисин,
Түшүндүр бириң-бириңе.
Көчпөй бирөө калбасын,
Жардамдаш ага-иниңе.
Кысылгандан сатпасын
Кысталып катын-баласын.
Калса уулуң кул болот,
Кызың калса күң болот!
Өмүр бою тукумуң,
Башыңа түшкөн түнөрүп,
Капкараңгы түн болот!
Азамат деген Ленинди,
Ааламга аты билинди.
Уруятын узартса,
Көзүн ачат элинин,
Тушоосун чечет элимдин,
Чачат журтка билимин.

## ҮРКҮН (II)

(*1917–1918-жылдар. Ак-Сууда*)

Алты-Шаар шаркы[1] Түркстан
Аңтара бүткөн жер экен.
Артыкча Ак-Суу, Үч-Турпан
Азапка бүткөн эл экен.
Ак топурак борпурап
Боз чаңдаган шор экен.
Абыдан эли эзилген

---

[1] *Шаркы Түркстан* – Чыгыш Түркстан.

Байларга кедей кор экен.
Жансактап кантип жүрөбүз.
Жакшылык кантип көрөбүз.
Жүрө берсек бу жерде
Ачкалыктын айынан
Азап тартып байынан
Ажалдан мурун өлөбүз.
Кийгени өтүк кен экен.
Отура калсаң кокустан
Казылбастан дапдаяр
Жери көмө калчу көр экен.
Тазасынан тазы көп.
Талаасынан сазы көп.
Саздан жугат безгеги
Кургак учук кулгуна
Котонжара, сезгеги.
Жесирден алат аялын
Ой, тобо ай, кайсы бирлери
Кыздан качат экен эркеги.
Жакасында көлү көп
Адырынан чөлү көп,
Жегени малдын делбе чөп.
Тоосу токол турбайбы
Чарба малга жайыт жок
Муну жерлеген эли курбайбы!
Бөксөсү какыр кул экен,
Адамы алдамчы капыр шум экен.
Жайы ысык, кышы суук
Колу-бутун үшүтүп
Аксаганы көп экен.
Карыш жылып эки эли
Баспаганы көп экен,
Жылаңачы тырманып,
Ачкасынан ыргалып,
Кайырчы менен дувана,
Тиленчи, календери суранса,
Кабылып калса адамга,

Каршы бура бастырбай
Акысы бар немедей
Асылып алат далайга.
Богогу салак, чар тамак
Болкулдаган бир акмак
Жалган айтып ант кылмак
Адаты экен бу элдин,
Таразадан алдамак.
Ар кимиси өзүнчө
Жасап алат тараза.
Таразасын караса
Экини бир дейт аларда.
Бирди тартып эки – дейт
Кайра сага сатарда
Мен соодагер эмесмин
Базарга басып келбедим.
Акчасы пулдун эсебин
Эки жыл болду билбедим.
Ар бир шаары өзүнчө
Тешик жармак көбүнчө
Жезден соккон дачаны
Күмүштөн соккон жачаны
Чүпөрөк, сөөк, камыштан
Чыгарат экен акчаны.
Айталбайм андан башканы
Бир шаарынын теңгеси
Кагаз акча тезеси
Экинчи шаарга барганда
Жүрбөйт экен эмнеси?
Адашып башым маң болду
Бир тешик пулун эки – деп,
Алты-Шаардын элдери
Тобо кылдым кудайга
Санашат экен делбеси.
Ушул үчүн эки жыл
Акылың болсо болжоп бил
Акча эсебин айтууга

Оозумдун эби келбеди.
Адырайган ак-суулук
Котурайган турпандык
Коонуна кой алды
Дарбызына тай алды
Эзелден этти жебеген
Этеги тилик делбенин
Кабыргасы май алды.
Заңыты экен, бул элдин
Жүз саржандан жүгүрдүк
Кошомат кылып бектерге
Кызына куда түшчүдөй
Кулдук уруп алдына
Кол куушуруп жүгүндүк.
Жүгүнсөк да жакпадык
Жүгүрө жүрүп чарчадык.
Эч береке таппадык,
Ажырап кайта кетерде
Жүгүнбөй эле тим койбой
Сүзүшө кетчү кочкордой
Артыбызга он саржан
Жана кетенчиктеп жүгүндүк.
Таазим кетип талаага
Кошомат кетип куруга
Шаңыя[1] менен бектерден
Шалдыраган иттерден
Үч көчкөн журттай түңүлдүк.
Тынч алалбай бир жайга
Ары-бери сүрүндүк.
Айкын ачык талааны
Ак сарай үйдөй жай кылдык.
Айдап жүрүп чарбадан
Абыдан такыр айрылдык.
Урматы жок элинде
Уяты жок кебинде

---

[1] *Шаңыя* – азыркыча биздин райисполком катарында.

Энеден сөгүп тилдешет
Киши эле көзгө көрүнсө
Энесин сөгүп тилдеши
Эч бирине айбы жок,
Атайлап алган зайбы жок.
Күтүп алган кайны жок,
Эч нерседен дайны жок.
Тентип жүргөн эл экен,
Турук албай бир жерге
Желип жүргөн эл экен.
Артыкча бар шумдугу
Айтып берсем мен муну
Таң атканча чогулуп
Жамылда[1] кумар ойнойт улугу
Ичкени арак-шарабы,
Сүйгөнү чокон жалабы
Жегени апийим тамагы.
Тамаки тартат ашааны
Баңгы турмак кумарчы
Болгон соң мунун улугу
Байкап өзүң карачы,
Анын кандай болот эл журту.
Шайтан экен шаңыясы
Балакет экен башшабы.
Бейпааны экен бектери
Бейжалдар теңдик бербеди.
Бечаралар карып – деп
Колунан жардам келбеди.
Качыр кошкон мапыны[2]
Жөө айдатып амбалы
Догондо түп доргосун[3]
Мунун чыгарат экен жоргосун.
Балагын аттай таптаган

[1] *Жамыл* – Кенсалары амбалдын.
[2] *Мапы* – избоччик 2 дөңгөлөктүү.
[3] *Дорго* – жигити амбалдын жана кечери.

Сабына союл саптаган
Булгаары көндөн каптаган
Калаасын багып сактаган.
Түн уйкуда жатпаган
Ушул Ак-Суу шаарынын
Куван баштап Касымы
Күчүктүн жетип чагымы:
«Сандыргалуу шаарынды
Шаңген шаңыяларыңды
Муфти галим, казыларыңды
Казелге жазып баарыңды
Акарат кылып кебиңди
Айыптап сөгүп бегиңди.
Адилет уруят чыгат – деп,
Бузуп жүрөт элиңди»
Деген экен ушактап
Балагын келди кучактап,
Касым баштап калдырап,
Кирип келди шалдырап.
Кубан баштап кулдурап,
Кытайча сөгүп чулдурап.
Лоя дая сыясы
Жантур вантур доргосу
Тегеректеп торгоду,
Түндө келип үйүмө
Коркутуп катын-баламды
Эки көзү жайнады.
Астына салып айдады
Жамылды көздөй дуңчуга
«Кызыталак дейт унчукпа
Каракчы баштап Касымы
Кумарчы баштап Куваны
Куруга карап турабы.
Кандай жаздың кебини – дейт,
Сөгөсүң неге бегини – дейт.
Хуруят заман чыккан – деп,
Бузасың неге элини – дейт.

Калбады жаным мазасы
Калбайын дедим күнүгө
Элүү сээреге көрөгө
Карматтым эки баламды
Кемел менен Жамалды
Мажыса, Акун Пинфанфа
Ак-Суулук эки дунганга.
Азезил желдет баштантар
Алды элүү сээримди
Кошо алды коркутуп
Токунуп жүргөн ээримди
Көрпөчөмдү сурансам
Көрбөдү аны ант урган.
Аялын алган казактан
Лакабы анын ломачан
Хожулук дунган лосан
Анык экен мусулман
Ракмат айтам ушуган.
Жардам кылды сүйлөшүп
Арага түшүп дуңчудан,
Азаптан башым кутулткан.
Желмогуз Күчүк мытайым
Кана жеп койдубу кытайың.
Бербейсиң деп жесирим
Кылганың толу ушубу
Элүү сээрге кесириң.
Акылың болсо ойлогун
Ата Журтуң элиңе
Арамдык кылсаң оңбойсуң.
Артыңды байкап болжогун
Убара Күчүк болбогун
Биз орустун элибиз
Жети-Суу биздин жерибиз.
Кесири тийип Гермендин
Кысасын тартып сендейдин,
Убара тартып уруштун
Убактынча келгенбиз.

Алты-Шаар бизге жер болбойт
Амбал сага бел болбойт
Медер кылба кытайды
Некелей тактан кыйшайды,
Баралаба кытайды.
Бадыша тактан кыйшайды,
Байналмилал хруят уруят
Жарыша чыгып Маскөөдөн
Булбулдай сайрап үн салды.
Көчүүгө бир аз күн калды.
Эсирбе күчүк көппөгүн
Эртең бирди көрбөгүн
Кийинки күндө өзүңө
Өкүнүп бөөдө жүрбөгүн.
Алдыңды карап ышкыргын
Аркасы тийбейт кытайдын
Акмак болбой тынч жүргүн.
Айтканга күчүк көнөрсүң
Журттун бетин көрбөссүң.
Же көнбөсөң күчүгүм
Көчпөй калсаң бу жерде
Күчүк тургай ит болуп
Кыйноосун тартып кысталып,
Кытайыңдан өлөрсүң,
Журттун бетин көрбөссүң.
Же көрбөдүңбү күчүгүм
Кытайдын дарга тартканын
Топ-тобу менен атканын,
Эң эле жеңил жазасы
Мойнуна шал асканын.
Сасып чирип камалып,
Каршы-терши устунга
Бутунан көгөөн дыңзыя[1]
Бок-сийдикте жатканын.
Аябай кылды чоңдукту.

---

[1] *Дыңзыя* – тилмечти айтат.

Шариятты будалап,
Шайтандар кылды кызыкты.
Напсисине күл тартып
Муфти, казы, мунафык[1]
Динге да салды бузукту.
Окуп көрсөм гезитин
Гылы ахун шаңзун бегимди
Кулатып бадыша залимин
Балкондик жандырылысын
Питр, Маско элинин
Жарыгы күндөй тийиптир.
Хуруяты чыгып Лениндин
Ишенгиле эл-журтум
Төгүнү жок кебимдин
Мен айтайын эмкисин
Хуруят заман белгисин
Кылычтын өттү «Зар заман».
Андан кийин мен жазган
А дагы өттү «Хал заман».
Үстүндө азыр турабыз
Мына бу турган тар заман.
Артыкча кыргыз элине
Эң эле кор кар заман
Эми болот тең заман
Эң эле зор кең эаман.
Бай жардыга тең болбойт
Эчкимге кедей жем болбойт,
Эркектен аял кем болбойт
Бай-манап сөзү эм болбойт.
Алып берет теңдикти
Хруят заман эркинди
Тартып алган бай-манап
Кууп чыгып кедейди
Тегерете там салып
Помошник котур, соодагер

[1] *Мунафык* – акмак-бузуку деген сөз.

Коруп алган жеринди,
Кедейден өкмөт шайланат
Бара берип болучу
Кум куюлуп бий-болуш
Оозу жипсиз байланат.
Майкор, сүткор, соодагер
Кызыл кулак жок болот.
Моминтип кедей-кембагал
Түбүнөн ишиң ондолот
Жетим-жесир миң койго
Өзүнөн өзү ээ болот.
Караңгы кыргыз эл-журтум
Газелге жазып усулун
Хруят заман угуздум.
Алдаш Молдо афендиң
Алды колго калемин
Журт иеси агайын
Баарыңа жазган саламым.
Жаздан калбай кетели
Жөө-жалаңдап жетели
Кең Ысык-Көл, Жети-Суу
Киндик кескен жериме
Хрууяттын маанисин
Түшүндүр бириң-бириңе.
Көчпөй бирөө калбасын
Жардамдаш ага, иниңе.
Кысылгандан сатпасын
Кысталып катын, баласын.
Калса уулуң кул болот,
Кызың калса күң болот.
Өмүр бою тукумуң
Башына түшкөн түн болот.
Ушул жерден кыскартам
Хруят заман баянын
Сөзүм бүттү тамамат
Дува кылып кол жайгын.
Кудайга жаны аманат

Хруятты чыгарган
Жашасын Ленин азамат.
Шашпагын казы, муфтият
Куш келди заман хруят
Кедейдин багы ачылар
Эсебиң эптеп табылар
Жеп жүрүп арам семирген
Чадайган курсагыңар жарылар,
Азууңар ташка чагылар.
Мээңер ооздон кагылар,
Каныңар суудай агызар.
Кордук тарткан биз өңдүү
Кедейдин көңүлү ачылар.
Насип кыл деп кудайым
Күн үч убак ыйлаймын,
Көрсөтө көр деп бакырга
Дармансыз шордуу карыпка,
Хруят теңдик заманды
Же кез келбестен зарыгып,
Ушул Ак-Суу шаарынын
Каарын тартып казынын,
Мүшкүлүн тартып казынын,
Мүшкүлүн тартып муфтунун
Казабында каламбы.
Же болбосо кез келип
Кегимди бир күн аламбы.
Кабыл болсун тилегим
Калкылдап кагат жүрөгүм.
Кабылчудай каймана
Хруят күтүп жүрөмүн.
Жардам кылар кишим жок
Өзүмдү өзүм сүрөймүн,
Же учсамбы десем Маскөөгө
Чалгыны чыкпайт канатым
Убактысыз талпынып.
Убара болуп жатамын.
Уктасам учам түшүмдө.

Ойгонсом жатам үйүмдө.
Же кат жазсам Ленин табамбы
Жөө жүрсөм жетип барамбы,
Калкка нурун тийгизген
Кайран, Ленин, аманбы.
Азамат дегин Ленинди
Ааламга аты билинди,
Уруятын узартса,
Көзүн ачат элинин
Чачат журтка илимин.

Кытайда (Текесте) туулуп, чоңоюп, ушул кылымдын алтымышынчы жылдарында Жети-Өгүз районунун Чырак айылында молдолук кылып турган Казый Токтакун уулунун Текес, Кулжа тарабындагы кыргыздарга Алдаш Молдонун газалдарынан, ырларынан жазып алган дептеринен (араб тамгасы менен) Абдулхай Алдашевдин колуна 1987-жылы түшкөн.

## АЛДАШ МОЛДОНУН КАЗЕЛИ

Аттап кадам басайын.
Аз аңгеме сөз кылып,
Ысык-Көлдү жазайын.
Ойлоп кадам басайын,
Оюма аз келтирип,
Ысык-Көлдү жазайын.
Аза жерим ага-ини,
Аз гана мисал чачайын.
Капалык болгон көңүлдү
Суу сепкендей басайын.
Касиеттүү Ысык-Көл
Башка жерге калганда
Артык турар авасын
Кадырга кантип албайлык

Кең Ысык-Көл жакасын.
Бөөт-бөөт көлүң-ай!
Бөөдө жаман арыкты
Буудайдан мурун көтөргөн.
Буруксуган чөбүң-ай!
Жылдыздап аккан көлүң-ай!
Алсыз жаман арыкты
Арпадан мурун көтөргөн
Асыл артык жериң-ай!

Булбул менен торгою
Үн алышып сайраса
Муңдуунун ачат көөнүн-ай!
Жайлоо менен төрүң-ай!
Кызыл-жашыл сарала.
Буруксуган гүлүң-ай!
Жайдын күнү болгондо,
Жайып койгон килемдей,
Жаркыраган түрүң-ай.
Жайлоо менен сазың-ай!
Жарышып чапкан аттай бол,
Жайылып учкан казың-ай!
Өзөн менен сазың-ай!
Үрккөн койдой көп учат,
Өрдөк, чүрөк, казың-ай!
Шамал менен бороон жок,
Жаркыраган жазың-ай!..
Жабылып шып конушат,
Жайлоосу шыбыр сазыңа-ай!
Кайра сабап учушат
Кашкалдак, өрдөк, казың-ай!
Какыраган ташы жок
Ат чабуучу түзүң-ай!
Айнектей болуп агарган,
Жаркыраган жүзүң-ай!
Жарды, байы тең болуп,
Жан сактаткан өзүң ай!

Бөксөсүнөн карасаң,
Элиги таптак секирген.
Чубалашып жүгүрөт,
Баткалаш кыя-тектирден.
Элиги черде бакырган,
Букасы сазда өкүргөн,
Коён менен түлкүсү,
Кош аяктап секирген
Адам билип боло албайт
Кекилик менен кептерин
Каптай салып учушат
Каркыра менен тоодагы.
Балык менен бакасы
Аралашып ойношот
Дарыя чалкар суудагы.
Элеңдеп карап турушат
Эчки-теке тоодогу.
Букчуңдашып сүзүшөт
Бугу, марал бу дагы.
Жайылышып жүрүшөт
Кашкулак, аюу тоодагы.
Адис болгон мергендер
Асынат мылтык оо дагы.
Аңдып жүрүп мергендер
Атып алат бу дагы.
Козу этинен аз эмес
Канаттуудан тоодагы.
Жылгасынан агады,
Жылып суулар оо дагы.
Белгенимче мен жазып,
Сөз аңгеме кылалы.
Касиеттүү Ысык-Көл,
Жылдыздар аккан булагы,
Көңүлдү чайыттай бир ачат
Топурагы алтын турагы.
Ат боорунан буралат
Бетеге менен шыбагы.

Коктусунан жайылат
Койдой чубап коёну
Кой ордуна союшуп
Бечаралар тоёду.
Касиеттүү Ысык-Көл,
Кайың менен тереги.
Усталары иштетсе,
Бу да адамга тиет кереги.
Карагай, тал арчасы
Адам үчүн жараткан.
Толуп жатат канчасы,
Бир нерсеси кем эмес
Табылгы, четин, ак кайың
Агачтан бу да кем эмес.
Аралаш чыккан куурайың.
Дыйкандар күздө орушат
Арпа, таруу, буудайың.
Касиеттүү Ысык-Көл,
Бакасы көлдө чардаган,
Балыгы көлдө жайнаган.
Кубаты күчтүү кудайым,
Күңгөй менен тескейди,
Кара таштан зоо кылып,
Каша кылып кармаган.
Ооруларга даба болуп,
Ар кайсы суу башында,
Арашаны кайнаган.
Күңгөй менен Тескейден.
Нечен суулар куйса да,
Ташып чыгып четинен
Башка жакка ачып да
Бир кулак суу барбаган.
Каз, өрдөгү билинбей,
Көлдү көздөй каптаган.
Жайылганы билинбей,
Улары тоону сактаган.
Илбээсини көбүнөн

Нечен киши уктабай
Бүркүт, кушун таптаган.
Кой көздөгөн сары адыр
Орто кылып жаратты
Тепке менен тасманы
Күңгөй менен Тескейге.
Толто кылып жаратты.
Кум-Дөбө менен Сары-Дөбө
Тушташ кылып жаратты.
Бөйрөмчө көңдөй талаасын
Бурчтуу кылып жаратты.
Мандайында Бөрү-Баш
Учтуу кылып жаратты.
Жети-Өгүздүн күн батыш
Кара-Күңгөй тоосу бар,
Башында карлуу зоосу бар.
Чала кескен киндиктей
Оргочор деген тоосу бар.
Сепил кылып жаратып
Күңгөй менен Тескейде
Кара таштын зоосу бар.
Орто жери ойгондой
Ысык-Көл деген ноосу бар.
Касиеттүү Ысык-Көл,
Илбээсини мындан көп,
Ителги, кушун салгандай.
Каз, каркыра, тоодагын
Карчыга илип алгандай.
Калайык журт – баарысын
Кадыр-баркка малгандай
Кубаты күчтүү кудайым,
Жаратат экен ар кандай.
Башка жерден эң сонун
Адам айран калгандай.
Кылкуйрук, өрдөк мындан көп
Касиеттүү Ысык-Көл

Кызыр[1], Илияс[2] чалгандай.
Тизип койгон шурудай.
Бөксөсүндө карагай,
Алла Таала кудурет,
Жаратат экен ар кандай.
Башка жерге калганда
Авасы мунун артады.
Карып болгон адамды
Өз ичине тартады.
Кымыздыктуу жылгасы
Кең Ысык-Көл авасы
Кыйла жерден артык дур,
Каракол шаары чамасы.
Коктуларын айтайын
Козу кулак менен ышкынын.
Мөндүрдөй болуп күбүлөт,
Жөргөмүштүн башканы.
Эликтери инектей,
Балтырганы билектей.
Кашкулагы кашкырдай,
Кашкырлары качырдай.
Коёндору козудай
Бул тиргени баштыктай
Карагаты күбүлөт
Күзгү бышкан аштыктай.
Жайлоосу бар шибери
Жазы, жайык – кең эни
Түркүн гүлдүн түстөрү —
Табигаттын килеми.
Басып жүрсө килемин
Муңдуу болгон адамдын
Бир көмүтөт жүрөгүн.
Касиеттүү Ысык-Көл
Орто жери ойгондой

[1] *Кызыр* – ак кишини колдоп жүрчү миф.
[2] *Илияс* – пайгамбардын аты.

Кара таштан зоо кылып,
Сепил салып койгондой,
Көрбөгөн жан бир көрсө,
Көңүлү карк тойгондой.
Тегереги тептегиз.
Теги сонун жер экен
Сепил салып койгондой.
Нечен калкты батырып
Суу башында төрлөрү,
Жакасында жаркырайт
Күмүш болуп көлдөрү.
Жаратат экен кудайым
Артыкча жердин каухарын
Бу дүйнөнүн жаннети
Алтындуу сарай жаухарын.
Адыр-адыр жерлери
Арта салыш белдери
Өзөн-өзөн суулары
Өзгөчө сонун көрүнөт
Өзгөчө сүзгөн куулары.
Башка жерден таптаза
Агып жаткан суулары.
Кызыл-Кыя, Санташы
Баш дарбаза быягы
Кочкор, Жумгал, Көтмалды
Ысык-Көлдүн аягы.
Күндү белек башында.
Жыргап жатат калыгы.
Боз-Учук, Түргөн жеринде
Болуктап жатат арыгы.
Арык, белек атанын
Жазылыптыр тарыгы.
Күңгөй, Тескей көчүктө
Жыргап жатат саягы
Кара кучкач, ботугул
Тескей көчүк быягы
Качканак менен бышымы

Жулжуган менен кузгуну
Жамантай менен урусу
Акылбек менен тортогу
Бокотой менен барагы
Чийбилек менен чунагы
Ырыстай менен кудаяр
Ай, асказан менен аңылдак
Жатасың да кабылдап.
Капкалуу шаар Каракол —
Түрлүү алма шагы бар,
Дүкүйүп жаткан багы бар,
Сарт[1], ногою аралаш
Ичинде дунган дагы бар.
Кайың менен тереги
Карагай, жыгач, талы бар.
Телегейи тептегиз
Дүнүйөсү жамы бар.
Айчылыктан сөз келсе
Көз ачкыча жеткизген
Болоттон кылган зымы бар.
Карагайдын бооруна
Качып койгон чыны бар.
Капкалуу шаар Каракол,
Калдайып жатат орусу
Касиеттүү шаар экен
Кадимден болду конушу.
Кең Жети-Өгүз жеринде
Коңурат, дөөлөс, саруусу
Кызыл-Суу, Жууку жеринде
Дуулап жатат баарысы.
Көл бетине калганда
Жети-Өгүз жердин соорусу
Барскоон, Тамга барында
Бапа, желдең баарысы
Жашактай жатат өзүнчө

---

[1] *Сарт* – уруу.

Кайык-журттун жамысы.
Тоо менен Тосордо
Жакшылык, Торгой, Кыдыкта
Жаратылмыш маклуктан
Эсеп алар кудайым
Лауахил манбуз сызыктан
Тынччылык берсин кудайым
Жер жүзүндө бузуктан.

## МАКАЛДАР

(*Токтакунов Казый тапшырган дептерден көчүрүлдү*)

Биринчиден не жаман?
Коко чыккан жер жаман.
Койнуңда жаткан катындан,
Чоочуп калган эр жаман.

«Урият[1] заман болду» – деп,
Баса берди катындар,
Барга-жокко тең заман.
Бей-бечара, бакырга
Берекелүү кең заман.

Жыл эсепке киреди
Чычкан бирлан чаяндар
Жыргап жатат дайрада,
Нечен түрлүү жаяндар.

Алды барды он жерге,
Аркасы калды алты эрде,
Асты, уялбады аялдар.

---

[1] *Урият* – эркиндик.

Жыл эсепке киреди
Жылкы менен мечиндер[1].
Ажырап калды катындан
Таңдайы жарган чечендер.
Уят деген нерсе жок,
Сонун көрүп катындан,
Баса берди нечендер.

Нечен күнү күн жааса
Чөп чыкпайды какырдан.
Бей-бечара, бадирек[2]
Ажырап калды катындан.

Бей-бечара, бакырдын,
Кетип калып катыны,
Минтип кордук көргөнү.
Маңдайына бүткөнүн
Кийип кетти катыны
«Кайсыныңа турам» дей,
Бай булуна кызыгып
Байлар менен манапка
Тийип кетти катыны.

Совет өкмөт жашасын,
Кедейге жардам бергени.
Байлар менен манаптын,
Тамырын кыркып көмгөнү.
Советке каршы чыккандар
Казасы жетип өлгөнү.

Экинчиден не жаман?
Эркечи жок кой жаман.
Катыны кетип теңсинбей,
Тентиреп калган бой жаман.
Үчүнчүдөн не жаман?

---

[1] *Мечин* – үлүл, моллюск.
[2] *Бадирек* – батрак, нукура кедей.

Аялы жок үй жаман.
Төртүнчүдөн не жаман?
Төрөсү жок журт жаман.
Ooру-соосун билдирбей,
Ичтен жеген курт жаман.
Экиге бөлүп партия
Эзилишкен журт жаман.
Бешинчиден не жаман?
Пейли кеткен бай жаман.
Берекелүү суу акпай,
Таш-корумдуу сай жаман.
Алтынчыдан не жаман?
Андышкан тууган бу жаман.
Кайбат сөздү көп айтып,
Арам кыял эр жаман.
Айдаган менен өнбөдү
Коко чыккан жер жаман.
Жетинчиден не жаман?
Жетеси жок кул жаман.
Өзүнөн өзү жээлигип,
Жесир катын – тул жаман.
Желелетип жазамын
Жомок кылып бул заман.
Сегизинчи не жаман?
Жергеси жок эр жаман.
Өзү кыска сөз айтып,
Оодарылган бу заман.
Жалгыздык түшсө башына
Жапа чегээр уул адам.
Тогузунчу не жаман? —
Оозун бууган уй жаман.
Бир ооз сөзгө жарабайт,
Томпоюп турган ол жаман.
Онунчудан не жаман? —
Ойлонбой айткан сөз жаман.
Какшык кылып кайтарып,
Карагучу көз жаман.
Билишимче мен жазып,
Токтоп болду сөз тамам!

## ОРМОН – БАЛБАЙ

Алдаш Молдо апенди
Алды колго калемди.
Аз гана баян кылады
Авалкы өткөн заманды.

Өкмөт берди теңдикти
Кедейлер алды кеңдикти.
Колума уштап калемди
Байкап турсам заманды:
Жаратылган дүнүйө,
Адам ата, Ауа эне[1]
Байгамбарлар баары өттү.
Улукман хаким[2] кары өттү.
Үрүстөм[3] дастан эр өттү.
Азирет Аалы[4] шер өттү.
Омор[5], Осмон[6] жар өттү.
Отуз үч миң сахаба[7],
Олуялар баары өттү.
Опсуз кылым жана өттү
Идрис[8], Иса[9] тирүү өттү.

---

[1] Диний түшүнүктөр боюнча кишинин эң биринчи атасы – Адам, энеси – Ава!

[2] Аты Куранда кезиккен табып, дарыгер, акылман, миң жашаган аким.

[3] Фарси акыны Абул Касим Фирдоусинин «Шах наме» дастанынын негизги каарманы.

[4] Мухаммед пайгамбардын төрт досунун бири, жакын тууганы жана күйөө баласы, аскер башчысы, кийин халиф болгон.

[5] Мухаммед пайгамбардын төрт досунун бири жана кайын атасы, 634–644-жылдары халиф болгон.

[6] Мухаммед пайгамбардын төрт досунун бири жана күйөө баласы. Биринчи куран ушул кишинин колу менен жазылып жыйналган.

[7] Мухаммеддин айткандарын калкка таратып, ислам динине үгүттөөчүлөр.

[8] Бул дүйнөдөн тирүү өткөн (эч жерге көмүлгөн эмес).

[9] Христиан docининде Иисус Христос кудайдын баласы. Исламда бул дүйнөдөн тирүү тиги дүйнөгө өткөн эки пайгамбардын бири.

Искендер[1] менен Сулайман[2],
Наамурид Шиззат[3] кан өттү.
Заркум Салсал жана өттү
Сахип кыран баары өттү.
Имам Агзам[4] азирет
Абу[5], Юсуп[6], Мухаммед[7]
Муштахиттер[8] жана өттү.
Нечен кылым эр өттү,
Кожо Ахмат Яссави[9]
Каусул Агзам[10] пир өттү,

---

[1] Гректин падышасы Александр Македонский биздин доордон мурда өткөн.

[2] Ислам дини боюнча пайгамбар. Европалык тарыхта Соломон падыша деп аталат.

[3] Уламышта капырдын падышасы. Өзүн кудай жарыялап, башка кудай бар болсо атышам, аны өлтүрөм деп атайы бүркүттүн балапандарын багып, моюндарына кайык илип асманга чыгып жаа аткан. Анда Алла Таала: «Байкуш көңүлү калбасын, Жебирейил, анын огуна балыкты тосуп бер» – деп буюруптур. Ошондуктан балыктын бакалоору тешик болуп калган имиш.

[4] Ислам дининдеги төрт имамат багытынын бирин баштаган, чыгыш түрк элдерин мусулман динине киргизген киши.

[5] Абу Али ибн Сина 980-ж. Бухаранын жанындагы Афшана кыштагында туулуп, 1037-жылы Иранда өлгөн. Укмуштуу окумуштуу, философ жана дарыгер. Европага Авиценна деген ат менен белгилүү.

[6] Баласагандык Юсуп, Токмоктун Буранасында (Баласагын) XI кылымдын башында туулган акын, философ.

[7] Махмуд Кашкаринин башкача аты болушу ыктымал, анткени анын толук айтылышы Махмуд ибн Мухаммед ал Кашгари. Атактуу окумуштуу Ысык-Көлдүн Барскоонунда 1030-жылдарда туулган.

[8] Курандын жана Мухаммед пайгамбардын хадистеринин маанисин чечмелеген диний окумуштуулар.

[9] XII кылымда туулган, орто азиялык чоң акын. Анын сөөгү коюлган Туркестан (Чимкуент обл., Казакстан) шаарында кооз күмбөз турат.

[10] Шейх Абдулкадыр Геланинин олуялык аты. XII кылымда жашаган.

Нечен кылым калк өттү.
Манас, Кошой алп өттү
Ошол заман жалпы өттү.
Алмамбет, Чубак эр өттү
Ал замандын баары өттү,
Аркы атабыз Долон бий[1]
Андан бери караган
Адигине[2], Тагай бий[3]
Кыйын ишке жараган.
Сарбагыш[4], Бугу[5] бир тууган
Бир Кылжырдан[6] тараган.

Калемди колго аламын,
Азыраак баян кыламын.
Эркин тоонун заманын.
Аштык айдап чөп чаппай,
Арыктатып мал бакпай,
Айдап жүрүп мал баккан
Малы семиз Эркин тоо.
Бай, жардысы билинбей
Баары тегиз Эркин тоо.

Кунан, тайы минилбей,
Кур жүргөнүн айтайын.

---

[1] Агуул (Ак уул), Кубуулдун (Куу уул) атасы. Оңдордун санжырасы көбүнчө ушундай башталат.

[2] Оңдордун чоң уруусунун аты. Адигине Кашкар кандыгында кушбегилик кызматын аткарган.

[3] Адигиненин иниси, сарбагыш, бугулардын чоң атасы.

[4] Тагайдын байбичесинин кенже уулу, кийин чоң уруунун аты.

[5] Кылжырдан (өз аты Сарбагыш) тараган чоң уруунун аты.

[6] Тагайдын Сарбагыш деген уулунун мойну кыйшык болгондуктан «Кылжыр» деген атка конгон. Сарбагыш, бугу уруулары ушундан тарайт.

Кулу, бийи билинбей
Бир жүргөнүн айтайын.
Кыз, келини бир порум
Кийингенин айтайын.
Бермет менен шурудан,
Тагынганын айтайын.
Тутам толгон ак сөйкө
Салынганын айтайын.
Кызыл-тазыл, сарала,
Кымбат баалуу жибектен
Жамынганын айтайын.
Кызыл нарга жүк артып,
Кыз жетелеп чубалтып
Эрте көчүп, кеч конуп,
Эркин тоого ээ болуп
Эрки өзүндө кең болуп,
Эч кеми жок тең болуп.
Жылдызга[1] жылкы ашырып
Жыргап өткөн заман-ай!
Кара түпөк[2] найза алып,
Ыргап өткөн заман-ай!
Канча миңден жылкы айдап
Жыргап өткөн заман-ай!
Үч-Куштайдын[3] бөксөсүн
Жайлап жүргөн заман-ай!
Чыбыратып көп кулун
Байлап жүргөн заман-ай!

---

[1] Иле өзөнүнүн баш жагындагы жакшы жайлоонун бири. Азыр Шинжанга карайт.

[2] Найзанын бөрү тилинен кийин асабага таңган чачы. Жылкынын кылынан жасалат. Найзаны денеге өтө терең киргизбей, кайра сууруп алууга оңой болуу үчүн керек.

[3] Алтай тоосунун күңгөй тарабындагы бир өрдөштүн аты, Кытайга карайт, тыргоот калмактардын жери.

Текес[1] менен Күнөстү[2]
Жердеп жүргөн заман-ай!
Кысыр тайдын этин жеп
Кыштын күнү чилдеде,
Кымыз ичип буркурап
Тердеп жүргөн заман-ай!
Дүнүйөсү тептегиз
Толуп өткөн заман-ай!
Өкүмөтү өзүнөн
Болуп өткөн заман-ай!

Шарияттан жол сурап,
Сарт[3] акеден нарк сурап,
Адөөлөттү бийлери
Кылып өткөн заман-ай!
Куйрук кесип, кун бүтөп,
Чыбык кыркып доо бүтөп,
Билгенинче адөөлөт
Кылып өткөн заман-ай!
Убадасы бек эле,
Иш бузулмак жок эле,
Шариятка байланып,
Жардыгы байы айланып.

Жай жайлоосу бир болуп,
Жарды, байы бир конуп,
Уюшмасы көп болуп,
Урушканы жок болуп.
Ынтымагы бир болуп,
Ыракаты зор болуп,
Ынтымакка кирбеген

[1] Иле өзөнүнө суусу куюлган өрдөштүн аты. Кытайда калмактардын, кыргыздардын жайыттуу жери.

[2] Иле өзөнүнө суусу куюлган жайыттуу өрдөш. Кытайда.

[3] Бугу ичинде дөөлөс уруусунан, XIX кылымда жашаган акылман.

Ичи арамы кор болуп.
Жалгыз консо бир сууга
Чаптырып өзү кор болуп.
Жалгыз тайга зар болуп,
Сараң байы кор болуп.

Салт эле байларга:
Жардыларга күч бермек,
Саарына сүт бермек.
Мархабаттуу өздөрү.
Макал ушул сөздөрү:
«Мал байланаар казык – деп,
Бай жардыга азык» – деп,
Далил айтып бекитип,
Сараң байды кекетип.

Каршы эди сараңга,
Катышпаган арамга.
Калыс эди адамга,
Как ушундай адөөлөт
Канагаттуу заманда.
Ынсап кетти Ормондон[1]
Ынтымак кетти кыргыздан.
Ыракат кетти баарыбыздан,
Ыктыяр кетти колубуздан.
Алдырдык эркин конушту,
Аким кылдык орусту.
Кайсы бирин айтайын,
Калемди колго уштайын,
Кан Ормондон баштайын.

Кандан дөөлөт кетээрде
Зулумдугу көп болот,
Адөөлөтү жок болот.

---

[1] Сарбагыш уруусунун бийлик башчысы. Кандык даражага көтөрүлгөн.

Байдан дөөлөт кетээрде
Сарандыгы көп болот,
Сакабаты жок болот.
Калкка мээнет жетээрде
Калабасы көп болот,
Кайрымдуулук жок болот.
Касташаары көп болот,
Калыстыгы жок болот.
Элге мээнет жетээрде
Эки жааты көп болот
Ынтымагы жок болот.
Ниязбектин[1] Ормону,
Саякат кылды бир күнү,
Далаага чыкты көргөнү.

Оргочордун[2] жонуна,
Ормон чыгып олтурду,
Ойлоп акыл толтурду.
Тескей менен күңгөйдү,
Тегерете карады,
Жерди байкап сынады.
«Бетегелүү Ысык-Көл
Менин жерим болсо – деп,
Темир[3], болот[4], черикчи[5],
Тегерете консо» – деп,
Ормон жерге суктанды
Жер алууга ыктанды.

«Карагайлуу алкымы
Жайлоосунун салкыны,
Жайлоосунда төрү бар,
Көлдүн жээги шор экен,

---

[1] Ормондун өз атасы.

[2] Жети-Өгүз районундагы токол тоонун аты.

[3, 4, 5] Сарбагыштын чоң уруулары. Эл бийлегендеринин аттарынан коюлган.

Мал киндиги жер экен.
Жер соорусу турбайбы
Жердеген журту тунбайбы.
Орто жери ойгондой,
Эки жагы коргондой,
Тегерете караса,
Деги сонун жер экен,
Сепил салып койгондой».

Ормон жерге кызыкты,
Ойлонду далай бузукту:
«Кашкардын жолун каратып,
Анжыян жолун андытып,
Ат-Башы менен Нарынды,
Анда койсом кан кылып,
Үмөтаалы[1], Чаргынды[2].
Байтакты көлдү кылсам,– деп,
Баш ийбеген душманды
Кармап алып байлатып,
Кандыгымды билдирип,
Күнөөкөр кылып айдатып,
Башын кесип салайын.
Байтактым көлдү кылайын,
Багынтып муну сурайын.
Он эки айры бугунун[3],
Ойлоп ыгын табайын.
Кандыгыма көнбөсө,
Кайыпка чалыш бугуну
Калдыратып үркүтүп,
Калмактан ары өткөрүп,
Күнөскө айдап салайын,
Көлдү минтип алайын.
Текеске айдап салайын,
Жерин минтип алайын».

---

[1, 2] Ормондун балдарынын аттары.
[3] Негизинен, Ысык-Көлдү жердеген чоң уруунун аты.

Жаркоо кылган жөнү бар:
Чагалдыктын[1] куну бар,
Кан Ормондун кеги бар.
Жана башка кеби бар,
Кетиркейдин Алыбек[2]
Кан Ормонго таарынып,
Качып кеткен жери бар.

Кан Боронбай баатырга
«Кайта айдап бергин» – деп,
Айтып жүргөн жери бар.
Ниязбектин Ормон кан
Ичинде ошондой кеги бар.
«Качкынымды бербейт» – деп,
Алыбекти жаркоолоп,
Ар нерсени көп доолап,
Кан Боронбай баатырга,
Кара күчкө таарынып,
Кара доону көп кылып,
Опузалап Ормон кан
Оюнда ошондой сыры бар,
Оолугуп жүргөн жери бар.

Түп максаты Ормондун,
Он эки айры бугуну,
Оодарып айдап бир жакка,
Ысык-Көлдү алмакка.
Ормон жерге кызыкты
Ошентип салды бузукту.

Шын-Атанын чоң дөбө,
Чыгып Ормон олтурду.
Темир, болот, черикчи

---

[1] Сарбагыштын уруусунун аты.

[2] Уруусу саяк, мурда Ормондо жигит болуп жүрүп, кийин бугуларга качып барып эл болгон. Балбайдын жоокерлеринин бири, мерген.

Тегиз баарын чакырды.
Курманкожо[1], Кулжыгач[2]
Кумурскадай чагырды[3],
Колго кошо чакырды.

Айтты Ормон акылды:
«Кол аттанып чабалык!
Көнөккө ташты салалык,
Көл башында бугуну
Күлдүрөтүп үркүтүп
Күнөскө айдап салалык
Көлдү минтип алалык».

«Кан айтканы акыл» – деп,
Калкынын баары «макул» – деп.
Шын-Атанын чоң дөбө
Туу тигилди калкылдап.
Туйгун жаткан бугуга
Кол аттанды кылкылдап.

Керней тартып күңгүрөп,
Тоо жаңырып дүңгүрөп.
Жүргөн жери чаң болду,
Айдап алып сан колду,
Эсенгулдун Ормону
Бугуну чаап соргону.
Ар түрлүүсү бир башка,
Айдап келет көп колду
Кызык-Кыя[4], Санташка[5].
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Белге чыгып келди эле,
Бейкут жаткан көп бугу,
Жаңы конгон жайлоодо,

---

[1, 2, 3] Саяктын урууларынын аты.
[4, 5] Ысык-Көлдүн чыгышында, Түп районунун жер аттары.

Сай күлүгү байлоодо.
Четтен бирөө көрдү эле,
Жетип кабар берди эле,
Байлоодогу аттарын
Баары тегиз минди эле.

Баатырлары алдында,
Башкалары артында,
Найзалары колунда,
Айбалтасы[1] белинде,
Ат колтугун керди эле.
Аяңдабай желди эле,
Байлоодогу аттарын
Баары тегиз минди эле.
Жалаң кылыч колунда,
Сай күлүгү астында.

Өмүр баатыр[2], эр Балбай[3],
Жара чапчу балбандан
Жабагынын Алымбек[4],
Жазбай атчу мергенден
Кетиркейдин Алыбек,
Керкулунду[5] кергитип,
Кемерден алыс эргитип.
Сап көк жалдын баарысы,
Санат жеткис көп колдун

---

[1] Эски аскер куралы.

[2] Бугунун баатыры. Коңурат Казак баатыр колго түшүрүп келген калмак Чүрүмдүн баласы. Шапактардын колунда чоңоюп, анын атын чакырып калган. Балбай менен барабар чыккан, ар дайым бугу уруусун жоодон коргоодо экөө бирине бири ишенген акылдаш болгон.

[3] Бугунун баатыры, белек деген чоң уруусунан тараган Токой уулу Эшкожонун баласы. Бүткүл бугу калкын жоодон коргоодо зор баатырдык көрсөткөн. Ормон канды өлтүргөн. Орустун төбөлдөрү кармап, Алматынын түрмөсүндө өлтүрткөн.

[4] Бугунун баатыры, Балбайдын жоокер чоролорунун бири.

[5] Алыбектин жоодо минүүчү бууданы.

Санташтан алдын өткөзбөй,
Алдын тосо келди эле!

Муну көрүп Ормон кан,
Буйрук кылды көп колго:
«Былк этпестен токто!» – деп,
Мылтыктарың окто – деп,
Доолбарс[1] уруп токтотуп,
Мылтыктарын октотуп.
Жар чакыртты уксун – деп,
«Жекеге баатыр чыксын!» – деп.

Кабыл кылып буйругун,
Атынын түйүп куйругун.
Арстан, көк жал бөрү экен,
Азаматтын бири экен,
Артык мыкты эр экен.
Ажынын уулу Абыкан[2],
Найзасы бар колунда.
Айбалтасы белинде,
Аккелтеси ийнинде,
Чыгып келди жекеге,
Бөлүнүп аска-секиге.

Абыкан баатыр айкырат,
Жекеге баатыр чакырат.
Казак, кыргыз калкында,
Карыянын наркында,
Жекеге баатыр келүүчү,
Жекеге баатыр келбесе,
Жеңилгендин белгиси!

Туткан мыйзам үлгүсү,
Муратаалы[3], Боронбай[4],

---

[1] Барабан, ургулап үн чыгартуучу музыкалык аспап.
[2] Сарбагыштардын баатыры, Ормондун жакын тууганы.
[3] Бугулардын бийи.
[4] Бугулардын каны, белек уруусунан меңмурат уулунан.

Өмүр баатыр, эр Балбай,
Олжобайдын Токсоба[1],
Тоокенин уулу чоң Ногой[2],
Ракматтын чоң Карач[3],
Зарпек[4] менен Качыбек[5]
Жаштары алардын кичирээк,
Акылы артык, бек зейрек.
Жылкы айдардын Тилекмат[6]
Артык акыл билчүсү.
Айман[7] аке сынчысы.
Жаштары менен карысы,
Чогулушту баарысы,
Кеңешке чыкты жамысы.

Баатырларды тандайлы,
Жекеге баатыр камдайлы.
«Салабыз – деп кандайды?
Ким билет – деп мындайды?»
Айман сынчы кеп айтат:
– Аксакалдар! – деп, айтат.
Баатырды салсаң мыктап сал,
Ата уулунан нуктап сал.
Аябаган өжөрдөн,

---

[1] Бугулардын арык уруусунан. Жунгарлардын бийлигинде кызмат кылган. Таш сайынган Токсаба деп атанган.

[2] Бугулардын арык уруусунун билермандарынын бири.

[3] Бугулардын арык уруусунун кадырмандарынын бири.

[4] Бугулардын белек уруусунан меңмурат уулунан. Орусияга карагандан кийин «ага султан» деген бийлик мансапта иштеген.

[5] Бугулардын белек уруусунан, шапак уруулардан. Орусиянын Омскидеги генерал-губернаторуна элчиликке барып, мөөрүн басып бугу элин Орусиянын букаралыгына өткөрүп, бугу элине биринчи «ага султан» болгон.

[6] Бугулардын белек уруусу Бирназар бийдин бакма баласы Жылкыайдардын уулу. Бугуларды сарбагыштар чаап аларда казак Тезек төрөгө элчиликке барып, айла таап бугуларды аман алып калган айлакер. Алматыдагы орустун абагынан (түрмөсүнөн) да жалгыз тирүү кутулган киши.

[7] Бугулардын атактуу сынчысы, арык уруусунан.

Намысынан өлөөрдөн!
Аксакалдар ук! – деди,
Аймандын сөзүн «куп» – деди.
Жекеге баатыр салышты
Айманга берди ошондо,
Аксакалдар бошонду.

Айткан сөзү жарады,
Мойнуна Айман алады.
Жекеге баатыр карады,
Атка минип алады,
Баатырларды сынады.
Моңолдордун Баймурза[1],
Муну Айман сынады.
Эрдиги мунун жарады.
«Кичи атанын уулу» – деп,
Такоолчуга алады.
«Өзү мыкты кул экен,
Кичи атанын уулу экен.
Ушу жери болбосо,
Жекеге жараар уул экен!»
Сынады Айман ар кимди,
Жаратпады кай бирди.
Кез келди Айман Болчурга ай[2]
Көп сынына толтурбай
Көңүлү улап азыраак
«Жаратылуу эр!» – деди,
Такоолдун бири бол,– деди.
Алып келди алдына
Байым уулу Акимди[3],

---

[1] Бугулардын баатыры, Балбайдын жоокерлеринин бири, моңолдор уруусунан.

[2] Бугулардын жоокерлеринин бири, кыдык уруусунан.

[3] Бугулардын баатыры, Ыстам менен Абыкандын жекеге сайышка чыгышында Абыканды капталдан чуратып барып, ыргыта сайып, Ыстамды куткарганда ага ок жаңылган. Кыргын Акимге ок жаңылгандан кийин башталат.

Жаратылуу баатырды,
Жүрөгүндө оту бар,
Билегинде күчү бар.
Айман ачык көз экен
Аз жеринен сын тапты
Атасынан кыр тапты:
«Эрдигинде кеми жок,
Атасында дүңү жок».
Айткан сыны макул го?..
Акимди алды такоолго.
Айткан сөздүн жөнү бар,
Аймандын ичте сыры бар:
Ажынын уулу Абыкан
Азыраак артык жери бар.
Эсенгул менен Болотто —
Эки атада сүрү бар.
«Эр чыкса деп барабар»
Ашкересин айталбай
Аймандын ичте кири бар.
Аксакалдар бошонгон,
«Айман сынап салат» – деп.
Айман аке кыйналды,
«Алдырып ийсе кашайып,
Уяты менде калат» – деп.

– Алып чык! – деп айкырып,
Абыкан баатыр кысканда,
Айман барды ошондо,
Нанжебестин Ыстамга[1].

– Ата уулунун бир элең,
Найзакерден эр элең.

---

[1] Бугулардын баатыры, белек уруусунан. Ормондун биринчи чабуулунда Абыкан баатырга каршы сайышка жеке чыккан.

Айылда артык чыр элең,
Ичте чырың басылбай,
Издесе кайда жүрөсүң.
Нанжебестин Ыстамы
Эмдигиче табылбай?

Анда Ыстам муну айтат:
– Айланайын Аймаке,
Айткан сөзүң чын эле,
Айылда артык чыр элем,
Өз туугандын ичинде,
Өбөгүм аз киши элем.
Өөдөсүнгөн тууганга
Өжөрлөнүп калчу элем.
Өлүмдөн жаным аябай,
Өткөрө чырды салчу элем.
Эрдемсиген тууганга,
Эрегишип калчу элем.
Көптүк кылган тууганга
Көктүгүмдү салчу элем.
Эрдигимен чыр эмес,
Ардыгыман чыр элем,
Зордугуман чыр эмес,
Кордугуман чыр элем.

Ата уулунан аз элем,
Артыксынган тууганга,
Айыгышып калчу элем,
Аябай чырды салчу элем.
Намысымдан өлчү элем,
Ал себептен чыр элем.
Көптүгүмөн чыр эмес,
Көктүгүмөн чыр элем.
Душмандан көрбөй кордукту
Туугандан көрүп зордукту,
Бу себептен чыр элем.

Ишенгеним Суркызыл[1],
Иштегеним айбалта,
Өз туугандан өбөк жок,
Кураманы аркалап,
Курган жалды калкалап.
Букараны аркалап,
Минтип жанды калкалап.
Алдымдагы Суркызыл,
Жай жайлоого откозбой,
Тап этинен өткөзбөй,
Жайы-кышы минчү элем,
Жанды багып жүрчү элем,
Бу себептен чыр элем.
Алдымдагы Суркызыл
Тап этинде кези эле,
Ажынын уулу Абыкан,
Ал да мыкты эр эле,
Найза менен ала албай
Айланышып калышсам,
Айбалта менен салышсам,
Алдымдагы Суркызыл
Опсуз күлүк ат эле,
Оозу катуу ит эле,
Эти кызып келгенче,
Ойноп алып каччу эле.
Ойноп алып качпасын?..
Ала качып союлгур!
Абийиримди ачпасын?
Алдына кире бербесин?
Ажынын уулу Абыкан,
Артыма түшүп калбасын?
Найза менен сайбасын?
Намысым колдон тайбасын?
Жакшылап берип атыңды,
Такоолго койчу Акимди!

---

[1] Ыстамдын жоого минүүчү бууданынын аты.

Нанжебестин Ыстамы,
Жекеге мындан чыкканы.
Суркызыл минип зоңкоюп,
Сырнайза колдо койкоюп,
Көк жеке бутта чоңкоюп,
Ажынын уулу Абыкан
Атка камчы салганы.
Нанжебестин Ыстамы
Качырышып калганы.

Желектүү найза алышып,
Жекеге чыгып сайышып.
Карагай найза сынышып,
Кайра тартып урушуп.
Найзаларын сунушуп,
Атка камчы урушуп.
Сунган найза чыдабай
Орто белден сынышып.

Айбалта менен чабышып,
Сабы колдо калышып.
Кылыч менен салышып,
Толтосунан сынышып.
Тегеренип чарпышып,
Деги бири жеңе албай,
Жакалашып тартышып,
Бирин бири эңе албай.

Омуроодон булкушуп,
Оодарышып жулкушуп.
Өөдө-төмөн сүрүшүп,
Толгой кармап турушуп.
Үстүндөгү сооттун[1],
Чынжырын тартып үзүшүп,
Шилиден, колун артышып,
Чиренишип тартышып,

---

[1] Жоокер кийүүчү, темир тордон токулган күрмө.

Бир эт бышым болгончо
Бирин бири жеңе албай.

Сууту канган Суркызыл,
Эти кызып ээлигип,
Эликтей ыргып секирип.
Чу дегенде Суркызыл,
Сууту канган союлгур,
Суурулуп аска түштү эле,
Ооздук чайнап, кол булкуп,
Ойноп алып качты эле.
Ажынын уулу Абыкан
Артынан түшүп калды эле.

Такоолчу найза берди эле,
Аны көрүп эр Аким,
Солто тору күлүк менен
Сол жагынан качырып,
Ыргыта сайып өттү эле.
Ажынын уулу Абыкан,
Аягы менен тик түшүп,
Ак келте менен атты эле.
Такоолчунун бири эле,
Моңолдордун Баймурза,
Болумдуу мыкты эр эле.
Ала качып Акимди
Аман-эсен кутулду.
Акимди аман келтирди,
Ажалы жеткен Болчурду
Найзалап шондо өлтүрдү.

Акимге ок жаңылды,
Аңдышып турган калың кол,
Аламан коюп жабылды.
Ары-бери сүрүлдү,
Ажалдуусу көп өлдү.

Жара чапчу балбандан,
Жабагынын Алымбек
Жазбай атаар мергенден,
Кетиркейдин Алыбек,
Балбак уулу Өзүбек[1]
Бактынын уулу Усупбек[2].
Өмүр баатыр, эр Балбай,
Каркыранын суусунан,
Кайра сайып качырып,
Түптүн суусун кечирип.
Түшүп адам көп өлдү,
Түптүн суусу бөгөлдү.
Туу түбүндө Ормон кан,
Турбай качып жөнөлдү.

Туу түбүнөн кан качты,
Туу жыгылып кол качты.
Өмүр баатыр, эр Балбай,
Кыйкырып ураан чакырып,
Сарбагыштын сан колун
Сайып кайра качырып.
Кызыл-Кыя ашырып,
Кырып келет бакырып.
Сарбагыштын баатыры,
Адыл[3] баатыр, Абыкан
Найза сайып четтешпей.
Өмүр баатыр, Балбайга
Тозуп бойлоп качам – деп,
Туюкталды кептешке.

Адыл баатыр, Абыкан
Токтой албай качканы,

---

[1] Бугулардагы мундуз уруусунун баатыры.

[2, 3] Сарбагыштын эл бийлеген баатырлары, Ормондун жакын туугандары.

Токтаянды[1] ашканы.
Экөө качып кеткен соң,
Ойлоп билчи башканы...
Сарбагыштын шашканы,
Сайыша албай качканы.

Кайрылбай кача баштады,
Кан Ормонду таштады.
Токтолбой кача баштады,
Чоң Ормонду таштады.
Энтелеп кача баштады.
Эр Ормонду таштады.
Беттешпей кача баштады,
Бек Ормонду таштады.

Өмүр баатыр, эр Балбай,
Сартологой[2] кептештен,
Сарбагышка четтешкен.
Сайып жүрүп олтуруп,
Сарбагышты качырып,
Күрмөнтүнү[3] кечирип,
Кайтып үйгө кетпестен.
Дөң-Булактын оюнда
Кудургунун[4] боюнда,
Өмүр баатыр, эр Балбай
Кан Ормонго беттешкен.
Эшкожонун эр Балбай,
Найзасын ташка кайрады,
Кан Ормонду жайлады.

Карыядан кеп уктум,
Как ошондой деп уктум.
Калпы-чынын билбедим,
Казатында жүрбөдүм.
Кан Ормондун заманын,

[1, 2, 3,4] Түп районундагы жерлердин аттары.

Көзүм менен көрбөдүм.
Жалганы жок сөзүмдө,
Далили бар өзүндө.

Эптеп айткан иш эмес,
Эсенгулдун эр Ормон,
Эндөөдөн өлөөр киши эмес.
Мактап айткан иш эмес,
Ниязбектин Ормон кан,
Байкоосуз өлчү киши эмес.
Кошуп айткан иш эмес,
Кошуун башы Ормон кан,
Колго түшөөр киши эмес.
Жактап айткан иш эмес,
Жанына күч келбесе,
Адыл баатыр, Абыкан,
Эсенгулдун Ормонун
Таштап качаар киши эмес.
Эптеп айткан иш эмес,
Эсенгулдун Ормон кан,
Эстелбей калчу киши эмес.
Оңдоп айткан иш эмес,
Өмүр баатыр, эр Балбай,
Өткөрө мыкты болбосо-ай,
Ормон кан оңой киши эмес.

Кандай айтса эп экен,
Өмүр баатыр, эр Балбай,
Казанат мыкты эр экен.
Калың бугу журтуна
Калалуу коргон чеп экен.
Муратаалы, Боронбай,
Казылык кылган бек экен.

Кан Боронбай баатыры,
Кан Ормонго куда экен.
Ормон кандын сөөгүн,

Үйүнө алып барды эле,
Журтка кеңеш салды эле.
Кан Боронбай кеп айтат,
Калайыкка деп айтат:

– Сөөгүн мунун берелик,
Сыпакерлик кылалык,
Сынап муну көрөлүк.
Журт болоорун билелик.
Байкап муну көрөлүк
Барк албоочу кеп эмес,
Башкасы мындан эр эмес.
Баары макул көрдү эле,
Сөөгүн жүктөп берди эле.
Сөөккө жапты кымкапты,
Төөгө жапты килемди.
Кошуп берди бир далай,
Колго түшкөн буланды.
«Атакелеп» ыйлатып,
Атказды кызы Куланды[1].

Сөөгү үйүнө барды эле,
– Баатырым! – деп бакырып,
Баары өкүрүп келди эле.
Сөөгүн алып көмдү эле,
Журт чогулуп келди эле,
Маселетке кирди эле.
Калың колду жыймакка,
Кандын кунун куумакка,
Катуу убада кылды эле.

Убадалуу кеп кылды,
Уруп кетчү шер кылды
Токтом жазып, кат кылды,

[1] Ормондун кызы, кан Боронбайдын келини, уулу Өмүрзактын аялы.

Жанбай турган ант кылды.
Жарак-жабдык таптырып,
Чар тарапка чаптырып.
Таластан бери кол жыйып,
Саруу[1] менен саяктан[2]
Санатсыз колду мол жыйып.
Алайдан бери кол жыйып,
Адигине[3], муңгуштан[4],
Аралаша мол жыйып.

Аңгеме мындай кураган,
Ашмара[5] менен Меркиде[6]
Ай-тамгалуу солтодон[7],
Андан кошуун сураган.
Туткуйдагы[8] чорону[9],
Жумгалдагы сыякты,
Курманкожо, кулжагыч —
Кумурскадай чагырды
Мунун баарын чакырды.
«Көл башында бугуга
Саламын,– деп жабырды».
Таластагы сарууну
Чакырды мунун баарыны.

---

[1] Бугулардын ичинде жүргөн уруунун аты, булардын негизги жерлери Аксы (Жаңы-Жол), Талас аймактарында.

[2] Кыргыздын бир чоң уруусунун аты.

[3] Кыргыздын Долон бийден тараган бир чоң уруусу. Көпчүлүгү Кыргызстандын түштүгүндө жашайт.

[4] Адигиненин бир уруусу.

[5] Чүй өрөөнүндө. Кыргызстан менен Казакстандын чегин ажыраткан бир өрдөш.

[6] Кыргызстандын Панфилов району менен чектеш Казакстандын оодана.

[7] Тагайдан тараган чоң уруунун аты.

[8] Ак-Талаа районундагы жер аты.

[9] Тагайдан тараган бир уруунун аты.

Төрөгелди[1], Адылы,
Төгөрөктүн баарына,
Артык экен кадыры.

Айчыгы алтын туу алып,
Алтымыш түркүн кол алып.
Желбиреген туу алып,
Жетимиш түрлүү кол алып.
Төрөгелди баатыры,
Аккызыл[2] минип найза алып,
Наркескенди[3] байланып,
Артынан колду айдады.
Адыл баатыр кол баштап,
Аксур[4] ат минип кыйгачтап,
Абыкан экөө бир баштап.
Темир, болот, черикчи,
Тегиз алга жүрүүчү.

Адыл баатыр айкырып,
«Эсенгул!» – деп чакырып.
Төрөгелди баатыры
Керинейин[5] өкүртүп,
Сурунайын[6] бакыртып,
Черикчилеп чакыртып.
Доолбарсы дүңгүрөп,
Тоо жаңырып күңгүрөп.
Чаң уюлгуп буркурап,

---

[1] Сарбагыштын журт бийлеген баатыры. Ормондун кунун кууган чабуулда сарбагыштардын колун баштап келип, бугулардын колуна түшкөн. Туткунда жүргөндө анын бүтүп келаткан кашка жилигин Балбай улам келип сындырып кыйнаган.

[2] Төрөгелдинин жоодо минүүчү бууданынын аты.

[3] Кылыч.

[4] Адыл баатырдын жоодо минүүчү бууданы. Ормондун кызынын калыңына Боронбайдан кебез байланып калың башы болуп келген күлүктүн аты.

[5, 6] Үйлөп үн чыгартуучу музыкалык аспаптардын аттары.

«Эсенгул!» деп чуркурап.
Кайрылганын камчылап,
Кылчайганын кылычтап.
Жээк тартып былкылдап,
Жекендей[1] найза кылкылдап.
Катар тартып былкылдап.
Камыштай найза кылкылдап.
Кыйгач тартып былкылдап,
Кылкандай найза кылкылдап.

Кылычы жанда кыңгырап,
Айбалта белде шыңгырап.
Бир түрлүүсү ак кийип,
Ат куйругун шарт түйүп.
Бир түрлүүсү көк кийип,
Ат көкүлүн бек түйүп.
Бир түрлүүсүн карасаң,
Сары жаргак шым кийип,
Жалаң кылып колго алып.
Бир түрлүүсүн карасаң,
Найзалары колунда
Айбалтасы белинде.
Мылтыктуусу четинде,
Мыктылары бетинде.
Мылтыкчанды алуучу
Мыктылары көтүндө.
Найзалуусу бетинде,
Найзачанды алуучу,
Айлалуусу четинде.
Союлдуусу бетинде,
Союлдууну сойлотчу,
Жонумдуусу четинде.

---

[1] Сазда камышка аралаш чыгуучу катуу өсүмдүк. Мунун даны сабагынын башында. Бышканда үлпүлдөп абага учат. Муну кыргыздар олпок, мамык жаздыктарынын ичине салып, куш жүнү сыяктуу пайдалануучу.

Кара аттуусу бир бөлөк,
Кайра тартып качпаган,
Кайраттуусу бир бөлөк.
Кылычтуусу бир бөлөк.
Кылычтууну кыйратчу,
Кыйындары бир бөлөк.
Боз атчанды бир бөлөк,
Болумдуусу бир бөлөк,
Ар түрлүүсү ар бөлөк,
Найзачанды алуучу
Аргалуусу бир бөлөк.

Шыкыраган калың кол,
Шын-Атадан[1] жөнөлдү.
Дөң-Булакка жөлөндү.
Чаң чубалып бөлүндү,
Туу кылкылдап көрүндү.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Айылды басып жоо келди.
Айла табаар кез келди.
Өмүр баатыр, эр Балбай,
Токсаба менен чоң Ногой,
Баатыр Жанек[2], чоң Карач,
Зарпек менен Качыбек,
Кан Боронбай бек айтат,
Муратаалы кары айтат,
Ушулардын баары айтат:
«Аркасы тиер күн келди.
Азамат жигит, күлүк ат
Акылды тапчу Тилекмат.
Акыл табаар кез келди».
Аксакалдар сөз берди,

[1] Түп районундагы бир өрдөштүн аты.
[2] Бугулардын баатыры, желдең уруусунан.

Тилекмат баатыр кеп айтат:
«Аксакалдар – деп айтат,
Акыл ойлоп алганча,
Арага элчи салганча.
Азырланган калың кол,
Чабуул коюп калбайбы,
Кара элечек кылбайбы,
Катын менен баланын
Баарын таман кырбайбы!..
Балбай баатыр барсын! – дейт,
Жолдошторун алсын,– дейт,
Жолун тосуп калсын! – дейт,
Токтотуп уруш салсын! – дейт.
Өмүр баатыр калсын,– дейт.
Өзү туруп текшерип,
Кол иреттеп алсын,– дейт.
Балбай баатыр «макул – дейт,
Тилекмат сөзү акыл – дейт.
Жан аябас достудан,
Мал аягын бакыл – дейт.
Баса келген душмандан
Жан аяган катын» – дейт.

Балбай баатыр бакырып,
Жигиттерин чакырып:
– Кыдыраалы[1] кыйды – деп,
Кырк жигиттер кайда? – деп,
Алып аттан найза! – деп,
Айбалтаңы байла! – деп,
Алдыңа келген душманды
Алың келсе жайла! – деп.
Балбай атка минди да,
– Башкаларың кайда? – деп.
Азырланган калың кол

[1] Балбайдын кырк жигитинин башчысы, саруу уруусунан Жаймагап уулунан.

Чабуул коюп иет – деп,
Балбай баатыр жөнөдү,
Ысык-Көлдү жээктеп.
– Кызыталак кырк жигит
Качан пайдаң тиет? – деп.

Жанындагы кошчусу,
Кырк жигиттин башчысы.
Кыдыраалы кыйдысы.
Кыйла жигит сыйдасы.
Жаймагап[1] саруу уруусу,
Жандан башка каруусу,
Жөнөлдү мунун баарысы.
Чоң Багыштын Арзыке[2]
Кырк жигиттин бири эле,
Кыйын мыкты эр эле.

Кырк жигитке баш кылып,
Эшкожонун эр Балбай,
Эрдиги бар ар кандай,
Ирети менен маш кылып,
Жөнөлдү баары бири калбай.

Балбай башка бөлүндү,
Баатырлыгы көрүндү.
Байкап укчу агайын,
Эми баян кылам өмүрдү.
Эрдиги бар ар кандай,
Өмүрдүн түрү момундай.
Ээрдиндеги муруту,
Ээгиндеги сакалы
Бөксөгө чыккан чалкандай.

---

[1] Саруу уруусунун бир ата эли.

[2] Балбайдын жигиттеринин бири, бугулардын ичинде жүргөн Адигиненин чоң багыш уруусунан.

Балтыры бала белиндей:
Булчуңу буура санындай,
Саңоору бүркүт жүнүндөй,
«Тарт!» дегенде табышы
Замбиректин үнүндөй.
Сыр найза, мылтык октогон,
Табышы чыкса баатырдын,
Сан колдун алды токтогон.
Ат жалын тартып мингенден,
Адамдан качып сүрүнбөй
Айбаты бар баатырдын
Ажыдаардын сүрүндөй.
Көккашка[1] минип зоңкоюп,
Көк жөкө бутта чойкоюп.
Сыр найза колдо койкоюп,
Жонгон бормун сегиз кыр,
Соот бузар бөрү тил —
Карагайдан сыр найза
Каруусунда калкылдап.
Алты сайлуу ак бараң[2]
Аркасында жаркылдап.
Аяк каптай чоң кисе[3]
Оң жамбашта салпылдап.
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Өмүр баатыр бакырат,
Жасоого баатыр чакырат.

Эр Жанекти баш кылып,
Ирети менен маш кылып,
Кыдык менен желденден,
Уруш жайын билгенден,

---

[1] Өмүр баатырдын жоого минүүчү бууданынын аты.

[2] Мылтыктын бир түрү. Ок, дарыны оозунан куюп дүрмөттөшөт.

[3] Булгаары капчык, ок-дары ж.б. салууга пайдаланат.

Белсенип туруп билекти,
Бергин деп кудай тилекти.
Бапа менен желдезге,
Баш кылды баатыр Жанекти.

Дагы ушундай баатырдан,
Ирети менен катардан,
Жазбай атчу мергенден,
Балбактын уулу Өзүбек,
Бактынын уулу Усупбек,
Жара чапчу балбандан,
Жабагынын Алымбек,
Кара көйнөк Канайды[1]
Токой уулу Тагайды[2]
Дагы ушундай мыктыдан
Чыгарды ылгап далайды.

Баатырлар чыкты бул жакка,
Бакачыдан Нурдөөлөт[3],
Башчы болду саякка.
Чыгарды бөлүп саякты,
Башкарып баатыр бу жакты.

Көккашка минип жаркылдап,
Өмүр баатыр баркылдап.
Көк туу колдо калкылдап,
Колуна уштап желекти,
Чакырды баатыр, белекти[4].

Белекке өзүн баш кылып,
Баатырларды маш кылып.
Найзакерден мыктыдан,

[1] Бугулардын баатыры, кыдык уруусунан.
[2] Бугулардын баатыры, Балбайдын тууганы, жигити.
[3] Саяк уруусунун эл бийлеген баатыры.
[4] Бугулардын чоң, эл башкарган уруусу.

Айла билген ыктуудан,
Алыбайдын Үрүстөмүн[1].
Нанжебестин Ыстамын,
Эсенбайдын Карачын[2],
Элчибайдын Шыбырын[3],
Нечен мыкты бир курун,
Ылгап алды баатырын,
Теңизбайдын[4], Мажитин[5],
Терип алды бир курун,
Райым[6] менен Шанасын[7],
Козубек[8], Чудун[9], Керетин[10]
Теңизбайдын беш берен,
Терип айтам иретин.

Жоо бөрүсү көк жалдан,
Жара чапчу балбандан,
Жабагынын Алымбек,
Жазбай атчу мергенден,
Балбак уулу Өзүбек,
Бактынын уулу Усупбек,
Уругу мундуз сол экен.
Эрдиги артык мол экен,
Кичи атанын уулу экен,
Жоо бөрүчү кул экен.
Коңураттын[11] уругу,
Кулсаранын Бараги[12]

---

[1] Бугулардын баатыры, Бирназар бийдин Алыбайынын баласы.

[2, 3] Бугулардын баатырлары.

[4] Адигинеден тараган уруу, бугуларга XVIII кылымда келип кошулган.

[5, 6, 7, 8, 9, 10] Теңизбай уруусунан чыккан баатырлар.

[11] Түрк элдеринин байыртан бери келаткан бир уруусу. Булардын өзбектердегиси – өзбек, түркмөндөгүлөрү – түркмөн, казактагылары – казак, кыргыздагылары .... кыргыз улуту болуп кетишкен.

[12] Коңураттардын саспак уруусунан чыккан баатыр.

Сары жаргак шым кийген,
Сары-кызыл ат минген.
Кара-кызыл жетектеп,
Карагай найза түпөктөп,
Кара мурут жаш жигит
Айбалтасы белинде.
Жалаң кылыч колунда,
Ар бир ишке жараган,
Айман аке сынаган,
Жаркылдатып жарагын,
Жана коштү буларга
Кулсарынын Барагын.
Жана мыкты жигиттен,
Дагы ылгады бир далай.
Сагындыктын Керимбай[1],
Табылдынын Атантай[2],
Дөөлөстөрдүн Токоной[3]
Тилекенин Энтери[4]
Ылгап коштү төртөөнү.

Кара союл камчыны
Катуу чапчу немеден,
Кайра качпас энөөдөн,
Бүрбүжалдын Турдубай[5],
Бул өңдөнгөн немеден,
Дагы коштү бир далай.

Кол иреттеп болду эле,
Ар урукка бир тууну
Белги кылып алды эле.

---

[1] Коңураттардын токтеке уруусунан чыккан баатыр.

[2] Бугулардын баатырынын бири.

[3] Дөөлөстөрдүн баатыры.

[4] Коңураттардын баатыры. Чабуулда колго түшүп, кийин элдешкенде Төрөгелди баатыр менен айырбашталган.

[5] Бугулардын Бирназар бийинин калмактардан колго түшүрүп алган бакма баласынын уулу.

Арыктын[1] туусун ак кылды,
Адашпасын деп кылды.
Белектин туусун көк кылды,
Белгилүү болсун деп кылды.
Желдендин[2] туусун жашылдан,
Таанылсын деп ушундан.
Кыдыктын[3] туусун кызылдан,
Саяктын туусун сарыдан,
Таанымал кылды баарыдан.

Олжобайдын Токсаба,
Байтүгөлдүн Кененбай[4],
Байым уулу Акими,
Багыштын кара Чөбөгү[5],
Сабатардын Молдосу[6],
Эсен баатыр[7], Балтасы[8]
Бакай баатыр[9], Токтоку[10]
Баары арык баштыгы.
Ак туу алып айкырды,
Арыктын баарын чакырды.
«Арык болсоң бөлүн – деп,
Ак тууну көздөй жүрүң – деп,
Адашпагын бириң» – деп.
Арык чыкты бөлүнүп,
Ак туу алып көрүнүп.

Кан Боронбай, чоң Ногой,
Муратаалы карысы –
Бүтүн белек баарысы,
Бу да чыкты бөлүнүп,
Көк туу алып көрүнүп.
Көккашка минип жаркылдап,
Көк туу колдо калкылдап.
Чоң кисе жанда салпылдап,

---

[1] Бугулардын бир чоң уруусунун аты.

[2, 3] Бугулардын урууларынын аттары.

[4, 5, 6, 7, 8, 9, 10] Бугулардын арык уруусунун эл башкаруучулары, баатырлары.

Адамдан башка түрү бар,
Ажыдаардай сүрү бар,
Өмүр баатыр баркылдап,
Көк асаба желектүү
Көт жагын жыйнап белектин:
– Белек бери бөлүн – деп,
Бери келип көрүн! – деп.
Белек чыкты бөлүнүп,
Белгилүү болуп көрүнүп.

Көккашка атты теминген,
Көк жолборстой чамынган.
Көргөн душман багынган.
Аяк каптай чоң кисе,
Аккелте огун сологон.
Айбатынан баатырдын
Алыстан душман кологон.
Айбалтасы темирден,
Ушу баатыр Өмүрдөн
Урушкан душман жеңилген.

Таштабайын билгенди,
Жазайын бапа[1], желдеңди.
Жанек баатыр баркылдап,
Жашыл туу колдо калкылдап.
Кодордун уулу эр Жанек,
Жалмамбеттин Ажыбек[2],
Бапалардын Берикпай[3],
Назарбектин Акидей[4],
Карабаштын[5] эр Далдай[6]
Канча баатыр бири калбай.
Аблакенин[7] Шумбала[8]

---

[1] Бугулардын бир уруусунун аты.

[2, 3, 4, 5, 6, 7] Бугулардын желдең уруусунун билермандары, баатырлары.

[8] Бугулардын бапа уруусунун баатыры.

Ат ойнотуп чакырат:
– Бапа, желдең бөлүн! – деп,
Баарың тегиз көрүн! – деп.
Жашыл тууну белгилеп,
Жаңылбастан жүрүң! – деп.
Желдең, бапа бөлүндү,
Тегиз келип көрүндү.
Жалпы туума[1] бөлүндү,
Жашыл туу алып көрүндү.

Кыдыктардын Амазбек[2],
Кызыл туу алып көрүнүп.
Кыдык чыкты бөлүнүп,
Кара көйнөк Канайы
Кыдыктын мыкты далайы,
Кыйкырып ураан салады:
– Кыдык болсоң бөлүн! – деп,
Кызыл туунун жанында
Кысапка өтүп көрүн! – деп.
Кыдык колу бөлүндү,
Кырка тартып көрүндү.

– Саяк болсоң бөлүн! – деп,
Сары туунун жанында
Санаттан өтүп көрүн! – деп,
Саяктардын башчысы:
Асказандын Жолболду[3],
Бакачыдан Нурдөөлөт[4]
Алакөздүн[5] Жантайы[6]
Шайы бешмант белсенип,

[1] Бугулардын бапа жана желдең урууларынын чогуу аты.
[2] Бугулардын кыдык уруусунун билерманы, баатыры.
[3] Саяктардын мергени. Ууга чыгып баратып, «казаныңарды аскыла» дечү экен.
[4] Ысык-көлдүк саяктардын баатыры, эл башкаруучусу.
[5] Ысык-Көлдөгү саяктардын бир чоң уруусу.
[6] Ысык-көлдүк саяктардын баатыры.

Сары тууну колго алып,
Саяк чыкты бөлүнүп,
Санатка өтүп көрүнүп.

Колду иреттеп болду эми
Ар урукка бир тууну,
Белги кылып алды эми.
Туу жөнөлдү калкылдап,
Кол жөнөлдү кылкылдап,
Жээк тартып былкылдап,
Чаң уюлгуп буркулдап.

Ак сакалдар баарысы,
Алдына салып арыкты,
«Жоого коркок журт эле»
Аркасын тосуп калыптыр.

Өмүр баатыр, эр балбай,
Баатыр Жанек, эр Далдай
Баатырлардан бири калбай,
Алга карай алкынып,
Ак шумкардай талпынып,
Алыбайдын Үрүстөмү,
Нанжебестин Ыстамы,
Эсенбайдын Карачы,
Элчибайдын Шыбыры,
Нечен мыкты бир куру.
Теңизбайдын Мажиги,
Тегиз мыкты бир куру.
Кара көйнөк эр Канай,
Токой уулу эр Тагай,
Балбак уулу Өзүбек,
Бактынын уулу Усупбек,
Жабагынын Алымбек,
Жалмамбеттин Ажыбек,
Сабатардын Молдосу,
Эсен баатыр, Балтасы,

Ондон[1] Бакай, Токтоку,
Арзыматтын Исасы[2].
Азаматтын кыйласы.
Дөөлөстөрдүн Токоной,
Сагындыктын Керимбай,
Табылдынын Атантай,
Тилекенин Энтери —
Тегиз баарын айталы.
Күлсаранын Барагы,
Бүрбүжандын Турдубай
Арт жагынан бири калбай.
Найзалары кылкандай
Баары тегиз ылганды-ай!
Жоо бөрлүсү көк жалдар,
Жара чапчу балбандар,
Жазбай атаар мергендер
Алга карай чабышып,
Найзалары кагышып,
Ат коюшуп жарышып.
Жоону карай зымырап
Кылычтары кыңгырап.

Кырка тартып пар[3] болуп
Кийин калыш ар болуп.
Ак шумкардай талпынып,
Алга карай умтулуп
Бет ала жоону карады
Белгилүү көк жал баарысы,
Алдында кетип барады.

Төрөгелди баатыры
Доолбарсты карс уруп,
Ак келтени тарс уруп,

---

[1] Бугулардын арык уруусунун бир айрыгы.

[2] Бугулардын баатыры, арык уруусунан.

[3] Орустун «пара» («түгөй», «кош», «эки») деген сөзүнөн.

Сарбагыштын сан колу
Сары-Булактан ат койду.
Адыл баатыр бакырып,
Эсенгулдап чакырып.
Аксурдун башын чулгутуп,
Андан алыс чуратып,
Оозунан көбүк буратып,
Алдына туура келгенди
Наркескен менен сулатып,
Алмадай башын кулатып.
Аксур атты теминип,
Ак жолборстой чамынып,
Ат боорунан кан кылып,
Артын калың чаң кылып,
Айбалта жанда жаркылдап,
Асаба колдо калкылдап.
Мусакенин Байгазы[1],
Атадан азыр туулбас,
Адыл баатыр арстанды,
Айып көрбө айтканды,
Ак албарсты майлады,
Ажалдууну жайлады.
Төрөгелди баатыры
Аккызыл минип найза алып,
Наркескенди байланып,
Сурнайын бакыртып
Черикчилеп чакыртып.
Доолбарсы күңгүрөп,
Тоо жаңырып дүңгүрөп.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Жер тумандап чаң болуп,
Адыл баатыр, Абыкан,
Тердик токум кан болуп.

[1] Сарбагыштардын баатыры. «Музоокенин Байгазы» деп да айтылат.

Күнгөй менен Тескейдин,
Арасы туман чаң болуп,
Ат боорунан кан болуп.

Сарбагыш менен бугудан,
Саяк менен чородон,
Санат жеткис көп өлдү,
Сары-Булак, Күрмөнтү
Акпай суусу бөгөлдү.
Чакчелекей будуң-чаң,
Далай адам көп өлдү.
Сайдын баары бөгөлдү,
Капкараңгы туман чаң,
Кайсы уругун белгисиз.
Канча адам көп өлдү,
Кара баткак[1], Шатынын[2]
Аккан суусу бөгөлдү.

Туу байкалып билинбейт,
Туман-чаңдан көрүнбөйт.
Ураан үнү угулбайт,
Уюлгуп чаңдан көрүнбөйт.
Кедей, начар көп өлдү,
Кемер, аңдар бөгөлдү.
Алсыз, начар көп өлдү,
Аң, арыктар бөгөлдү.
Төрөгелди баатыры,
Кернейин өкүртүп,
Сурнайын бакыртып,
Черикчилеп чакыртып.
Адыл баатыр айкырып,
Алдын сүрүп жапырып,
Эсенгулдап чакырып,

---

[1] Азыркы Түп кыштагынын түндүк жагында, суунун көлгө куйган жериндеги саздын аты.

[2] Күнгөй Ала-Тоонун, Түп кыштагынын түндүгүндөгү өрдөшүнүн аты.

Артын туман чаң кылып,
Алдын кызыл кан кылып,
Адыл келди Шатыга.

Арык өөдө жыйналып,
Аз гана калды качууга.
Балбай кирди батууга,
Кыя тартып коктуга,
Кысык жерден букту да,
Кырк жигит менен тозду да,
Төрөгелди баатырың
Кыйгач өөдө оозду да.

Балбай баатыр күүлөндү,
Өзүбекке сүйлөндү:
– Балбактын уулу Өзүбек,
Бала чактан мергениң,
Кана пайдан көргөнүм?

Өзүбекке таарынды,
– Өзүн атпай атын ат.
Чолок сакал баарынды[1],
Берсе кудай зарымды,
Көчкө айдап сан кылып,
Көк букага таңдырып,
Бута коюп аттырып,
Бутун толгоп сындырып,
Тирүүлөй өлүк кылайын,
Жүрөгүн минтип алайын.
Бу баарыңга кылайын,
Бугудан түшкөн буланды
Бүтүн жыйып алайын.

Балбай баатыр сүйлөнүп,
Ар нерсени ойлонуп:

[1] Төрөгелдиге Балбай койгон ат, «калмак» деген мааниде.

«Бугу качып алдыбы?
Кудай уруп салдыбы?
Же Өмүр өлүп калдыбы?..»

Балбай турат батууда:
«Өлбөй тирүү бар болсо,
Эми качан тозот? – деп.
Чолок сакал баарың кул
Кай жагымдан озот жеп?
Жанымдагы кырк жигит,
Чар тарапты күзөт?» – деп.
Даярданып турганда,
Шатыдан төмөн сеңирден,
Табышы чыкты Өмүрдүн.

Төрөгелди баатыры
Чыга албады сеңирге,
Баталбады Өмүргө.
«Баркылдаган калмак кул
Жолду тосуп алды – деп,
Аккызыл чоюлуп калды» – деп.
Кызкулага минди эле,
Кылаарын мунун билди эле.
Табышынан шектенди,
Жаңылап башка ат минди.
«Шу кулдун үнүн уктубу?
Туура жактан баягы,
Чунагы тосуп буктубу?»[1]
Төрөгелди баатырың,
Солк этип бою сезгенди,
Солбуп башка ат минди.
Качып калды кайрылып,

[1] Кеп Балбай жөнүндө болуп атат. Ал жаш кезинде, сарбагыштардын колуна түшкөндө, Ормон анын бир кулагын кестирип салган.

Кызкула менен сызылып.
Көк түтүндөй созулуп,
Кылкылдаган калың кол,
Качып калды бурулуп.
Балбай баатыр бакырып,
Балбактын уулу Өзүбек,
Дүрмөтүн салып келтенин,
Машага кыстап мингени,
Тосуп калган озунуп.

Баркылдаган Өмүрдүн,
Баатырдын үнүн эми угуп.
Балбайдан башта жеме угуп,
Балбактын уулу Өзүбек,
Алдындагы белеске,
Басып чыкты демигип,
Милтени чертип ымыгып.

«Жаза атып салбайын,
Дагы жемеге калбайын?»
Демин алып олтуруп:
«Алача балтыр тушу – деп,
Баарыңдын өлбөс жери ушу» – деп,
Өзүбектей мергени
Басып калды милтени
«Тарс» дедирип келтени.

Алдындагы Кызкула
Кырданып барып жыгылды,
Кар жилиги үзүлдү,
Төрөгелди баатырың,
Кызкуладан кулады
Кара жерге сулады.

Балбактын уулу Өзүбек,
Кыдыктардын Намазбек,
Бактынын уулу Усупбек,

Алдаярдын Ңердибек[1],
Арыктан Бакты[2], Казыбек[3].

Төрөгелди баатырдын,
Жанындагы жигити,
Акылбек[4], Акыл баатыр-ай[5]
Аюуке Майтык[6], Сарыбай[7]
Атышып турду бир далай,
Жанына жакын бардырбай,
Далайга турду алдырбай.

Уругу мундуз сол экен,
Эрдиги артык мол экен.
Таштан өткөн ок экен
Алмазбек окко учканда,
Өмүрдүн үнүн укканда,
Батуудан Балбай чыкканда,
Аюуке, Майтык, Сарыбай,
Өмүргө чыдап тура албай,
Качып калды кайрылбай.

Алдаяр, кыдык аралаш,
Төрөгелди тууралуу,
Азыраак болду нарк талаш[8],
Алдаярга нарк тийди
Башкаларга ат тийди.

Өмүр баатыр бакырып,
Шапактап[9] ураан чакырып,

---

[1] Бугулардын баатыры, алдаяр уруусунан.

[2, 3] Бугулардын баатырлары, арык уруусунан,

[4, 5, 6] Сарбагыштын баатырлары, Төрөгелдинин жигиттери.

[7, 8] Колго түшкөн Төрөгелдинин кыдык менен алдаяр уруулары жол меникилеп талашкандыгы жөнүндө кеп болуп жатат.

[9] Өмүр баатырдын багып алган чоң атасы, бугулардын билерманы болгон, мунун тукумдары атын чакырып бугунун бир уруусуна айланган.

Сарбагышты качырып,
Күрмөнтүнү кечирип,
Төрөгелди баатырды
Колго минтип түшүрүп.
Алдаярлар коргоду,
Арачага болбоду.
Ачуусу келип эр балбай,
Аттан түшө жүгүрдү,
Төрөгелди баатырдын,
Сынган бутун толгоду.
Төрөгелди баласы-ай,
Кошо түштү Карасай[1],
Балбай баатыр бакырды,
Сарбагышты жапырды.
Саякты Балбай чакырды:
«Саяк сага кеби бар,
Таарынчы айтаар эбим бар.
Саяк болсоң бөлүн – деп,
Санатка мындай көрүн» – деп,
Найзасын жерге таштады,
Ак-Булуң[2] көздөй баштады.

Сарбагыштын шашканы,
Баштан бакты качканы,
«Курманкожо, чагырды,
Кудай урду капырды.
Бата урду – деп – саякты,
Бузулуп калган сыякты».

Башчыларын чакырды,
Качуугга кылды акылды.

---

[1] Төрөгелдинин уулу, атасы менен кошо колго түшкөндө, Төрөгелдинин өтүнүчү боюнча бошотулган. Кийин сарбагыш менен бугуну элдештирүүгө кокондуктардан калыс сурап барган.

[2] Жердин аты. Азыр Түптөгү Айыл чарба техникуму жайгашкан жердин күн чыгыш жагы.

Айла таппай кысылды,
Темир, болот, черикчи,
Тек ичинен бузулду.

Баатырдын бакты маңдайдан,
Чечендин бакты таңдайдан.
Себеп болду Балбайдан,
Иш оңолду кандайдан?
Эшкожонун эр Блабай,
Эрдиги бар ар кандай.
Адам айран калгандай,
Айласы бар момундай.
Ак-Булуңга барганда-ай,
Найзасын кайта колго алды,
Айланып каччу жолду алды.
Кылычын кайрап колго алды,
Кылчайып каччу жолду алды.

– Кан Ормонун өлтүрдүм,
Темир менен болоттун,
Кана саяк сүйлөчү,
Сенин кайсыныңды короттум?
Эр Ормонун өлтүрдүм,
Эсенгул[1] менен болоттун,
Эми саяк сүйлөчү
Сенин эмнеңди короттум?

Ак-Булуңга камады,
Ажалы тарткан саякты,
Аябай баарын чанады.
Колго түшүп көп өлдү,
Көбөлдүн баары бөгөлдү.
Темир, болот, черикчи,
Тегиз качып жөнөлдү.

[1] Ормондун чоң атасы, сарбагыштардын билерман уруусунун аты болуп калган.

«Кудай уруп салды,– деп,
Төрөгелди баатырды
Колго түшүп калды» – деп,
Адыл баатыр аландап,
Кабагы түшүп саландап,
«Кантип үйгө барам?» – деп,
Ак жолборстой буландап,
Адырга чыкты кыландап,
Эки жигит ээрчитип,
Не кылаарын биле албай,
Калың колго бара албай,
Кантээр айла таба албай.
«Төрөгелди баатырды,
Колго түшүп калды – деп,
Адыл аман келди деп,
Кайсы атак болду» деп,
Капаланып кайран эр,
Кантээр айла таба албай,
Кайта үйгө баралбай,
Адырга чыгып келгенде,
Аты жүрбөй желгенге,
Ажалы жеткен Мурзанын[1]
Алдынан чыгып турганын!
Адыл баатыр белестен,
Аксур менен зыр коюп.
Найза менен бир коюп,
Аттан жерге түшүрүп,
Жанындагы жигитке
Эки колун бастырып,
Башын алды кестирип.

Мундуу көңүлү жайланып,
Мурзанын башын байланып.
Үйүнө кайтты айланып.

---

[1] Бугунун шапак уруусунан. Эки эл элдешкенде Ормондун өлүгүнө мунун өлүгү чегерилген.

Темир, болот, черикчи,
Тегиз баары келишти.
Тегеректеп алышты,
Башты ортого салышты.
Карындашы Мурзанын,
Качыбектин кызы экен.
«Кай бугунун башы?» – деп,
Шогон алып барышты.

«Толу эрдигиң ушубу?
Соёчордун[1] башы бу».
Сумсайып туруп кеткенде,
Сыпа, манап баарысы,
Улуу-кичүү, карысы,
Ушулардын баарысы
Уят болуп калышты.
Акылы артык акимдер
Кылып көрчү калысты.
Баш байланып барышты,
Байкап көрчү калыстар —
«Эч ким көрбөй калды – деп,
Өлтүргөнүм ырас» – деп,
Актанууга жатабы?
Же баш көрсөтүп катынга
Мактанууга жатабы?

Байкачы муну билимдүү,
Сарбагыш, бугу сайышып,
Тарашып жаңы бөлүндү,
Санат жеткис өлүмдү,
Далайы шунтип бүлүндү.
Булан[2] жыйып алышка,
Арага элчи салышка,
Иштерин берди калыска.

---

[1] Бугу кийиктин бир жаштагы эркек баласы.
[2] Орустун «плен» деген сөзүнөн, туткун деген мааниде.

Убада сөздү байлашты,
Башкадан калыс шайлашты
Өбүшүп китеп-куранды,
Төрөгелди баатырың,
Карасайды суранды.
Сарбагыш шайлап Коконду,
Төрөгелди баласы-ай,
Элчиге барды Карасай
Кат алып барды Коконго,
Кокондон калыс бек келди.
«Бек кыламын» – деп келди.
Качыбек барды оруска
«Кааладык – деп – калыска».

Начальник келди Омбудан[1],
Качыбек барган бугудан.
Орус менен Коконду
Ортого калыс кылышты.
Калыска ишин беришти,
Калыстар ишин теришти.
Коңураттын Энтери,
Колго түшкөн ошондо.
Төрөгелди баатырдын,
Төлөөсүнө бошонду.

Калыстар жакшы оңоду,
Шапак уулу Мурзаны,
Жаш да болсо кан – деди
Кан Ормонго тогоду.
Бул экөөнөн башканы
Аткезге баарын кетирди.
Эки жактан көп чыгым,
Эл ынтымак кечирди.
Калыстар ишин бүтүрдү,
Колго түшкөн буландын,

[1] Азыркы Омск шаары.

Бошотуп баарын кетирди.
Калыска келген орусту,
Омбуга кайта узатты,
Жакшылап кылып кызматты.

Качыбек кошо да кетти,
Омбудан көлгө кат келди:
«Шераалынын Качыбек
Султан болду» – деп келди.
«Тынччылык керек бизге» – деп,
Журтка тегиз эр келди.

Бир аз жылдын ичинде,
Качыбек султан өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөнгө,
Шайлады султан Зарпекти.
Зарпек султан болгондо,
Текестен чапты калмакты.
Тегиз журтун жыргатты,
Иледен[1] чапты дуулатты[2],
Ирдентип журтун жыргатты.
Арадан төрт-беш жыл өттү,
Зарпек султан өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө,
Оруска кабар бергенде,
Көлгө орус келгенде,
Орус жерди көргөндө,
Караколго үй салды,
Карасак жерге кол салды.

Кызыл-Сууга[3] үй салды,
Кызыгып жерге кол салды.

---

[1] Дарыянын аты. Кытайдан башталып, Балкаш көлүнө куят.
[2] Казактардын бир уруусу.
[3] Жети-Өгүз районунун борбору Покровка турган жердин аты.

Ак-Сууга[1] мужук үй салды,
Андасак жерге кол салды.
Жана мужук дагы алды,
Байсоорун[2] менен Ой-Талды[3].
Байкасаң жерге кол салды,
Кара-Баткак, Түптү алды,
Карасак жерге кол салды.

Дагы алды бир кезде,
Мужукка берди Жергезди[4]
Мындай зордук көргөздү.
Зулум деп айтат кандайды?
Кай тууралуу өлтүрдү,
Кайран баатыр Балбайды?
Бүгүн да эстен калбайды!..

Артыкча кылды кордукту,
Аябай кылды зордукту.
Албандан кармап өлтүрдү,
Аялуу баатыр Шоорукту[5].
Жана да зулум келтирди,
Жабагынын Алымбек
Жазыксыз муну өлтрүдү.
Ушундай зулум кылганда,
Эч нерсе дебей турганга.
Ыкымын алып кыргыздын,
Ырдыкты[6] берди дунганга.

Э! – дегенин «эп» деген,
Айткан сөзүн «куп!» деген.

---

[1] Ак-Суу районунун борбору Теплоключенко турган жердин аты.

[2] Ысык-Көл районунда, кийин Сазновка, андан кийин Ананьево болду.

[3] Түп районундагы бир кыштактын аты.

[4] Ак-Суу районундагы жердин аты, азыр Константиновка.

[5] Казактын албан уруусунун башчысы, баатыр.

[6] Жети-Өгүз районундагы бир кыштак, дунгандар турат.

Тапкан соң биздей элпекти,
Сарткалмакка бергени
Бөрүбаш[1] менен Челпекти[2].

Зулумдардын тушунда
Кылбады кимге кордукту.
Мечитке сүрөт койгун деп,
Динге да кылды зордукту.
Көрсөттү далай кордукту,
Көпөштөр[3] кылчу зордукту,
Тартпадык беле кордукту?
Жасоолдон[4] көрүп зордукту.
Базарда эркин жүрө албай,
Байталга ээ боло албай.

Кандай элең ошондо,
Никелейдин[5] тушунда.
Болуш менен бийлерге,
Субалым бар сиздерге,
Кеңсаларга киргенде,
Мекеменин баарында,
Падышанын сүрөтүн
Тартып койгон жок беле?
«Баштан бөркүң алгын» – деп,
Айтып койгон жок беле?
«Үйүндө жүрсөң унутпа,
Санаандан чыгып калат» – деп,
Сары жезден жасатып,
Никелейдин сүрөтүн,
Салбыратып мойнуңа,

---

[1] Каракол шаарынын түндүк-батыш четиндеги бир кыштак.

[2] Каракол шаарынын түштүк-батыш четиндеги бир кыштак.

[3] Орустун «купец» деген сөзүнөн.

[4] Орусча «есаул», полициянын, казак орустардын аскердик наамы.

[5] Орустун падышасы Николай II.

Артып койгон жок беле?
Бар беле шондой кылганы,
Же барбы сөзүм жалганы?
Жем элең кедей болушка,
Тең элең качан оруска?
Палисени[1] көргөндө,
Баштан бөркүң алчу элең.
Башын ийкеп койгондо,
Паша болуп калгансып,
Тебетейин алгансып,
Теңдик тийип калгансып,
Жетине албай калчу элең.

Мужукка[2] качан тең элең?
Буудайын оруп берчү элең.
Адөөлөт качан көрчү элең?
Аштыгын оруп берчү элең,
Акысын качан алчу элең?
Ар нерсени жоголсо,
Албастан төлөп берчү элең.

Начальникке арыз кылсаң,
Арзыңды качан алчу эле?
Айыптуу бизди кылчу эле,
Абагына[3] салчу эле.
Арыз жаздырган чыгымы,
Мойнубузда калчу эле,
Мындай зулум кылчу эле.
Кедейлер эми эсирдиң,
Кече жыйырманчы асирдин[4]

---

[1] Полиция деген мааниде.

[2] Орустун «мужик» деген сөзүнөн алынган.

[3] «Гауптвахт» деген немис сөзүнөн алынган, «түрмө» деген мааниде.

[4] «Кылым» дегендин арабча аты.

Он төртүнчү жылында,
Орус, немис урушту,
Олжо кылды кыргызды.
Кыла берди зулумду,
Кыйын алды чыгымды.
Он бешинчи жылында,
Өлчөөдөн артык жут болду.
Он алтынчы жылында
Орус, кыргыз бунт болду.
Он жетинчи жылында.
Никелей зулум жок болду.
Бу китептин аягы
Ушу сөзгө токтолду.
Тамам[1] болду бу китеп,
Декебрдин онунда.
Дүйшөмбүнүн күнүндө,
Шейшембинин түнүндө.
Жыйырма сегиз жылында.
Жыйырманчы асирдин.

[1] Арабча «аягы», «бүттү» деген мааниде.

## М А З М У Н У

**ТОГОЛОК МОЛДО**
*Кебекова Б.* Тоголок Молдо (*Байымбет Абдракманов*) .............................. 4

**Кошоктор**
Дыйкандын аялынын кошогу .............................. 25
Устанын аялынын кошогу .............................. 30
Калмергендин аялынын кошогу .............................. 34
Гүл ойрон .............................. 39

**Армандар**
Кыз Мактымдын арманы .............................. 46
Чалга берген кыздын арманы .............................. 47
Жаш балага берген кыздын арманы .............................. 50
Насыяга кеткен кыздын арманы .............................. 52
Кыз Кенжекенин арманы .............................. 55
Кубаттын уулу Кулмырза .............................. 57
Качкан кыз .............................. 65

**Сүйүү ырлары**
Толгонай .............................. 69
Жигиттин кызга ырдаганы .............................. 70
Жигиттин келинге ырдаганы .............................. 72
Кыздын ыры .............................. 75
Ашыктык жөнүндө арман жаш .............................. 78

**Түрдүү ырлар**
Бууданкөк .............................. 83
Санат .............................. 86
Жакшы катын .............................. 87
Жаман катын .............................. 91
Кайран баш .............................. 95
Куштардын аңгемеси .............................. 96

Жер жана анын балдары ........................................ 113
Ала-Тоо ........................................................ 127

**Тамсилдер**

Иттин доолдай тиктирем дегени ............................ 138
Каркыра менен түлкү ........................................ 139
Бөрү менен түлкү ............................................ 141
Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы ................................ 146
Эшек менен Булбул ........................................... 148

**Ар түрлүү ырлар, эскермелер**

Акын Жамбыл .................................................. 151
Кыргыз акындары тууралуу .................................. 152
Токтогул жөнүндө ............................................. 155
Нарын суу ...................................................... 161
Казак акындары ................................................ 163
Адам мүнөзү ................................................... 165
Эркектердин мүнөзү .......................................... 176
Карылык жөнүндө арман жаш ............................... 193
Түшүндүрмөлөр ................................................ 199

**АЛДАШ МОЛДО**

*Мукасов М., Шейшеканова* А. Алдаш Молдо –
акын жана педагог............................................ 205
1912-жылы болгон бир окуя ................................ 212
1913–1914-жылдарда хуторлор тууралуу ............ 214
Хал заман (*Үзүндү*) .......................................... 220
Хал заман ...................................................... 227
1916-жылкы үркүн алдында ................................ 259
Үркүн циклиндеги ырлар .................................... 264
Үркүн (I) ........................................................ 266
Үркүн (II) ....................................................... 272
Алдаш Молдонун казели ..................................... 283
Макалдар ....................................................... 291
Ормон–Балбай .................................................. 294

*Адабий-көркөм басылма*

«Залкар акындар» сериясы

# ТОГОЛОК МОЛДО, АЛДАШ МОЛДО

## VI том

Т ү з г ө н д ө р:

*Акматалиев Абдылдажан, Мукасов Мураталы, Шейшеканова Асел*

Чыгышына жооптуу *Акматалиев А.*

Редактору *Маматова Ж.*
Техн. редактору *Жусупбекова А.*
Корректору *Касымгелдиева М.*
Компьютердик калыпка салган *Абдыкалыкова А.*

Терүүгө 04.06.2015-ж. берилди.
Басууга 15.12.2015-ж. кол коюлду.
Форматы $84x108^{1}/_{32}$. Көлөмү 21,75 басма табак.
Нускасы 500. Заказ 06.

Бишкек, «Бийиктик плюс» басмасы
Ж. Абдрахманов көч.$170^{а}$
Тел.: 0777- 74-35-68